КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**«АЙТЫШ» СЕРИЯСЫ**

# АЙТЫШ

**7-том**

## ЭГЕМЕНДИК МЕЗГИЛИНДЕГИ АЙТЫШТАР

*Академик Абдылдажан Акматалиевдин жалпы редакциясы менен*

**Түзгөндөр:** *Абдылдажан Акматалиев,*
*Мээрим Көлбаева*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС»– 2017

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-5
А37

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү.
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Чыгышына жооптуу:
*А.А.Акматалиев*

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А.А. | Мусаев С.Ж. |
| Байгазиев С.О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А.Ж. | Токтоналиев К.Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А.Э. |

А37 **Айтыш:** 7-том. **Эгемендик мезгилиндеги айтыштар.** / Түз. А.Акматалиев, М.Көлбаева. – Б.: «Принт-экспресс», 2017. – 544 б. («Айтыш» сериясы).
ISBN 978-9967-12-689-3

Кыргыз элинин оозеки жаралган көркөм чыгармаларынын бири – айтыш. Жыйнакта постсоветтик мезгилдеги жаш акындар Жеңишбек Токтобеков, Азамат Болгонбаев, Аалы Туткучев баш болгон жаш акындардын чыгармачылыгынын орчундуу бөлүгүн түзүп, акындык жүзүн даана көрсөтүп турган айтыштары топтоштурулду.
Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

**А4702300200-17**

**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-5**

© КР УИА, 2017
© «Принт-экспресс», 2017

ISBN 978-9967-12-689-3

## 2015-ЖЫЛЫ ӨТКӨН «ЫСЫК-КӨЛ – МАНАСЧЫЛАРДЫН АЛТЫН БЕШИГИ» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Акындар ырдайт дегенде,
Алоолоп оттой жандыңар.
Акындар төгүп бүткөнчө,
Аябай тоёт кардыңар.
Жеңишбек, Баян дегенде,
Кол чаппай, эмнеге токтоп калдынар?
Акындын баары келишти,
Алар алдыда ырдап мактанган.
Биз дагы келдик бул жерге,
Өнөрдү билип шаттанган.
Кээ бирөө келди жөн гана,
Кээ бирөө келди даттанган.
Акындар мында ырдашып,
Калың элге келдик дээр,
Ысык-Көлдүк туугандарды
Маңдайынан көрдүк дээр.
Баатырлардай айтышып,
Жеңилдик балким жеңдик дээр.

Бирок бабалардан өтүптүр
Чыныгы мына эрдиктер.
Үзөңгүдөн бут тайып,
Кан-жинге батып тердиктер.
Ошондой бабалардын тукуму,
Айтыш курган учуру.
Амансыңарбы көлдүктөр.

Маңдай жагымды карасам,
Кубангансып баратам.
Анда-санда арт жактан,
Отурган экен бир киши,
Бир кишинин белгиси
Мен үчүн мына миң киши,
Миң киши карап отурсаң
Акынды келет билгиси,
Ошондуктан айтаарым,
Ага-тууган байкагын,
Манасчынын жери деп,
Манасты сүйгөн эли деп,
Акындар ырдап отурса,
Агайын элге деми деп,
Жакындап келип турабыз,
Өзүңөргө ушундай,
Көңүлдөрдү бурабыз.

Жаштар келди топтолуп,
Амантай менен Жеңишбек,
Ортого келди шок болуп.
Аалы кетти тереңге,
Азамат кетти эреңге.

Элмирбек болсо калыста,
Кагандары алыста.
Амантай менен бир болуп,
Жаштар менен жарышып,
Жарайлык дедик намыска.
Маңдайымда отурган,
Калыстар берсе калыс баа.
Баян өкүл балам да.
Акылың болсо Баяным,
Атаң менен жарышпа.
Алдыңдагы турган бир,
Арыстан менен алышпа.
Ошондуктан айтаарым,
Ага-тууган дем берип,
Ушул жерге айтышка,
Толкуган мына эл келип,
Саякбайдын «Манасын»
Угайын деп келгендер.
Тыныбектин «Манасын»,
Көңүлүнүн түпкүрүн,
Бурайын деп келгендер.
Силерсиңер буюрса,
Жакшылыкты колдогон.
Жамандыкка мергендер,
Кимдин кандай экенин,
Отурган ушул эл билээр,
Кары-жашы тең билээр.
Кимдин кандай экенин,
Отурган элим белгилээр.
Маңдайымды карасам,
Ардактуу атам келиптир,

Кадырман журттун карысы,
Атамдын берген бир деми,
Жаштардын болот дарысы.
Эч качан
Кыргыздын салынбаган илгертен.
«Манаска» мына ой далысы,
Ошондуктан туугандар,
Катарлашып тургандар,
Кандай ырдаар экен деп,
Бизге көңүл бургандар.
Оң жагымды карасам,
Баян деген буудан бар.
Баян деген тууган бар.
Комузун мына даярдап,
Эмнени айтаар экен деп,
Ичинен турат аярлап.
Келме кезек эмеспи,
Кезегин анда берейин,
Андан башка не дейин,
Эңилчи болсо эңейин,
Жеңилчи десе жеңейин,
Кошулуп алып бул менен,
Ыр гүлдөрүн терейин.
Жакшылык болсун ылайым,
Балам менен бир чыктым
Бизди сактасын деймин кудайым.

**Баян:**

Баян менен жарышпа,
Деп айтып өттүң атаке,
Ал сөзүңө берейин,
Азыр учурдан калыс баа.

Опдулуп ырдап берейин,
Олтурган жоксуң алыста.
Жарышпайын дейт элем,
Сиз дагы өкүл атама окшошуп,
Отурбайт белең калыста.
Чабытым болсун күлүктөн.
Намысым болсун жигиттен.
Караңгы үйдү нурдантат,
Шам чыкса мынтип биликтен.
Сөөгүн элдин жылытып,
Ата, сөз тандайын бийиктен.
Ак үйдүн арсыз сөзүнө,
Ак сүттөй эле иришкен.
Көк үйдүн арсыз сөзүнө,
Көк сүттөй эле киришкен.
Партия десең эл болдук,
Патерия болуп жүрүшкөн.
Бошодуңарбы шайлоодон?
Ата баш мээни чириткен.
Ал эми саясат деген ошондой.
Эшеги суудан өткөн соң,
Эчкидей шылдың күлүшкөн.
Дал ошол саясаттын айынан,
Фундамент начар уул-кыз көп,
Фейсбук, одноклассниктен,
Фотосун көрүп сүйүшкөн,
Анан бат эле баш кошушуп,
Кайра ажырашышат чочушуп,
Ата-эненин башына,
Азапты абдан үйүшкөн.
Чакырат ажал бир күнү,

Чайнегиң болсун алтындан,
Чай чының болсун күмүштөн.
Бирок, акынды сүйгөн эл башка,
Ак калпак кийген кийизден.
Чабарга алаканыңды дайындап,
Чарчаган бойду жибиткен.
Караколдун элинде,
Кадырлуу кыргыз жеринде.
Кандайсың калкым күлүстөн?

**Жеңишбек:**

Болоор балаң ушундай,
Өстүргөн, бир кезекте жетелеп.
Боюңа бирок таянба,
Боюңдай өнөр өсө элек.
Мен калыстар тобунда отургандай,
Өкүл атакең азыр пенсияга кете элек.
Нечен жерде ой болгон,
Нечен жерде той болгон.
Кээ бирөөдө шор болгон,
Кээсинде бакыт мол болгон.
Жаштарды колдоп ырдабасак,
Адашасыңар жолдордон.
Алмадай бала чактарда,
Ак бата алып чоңдордон,
Ырдап жүргөн бала элек,
Ага-ини тууган кашында,
Жыргап жүргөн бала элек.
Тетиги төрдү карачы,
Менин өкүл атам отурат.
Ал – Табылды деген чоң залкар.
Баласына тартат деп

Баян турат чочулап.
Айланайын Баяным,
Мен айтайын көбүрөөк,
Ырдасам ырым төгүлөт.
Кээ бир акын чын ырдайт,
Кээсинин ыры көбүрөт.
Бирок, өз баладан билесиң,
Небере жакшы көрүнөт.
Сен Такемдин небереси болосуң,
Демек, бүгүн бөксөрбөстөн толосуң,
Жаратканым колдосун,
Ишиң анда оң болсун.
Баса турган жол болсун,
Айтышам деген бул жерде,
Көп ырдап элдин катасын.
Көп алдың элдин батасын.
Элдер шайлоодон чарчап бүттү эле,
Эмнеге саясат деп жатасың?
Бу саясаттын жолунда
Саясат деген саясат,
Айтпай койсоң сонун да.
Нечен-нечен ырдадык,
Ак комуз болуп колумда.
Саясат деген саясат,
Бешиктеги бала да,
Тура калып талашат.
Ошондуктан саясат,
Кирлүү болот турбайбы.
Саясатты көп ырдап,
Эл тартпасын муң-кайгы.
Саякбай деген ким болгон?

Санаттуларды ырдайлы.
Күүлөнүп аткан өнөрдөн
Канаттууларды ырдайлы.
Ошонун жолун басышкан,
Укпай калса кыргызым
Аттиң деп ичиң ачышкан.
Алардан чыккан акылман,
Бизге келип берсе деп,
Манастын мына үрөөнүн,
Кыргызыма сепсе деп,
Бизге келип бакылдап,
Күн-түнү айтып кетсе деп,
Залкарлар өткөн жер экен,
Ошолордун калган бир
Өнөрдөн калган берекең.
Бакылдап турсаң бул жерге,
Телегейиң тең экен да,
Телегейиң кең экен.
Сендей бактылуу акын төрөгөн,
Бактылуу тура энекең.

**Баян:**

Агайыным акынды,
Көрсө деп ырдап жатамын.
Айкөл Манас көөнүнө,
Көңүлдөрүн бул күнү,
Бөлсө деп ырдап жатамын.
Ак комуз кылын карачы,
Терсе деп ырдап жатамын.
Өзүңүзгө атаке,
Эркелеп ырдап жатамын.
Маңдай жакты карасам,

Табылды деген жан адам.
А дагы опол тоодой бир киши,
Баасы барабар миң киши,
Небере көзгө жакшы көрүнсө,
Менде болот турбайбы,
Ручка кармаган колдун ийриси.
Анда алтыным Табылды атакем,
Ак калпак кийсең башыңа,
Ала-Тоо болуп заңкайган.
Келбетиң карап олтурсам,
Келгенсип Манас Алтайдан.
Аскар зоо болуп шаңкайган,
Кулпуруп эсен жүрө кой,
Кубатың кемби Жантайдан.

Анда атайын келдик бул жерге,
Залда эл толуп турган нур жерде,
Бирок Манас ата жөнүндө,
Кең Ысык-Көл төрүндө,
Айтпай койсок болобу?
Айтылсын сөздүн жомогу,
Айтылсын сөздүн коногу.
Кадырлуу Манас атамды,
Дал ушул бизге жеткизип,
Сактап келген кишилер
Кыйшык  жерин түздөшүп,
Даңктап келген кишилер.
Исакеев Баялы баягы киши баягы,
Баяндап айтсын Баяны,
Манасты бизге жеткизип,
Далай кайгырган кабагы,

Далай нурданган жамалы.
«Улутчул» наамы берилип,
Атылып кетти ал дагы.

Айтпайбыз кантип Касымды?
Эл үчүн оорутуп башыңды,
Далай шербет сөздөрү,
Бизге чейин жазылды.
Унутпайм сенин атыңды,
Ал дагы «улутчул» наамы берилип,
Дал ошол кезде атылды.
Ал эми орустар дагы бар экен.
Кадимки Манас атамды,
Орусчага которуп,
Котормо деген котормо,
Кайсы бирөөлөр айткандай,
Май куюп турат моторго.
Айта кетсек ошондо.
Ал дагы «улутчул» наамы жазылып,
Жер жаздап жатат топондо.
Анткени, сулуулуктун кадырын,
Жердеги өскөн гүл айтат,
Жылуулуктун кадырын,
Асмандагы күн айтат.
Ак сүйүүнүн кадырын,
Жүрөктөгү сыр айтат.
Ал эми абалкынын кадырын,
Комузундагы кыл айтат.
Кан Манас атам жөнүндө,
Ата, биз айтпай анан ким айтат?

**Жеңишбек:**

Ал туура, биз айтпай анан ким айтат?
Муңданып ырдап отурсаң,
Сөздөрүң көңүл муң айтат.
Биринчи жолу жан балам,
Сахнада туруп чын айтат.
Кээде туруп ыр ырдап,
Көңүлдөрдү каратат.
Табыкемди мактайт да,
Чоң атасына ишенип,
Бул үмүт этип баратат.
Өнөрүң болсо өргө чап,
Талантың менен таанылгын,
Күүлөнүп аткан асманга,
Канатың менен таанылгын.
Сабалап ырдап отурсаң,
Кептерге кептер башка да,
Дептерде кептер башка да.
Жамакта кептер башка да,
Баракта кептер башка да,
Мактаган кептер башка да,
Жактаган кептер башка да.
Кудай буюрса Баяным,
Чыгасың биз жетпеген аскага.
Манасты жоктоп турасың,
Мен айтсам сөздүн ырасын.
Азыркы кыргыз ким болду?
Кылымдарга таанылган,
Өнөрдөн бүткөн нур болду.
Кемчилик болбой коебу?
Кээ бир жерлери сый болду да,

Кээ бир жерлери сыр болду.
Тобосуз жашаар эл болдук,
Азыр толук болбой кем болдук.
Үшкүрүк басып жүрөктү,
Үмүттөргө жем болдук.
Башка жерден издеп бактыны,
Багынып аккан сел болдук.
Кыраанмы Манас кайдасың,
Кытайлар уусун жуткурду,
Кыздарың чачын кырктырды.
Жигиттерде намыс жок,
Жети атаң кылбас иш кылды.
Кыямат кайым чукулдап,
Кылбасты пендем бүт кылды.
Кыраанмы Манас кайдасың?
Ак мөңгүнү ээритип,
Алтыныңды казды рды.
Ээ да болбой ал жакка,
Ар кимдерге тарттырды.
Кыраанмы Манас кайдасың?
Урпактардын бактысын,
Башчылар көрдү пайдасын.
Кайдасың Манас десем да,
Мен билем анын келбесин.
Мен билем, Манас баатырдын,
Эки көзүн көрбөсүн.
Бирок, Манастын духу мынакей,
Аралап жүрөт жер бетин.
Манасты Манас кылышкан,
Ааламга даңкын угузган,
Манасчыларыбыз өлбөсүн!

## ЖЕҢИЖОКТУН 140 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

### АЙБЕК КАЛИЕВ МЕНЕН ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВДУН АЙТЫШЫ

**Айбек:**

Алласыз акындар сөз баштабаган,
Көөшөлсөм аргымактай асыраган.
Кош элдин ынтымагы жаратылган,
Жаратылып жаткан шакта калам.
Кыргыз мен алмусдактан киндигим бир,
Адам Сафи Каабадан нак тараган.
Эзелтен кыргыз, казак баурлаш эл,
Тамырлаш кече усун, сак бабадан.
Кошулган төштө малы, төсөктө бас,
Баурлаш туустук мен мактана алам.
Наурус кут апкелсин барча кыргыз,
Тынчтык берсин кудай, сактап аман.
Ак калпагың шекилдүү ак пейил мен,
Бишкекке миң бир салем Астанадан.
Кыргызга тунгуч кадам басып турмун
Ак жолтой уулуңмун деп мактана алам.
Кыргыз, казак бирлешип өмүр кечсек,
Эч душман намысымды таптамаган.

Бирлиги мен айырма тирлигимде
Жар болсун жаратуучу сактап аман.

Шырак боп жайлуу тарткан түнөгүңдө,
Жеңижок жан болгон жыр элине,
Өлеңдин атасы бул, анасы бул.
Жырынан казак, кыргыз нур өнүүдө,
Курметтеп Жеңижокту той тойлаган
Кыргызга айтамын көп тилегимди.
Акындын өзү өлсө да, сөзү өлмейди,
Жеңижокту кыяр ким чын өлүмгө.
Жеңижок жерде да эмес, көктө да эмес,
Ал жүрөт кыргыздардын жүрөгүндө.

Кубулуп кумай белди курдай жалган,
Жел өстирип ким жүрдү дейт жыл айлардан.
Ал талашка баштайди бул айтышты,
Дастан мен Садык байкем мың ойланган.
Көз жиберип карасаң тереңине,
Тамыры бул айтыштын булай болган.
Сүйүнбай  айтысып Катаган мен,
Олп дүйнөсүн соларга олайлаган.
Жамбыл мен Токтогулдун жырларында,
Достастык, бауырлаштыр чырай толган.
Кечээги Кенен менен Үмбетаалы,
Өңүндө бири жылдыз, бири ай болган.
Армысын Жеңишбектей бауырлашым,
Көңүлдү тазартасың ылайланган.
Дүнүйөнүн кезеги бизге келди,
Тегирмендин ташындай шыр айланган.

**Жеңишбек:**

Какшай көр Жеңиш, какшай гөр,
Айбекке бүгүн туш келдиң,
Жараткан өзүң сактай көр.
Жалпы элдин кашында
Жар сала турган күн экен.
Жаңыртып кыргыз дүйнөсүн,
Жаңшана турчу күн экен.
Айтылбас сырды түбүндө,
Аңтара турчу күн экен.
Баатыры бүгүн акындын,
Байкала турчу күн экен.
Жаркыган Нооруз алдында
Салт менен анан нарк менен
Салтанат курган күн экен.
Арбагы улуу акындын
Айтыла турган күн экен.
Төкмөнүн сыйкыр күчүнө
Тартыла турган күн экен
Аргымак аттай жулкунуп,
Алкына турган күн экен.
Казак менен кыргыздын
Көкүрөгү бир экен.
Казактыкы Нур болсо,
Кыргыздыкы Күн экен.
Окшошкон эгиз эл экен,
Ортодон өчпөс сүйүү экен.
Эми арбагын козгоп айтайын
Сайраган Өтө акындын
Салмагын козгоп айтайын,
Айта турган күн экен.

Алты күнү тажабай,
Аккан сууну капырай
Айтып жүргөн ким экен?
Жети сууну чечмелеп,
Жети күнү тажабай
Айтып жүргөн ким экен?
Учкан торгой канатын
Улап айткан ким экен?
Кыргоолуңду кырк күнү
Курап айткан ким экен?
Жаактуугa жай бербей,
Жайлап турган ким экен?
А десең ырын токтотпой
Айдап турган ким экен?
Сапарга чыксаң эс албай
Сандаган акын жете албай
Сайрап турган ким экен?

Жараткандын жаңы бир
Ырлары ырдала турган күн экен.
Теңирдин күнү жалпыга,
Жайыла турган күн экен.
Жеңижок деген ырчы экен,
Жекелешкен ырчыны
Желкелеп ырдап турчу экен
Ак таңдай Өтө ырчы экен
Алышам деген акындын
Алкымдап ырдап турчу экен.
Сонундап айткан сөздөрү
Сөөгү жок, сулп экен.
Качырып айткан сөздөрү

Кылычтан дагы курч экен.
Аргымак таптап жем берген,
Акындарга дем берген
Тобурчак таптап жем берген,
Топ акынга дем берген.
Буудан таптап жем берген,
Булбулдарга дем берген.
Күлүк таптап жем берген,
Күкүктөргө дем берген.
Өз аты Өтө болсо да,
Жеңижок атын эл берген.
Ак таңдай Өтө бабама,
Айтышта кимдер тең келген.
Арстанбектен бата алган
Ак таңдай акын аталган
Карылардан бата алган,
Калайык калктын башында
Кара жаак акын аталган.
Уругу сол кара тал
Улуу акындын ырларын
Урпактап ырдап жаратар.
Ушундай улуу чоң акын
Унутта анан калсынбы
Улуу журт билет баркыңды.
Арбагы чоң, зор акын,
Айтылбай анан калсынбы,
Агайын билет баркыңды.
Канча бир кылым өтсө да,
Дат баспайт дешет алтынды,
Жаркыган Нооруз алдында
Жаңшанып мактайм жалпыңды

Жеңижоктун арбагын ошо
Көтөргөн журтум барсыңбы?

Сайраша турган кезекте,
Казагым менен бүгүн бир
Кайраша турган кезекте
Эл алдына чыкканы
Экөөбүзгө келди кезек де
Макташа турган кез болор
Такташа турган кез болор.
Алды менен баурум,
Антташа турган сөз болор.
Калжаңдашып кичине,
Баркташа турган кез болор.
Жакшылап айтып отурсам,
Тарыхы кандай казактын?
Тарыхы кандай кыргыздын?
Кылымдарды кыдырсаң,
Тарыхта мына жазылган.
Айланып ырдап кетейин
Казак, кыргыз атындан.
Эмнелерди көрбөдү,
Тарыхта мында башынан
Адилхан биздин бабабыз,
Алардан кабар аларбыз.
Орошон ойду ойготуп
Ойното турган маалы бар.
Оозуңду карап отурсам,
Ободон жааган сыяктуу
Агайын элге айтуучу
Алдыңарда маалы бар.

Тээ Анжиян деген өлкөсү,
Барсаң Ош деген шаары бар.
Ошондо биздин кабабыз
Койгон шаар турбайбы
Казак, кыргыз тең болуп
Болгон шаар турбайбы
Ошолордон келатып,
Карыларым бек айтып.
Ырдап-ырдап келбесек,
Жаманын көрбөй азаптын.
Бактысын кара казактын.
Кыргыз менен жар салып,
Катарлашып бир басып
Жакшысын кара казактын.
Ырдап, ырдап келгенде,
Ырлары сонун казактын.
Төгүп, төгүп келгенде,
Жырлары сонун казактын.
Көктө турган кудай бар,
Каза берсе, мунай бар.
Данасы сонун казактын,
Мойтоюп эле отурат,
Баласы сонун казактын.
Кыргыз үчүн ойлонгон,
Санаасы сонун казактын.
Ал эмес мактап отурсам,
Көкөлөгөн асманда,
Куштары сонун казактын.
Кылтың-кылтың кыялкеч
Кыздары сонун казактын.
Капырай Астанага барганда,

Кыргыз жигит экен деп,
Кылтаңдатып көздөрүн
Кыздары сонун казактын.
Кыскасын айтып отурсам,
Жаркылдаган чолпондой,
Байтеректей карачы
Жылдызы сонун казактын.
Бакылдап  ырдап отурган
Кыргызы сонун казактын.
Айтпай койсо болбойбу,
Келгенде сөздүн оролу.
Мына бүгүн ырдасак,
Колунда барын катпаган
Калайык калкка мактаган,
Өсөрү башка турса да,
Өнөрүн ыйык сактаган
Пейли сонун кыргыздын.
Кайда басса бир баскан,
Катарлашып сырдашкан.
Эли сонун кыргыздын.
Кан Манас мына жактырган
Көлү сонун кыргыздын.
Кайберен оттоп, жай салган
Төрү сонун кыргыздын.
Кыйла мына мол салган
Мол салса да, жол салган
Басары сонун кыргыздын
Көңүлүңдү ушинтип
Ачары сонун кыргыздын.
Атүгүл мына карачы
Кан бер десе кан берген,

Жан бер десе жан берген
Катарлашып бир турган,
Боору менен бир нууган
Казагы сонун кыргыздын.

Мен бүгүн кубанычка байланайын,
Ар сөздү жүрөгүмдөн жайгарайын.
Мактаган сөзүм сага жакшы болор.
Ал сөздү жүрөгүмдөн жайгарайын.
Жеңишбекке дагы кандай сөзүң бар эй
Улап ийчи Айбегим айланайын

**Айбек:**

Айланайын, Жеңишбек,
Кай жердее биз де келиссек.
Казак менен кыргызда
Алып жүрсүң жеңиш көп.
Сакта кудай Айбектен,
Деп айттың гой Жеңишбек.
Тогузунчу майда туулгансың,
Атыңды койгон Жеңишбек
Канын алган казактын,
Ойлоп калдыңбы немец деп.

Жеңижоктун тоюнда,
Казак, кыргыз жыйылып.
Таз түйүмгө түйүлүп,
Чыгып калдык жекме-жек
Өзүң менен Жеңишбек
Алгач ирет айтышта,
Кезигип турмун бетме-бет.
Мурунтан тааныш болсок да,

Айтышып сыра кетме бек
Алматага барганда,
Дөөлөт мен Оразга,
Автомат деп кыргызды,
Кете бердиң ок бөлөп.
Казакты мактап жатырсың
Онун да келди кезеги.
Мактап сага берейин
Кыргызымды төкмелеп.

Коогамдан коогам мал алмасып,
Замандан заман  жалгасып,
Барсбектин тушунда
Енисейдин боюнан
Көчүп келген кыргызым
Ала-Таудан Теңирим,
Кесип берген кыргызым.
Төске сыймай малдары,
Төсекке сыймай жандары,
Өсүп келген кыргызым.
Жаратучу жар болуп,
Нур туудурган кыргызым.
Манастай аалымды
Адамзатты кан кылып
Адамзатты кандырып,
Жыр туудурган кыргызым,
Оданда бери келейин,
Кытай менен монгулга.
Темирлан менен Чыңгызга
Экөөнө найза колго алып,

Көтөрүп берген кыргызым
Эсебинен кудайым,
Өтөп берген кыргызым.
Кыйва менен коканга
Карсы турган кыргызым.
Жеңишин тойлап ашыгы,
Алчы турган кыргызым.
Мухаммет кыргыз шекилди,
Арстан тууган кыргызым.
Тамиристин көзүндөй,
Заринанын өзүндөй
Курманжан датка канча айым
Даанышман тууган кыргызым.
Орман, Жантай, Шабдандай,
Кандарды тууган кыргызым,
Атантай, Тайлак, Айтыке,
Нарларды тууган кыргызым.
Жеңижоктун тоюнда,
Дал ушундай желейин.
Сайрап турса кызыл тил
Оган да эрик берейин.
Баатырларың осундай,
Акындарыңа келейин.
Токтогул, Жаныш, Калыгул,
Шайыр тууган кыргызым.
Арстанбек мен Жеңижок,
Орогубуз от тилде,
Айры тууган кыргызым
Тоголок Молдо, Нур Молдо
Кызыл тилдин көсөмү,
Эсенаман, Калмырза,

Сүйлөсө сөздүн чечени.
Акын тууган кыргызым
Үмөтаалы кечээги,
Муңун муңдап кыргыздын,
Батыл тууган кыргызым.
Одан да бери келгенде,
Адамзаттын Чыңгызы,
Айтматов байкемдей
Даана тууган кыргызым,
Ашыраалы, Эстебес,
Тууганбай менен Замирбек
Кыргызымдын көгинде,
Дара турган кыргызым.
Батасын берген айтыста,
Абдылда менин өз байкем,
Мухаммбеттин нурунан
Жаратылган кыргызым.
Ушулардын соңынан
Амантай мен Элмирбек
Жеңишбек мен Шекербек,
Илешип сонын соңунан
Бара турган кыргызым,
Айланайын кыргызым,
Кагылайын кыргызым,
Кызгалдактай кырмызың
Өсүп, өнүп уул, кызың,
Жаркырай берсин жылдызың.

**Жеңишбек:**

Мактоодон бизге арман жок,
Айбектен өткөн балбан жок.
Кыргыздын баарын мактадың,

Эч ким деле калган жок.
Мезгил деген ошондой,
Кээ адамды сүйүнтүп,
Кээ адамды жүдөтөт,
Мактай берсек экөөбүз,
Убакыт өтүп, түгөнөт.
Ал жагын дагы ойлойлу,
Бул дүнүйөң эң кызык
Айтыш деген бир кызык,
Айтышып мына келгенде,
Чыга берет миң кызык.
Асмандагы айды да,
Ар бир адам байкаса
Аламын дейт тырмышып,
Жер үстүн мына карасаң,
Кумурска жүрөт кыбырап,
Азиз дагы көрсөм дейт,
Дудук да сүйлөйт шыбырап.
Тулпарды тулпар көргөндө,
Төрт аягы тыбырайт
Айбегим эми айтайын,
Кадырыңды байкайын.
Көкүрөктө өчпөгөн,
Тилди айтпай не болдуң?
Унутта чиркин бараткан
Дилди айтпай не болдуң?
Казак тили биздин тил,
Кыргыз тили сиздин тил.
Эгиз болгон тил болгон.
Толкуп турган байкасаң,
Деңиз болгон тил болгон

Өчпөй турсаң ар убак,
Деңиз болгон тил болгон.
Казак менен кыргыздай
Бул дүйнөдө ким болгон?
Кыска кылып айталы,
Калжыңдашып кичине,
Нуска кылып айталы.
Каалагандай төксө да,
Ал жагын Айбек байкады.
Биздин Абай деген атабыз
Акылмандын акылы.
Адамзаттын жакыны.
Асылдардын асылы
Ал акылман жактан пир эле,
Тийип турган күн эле.
Менин жолум улап кетер деп,
Мекеге чейин алып барган
Шакирти ошол ким эле?
Казакты ошол мактаган,
Ай, күнгө чейин даңктаган
Ал шакиртин жок экен
Тарыхта эч ким жазбаган.
Анда тизгиниңди тартып кой,
Коргошун болуп балкып кой.
Абайдын ошол шакирти
Аталаш экен тууганы.
Билип алсын кыргыздар,
Баурум бүгүн айтып кой.

**Айбек:**

Эрлердин жери бирге жери менен,
Ар качан элим бирге элиң менен.

Эгизбиз домбранын кош шегиндей,
Ар кимге шыбагасы берилбеген
Жеримдин чек арасы бөлүнсө да,
Көңүлдүн чек арасы бөлүнбөгөн.
Айрылса бир айрылар кыргыз, казак
Ажалдуу топурактуу өлүм менен.
А бирок, о дүйнөдө дагы бир боп,
Айтармыз ынтымактын төрүндө өлөң.
Алыстан ат терлентип неге келдим,
Ордолу сөз айтпасам төрүңдө мен.
Арстанбек атамдын урпагысың,
Көшүлүп жыр жырлардан эринбеген.
Жеңижок сенин да атаң, менин да атам,
Бул тойдо жыр калмасын төгилмеген.
Экөөмүз бир атанын баласыбыз,
Кулагын бир марканын бөлүп жеген.
Зуулдап Тайлак баатыр аткан октой,
Барасың зырлык агып шатма-шат ай,
Не айтып жатканыңды кудай билсин,
Аузың кыймылдайды автоматтай.
Кайда качып барасың, Жеңишбек жан,
Эр токумдан үркүп ап чапкан аттай.
Канча качсаң буга ынап туралмасмын,
Мойнуңа укурук таштап аткан аттай
Канча азоо болсоң да үйрөтөмүн.
Токуртуп койгон кезде салтанаттай.

Же сиздин аузыңдан жалын жырлар,
Акынсыз эл-журтуңдун ырын муңдар,
Сара кыз келип эрди казак жактан,
Кыргыздын акындары табындыңдар.

Касыңда Шекербек мен Элмирбек бар,
Бардыгың Сара кызга жабылдыңдар.
Башчыңыз Абдылда мен Амантай боп,
Касынан Сара кыздын табылдыңдар.
Баян агам алып кал деп айтып өт,
Баардыгың акыл-эстен арылдыңдар.
Мырзага бир кыз алып кетти деби
Биздерге оган дагы тарындыңар.
Айбекке да кыргыздан бир кыз керек,
Айтмакчы шол жумысты не кылдыңдар.

**Жеңишбек:**

Ылдамдап өзүм ырдасам
Түшүнбөйм деп өпкөлөйт,
Бизде шатыратып айтканды,
Жеңижоктой төкмө дейт.
Түшүнбөсөң не кылам,
Жеңишбектин изине
Өз жолунду карагын
Түшүрбөсө не кылам?
Ынтымакка келемин,
Ыр гүлдөрүн теремин.
Сахнадан мейли түшүнбө,
Сахнадан анан кеткенде
Түшүндүрүп беремин.
Айтып аткан экенсиң,
Акыл, ойдун тереңин.
Казак, кыргыз илгертен,
Кыз беришип, кызды алган.
Туз беришип, тузду алган.
Кут беришип, кутту алган.
Алып келип Сараны,

Айбек кандай немесиң,
Ала элек жатып, кызганган.
Анын каада деген салт болот,
Каадада анан нарк болот.
Алып аткан кезекте,
Алба, алба деп тийишкен,
Бизде жеңелерде барк болот.
Сен да элжиретип сүйлөгөн,
Энелердей экенсиң.
Ай күйөөалба деген кыздарды
Жеңелердей экенсиң.
Бул айтканың жарабайт,
Бирок жаман деп
 Жеңиш санабайт,
Кантип сени каралайт.
Ойлоп келди деп турсам,
Сенден кызды деле аябайт.
Бирок, баяның бар деп укканмын,
Алда бүгүн катыгүн,
Аялың бар деп уккамын.
Айткан сөзүм өрт болот
Токол асаң Айбегим,
Эки аягың төрт болот.
Орто жолдо калды деп,
Агайын элге сөз болот.
Ал жагын анан ойлонгун,
Толгонсоң анан толгонгун.
Анда деген айтайын,
Бир тууган деген бир тууган,
Куш керекпи алып кет.
Жылдыз болуп тагынып,

Кут керекпи алып кет.
Оң чөнтөккө салып кет,
Жарды болсоң, байып кет.
Жалын болсоң от болуп,
Алоолонуп жанып кет.
Кыскасы мына айтайын,
Мал керекпи берейин,
Өсө турган талааңа,
Тал керекпи берейин.
Ага турган суу болгон,
Сай керекпи берейин.
Кыз эле керек дейсиңби,
Баурум сенден аянбайм,
Жан керекпи берейин.

Алтындай ырды кынайсың,
Айтпаймын сени ылайсың.
Кыскасы, бүгүн мындайда,
Калжың айтып турасың.
Аларыңды ачык айт,
Дагы эмне сурайсың.
Аябаган кыргызбыз.
Жамандыкка ар качан
Жарабаган кыргызбыз.
Бөтөн эл деп казакты,
Санабаган кыргызбыз.
Катарлашып бир турган,
Көөдөнүндө жан бирге,
Жайлоосунда мал бирге.
Кыз деген кыргыз кыздарын
Бирок, бере бербейт ар кимге.

Баурум болуп келген соң,
Ал жагын мына чечели.
Кыскасын айтып кеткенде,
Бөлүнбөгөн казактар
Кыргыз менен эзели.
Бирге болсун дайыма,
Тоолордун да чокусу,
Талаалардын этеги
Тамаша айтып ушундай,
Эл жүрөгүн эзели.
Эми айтайын Айбегим,
Жакшы сөзгө мындайда,
Киресиңби Айбегим?
Күн болуп бүгүн кыргызга
Тиесиңби, Айбегим?
Айткан сөздү көңүлгө,
Илесиңби Айбегим?
Жайыраак ырдап атамын,
Түшүндүм деп ошонго
Мен дагы бир аз капамын
Сүйөсүңбү Айбегим?
Аман, эсен кашымда
Жүрөсүңбү Айбегим?
Бир тууган деп ырдадык,
Кайсы атадан казак, кыргыз кошулат,
Билесиңби, Айбегим?

**Айбек:**

Байлык берем дейсиң ау,
Байлыгым жетет өзүмө.
Кебимде шыгым, жаным бар.
Мал беремин дейсиң ау

Кораалуу кой малым бар.
Аяп турсуң кызыңды,
Осыңа сенин таңым бар.
Билебисиң куранда,
Шарият деген таалим бар.
Шарият деген билесиң,
Акыйкаттын өзү гой.
Сол шарият ичинде,
Төрт аялга уруксат,
Деген калкым жазуу бар.

Дос деп саган Жеңишбек,
Кучагымды жаямын.
Акын болуп келген соң,
Калайча сөздөн таямын.
Кыз алышып, кыз берген.
Кудалашкан эл элек.
Негирлери алып жаткан,
Кызыңды неге аядың?

Эзелден ак бабалар
Кыз алысып, кыз берген,
Баурлас эл дейбизби,
Токал алсам кыргыздан,
Казак, кыргыз өсмейми,
Жүрсын менен Садык байкемдей,
Кубанышып, кол алып.
Куда болдык деспейби,
Мусылманды көбөйтсөм,
Анау жакка барганда,
Күнөөмдө кудай кечпейби.

Сурак койдуң алмаган,
Кезиң жок, сөзиң тосулган.
Ары кетсин кос элмиз,
Адам ата Каабадан,
Тирилип барып косылган.
Одан бери келгенде,
Жеңишбек калган чочынбай.
Айры калпак, ак калпак,
Казак, сузак деген бар.
Сарт, сабиян деген бар.
Осыл жерден Жеңишбек,
Казак, кыргыз косылган.

Убакыт болду Жеңишбек,
Коштошор келди саатымыз.
Аман болсун ар качан,
Ак калпак кийген басыңыз.
Жыйырма алтыда жасым бар,
Жеңижок бабам айткандай,
Отызга келип орда бол,
Камал бузуп кырыкта,
Элүүгө келип эпилдеп,
Алтымышка келип аңкылдап,
Жетимишке келип желпилдеп,
Сексенге келип селпилдеп,
Токсанга келип толгонуп,
Жүзгө келип жондалып,
Жүз ондан ары ашыңыз.
Сүйүнүп барлык досуңуз
Күйүнө берсин касыңыз.
Жүз да саган аз болот,

Жүз жыйырмага басыңыз,
Жүз отыздан өтүңүз.
Жүз кырыкка жетиңиз,
Жүз элүүгө келгенде,
Небере менен чөбүрө,
Одан ары чөпчек бар,
Алардын баарын жыйнап ал,
Асырай алмай сасыңыз ай.

**Жеңишбек:**

Кашымда турган бауруm,
Колдой турган ар убак,
Сүрөөсүн ойлойт экен го,
Токол ойлойт деп турсам,
Акыретте жарбагыр,
Күнөөсүн ойлойт экен го.
Курчуй турган мындайда,
Бир өзүн ойлойт экенго.
Бали, ыракмат жакыным,
Бул жагың ырас чечен го.
Ар бир айткан сөзүңө,
Мен садага кетем го.
Ырас, жүз жыйырманы бердиңиз,
Кабыл кылсын жараткан,
Ушундай жашты берип бир,
Жараткан бизди тараткан.
Жараткан өмүр берсе бир,
Кутулалы жалганда,
Анча-мынча азаптан.
Жүз жыйырмага жеткенче
Менда үчтү аламго,
Кудай буйруп казактан.

Жакшылык болсун ар качан,
Жакшылык ырды арнасам.

Жамандык мындай кезде карматпаймын,
Ырыңды алтын кылып салмактаймын.
Кай жакта жүрсөм дагы баурум деп,
Дүйнөгө жар саламын, ардактаймын.
Мухаммбеттей башымды кессе дагы,
Казагымды эч кимге алмашпаймын.

## «ТОКТОГУЛ-150» ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## СЕРИК КАЛИЕВ МЕНЕН ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВДУН АЙТЫШЫ

**Серик:**

Алла деп бир тилди кезип топка кирдим,
Топта да сөздү серкеп топтап кирдим.
Бармысың кыдыр конган кыргыз эли,
Бабадан алган ибрат көптөн кылым.
Элинин эркиндигин чырга коскан,
Бармысың тек турпагы Токтагылдын.
Токтагыл бабам жүрүп тулпар болгон.
Ала–Тау бийигинен чурка дедиң.
Мен болса төбөлөрдөн бийикке учкан,
Жанарда канат каккан шумкар эдим.
Бурмадай арасынан үнин уккан,
Азаттыкка адалдыкка калыс едим
Тогуз жар төрт тараптан каршы чыккан
Эр жүрөк эр Манастын урпагынын
Сибирде кадижатта камалса да,
Кыргыздай асмандатты улт бар бекен?

Кайсы акыны азат деп
Колуңду согот биздерге.
Назарды салып карайсың,

Айланайын Жеңисбек.
Экөөмүз далай айтысып,
Касымдан көктөн карайсың.
Токтагыл чыккан бийиктен,
Аса кетсең жарайсың.
Кыргыздын элин мактаган
Кыргыздын мынау эл журтун
Мактаган акын калайсың?
Комузун алып колуна,
Токтагулдын дастурун
Сактаган акын калайсың?
Канатын каккан бийикке
Ак канат акын калайсың
Тасулуу огун калбасын
Автомат акын калайсың?

Эгиздин бири мен эдим,
Эгиздин бири сен эдиң.
Токтогулдун тоюна.
Келип турган айтыска,
Сегиздин бири сен эдиң.
Сегиздин бири мен эдим.
Сондуктан да мен сенин,
Талантыңа исенемин.
Жигити болсоң чабып көр.
Тулпар да болсоң ашып көр.
Токтагыл тойы кут болсун!
Атагы озган алаштан
Татуулуктун бирликтин,
Камалы кетет калк калат.
Атанын салган жолунан.

Урпагы жок гой адаскан.
Ураанду белге кетейик
Жыраанду белге кетейик
Токтагыл менен Жамбылдын.
Достыгы менге жараскан.
Айланайын Жеңиспек
Четинен силеп өнүпсүңөр
Бастарыңа күн тууса,
Кыргыз менен казак бирсиңер
Комузуңду тыңдасам.
Домбураңды тыңдасам.
Жүрөгүм бирге тирсилдээр
Сендер мен бирге кубанып,
Сендер мен бирге күлсүңдер.
Жеңисбек айтчы сурайын
Таможный союзга
Неге кирмей жүрсүңдөр?

**Жеңишбек:**

Акылман өтөт сыр калат,
Акындар өтөт ыр калат.
Тагдырына жазылса,
Тарыхтан өчпөй нур калат.
Калкына кызмат кылгандын,
Кадыры күндө ырдалат.
Жарты нан сурап ар кимден,
Жалкоолор гана кур калат.
Турбасаң бекем кулайсың,
Турмуштун жолу бурганак.
Ар кимге насип эместир,
Ар күн сайын жыргамак.
Ажал келет бир күнү

Акырын колун булгалап
Өкүмү күчүү кудайдын
Өлбөй тирүү ким калат?

Акырет жайы көрүнсө
Алтындай өмүр токтоо бул.
Арман кылып издесек
Арман менен жоктоо бул.
Жакшы адамды сагынсаң
Жан дүйнөңдөгү козгоо бул
Өлүмдү жаман деп айтпа,
Өлүмдөн кийин жашоо бар.
Өчпөгөн сымал көктө нур.
Өлүм жаман десеңер
Өзүңөр калыс болгула
Өлөт беле Токтогул?

Атасы болгон өнөрдүн,
Алымкул, Калык,  Барпыга
Казактан бери сыйлаган
Кадырың өткөн жалпыга
Тогуз кайрып күү черткен.
Толгон насаат ыр төккөн.
Тоо булбулу  калкына,
Тоодон да бакыт эмеспи,
Толуктап жетсек баркына.
Толкундап салам жибердим
Силердей Токомдун улуу калкына.

Эми мен сага келейин,
Дүйнөдөн таппас белегим.

Кашымдагы Серигим
Чоӊ жолдо чогуу басабыз,
Чоочун деп айтат сени ким,
Ыстык чөлдөн келсеӊ да
Ысык–Көлдөй пейилиӊ.
Кыргыз казак бир тууган.
Кылымдан бери айтышат.
Кошулса казак кыргыздар
Коргоошундай балкышат.
Мен өзүм
Долуну көрсөм күйүнөм,
Домбура көрсөм сүйүнөм.
Кокуйду көрсөм күйүнөм
Коӊшумду көрсөм сүйүнөм.
Комуз күүлөп тил кызып
Кошулуп  алып жүгүрөм.
Тирилип Жамбыл келгендей
Серик айланайын үнүӊөн.
Кенен ырдап аткандай
Айланайын түрүнөн.
Анан бир мага кеп айттыӊ
Таможный союз дедиӊби
Ошону билбейм неге айттыӊ.
Мен сөзүӊө жооп берейин.
Андан башка ой не дейин.
Алматынын төрүнөн,
Ааламга жолду ачтыӊар
Ал жакта жок маселе.
Ашпаган кырды аштыӊар.
Ал жагына келгенде
Ала-Тоодой бактыӊар.

Туура таможный союз дегенди
Ушул силер эле ойлоп таптыңар.
Бирок, чыдамыңар жок окшойт
Өткөндө кайра чыгабыз деп айттыңар.
Балким кыргыздар келе жатат деп
Кылчайбай артка качтыңар.
Көп нерсенин баарысын,
Казак кылып ал эмес
Тарыхыңарга жаздыңар.
Жанымда Серик түгөйүм
Сен деп согот жүрөгүм
Кытыгыны жакшы көрчү элең
Кичине кытыгылап көрөйүн.
Кыргыздын улуу тарыхы,
Кытайда турат жазылып
Бир эле кагаз дейсиңби
Том том болуп басылып,
Кээ бир кагаздары жатат дейт
Тербей кыргыз чачылып.
Ошол жакка кээ бирөө
Барат экен ашыгып.
Калптын сөзү капкара
Чындыктын жолу жапжашыл.
Андыктан туура эмес жолго барбастан
Туура жакка баш катыр
Кытайдын архивтеринде ,
Илимпоздун баары биригип,
Казак деген бир сөздү
Таппай атат дейт таптакыр.
Антсе дагы бардыңар,
Ой Серигим билесиң сен өзүң

Баардыгын казак кылып салдыңар.
Кашымда турсаң эл тиктеп.
Баурум келген экен деп,
Мен калмак белем жер тиктеп.
Байкашымча баарысын
Баратасыңар менчиктеп.
Мына калысымды айтайын
Санжыра менен улантып
Сартты казак кылдыңар.
Түпкү атабыз экен деп
Сакты казак кылдыңар.
Мурун кыргыз болсоң да
Кийин казак кылдыңар.
Кыргыздардын чыгарган
Ырын казак кылдыңар.
Көрсөтүп алып дайыма
Сыйын казак кылдыңар.
Монголбу билбейм негизи,
Кара жорго дейт экен
Бийин казак кылдыңар.
Ал тургай,
Чыңгыз ханды алып барып
Түбүн казак кылдыңар.
Аны казак кылдыңар
Муну казак кылдыңар
Баарын казак кылам деп
Баарын косяк кылдыңар.

Ой айланайын Серигим
Жамактап койдум кичине,
Жаман көрбө анымды.

Сурасаң берем дапдаяр
Сууруп мына жанымды.
Кудай таала жараткан
Бирге кылсын ылайым,
Таалай менен багымды.
Казак кыргыз бир болуп
Укканыбыз ыр болуп
Көргөнүбүз сый болуп
Жүргөндө дайым ырдайлы
Күлгөндү дайым ырдайлы
Кээ бир сөздү укканда
Тартпаш керек муң кайгы
Кезегиңди берейин
Айланайын Серигим
Толкуткун ырдын деңизин
Толкуткун ырдын бейишин
Каалабаймын эч качан
Казак менен кыргыздын
Орто жолдо кейишин.
Домбураңды күүлөй бер
Токтосун  бир аз Жеңишиң.

**Серик:**

Кыргызга бирөү тийиссе,
Казактар коргап турамыз.
Таможный союз деп айтып,
Саясатты көп-көп айтып,
Артып кетти гой күнаамыз.
Каласаң өзүң киресиң,
Жаксы болуп жатсак мынау биз.
Ашамыз десек ашамыз.
Шыгамыз десек шыгамыз.

Казак менен кыргыз экөөмүз
Кимдерден коркуп турамыз.
Ал эми саган айтаарым,
Казакты кара жоргону айтканда
Бийлеп жаткан мен эдим
Ал энди шындап сынаңыз.
Кызыл өрүк кыргыздын
Кызыл өрүк болмаса
Казакта,
Эмне бийлейт кудамыз.
Жеңишбек баарын кызганба
Кыргыз менен казакка
Бир болгон биздин ураамыз.
Бээжинден бизди таппасаң.
Тарыхты абдан зиреттеген
Акматалиев агамдан баардыгын
Түгөлдөп сураңыз.
Ал өнөрдүн баарлыгы Кыргыз менен казакка
Абийириңизди бурамыз
Асыкпай али алемди
Казакты кыргыз кыламыз.

Айланайын агайын,
Манастай ыры алыпсың.
Элдин камын ойлаган,
Токтогулдай уулуңдун,
Тарыхын абдан тааныпсың.
Жырыңда абдан каныксың.
Наманганга жакканда

Паччанын өзүн актырып,
Акындын жолун кут кылып.
Куткарып алган калыксың.

Токтогулша сүйлөсөм
«Кызыл тилим сүйлөсүн
Кызыл тилим кем болор,
Комузум бирге күүлөсүн.
Калкымдан кетсем айланып,
Калың элим күлдөсүн.
Элимден кетсем өкүнбөйм
Эркиндеп элим күлдөсүн».
Деп осулай жырлаган
Кыргыз эли тап өзү
Бекитти бүгүң ыр кесин.
Эркиндигин элдешкин
Колумду салып жүрбөсүн,
Мекке болуп ар күнүң,
Береке болуп ар күнүң,
Мартабең даңге өрлесин.

Карасам мына Жеңишбек
Асыл боп жүрдүң накталап,
Казак мен кыргыз бир тууган,
Сахнада келип шаттанат.
Маган асаби дебедим
Кыргыздан чыккан автомат.
Казак менен кыргызды,
Немис кып турган автомат.
Оң болуп турган көңүлдү
Терске бурган автомат.

Автомат деген сөзүнөн
Жеңишбек неге мактанат?

Айланайын Женишбек,
Жолун жалга атаңдын
Мынау калык элиңден
Көгөрүп өсүп бата алгын.
Өнөр бийик сапарга
Узакта болсун сапарың.
Токтогулдай түркүгө,
Жайыла берсин атагың.
Автомат элиң унуткун
Карандай эле түсөтүн
Жолбарска гана түсөтүн
Бир күнү
Бүркүт акын деп атайын.

Акын акын болармы,
Акмаржанды отармай,
Тулпардай тулпар болармы.
Аламанга бата алмай.
Токтогул атаң сарайын
Кетемин калай шаттабай
Эски ырлар  мен беттешсе,
Жол ашып бизге тургандай
Арайлап таңы аткандай,
Токтогулду коймаса,
Өлөң болуп аккандай.
Электр берип элине,
Кубантып аны  жаккандай.

**Жеңишбек:**

Күүлөнүп ырдап жатасың,
Күүсүндөй болуп бешиктин.
Жылда айтышка келип сен,
Автомат болуп кетипсиң.
Айланайын Серигим
Алдыңа басып келемин
Автомат деген ал эмне?
Мен сага түшүндүрүп беремин
Кыргыздар деген тез ырдайт
Он сапты он саат ойлонуп
Казактар болсо кеч ырдайт.
Илгерки бабаларым айткандай
Сен оо деп обон салганча
Домбураңды чалганча
Тоолордун башын кар басат.
Жылкылар кайтып жайлоодон
Кыштоого койлор жайгашат.
Уйлар келип бададан
Көчөнүн баарын чаң басат.
Сен оо деп обон салганча
Биздин президенттер алмашат.

Аккан суудай болбосоң,
Акыныңдан не пайда
Жардамың элге тийбесе,
Жакыныңдан не пайда.
Ак караны ылгабас
Акылыңдан не пайда.
Үйдө кыйын  жоодо жок,
Баатырыңдан не пайда.

Эл алдында тилдесе
Кадырыңды билбесе
Катыныңдан не пайда.
Бир курсакты ойлосоң
Бар жогуңдан не пайда.
Жанын берип турбаса
Жан досуңдан не пайда
Ааламга үнүң жетпесе
Чөнтөгүңдө катылган
Айфонуңдан не пайда.

Айланайын Серигим,
Автоматты ал дедиң.
Бүркүт болуп кал дедиң.
Аныңа мен ыраазы.
Бүркүтчө анда жетсин дейм
Ай ааламга кулачым.
Серик болгон досумду
Оозумдагы жылыткан
Ырым кылып жүрөйүн.
Кайда болсоң күйбөгөн
Сыйым  кылын жүрөйүн.
Жылытаарга жүрөктү
Отун кылып жүрөйүн.
Мен өзүңдү Серигим
Акыреттик кармашкан
Досум кылып жүрөйүн.
Көңүлдөгү сөзүңдү,
Өстүрөйүн гүл кылып.
Көөдөндөгү ырларды мен.
Төгөйүн сага сыр кылып.

Бабалар айтып кеткендей,
Бир дененин жанындай,
Бир тамырдын канындай,
Бир камчынын сабындай,
Абайдын жазган сөзүндөй,
Адамдын эки көзүндөй.
Аялдын окшош төшүндөй,
Жамбылдын узак жашындай,
Мухтардын алтын башындай,
Майлы Кожо жөжөнүн.
Өнөрдөн бүткөн затындай,
Көкчөнүн жаткан чөлүндөй,
Көөнөрбөс бийик төрүндөй,
Көгөрүп аткан көлүмдөй,
Бакытыбыз көп болсун!
Жараткандан суранам
Мен ушуну ылайым.
Эч убакта баспайлы
Жамандыктын ылайын.
Саясат деген жолдордон,
Сасыткы кылбай элдерди
Сактасын эми кудайым!

## 2016-ЖЫЛЫ БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН АЙТЫШТАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДЕН ТАМАША АЙТЫШ

**Жеңишбек:**

Ардактуу өкүл балам Аалы,
Башкача айтыш болот деп,
Күтүп атат баары.

**Аалы:**

Курмандык кылып өкүл атама,
Азамат качып кетип жаңы.

**Жеңишбек:**

Мага каранын кереги жок
Сендей керек сары

**Аалы:**

Амантай сары болучу
Өтө эле менден дагы.

**Жеңишбек:**

Ал эски сары болучу
Сен свежий жаңы.

**Аалы:**

Свежий жана эски деп,
Кайдан билесиз аны.

**Жеңишбек:**

Мен эле эмес  бул жакта,
Билип атат баары.

**Аалы:**

Туура эле айтып атасыз,
Карадан  таттуу болот да,
Сары коондун даамы.

**Жеңишбек:**

Ошондуктан сары гүлгө конот да,
Жанагы ызылдаган аары.

**Аалы:**

Ошо мен аарымын билесиз,
Артында бар заары.

**Жеңишбек:**

Ошондой заары бар тилден,
Жеңишбек коргонуп аткан чагы.

**Аалы:**

Ошол дарылыгын таба албай
Кээ бирөө кор болуп жаткан чагы.

**Жеңишбек:**

Илгерки биздин акындар,
Сыйлашчу экен торгойду.

**Аалы:**

Ооба, ата-бала катары,
Биз да,
Сыйлашып бир аз ойнойлу.

**Жеңишбек:**

Мынабу Мирлан Самыйкожо
Жыйырма беш мүнөт дейт.
Отуз кылып беш мүнөт
Кошуп  койсо болбойбу?

**Аалы:**

Же жыйырма беш мүнөттө,
Булар түгөнөт деп ойлойбу.

**Жеңишбек:**

Бир калпакчан үкам бар экен,
Кыйкырып атып чоң болду.

**Аалы:**

Калпагын бирок айта албайм
Жамбашы  жаман кор болду.

**Жеңишбек:**

Азыр болсо билинбейт
Алты айдан кийин шор болду

**Аалы:**

Жок тааныбагандан кийин,
Этиятташ керек ойлорду

**Жеңишбек:**

Ошентип түзөп турбайсыңбы,
Билбей кеткен жолдорду.

**Аалы:**

Акындар минтип ыр ырдайт
Мобу микрофон неге дыңылдайт

**Жеңишбек:**

Кошо ырдашкан көөгөндөй,
Кыңылдайт  эле кыңылдайт.

**Аалы:**

Жыргатып атам дегенсип,
Музыкант эле жымыңдайт.

**Жеңишбек:**

Сага көрүнөт турбайбы
Менин мойнум бурулбайт

**Аалы:**

Көрүп эмне кыласыз,
Сизге окшош экен муруту.

**Жеңишбек:**

Мурутчандын баарынын,
Ушундай болот жумушу.

**Аалы:**

Сиз болуп калган үчүн дурусу,
Акындын тоодой ырысы

**Жеңишбек:**

Менин отурушум кандай экен,
Кыл тиштеген чымчыктай.

**Аалы:**

Жо чымчыгын бирок айта албайм,
Капталыңыздан көрүнөт.
Жазында чыккан чырпыктай.

**Жеңишбек:**

Оо мурутчандар,
Колдоп койсоңор болбойбу,
Нема отурасыңар унчукпай

**Аалы:**

Атабыз кол чап дегенди,
Төрт, беш  аксакал колдоду.
Башкаларында угуш жок

**Жеңишбек:**

Чаппаса деле таарынбайм,
Менде башка сунуш жок.

**Аалы:**

Сизге төрт аксакал кол чапты
Бул жерде 60 пайызы аялдар,
Аларда да  мурут жок.

**Жеңишбек:**

Аялдар туура кошулам
Бирок, эркек жок жерде дурус жок.

**Аалы:**

Эркек  жок жерде дурус жок,
Бирок аял жок жерде ырыс жок.

**Женишбек:**

Эркек жок жерде билесиң,
Калемпир жок да, мурч жок.

**Аалы:**

Аял жок жерде билесиз,
Жашоо скучный уруш жок.

**Жеңишбек:**

Эркек бар жерде билесиң,
Жарака кеткен сынык жок.

**Аалы:**

Аял бар жерде билесиз үйдө,
Балдарда тарбия угуш жок.

**Женишбек:**

Жеңелерди ырдай бересиңби
Давайте мындай кылыш жок

**Аалы:**

Кечиресиңер эркектер,
Мактабай койсом мен эгер.

**Жеңишбек:**

Сыртка чыгып сөгүнбөй,
Ичиңде болсун жемеңер.

**Аалы:**

Анткени биздин энелер,
Көп балдарды төрөшөт.

**Жеңишбек:**

Тукумун улап кыргыздын,
Ак бешикке бөлөшөт.

**Аалы:**

А эркектерди айта албайм,
Алар аман болсун дебесек,

**Жеңишбек:**

Аларга,
Сен дагы иним киресиң,
Санап көрсөк бир эсеп.

**Аалы:**

Мына бул жерди карасам,
Кимдер гана келген жок

**Жеңишбек:**

Келгендерге ырдабас анан,
Көөдөндө кандай термем жок.

**Аалы:**

Маңдайдагылар көрүүдө
Арттагылар,
Бизди деле көргөн жок.

**Жеңишбек:**

Бирок кайрылып баары калышты
Мында акындын тили жетеби?

**Аалы:**

Биз тобу кетип калбадыбы,
Эми ушунча элдер кетеби.

**Женишбек:**

Акындын тил курч болот
Кайрылып алар  башташты
Демек жүрөктөрү сезеби?

**Аалы:**

Мен ушундай кубанам,
Кээде батпайм арманга.

**Жеңишбек**

Арманга батпай жан иним,
Бекем туруш керек дарманга.

**Аалы:**

Кубанам жанагы,
Токторов
Төкмө  акын болбой калганга.

**Жеңишбек:**

Ал төкмө акын болуп калганда,
Сапардан ашмак андан да.

**Аалы:**

Кисларод жетпей калмак го,
Экөөбүздөй балдарга.

**Жеңишбек:**

Маңдай жагымды карасам,
Кубангансып баратам.

**Аалы:**

Кубанычыңызды капталдан,
Көрүп атам жанатан.

**Жеңишбек:**

Көргөнүңө кубана,
Мына сүйүнүп турат жан атаң.

**Аалы:**

Жан атам эгер кубанса,
Мен ийгиликтерди жаратам.

**Жеңишбек:**

Элге ырдап берсек экен деп,
Биз келген элек таң азан.

**Аалы:**

Таң азандан келгенбиз,
Сиз менен катар жанашам.

**Жеңишбек:**

Сен менен бирге ырдасам,
Кай жолумдан адашам.

**Аалы:**

Анткени сиздей түз жүргөн,
Адамдын аркасында баратам.

**Жеңишбек:**

Ой Аалы, моюндарын биз жака,
Тигинде артып алып жатышат.

**Аалы:**

Кээ бирөөлөр ой-кыялын,
Камчыланып жатышат.

**Жеңишбек:**

Камераң аз келгенсип
Соткалар жаңы турбайбы,
Тартып алып жатышат.

**Аалы:**

Ошол соткага тартып аткандар,
Биз айткан сөздү эстесин.

**Жеңишбек:**

Силер тартып атсаңар,
Бул эки акын кантип сезбесин.

**Аалы:**

Анан барып ошол нерсе
Эртең интернетке өтпөсүн.

**Жеңишбек:**

Тартып аткан себеби,
Жакшы көрөт турбайбы,

Бакылдаган төкмөсүн.

**Аалы:**

Бири-бирине кыдырып,
Блютуз менен өтпөсүн.

**Жеңишбек:**

Кашыңарда ушинтип,
Комуз алып сайрайын.

**Аалы:**

Калкты көрүп чогулган,
Ойноп-күлүп жайнайын.

**Жеңишбек:**

Уланталы ар качан,
Лейлектин сонун майрамын.

**Аалы:**

Майрамыңар бек болуп,
Дайым көтөрүлсүн байрагың.

**Жеңишбек:**

Эч убакта арт жакта,
Жаш агызып калбагын.

**Аалы:**

Исхак сыяктуу, калкым
Албетте, баксын балдарың.

**Жеңишбек:**

Исхак атабыз сыяктуу,
Элдин көтөрөлү салмагын.

**Аалы:**

Бата берсин жаштарга,
Балпайган мобу чалдарың.

**Жеңишбек:**

Келгендердин баарысы,
Жашы менен карысы,

Кубанып турган учуру.
Жакшылыкты баарынан,
Суранып аткан учуру.
Акындар бизге келсе деп,
Алты саат болсо бул жерде,
Аянбай ырдап берсе деп,
Акындын бүгүн тилеги.
Атадан калган нерсе деп,
Ал сыңары биз дагы,
Ырдабай кетсек болобу?
Алтынын сөздүн бул жерде,
Ылгабай кетсек болобу?
Мында турган калың журт,
Силердин кадыр-баркыңар,
Биздин төбөбүздөн да жогору.
Силер менен ар качан,
Эсен-аман бололу,
Кел десеңер келебиз,
Төгүлүп ырдап беребиз,
Жең десеңер жеңебиз,
Эң десеңер эңебиз,
Анткени мында аталар,
Чогулган мында энебиз.
Силер менен биз болуп,
Көкүрөктө ошондой,
Толгон токой иш болуп,
Акының айткан да ой мына,
Көрөр көз элим турганда,
Көрүшкөнчө деп туруп,
Эсен-аман да болгула!
Ынтымак болсо ушинтип,

Жыл сайын айтыш уланып
Бардыгы келет ордуна.

**Аалы:**

Айтканыңызга кошулам,
Бир жарым миллиард кытайдан,
Бир дагы төкмө чыга элек
Төбөлдөр чыккан орустун,
Төкмөсүн эч ким уга элек.
Кыргыздыкындай төкмөнү,
Дүйнөдө эч ким туя элек.
Бул өнөрдү ойлосок,
Кыргызда гана бар экен.
Өнөрлөрүн сыйлаган,
Кыргыздар улуу жан экен.
Өнөрүн сүйгөн кыргыздын,
Баарынын болсун жаны эсен!
Жашы менен кошулуп,
Карынын болсун жаны эсен!
Кара тору аралаш,
Сарынын болсун жаны эсен!
Силердей элге ырдаган,
Жеңишбек менен кошулуп,
Аалынын болсун жаны эсен!
Өзүмдү-өзүм ушинтип,
Кээде  коём кубаттап.
Антсе дагы топтолуп,
Дем бергениңерге ырахмат.
Айланайын калайык,
Эл келгенге ырахмат.
Баткен деген алыс деп,
Ал жакка кыйын барыш деп,

Кээ бирөөлөр борбордон,
Келе албай калды биерге.
Келбесе да саламын,
Айтып ийди силерге.
Эл деген кымбат мен үчүн,
Кайсы жерде болбосун
Элге ырдоо менин жеңишим.
Эл деген менин бейишим,
Эл жок жерде калуу бул,
Аябай эле кейишим.
Баткен эмес тээтиги,
Афганистан болсо да,
Аралап барам эл үчүн.
Анткени элге ырдамак,
Бул милдет болот мен үчүн.
Айланайын Баткеним,
Айланайын Лейлегим,
Бир туугандар мында деп,
Сагынган бойдон келгемин.
Жаратkandан амандык,
Сурап коюп силерге,
Жалынган бойдон келгемин.
Оозумдан ыр чууруп,
Агылган бойдон келгемин.
Келгенден кийин силердей.
Калкымды келип көргөмүн.
Төрүңө чыгып атайын,
Төгүп турган чагыбыз,
Баарыңарды төрүңдө,
Көрүп турган чагыбыз.
Жан дүйнөбүз толкундап,

Эрип турган чагыбыз.
Кол чапсаңар эргите,
Берип турган чагыбыз.
Айланайын калайык,
Эсен болосун баарыбыз,
Баарыңарга тилээрим
Аман  болсун жаныбыз.
Бакылдабай кечке эле,
Какылдабай кечке эле,
Кыскартсын сөзүн эмесе.
Жеңишбек менен Аалыңыз.
Кечке чейин сүйлөгөн,
Адамда болот жаңылыш,
Анда эмесе айтайын,
Кетким келбейт Лейлектен,
Төө Жайлоо жакка кылчактап,
Силердей улуу урматтуу эл турса,
Мен ырдамак белем жыртактап.
Мен кыргыздын уулумун,
Көөдөндө жүргөн ыр сактап.
Чыр сактабайм эч качан,
Силерге жүрөм сый сактап.

# АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ

## 2007-ЖЫЛЫ БАРСКООН ЖЕРГЕСИНДЕ «КЫРГЫЗ» АТЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Көк асманга өнөрдүн,
Көтөрүлдү байрагы.
Күтүрөгөн эл келип,
Гүлдөдү Барскоон аймагы.
Ысык-Көлдүн элдери,
Ырларды угуп жайдары.
Осмонкул, Калык, Алымкул,
Колдосо деп тилеймин,
Бизди аталардын арбагы.
Аалы менен жанаштым,
Кандай болот билбеймин,
Азаматтын да арманы.
Азамат Аалы ардагың,
Эстекең менен Замыкең,
Ашыкең менен Тукаңдын,
Калкым
Аялсыз тапкан балдары.

**Аалы:**

Азамат ырас алп акын,
Осмонкулдун жеринен.
А мен болсо Таластан,
Алымкулдун элинен.
Эки алп акындын иниси,
Жаңылбастыр дейм кебинен.
Дем алып жаткан кезеги,
Эл-журттун берген деминен.
Жараткан Аллам колдосо,
Агайын журтум жолдосо.
Кыйшык кетсе кептери,
Аксакал элим колодосо.
Алдына элдин келгенде,
Салалычы экөөбүз,
Алабарман жоргочо.
Жергебизден чыгыптыр,
Жеңилбес кыргыз залкары,
Экөө тең алп акын,
Айтышса кайдан чарчады.
Алыкем менен Осмонкул
Жамагын айтып отурса,
Суктандырчу экен канчаны.
Ал экөөнун артында,
Алмадай бизпиз даңканы.

**Азамат:**

Кызыл тилин бүлөнтүп,
Кайраганы турабы?
Жалпы журт карап турганда,
Жайнаганы турабы?
Азаматтай бир досун,

Жайлаганы турабы.
Анан
Кожожаш болуп бул досум,
Текедей кылып аскага,
Айдаганы турабы.
Эми кагылайын жан досум,
Кашыңда турган Азамат,
Кайрыгын кабыл ал досум.
Кезегиңди берейин,
Дагы кандай бар сөзүң.

**Аалы:**

Келгенде элдин алдында,
Учурдан досум пайдалан.
Кожожаш текени эмес аскадан,
Сур эчкини айдаган.
Ал Алабаштай текени,
Эчак эле жайлаган.
Текеге бүгүн өзүңдү,
Окшоштуруп турасың.
Алабаш теке кайда анан.
Мен теңебеймин го текеге,
Ал мылтыкты коё тур,
Сөөмөйүм көзөй албайм чекеңе.
Сени мактап ырдап олтурсам,
Жактап ырдап олтурсам,
Кадырыңа жетем ээ.
Кагылайын көпчүлүк,
Ушундай акындарын төктүрүп.
Кашына келип сайратып,
Баарысын бирдей өстүрүп.
Карачы Барскоондун баласы

Баарынын мындай балдарга,
Тийип турат батасы.
Сага окшогон балдардын,
Кашында турса ар дайым,
Аман-эсен дайыма,
Апасы менен атасы.
Ушундай болгон балдардын,
Болбостур деймин капасы.
Агайын тууган баарыңа,
Жашыңа дагы карыңа.
Ырахмат берген дем үчүн,
Ушул Азамат менен Аалыга.
Анткени экөөбүз
Алмадай бала чагымда,
Ашыраалы,Тууганбай,
Эстебес менен Замирбек,
Алптардын жүрүп жанында.
Алар да биздей болгон балдарга,
Ар дайым көрүп камылга.
Кошуп ырдап жүрөбүз,
Аларды ар бир ырдын сабында.
Анткени алардын кылган эмгеги,
Ар бир элдин жадында.
Бир кезде ээрчитип чыккан
Эң алгач филармониянын залында.
Бүгүн, кишинин эки колундай,
Поезддин катар жолундай.
Кошулуп аккан булактай,
Кош мүйүз эгиз улактай.
Дайыма акындардын ичинен
Таза болсок деп жүрөм.

Жаман-жуман нерсеге
Жаза болсок деп жүрөм.
Экөөбүз такыр бөлүнбөй,
Эгиз кызга үйлөнүп,
Бажа болсок деп жүрөм.

**Азамат:**

Көңүлдү ачып Аалыкем,
Карачы сыйлашалы дегени.
Комуз тийсе колуна,
Ырдашалы дегени.
Бажа болуп баштарды,
Тырмашалы дегени.
Боло берсин өзүңдө,
Ар дайым пейилдердин тереңи.
Ал пейилдердин кенени.
Кошулуп турса жаш балдар,
Колдойт экен эл эми,
Комуз колго тийгенде,
Кошуп ырдан төгөлү.
Өлбөсүн деп тилеймин,
Улуу кыргыз өнөрү.
Бир кудай турат асманда,
Караган кезде асманга.
Ынтымак болсун арада,
Бири-бирибизди жеңели.
Ал андыктан карачы,
Алтындай болгон ырларды.
Ак калпак элге себели.
Жакшылыктардын баардыгы,
Жараткандан орногон,
Өнөр деген нерсени.

Башкаларга бербеген,
Акындык деген өнөрдү,
Шедевр деп баалandык,
ЮНЕСКО жактап колдогон.
Ал андыктан карачы,
Манас менен бир болуп,
Нечен өнөрпоздордун атагы.
Агайын элге дуу болуп,
Алардын айткан сөздөрү.
Ак калпак элге гүл болуп,
Андан бери карачы,
Арстанбек деген алп акын,
Алтымыш акын келсе да,
Жайлаган экен катарын.
Бери жагын да карасаң,
Барпы деген ким эле,
Ал акындардын пири эле.
Сүйүү ырын ырдаса,
Акындардын гүлү эле.
Андан бери карачы,
Жеңижок менен Токтогул,
Ошолордун өнөрүн,
Улап жүргөн балдарбыз.
Кайрыгын өнөр дегендин,
Курап жүргөн балдарбыз.
Жамандардан өнөрдү,
Коруп жүргөн балдарбыз.
Эгиздердей жанагы,
Болуп жүргөн балабыз.
Жаш да болсок карачы,
Акын болуп ыр ырдап,

Толуп жүргөн балдарбыз
Өнөрдүн ысык-суугуна
Тоңуп жүргөн балдарбыз.
Кадамдарды алдыга
Коюп жүргөн балдарбыз.
«Айтыш» фонддун эмчегин,
Эгиз балдар сыяктуу,
Соруп жүргөн балдарбыз.

**Аалы:**

Кагылайын жан досум,
Айтыш фонддун эмчегин бул,
Түгөткөнү жүрөт го.
Өзү да демөөрчүсү жок,
Зорго жашап жүргөндө,
Жүдөткөнү жүрөт го.
Минтип айтып жатканым,
Айтышты дайым колдогон,
Эрлерден далай чыкса деп,
Акының айткан тилек го.
Ал айтыш фонддун ак сүтү,
Балдарга берген мүрөк го.
Ошон үчүн айтышты
Акындар эле дейсиңби,
Ак калпак кыргыз сүйөт го,
Сүйгөн үчүн дүйнөнү.
ЮНЕСКОсу жактырып,
Жыйырма сегиз өнөрдүн
Ичинен муну тапшырып,
Ошонун өзү кыргызга,
Опол-тоодой жакшылык.
Унутпайт дечи ушинтип,

Ким ардактаса ким элде
Ошон үчүн баарыңа,
Жашыңа да карыңа.
Ийгиликти каалайбыз,
Кашыңарда силерден.
Алты күнү болсо да,
Тажабайбыз да ой сайрайбыз.
Ал эми Азамат экөөбүз,
Биригип турсак ар дайым,
Беттешкендерди жайлайбыз.
Күч бирдикте деп айткан,
Алдыга салып айдайбыз.
Экөөбүз бирге кармашсак,
Душмандан,күчтөн тайбайбыз.
Ошон үчүн илгертен,
Кыргызым түрлүү кеп айткан.
Билесиңер баарыңар,
Ар бир сөзүң деп айткан.
Анткени экөөбүз чогуу бир чыгып,
Агайын-тууган алдында,
Шаңшыган не бир үн чыгып,
Сайрашып ырдап олтурса,
Булбулдай эргип тил чыгып.
Көпчүлүктүн ичинде,
Агайын-журтту мактайлы.
Тескери жүрүп баспайлы.
Айланайын көпчүлүк,
Бизди колдоп жатпайбы.
Экөөбүз ырдап тың чыксак,
Элмирбек менен Жеңишбек,
Экөө тең жолдон качпайбы.

Анткени мурунку чыккан кулактан,
Кийинки мүйүз ашпайбы.

**Азамат:**

Этегин кармап келебиз,
Элмирбек менен Жеңиштин.
Артыбыздан Аалыке,
Ак таңдайлар өнүшсүн.
Аларды көргөн кезинде,
Ак баталарын беришсин.
Акындык деген абалтан,
Элмирбек Жеңиш сыяктуу,
Азамат Аалы эгизсиң,
Артыңан чыккан жаш балдар,
Келерки ушул айтышта,
Кебелбей баарын жеңишсин.

**Аалы:**

Алтындуу жерге келгенде,
Алтын сөз чыгат оозуңан.
Агайын-журттун алдында,
Айттың сен сөздүн коозунан.
Ылайым болсун ошондой.
Айтканыңа кошулам.
Ар бир айткан сөзүңдү
Колдоп ырдап отурам.
Өзүңдөй болсом экен деп,
Өзүмдү өзүм кичине,
Оңдоп ырдап отурам,
Азамат баштайт баш жагын.
Жолдоп ырдап отурам.
Кагылайын жан досум,
Жана өзүң айткандай,

Кебимди кабыл ал досум.
Сага айтар чын дилден,
Достук айтар бар сөзүм.
Анткени сени колдоп отурган,
Айланаң түгөл шаң досум.
Ак калпак кыргыз ичинде,
Темирдей өткүр бекем бол.
Ала-Тоодо ар дайым,
Сайрап турган чечен бол.
Ата-энең менен эсен бол,
Алп акын болуш өзүңдөн.
Аракет кылам десең  бол,
Элмирбек акын сыяктуу.
Эңилбеген чечен бол.
Жеңишбек акын сыяктуу,
Жеңилбеген ырчы бол.
Эки кол айга жетсе да,
Элим деген ырчы бол.
Алкым деген болбостон,
Калкым деген ырчы бол.
Кулкун деген болбостон,
Журтум деген ырчы бол.
Агайын-тууган калкымдын,
Ар убакта мүлкү бол.
Ал эми сен болсоң,
Баатыр Курманбек,
Мен жаныңда жүргөн Акканмын.
Сен басып келген бул жолдо,
Сени жөөлөп баскамын.
Артыңдан кандай иш болот деп,
Артыңдан сүйөп жатканмын.

Анда аткарайын бул жерде,
Аккандын
Кандай ишти кылганын.
Анткени
Экөөбүз тең жаш жигит,
Жүрөгүндө бар ыйманым.
Агайын-тууган калкыңа,
Мага да жагат ырларың.
Экөөбүз бирдей жакын дос,
Сенин мага маалым сырларың.
Менин сага маалым сырларым.
Анда эмесе туугандар,
Ушундай кепти ойлоймун.
Алдыңарга келгенде,
Азаматты колдоймун.
Азаматка баа берсе,
Эч качан капа болбоймун.
Төрт акын чыкты жарышка,
Төрт акынга баарысы,
Эл-журтум берди калыс баа.
Төртөөнүн үчөөсү,
Баш байгени алыптыр.
Оо бизге жол берип,
Азамат артта калыптыр.
Ошон үчүн бул жерге,
Байлык-бийлик дегенден,
Тойбойт дечи курсагың.
Сага эмесе жан досум,
Белгилүү болсун ыр сабың.
Жакшылап угуп алсаңар,
Калыстарга да тиешелүү бул сабым.

Ал эми баарыңар таптап алгыла,
Туурда турган кыргыздын
Азаматтай шумкарын.
Азаматтай акынга
Уруксат болсо калкыман,
Тапшырсам деп турам,
Барскоондун аппак тулпарын.

**Азамат:**

Жол жоргоңдо айткандай,
Жолотпоймун бузукту.
Себелеп нөшөр ыр менен,
Сен айттың го кызыкты.
Алты жыл аким болгончо,
Алты күн акын болгонум,
Азамат үчүн кызыктуу.

Ак калпак кыргыз калкымда,
Ак таңдайсың, чеченсиң.
Алымкул сындуу сен дагы,
Кыргыздын
Асылы болуп өтөөрсүң.
Көп жашагын жан досум,
Көрөңгөлүү кыргыздын,
Көп кумарын чечээрсиң.
Көлдөй жигит деп жүрсөм,
Аалы көлдөн да терең экенсиң.

**Аалы:**

Таластыкмын деп койсом,
Бул жигит мактай берет ар дайым.
Ырас, ал кебиңен да танбайын.
Мактай берсең көтөрүлүп,

Азыр чапаным берип салбайын.
Ал эми
Эки дос дайым бир жүрүп,
Бирине-бири сүйөнсүн.
Экөөсү чогуу ырдашып,
Дайым жүрөгүндө гүл өнсүн.
Экөөсү дайым бир чыкса,
Агайын-журтум сүйүнсүн.
Экөөсү аман болсо деп,
Эл-журтум чогуу тилээрсиң.
Ал эми Азамат сенин машинаң,
Үйүңө айдап баратып,
Көчөңдүн башына барганда,
Ал жерден майың түгөнсүн.

**Азамат:**

Ой жарышсын деп кунандар,
Кыйкырган байкем кайдасың.

**Аалы:**

Өзүбүздүн кыз дешип,
Кыйкырган болчу Майрасын.

**Азамат:**

Жеңелерди айтканда
Табалбай жатат айласын.

**Аалы:**

Анткени бойдок жүргөн балага,
Жеңелер кылмак пайдасын.

**Азамат:**

Жеңелер менен бир болуп,
Жеринде балдар сайрасын.

**Аалы:**

Балдары сайрап олтурса,

Чалдары казы чайнасын.

**Азамат:**

Бир келген айтыш айылыңа,
Буттарыңар талбасын.

**Аалы:**

Буттары талып айрымдар,
Ооруканага барбасын.

**Азамат:**

Барса дагы ал жакка,
Кыйкыртып укол салбасын.

**Аалы:**

Кыйкырыгы таш жарып,
Терезелерди жарбасын.

**Азамат:**

Ачып турган чагыбыз,
Барскоондун пардасын.

**Аалы:**

Пардасын ачып анда биз,
Калкыма обон салалы.

**Азамат:**

Үч күн кеттиң айтылып,
Барскоондун баяны.

**Аалы:**

Амантай акем колдогон,
Жанагы бозочунун аялы.

**Азамат:**

Бозо сатып эжебиз,
Керекке бүгүн жарады.

**Аалы:**

Экөөбүз кылып реклама,
Азыр ошол жак көздөй баралы.

**Азамат:**

Сайра дейби ысымы,
Санаттан ырдап салалы.

**Аалы:**

Анчалык күчтүү бозо сала албайт,
Бозочулардын чабалы.

**Азамат:**

Сайра эже келсеңчи,
Бишкекке барып биз дагы,
Ресторан ачып алалы.

**Аалы:**

Ош базарыдын жанына,
Биз экөөбүз чогулуп,
Реклама жаялы.

**Азамат:**

Он пайызы сизге да,
Ону мага калабы?

**Аалы:**

Он пайызын токтоткун,
Сенин байгең жетет жанагы.

**Азамат:**

Ал кашайып Аалыке,
Калың болуп карачы,
Барскоонго калабы.

**Аалы:**

Калса мейли калсынчы,
Чоң олжо болот а дагы.

**Азамат:**

Же артыман ээрчип,
Себи деп алтынын алып барабы.

**Аалы:**

Анысы дагы чоӊ мүмкүн,
Азамат Аалы мактаса,
Айрылганча тамагы.

**Азамат:**

Күйөө бала болот деп
Бүгүн ачылып жатат Аалыке,
Барскоондун арааны.

**Аалы:**

Амантай байкем баш болуп,
Анда сөйкө салалы.

**Азамат:**

Калыстардын баардыгын,
Кудага алып баралы.

**Аалы:**

Ал жагын камдап көюпсуӊ,
Куда тарап кай жагы.

**Азамат:**

Алып барсак бүгүн кудага,
Калыстардын баарына,
Саймалуу чапан жабабы.

**Аалы:**

Таанышым бар «Кыялда»,
Чапанды ошондон алалы.

**Азамат:**

Ал жакка болбо убара,
Ал Барскоондуктардын абалы.

**Аалы:**

«Кыялдын» да бир кезде,
Кыйлага кеткен кабары.

**Азамат:**

Кыздарды бүгүн көп айтсаң,
Кылтылдаган Азамат,
Бир аз кыялданып калабы.

**Аалы:**

Кыялданса да акындын,
Жакшы өтүптүр товары.

**Азамат:**

Барскоон болсун Барскоон,
Булардын айтканына көнөйүн.

**Аалы:**

Жанында күйөө жолдошуң,
Өзүм болуп берейин.

**Азамат:**

Алтындай болгон жигитсиң,
Ал жагыңа не дейин.

**Аалы:**

Кайсы кыз экен сынайын,
Чачынын учун ченейин.

**Азамат:**

Ал жагын билет Аалыке,
Саламаттай кашымда,
Эжеме салып берейин.

**Аалы:**

Таластык сууга чөкпөйт,
Экөөң үчүн Азамат мен,
Көлгө чөгүп берейин.

## 2007-ЖЫЛЫ БАРСКООН ЖЕРГЕСИНДЕ КЫРГЫЗ АТЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АСАН АБСАТАРОВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Асан:**

Ырда деп Асан агаңды,
Бүгүн ыр кезегин таштадың.
Атагы таркап дүйнөгө,
Барыскоон менен көлүңдү,
Катарлап бирдей мактайын.
Ат көтөргүс ардакты,
Ырдасам аның кеп болор.
Ат жөнүндө бул жерде,
Аябай сыйлап жатамын,
Ырдасак баары төп болор.
Акындыгың билчи элем,
Азамат иним өзүңдү.

Амансыңбы Азамат?
Ардактууң эле баласың.
Агаңды
Баалай турган кез келди,

Кайсыл ойду сен дагы,
Эсиңе салып атасың.
Айтканымдын себебин,
Бүгүн учурашып алайын,
Айкөл Манас агамдай,
Ардактуу элди көргөмүн.
Аларга көңүл бөлгөмүн.
Бүгүнкү анда Азамат,
Атактуу жерди көргөндө.
Бетеге чөптү мекендеп,
Жан-жаныбар жыргаган.
Бир кезде камыш шуудурап,
Токтогул менен Жеңижок,
Эсен аман баарысы,
Өнүп өсүп жыргаган.
Ошол күнгө жеткирген,
Сыймыгы менен бир болгон,
Ата журт баары сыйласа,
Мен дагың ага сыйланам.

Азамат иним өзүңдү,
Көрүп жаткан убагым.
А сага да кезек берейин,
Кандай ырдайт экен деп,
Өзүңө кулак түрөмүн.
Тамаша кылсак болбойбу,
Мен дагы сенден ар дайым,
Үмүт кылып жүрөмүн.

**Азамат:**

Агайын элдин койнунда,
Ала-Тоонун боорунда.

Сайрасын нечен акындар,
Сакебиздин доорунда.
Тилек кылып кудайдан,
Жетебиз дечи орунга.
Барскоондун элине,
Бакылдап кеткен сонун да.
Ырыскысы кудайдан,
Ырдатып келген кыргызга,
Ыраазы болом оюнга.
Кылымдан бери жашаган,
Комузум турат колумда.
Ээрчишип келген акынмын,
Эчен залкарлардын тобунда.
Ысык-Көл турса чалкыган,
Ак таңдайлардын баардыгы,
Агайын элге таңшыган,
Айланайын Асаке,
Мен дагы келдим артыңан.
Алгыр куш болсоң карачы,
Артыңан бүгүн талпынам.
Акындарың ырдаткан,
Кашымда турган кыргыздын,
Айланса болот калкынан.

Илгери баатыр Манас жанында,
Ырамандын ырчы уулу,
Кармап келген акындык.
Арстанбек, Барпы, Жеңижок,
Көрөңгөсү кыргыздын
Көөдөнүңдө элине,
Жайнап келген акындык.

Башына бакыт, дөөлөтүн.
Байлап келген акындык.
Кызыл тилин бүлөнтүп,
Кайрап келген акындык.
Ырыскыны кыргызга,
Айдап келген акындык.
Ордолуу Оштун тулпары,
Ордолуу Оштун шумкары.
Белсенип турсаң айтышта,
Белгилүү болот чуркары.
Азамат деген иниңиз,
Ак калпак кыргыз элиңдин,
Кунаны болот турбайбы.
Артыңда жүргөн ээрчип,
Улагы болот турбайбы.
Асманда жылдыз сен болсоң,
Жаныңда жүргөн Азамат,
Чырагы болот турбайбы.
Ошол жагын ырдайлы.
Улуулардын сөздөрүн,
Өзүңүз айтып кеткендей,
Урматтайлы тыңдайлы.
Айтышты мында өткөргөн,
Ким көрүптүр мындайды.
Агайын журтуң туугандар,
Шаңданып жатат карачы,
Өнөрү кыргыз эли эле,
Балга алып жатат карачы.
Француздагы туугандар,
Таң калып жатат карачың.
Айтыла берсин акындын,

Ак калпак элге санаты.
Кезегиңди берейин,
Күүлөй бергин канатты.

**Асан:**

Күүлө деп ырдап жатасың,
Күүлөнүп ырдап көрөйүн.
Өзүнө бүгүн иничек,
Өзүңө көңүл бөлөйүн.
Асакем келген экен деп,
Ар түрдүү сөздү сүйлөгөн,
Кебиңе жооп берейин.
Ала-Toонун борунда,
Жашап келген кыргыз эл
Түз жерге келип бозүйдү,
Тигип келген кыргыз эл.
Адамдын баркын кадырын,
Билип келген кыргыз эл.
Акындардын ырларын,
Арасынан сени тандап,
Токтогул менен Жеңижок,
Эсенаман ырчынын,
Ырынан колдоп бул жерде,
Аралатып айтасың,
Акындыгың бар болчу,
Аны сен тактап өзүңдү,
Акылдан чыккан сөзүңдү,
Кайсы күнү айтасың?
Айта турган сөзүңдү,
Билип турсаң иничек,
Асманга жетсе Жылдыздай,
Жаркыраган мен эмес

Анда тууган иниңер,
Баркыраган мен элем.
Көрүп турган алдыңда,
Шамың болсоң жүрөйүн,
Жаркырап сендей баланы.
Өстүрсөм деп ардайым,
Ошентип обласка мен келип,
Ордолуу Оштун төрүнөн.
Атактуу кыргыз эл көрүп,
Алдыңа келип турамын.
Айтышканым ушундай,
Сага да көңүл бурамын.
Айттың анда кыргыздын,
Манастын бар тулпары,
Ат жагынан ырда дейт,
Көрдүңбү укмуш шумкары.
Анда эмесең айтайын,
Манас деген атакең,
Канча ат менен ал адам,
Баатырлыкка барды эле?.
Кайсылардың ал адам,
Жоонун ичин жардырып,
Талкалатып салды эле,
Ошонуң айтып бергиниң?
А көрсөң анда таноосунун ичинде,
Азыркы жашап жатышкан.
Элдердин баары жөрмөлөп,
Кирип кетет дечи эле.
Таноосунан адамдар,
Жөрмөлөп жүрүп кайрадан,

Кирип кетет дечи эле.
Ошол аттын атагы,
Эмне болот Азамат?
Ошондой аттын үстүндө,
Жакшынакай бир бээни,
Тууганын байкасаң.
Ошондон кийин топурак,
Түшкөндөн кийин баласы,
Чаң чыгарып асманга,
Сапырганын карачы.
Ошол кайсы ат экен?
Билип берчи иничек.
Азамат иним ошонун,
Айтамын сага мен деле.
Кадыр эсиң бар болсо,
Калкыман айтып турамын.
Дагы атты көрдүң го,
Ошол туулгандан ал атың.
Энесинин үстүнөн,
Аттап өткөн кайсыл ат?
Ошолордун баарысың,
Ок аткандай ал дагы,
Жактап өткөн кайсыл ат?
Асан агаң жанында,
Мактап өткөн кайсыл ат?
Ошого жооп берсеңиз,
Тактап айтып көрсөңүз.
Ошондоң акын деп айтам,
Акының болсоң билейин,
Акыным деп жүрөйүн,
Асыл сөздү терейин,

Азамат иним келди деп,
Адилет баа берейин.

**Азамат:**

Жакшы айтыш баштадың,
Жайкалып жаткан талаадай.
Айнып калат ал ырас,
Айтканга койсом жарабай.
Мени менен айтышса,
Суроо салат туугандар,
Абутирент баладай.

Тулпар акын өзүңдөй,
Туш келген экен бактыма.
Ак таңдай акын сен болсоң,
Агайын алаканды чапкыла
Кырааны болгон жаныбар,
Кан Манас минген Аккула.
Жандап жүрүп баатырды,
Жаралган экен бактыга.
Сүрүп кирген эмеспи,
Душманы келсе астына.
Акындар менен айтышкан,
Азамат иниң жаш тура.
Жолдуу жолдомо алып,
Жолуң бар жигит экенсиң.
Опол тоодой жүрөктө,
Оюң бар жигит экенсиң.
Кол ойноткон комузда,
Колуң бар жигит экенсиң,
Анан кайдан бекерсиң,
Эркелеп ырдап олтурсаң,

Эл кумарын чечерсиң.
Агайын элдин бир кезде,
Акыны болуп өтөрсүң.
Акыл айтып ырдасаң,
Асылы болуп өтөрсүң.
Ар өнөрдүн Асаке,
Жакыны болуп өтөрсүң.
Кызыл тилдин сен дагы,
Баатыры болуп өтөрсүң.
Кагылайын тууганым,
Калкагар тоодой эл келип,
Кашыңда
Азамат балаң термелип,
Акындар ырдап жатканда,
Агайы журтуң дем берип,
Сени менен мен келип,
Санаттуу кыргыз термелип,
Баарыңды көрүп турганда,
Бакылдаган кез келди.
Айталычы туугандар,
Алтындан кымбат сөздөрдү.
Андагы заман Асакем,
Азыркы башка өзгөрдү
Ошонун баарын карачы,
Жайнаган бүгүн көз көрдү.
Кагылайын Асакем,
Акындардын ичинде,
Келе бергин деп тилейм
Сөздөрүңдү кыргызга,
Бере бергин деп тилейм.
Төгөрөгүн кыргыздын,

Төгө бергин деп тилейм.
Жакшылыктарды көп тилейм.
Улуу да болсоң Асаке,
Жаман жолго барсаңыз,
Жаткырып алып тепкилейм.

**Асан:**

Башында иним баштадың,
Асманда чолпон жылдыздай,
Элге билинген сонун кыргыздай,
Аябай мени мактадың,
Тепкилейм деп бул жерде,
Коркута албайсың бөрүнү,
Сен эмне ойлоп жатканың.
Аа анда мен сага Азамат,
Тапшырма берсем билбедиң.
Аалиги жаттап алган ырлардан,
Ар кимди мактап сүйлөдүң.
Агаң душмандык жаман жол жакка,
Такыр элке бара албайт.
Бүгүн кудай берип ырысы,
Омоктуу сөздү сүйлөдүң,
Ошондон кийин колуңа,
Береке келип жатпайбы.
Айтыша берсек айла жок,
Андан көрө ат жолун,
Ошону бир аз даңтайлы.
Уртуна кирип жөрмөлөп,
Кирип чыккан ал аттын,
Аты жөнүн угуп тур,
Мен айтам анын санатын.
Азыркы жашап жатышкан,

Адамдар тиреп мурдунун,
Таноосуна дегеним.
Аккуланын көрдүң го,
Манас менен бир болуп,
Туулганын сеземин.
Туулуп сур жылкыдан,
Жер баарысын чаңыткан.
Тай бурулдай көрдүң го,
Таалыкпаган күлүктү,
Ошонуң айтып беремин.
Секиргенде үстүнөн,
Өзү тууган жылкыдан,
Жаанын огун аткандай,
Учуп кайра барчу кен.
Энесине сырактап ары-бери,
Ошол оюн салчу экен.
Андан кийин айтарым,
Ошол Аккуланын тагынан,
Бир боз үйдү жүктөгөн,
Төө өтүп эле барчу экен.
Төрт аякты ортолоп,
Ортосунан төө өтүп,
Көп адамга көрдүң го,
Байгең алып барчу экен.
Ошону айтсам Азамат,
Артүрүү жактан сүйлөйсүң.
Токтогулдай агамдын,
Жеңижоктой бул жерде
Азаматтай ар түркүн.
Айтылган сөздү сен тандап,
Баарысын мактап жүргөйсүң,

Талантуу болсоң иничек,
Кайрадан берем тапшырма,
Аны кантип жооп сүйлөйсүң?

Азыркы болгон замандан,
Айтамын сага белегим.
Ар дайым эсте болсун дейм,
Менин ошол кебегим.
Айта турган сөзүмдө,
Дүйнөгө кыргыз атагын,
Комузун даңкын чыгарып,
Ар ойго салып кетти элем.
Ошол адам ким болот?
Ойлоп көрсөң анда сен,
Кыргыздын талап ойлорун.
Кайгы муңга салдырып,
Жаштарын анан өстүрүп,
Таштап кеткен ким болот.
Ошонун баарын бипбирдей,
Обондорун создуруп,
Көңүлүн ачып койдуруп,
Акындын шарты ушундай,
Тапшырма берип ырдамай,
Каалаган жерди көргөндө,
Мен деле ырдай аламын.
Ошондон айттым мен сага,
Тапшырма берем акындык,
Сени бир сынап канамын.
Анда эмесе иничек,
Өсө бергиниң өскүнүң,

Жамандык көрбөй жаркырап,
Ак даректуу көркөмдүү,
Арчадай болуп өнгүнүң,
Өмүрү сен да жашашып,
Кадыры сен да бир болгун,
Ачылган дайым ардактын,
Жаркыраган күн болгун.
Обон созуп ойлосо,
Ардактуу элдин атагын,
Дүйнөдөгү кыргыз жерине,
Кытайларга тааныткан,
Ал ырчы агаң ким болот?
Ошого жоопту сен берсең,
Айткан жериң бир болот.

**Азамат:**

Ырас суроо берүү жагынан,
Байкадым байкем устасың.
Айтат деп турсам кашымда,
Алтындай сөздүн кыскасын.
Алтындай сөздүн нускасын.
Жанагы айткан суроонду,
Сурайынчы элдерден.
Суроолорду бердиң го,
Узактыгы Асаке,
Роман менен тең келген.
Менин деле Асаке,
Жүрөгүмдө намыс бар.
Сахнага чыкканда,
Сабалай турган жарыш бар.
Жанакы берген суроонду,

Жанында турган мен эмес,
Түшүнбөй калды калыстар.

Дүңгүрөткөн ырчыны,
Добуш болот деп айтың
Атагы чыккан ааламга,
Комуз болот деп айтың.
Кагылайын Асаке,
Калп болсо аны неге айттың.
Ал суроону жооп берип,
Ар жагын келет мен айткым.
Кыргызда улуу көп болгон,
Карачы комуз деген билесиз,
Кылымдан бери сөз болгон.
Комуздун улуу дастаны,
Кылымдан бери көч болгон.
Кечеги күнү карачы,
Намазбек деген комузчу,
Көлдүн аркы жээгинде.
Комузду черткен кезинде.
Улуулардын өрнөгү,
Сакталган экен дээринде.
Самара эже дагы бар.
Комузу колго тийгенде,
Уккандын тоодой багы бар.
Ал комуз чертип жатканда.
Күн батып кайра таң атып,
Күрүлдөгөн кыргызың,
Алакандарын сабашып,
Комузу колго тийгенде,
Кооз үндү жаратып,

Кең Нарындын төрүндө,
Руслан деген комузчу.
Комузу колго тийгенде,
Кайрып келген эмеспи,
Калың элге комуздай,
Байлык берген эмеспи.
Комуздун улуу кылдарын,
Терип келген эмеспи.
Дүнүйөнүн жарымын,
Көрүп келген эмеспи.
Комуз колго тийгенде,
Өзүндөй болгон акындар,
Төгүп келген эмеспи.
Ааламга комуз дегенди,
Таңшыткандар ким дебе,
Жамагын айтып жанагы,
Жаркытткандар ким дебе,
Улуу комуз баяны
Уланып калган эмеспи,
Улуу кичүү атадан,
Комуз деген билсеңиз,
Кыйырлар менен жарышып
Кыргыздар менен жашаган.

## 2008-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНҮНҮН УРМАТЫНА ӨТКӨРҮЛГӨН БИРИНЧИ ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН КАНЫША РАИСОВАНЫН АЙТЫШЫ

**Каныша:**

Астаскан кыргыз тоу мен армандары,
Кеп жатыр өлең жырдын тарландарын.
Ал онда тизилишсин асыл ойлар,
Сөзимдин менин дагы маржандары.
Кыргыздар бауурларды көрген кезде,
Мүмкин эмес сөзимдин арзан дау.
Армысың замандас мен куда жээк-жаат,
Она су бес күндеги жалгандагы.

Кара сөзге келгенде,
Мен да өзинше мерген ем.
Жети-Суунун кызы элем,
Колда намыс бермеген.
Жаксы жүрик көргенде,
Өршеленгем өрлеген.
Кыргыз дайым кудалар,
Алдарында мен бүгин

Сомбет талдай термелем.
Кызыл тилим токтамай,
Кызыл кылыч сермегем.
Талай жерде айтыста,
Алемди аралап көргемин.
Дал осандай Адилгазынын,
Адилдигин көрмегем.
Садык байке не деген,
Пейилиңиз кеңеди,
Казак-кыргыз деп бөлмеген.

Ал энди өзиңде бир ойнак салдым,
Канчанын багы ылдый жаныптыр ау
Кездесип кезек-кезек бойдактар мен.
Аалы кеше мага сүйүү оган
Сөзимдин ар биринде жүйүө оган.
Аалы айналайын ботам менин,
Көп кыйнамай жеңесин күйе болгон.

Сен жайлы жырларым көп жасабадым,
Карагым эсимим бир кажабагын.
Апаңыздын аузынан көп сөз шыгат,
Жети-суу жети өзендей таралядым.
Оюма салып сени көрейинши,
Келбетим көңилдейди салабашым.
Ботадай көздериңден айналайын,
Сен не деп сөз бастайсың Азаматым.

**Азамат:**

Кудай берген айтыштын,
Кут келдиңер кечинде.

Акындар чыгып ырдаса,
Калкынын калып эсине.
Жеңебиз менен жанашып,
Биз дагы ырдайлычы чечиле.
Биз дагы алпурушуп көрөлү,
Бир боордун кымбат сөзүңө.
Жалпы кыргыз суктансын,
Жайнаган эки көзүңө.
Кагылайын кыргызым,
Азамат балаң туш келди,
Аалынын кайын энесине.

Азамат кыргыз тайлары,
Ал жеңебиз казак жоргосу.
Баштайлычы экөөбүз,
Улуудан калган жолду осы.
Кечээги
Аалыдай күйөө баландын,
Азамат деген жаш бала,
Казакта күйөө жолдошу.

Акындын салты ошондой,
Жеңе,
Кеч кирип кайра таң атсын,
Экөөбүздөй акындар,
Эл кумарын таратсын.
Комуз менен домбура,
Добушу жаксын кыргызга
Касиеттүү оой жарактың.
Анан
Казак менен кыргызга,

Кадыры улуу акынсың.
Жеңе, канча шакек тараттың?

**Каныша:**

Жаккан жокпу жаксылыкты көзиң көрип,
Ал энди берейинчи сезим келип.
Азамат айналайын келе жатыр,
Азилиң калкыңда семизделип.
Өзимде тек тирлик бар жаксылык бар,
Дедик гой боюңуздан негиз толук.
Күнде бир жас жигити күйе болып,
Каншанын болду жолу болуп.

Демеймин сени бүгин сүйео болмас,
Жаман акын сөзинде жүйо болмас.
Азамат айналайын бота көзим,
Болайын мен да сага сүйе жолдас.
Аалыдай балага болам дедиң,
Болагой болам десең күйео жолдас.
Эми сен жеңебизди жаңылады,
Жаксы сөз көмейимден жамырады.
Орындалып жаткандай сезимдемин,
Осындай элимдин оныраги.
Шаттыкка толып жатыр кыргыз-казак,
Бүгинги эгемендин шаңырагы.
Азамат айналайын мырза жигит,
Жети-Суудан сага да бир сулуу табылады.

Азамат жолыңды ашып көрип кетем,
Өзиңе мен өлеңди себип кетем.
Аалыга жүзигимди берибедим,
Сага жылып өзимдикин берип кетем.

Өзиңде алакандай аялаймын,
Жаксы сөз айтсаң сени саялаймын.
Жаным ау жаксы жүрип болуп жатсаң,
Эсиңе талантайын тагалайын.
Кыргыздын үмиткери жигиттери,
Сиздерден эш бир кызды аямаймын.

Сөздерим Азамат жан жүйеленди,
Жаныңа өзиңдей бир сүйеленди.
Шакиртим апа барма деп жатырсың,
Канаттай бир шакиртим Сүйинбайдын,
Тоюнда үшинши орынды ийеленди.
Дебеймин кыргыз баур жайге дедим
Сөзимди аны менен арлебедим.
Азамат ар бир айткан сөздериңе,
Карагым керегиңе маң беремин.
Сүйинбай байгеңди бермесең кой,
Бир эмес эки жигитти байгеледим.

Сол жактан жүрегимден сүйер жигит,
Көрейин өлеңиң мен сүйип жүрип.
Ботадай көздериңден айналайын,
Не дер экен күйе жигит?

**Азамат:**

Жергесинде кыргыздын ак калпактуу,
Жеңебизге койбоюн күнөө кылып.
Акындыкты кармап жүргөн балдарбыз го,
Асабасы бийикте мүдөө кылып.
Ак калпактуу кыргызым колдоп турар,
Аркабыздан ак батасын түрө кылып,
Жаш балдарын кыргыздын бакырайган.

Жеңебиз жайлайт экен күйөө кылып,

Тилек жок бул дүйнөдө алтын жеңе
Ак калпактуу кыргыздын тилегинен.
Өзүндүн жаныңызда олтурганда,
Жылуулугу күндүн келип илебинин.
Жеңебиз ырдап берсе кыргыз үчүн,
Жанында Азаматың сүйөр иниң.
Күйөө болуп Жети-Суугa келгин десең,
Айтканыңды көңүлгө түйөр иниң.
Жети-Суугa жети жигит болуп барсак,
Казагың ал кубанып күлөр иниң.
Шакек менен майдаланбай алтын жеңе
Болсо эгер таштап кетчи билеригиң.

**Каныша:**

Айналайын кыргызым,
Жыргап аңге салайын.
Жаңгактарын өлеңдин,
Шатырлатып шагайын.
Азаматтай кайнимдин,
Ар бир сөзин багайын.
Сүлеймандай байкени,
Чоң куда кылып алайын.
Чоң куданды алып,
Айыл жакка барайын.
Айыл жакка барган соң,
Зерлик шапан жабайын.
Чоң куданын көңилин,
Үйтип-бүйтип табайын.
Эсикте турган жоргага,
Мингизип алып содан соң,

Айылга өзим шыгарып салайын.

Азамат орындайын тилегиңди,
Ойпыра үлпеткиздиң жүрегиңди.
Жеңе,жеңе берип кет дейсиңби сен,
Жаркылдаган жемишиңди билегимди.
Картайып кетим ону не кыласың,
Жүрейин тилеп сени тилгиңди.

Көзиңден нуруң төгилип,
Ана айтасың сени билип.
Убайга салдың жеңеңди аай,
Картайган кезде көрунүп,
Кайгыга салдың жеңеңди сен,
Картайган кезде көүнүп.

**Азамат:**

Жеңебиз чыныдагы балдай киши,
Кеч эмес асмандагы таңдай киши.
Кылтылдып жанымда олтурсаңыз,
Кыш эмес буралган жайдай киши.
Күлмүңдөшүң салыштырып отурамын,
Күн эмес түнүндөгү айдай киши.
Бир кызын берем деп ал Азаматка,
Кайра өзү сүйөм деген кандай киши?

Жеңеме кыргыз кантип даттаналы,
Жеңем менен бут кыргыз мактаналы.
Аксакалдын баары бар ушул жерде,
Куда кылып казакка алып баралы.
Акындары ыр ырдап ошол жерде,
Ак калпактуу кыргызым шаттаналы.

Төрт акыны эки элдин баш коштү деп,
Ортодон чек араны алып салалы.

**Каныша:**

Карайсың ботам мага күлип туруп,
Ар сөзди кулакка сырга илип туруп.
Жаныма батырып сен сурак койдуң,
Барлыгын маңды жайды билип туруп.
Эки эл куда болуп жатса неси,
Той жасаймыз таможняда бириктирип.
Көралмаган көп душман зорга жүрсин,
Эки элдин бирликтери колда жүрсин.
Кызыр баба кайдада жолду чалып,
Карагым кыргыз менен жолда жүрсин.
Демеймин мерс менен волга жүрсин,
Арийне жайы келсе ол да жүрсин.
Казактын аппак болган пейилиндей,
Ортада айналайын жорга жүрсин.

Айналдым көздериңден кара бала,
Жүреги кызды ойлаган жара бала.
Күйөгө бара калсам калай кылат,
Деп бекер жүрегиңди жаралаба.
Сени бир карсалады Канышадай,
Алдыңдан жаркыраган дара гана.
Сөзиңди сүмейлетип сөз тастачы,
Осыңдын бары мени саралада.
Алга келсаң конак боласың гой,
Жүрегиңди сен мынша жаралама.

**Азамат:**

Ак батасын алса эгер кыргыздардын,
Акындарды эки элдин өнүп турмак.

Жеңебиз кыргыздарга келип алып,
Азамат казактарда көнүп турмак.
Ынтымагы эки элдин орток болуп,
Бир-бирин акындарын жеңип турмак.
Тоголок жердин эгер тили болсо,
Таможня, чек араны сөгүп турмак.

Кагылайын жеңеке кашымдагы,
Кандай экен кыргыздын акындары?
Агаларым бардыгы кашыңызда.
Берип турат карачы асыл бааны.
Канчалаган акын келип айлыбызга,
Казак менен кыргызым жакындады.
Алдыңызда жеңеке жаркылдайын,
Асмандагы булбулдай шаңкылдайын.
Заманбап киши экенсиз өзүң айттың,
Заманымда мен дагы тартынбайын.
Эки кызды эки акын алып келсе,
Бизде да Кыргызстанда агалар көп,
Өзүңдү жалгыз ага калтырбайын.

## ТОКТОСУН АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Кыргыздын жакшы макалы,
Амантай акын атады.
Аңгектен качсаң дөңгөкө,
Дөңгөктөн качсаң сөңгөккө.
Биринен эптеп кутулуп,
Бирине турам тутулуп.
Аалыны эптегем эмдегем,
Сенден калбасам болду утулуп.
Антсе дагы жакшы жан,
Көпөлөктөй кезинде,
Келгендигиң эсимде.
Комуздан бою кыска эле,
Азыркы кээ бир балдар тың чыкты.
Булар насыят сөздү укчу эле.
Кандай сөздү айтсаң да.
Кулагын салып укчу эле,
Мындай кылсак кандай деп.
Кээде акыл салып турчу эле,
Ушундай балдар көп болсун.

Төрт тарабы төп болсун,
Токтосун атам тоюнда.
Чогулган элде чогуу да,
Айтышкам деп айта жүр.
Ушундай жакшы баланы,
Улантпай сөздүн аягы.
Кеп чыгар экен кандайча,
Кана кезекти берип алалы.

**Азамат:**

Саркашкам кебин баштады,
Сан жыйынды каратып.
Айтышып ырдап туралы,
Агайын элди каратып.
Акындар ырдайт экен деп,
Айтылган сөзүн самашып.
Маңдайда турган кыргыз эл,
Кандай айтса жарашып.
Сөңгөк жөнүндө сөз кылып,
Токойдо эле жүрөт адашып.

Касиеттүү кыргыздын,
Ага касиеттерин айта алдың.
Ак калпак кыргыз элимдин,
Эл акыны болуп байкалдың.
Ырларыңды көп айтып,
Ысык-Көлдөй чайпалдың.
Дегеним өнөр жагынан,
Тереңиндейсиң Байкалдың.
Анан айтышка келгенде,
Кичинесиндей шайтандын.
Аттарынан ким билбейт,

Амантай деген акынды.
Опол тоодой акынга,
Бул жерден кайдан асылдым.
Мээнети күчтүү акынга,
Келгим келбейт катылгым.
Казалын айтып калкыңа,
Канча өргө жашырдыңдың.
Болбосо жана Европада айтылган,
Вулкандай болуп атылдың.
Мен кичине бир жанмын
Вулкандын асты жагына катылдым,
Эмесе атын айтып жүрөлү.
Токтосун менен Эстебес,
Ашыралы Тууганбай.
Ак калпак элдин асылын,
Кагылайын жан ага.
Кадырлуу кыргыз калкынын,
Кыраанындай сабала.
Акындык деген ошондой,
Айтып элге мактайлы.
Анткени кыргыз калкыбыз,
Акынды күтүп жатпайбы.
Биз убактылуу өкмөттөй,
Убактылуу сөздөн айтпайлы.

**Амантай***:*

Акимдер өтөт бир кезде,
Акындар калат элимде.
Анча-мынча бир нерсе,
Байкалып турат кебиңде.
Жанагы айткан жериңде,
Акындык улуу өнөргө.

Аябай кылып демилге,
Айтышка болуп төрөга.
Айрымын кылып көк ала,
Азамат бала дал ушул.
Баарына эриш-аркак болгону,
Кечирип койсун туугандар.
Кечигип бир жол  койгону,
Момураган жаш бала.
Баардык жакка сак бала,
Эч качан мен жүрбөймүн.
Азамат менен келишпей,
Ортобузда нерсе жок.
Алышмай да беришмей,
Бирок кокусунан кечигип.
Корунуп турган кезеги,
Колго түшкөн немистей.

Эмесе эскерип улуу атаны,
Дүйнөдөн өткөн сапары.
Ушулардан уланат,
Улуулардын катары.
Аттарын атап өтөлү,
Өзүнүн аты Жеңижок.
Ырлардын болгон өзөгү,
Ардактап сүйгөн өз эли.
Токтосун агам төрөлгөн,
Жеңижок айыл өзөнү.

Ошол атабыздын өз эли,
Ак таңдай акын устатым.
Эстебес улуу акынын,

Айтып жүргөн кечеки.
Улуулардын аттары,
Унутулбайт экен эзели.
Канча кылым өтсө да,
Аты калат деп тилейм.
Арт жагында чыгарма,
Заты калат деп тилейм.
Өнөрдүн түркүн тармагын,
Аркалап жүргөн атабыз.
Кандай заман болсо да,
Калкалап жүргөн атабыз.
Ал эми айтышка түшсө,
Көптөрдү талкалап жүргөн атабыз.
Өзгөчө ооз комуз жагында,
Ойлобой кантип калабыз.
Бир кезде
Эстекем менен Токобуз,
Айтышып жаткан кезинде.
Элди кыраан күлдүрүп,
Тартышып жаткан кезинде.
Эстекем айтып калчу эле,
Дагы да турат эсимде.
Минтип айтат Токого,
Улуу акын ошого.
Ээ Токтосун, Токтосун,
Сендей болгон жоктосун.
Сен темир комуз какканда,
Теңтуш болуп жаштарга.
Оң жагыңда он келин,
Сол жагыңда отуз кыз.
Анча-мынча жактарын,

Оозум барбайт айтканга.
Ошол сөз чын эле.
Айланып калды дастанга,
Эстекем ошо кеп айтат.
Токтосун акын жооп айтат,
Ал жагын абайла деп айтат.
Ооз комуз алдагы,
Оозуңа жарашпайт,
Отуз кыз эмес эки кыз.
Эч качан  сени талашпайт,
Сен ооз комуз тартканда.
Жаян ооз балыктай
Алтымыш боорсок бир батат.
Сен аа деп оозуң ачканда.

Ошентип кайран асылдар,
Өткөн экен дүйнөдөн.
Өнөрүн бүгүн сүйлөгөн,
Эскерип турган акым бар.
Мезгил деген ошондой,
Өтөт экен  закымдар.
Аларды бүгүн эскерип,
Туугандары бет келип.
 Ыр менен  биз буларга,
Тургузуп койдук эстелик.
Болбосо дастандарын айталык,
Башкаларын айталык.
Буларга окшогон залкарлар,
Төрөлө бербейт күн сайын.
Төрөлө бербейт ай сайын,
Чыныгы талант экени.

Байкалып турат күн сайын,
Баягы алтын аяк сыяктуу.
Сыры калат турбайбы,
Канча кылым өтсө да.
Ыры калат турбайбы,
Баягы Алтынай сыяктуу.
Сыны калат турбайбы,
Жазылып калган элинде.
Сыры калат турбайбы,
Кандай доор өткөнүн.
Билесиңер кечээки,
Наамды баары алышкан.
Албай калган жагы бар,
Анда да аким, өкмөттөргө.
Жакпай калган жагы бар,
Ошол наам алуу жагынан.
Батпай калган жагы бар,
Таланты калды элимде.
Эл артиси деген нерсени,
Ойлоп көрсөк чынында.
Талантууларга берсеби,
Эл артисти далай болгондор.
Азыр унутулуп калышты,
Алардын бүгүн аттарын.
Билбейт кээ бирөө,
Өткөн доор болду алыскы.
Алышты баары алышты,
Чоңдорду дайым ээрчитип.
Жабышкандар жабышты,
Бирок акындардын чыныгы,
Асылдардын улугу.

Бул өнөрлөрдүн тунугу,
Ойлоп-ойлоп олтурсам.
Токтосун экен чыныгы,
Мактап жатам бүгүн бир.
Айтышта эмес туугандар,
Кайсы жерде жүрсөм да.
Кандай доор сүрсөм да,
Кандай үйгө кирсем да.
Эстекемди көргөм деп,
Эстекем мынтип айткан деп.
Токтосун акем жөнүндө,
Комуз күүлөп жаткан – деп.
Күүлөрүн айтып сындайбыз,
Алардын ырын айтып ырдайбыз.
Эми эскерип жаткан чагында,
Элейип карап турбайбыз,
Жакшы адамдар дайыма,
Көп болсун деп тилейли.
Элимде дайым ушундай,
Арбагын эстеп туралы.
Аларга көңүл буралы,
Кыздары менен уланы.
Булар өнөрдү  сүйбөсө,
Ошондой ишти кылабы.
Болбосо кээ бир залкардын
Балдары сүйлөп орусча.
Кээ бир, кээ бир залкардын,
Түшүнүгү жетпейт комузга.
Чыныгы өнөрдүн балдары,
Өзүңөрдөй эле болушса.

Узарта бербей ар жагын,
Жакшы да болот чынында.
Сени да эске алганым,
Айланайын Азамат.
Айтасың азыр эмнени,
Жакшыдан жакшы туулат.
Деген кеп бар элдеги,
Токтосунду бул жерде,
Көпчүлүк элдин көргөнү.
Замандаштар турушат,
Айланасын карасам.
Алар менен бир жүргөн,
Караандаштар турушат.
Ак калпак элим угушат,
Ушулар элдин ардагы.
Бирине-бири жугузат,
Сүйдүм Төлөкова апабыз.
Олтурганын карачы,
Атабыз менен бир жүргөн.
Ушундай жакшы адамдарга,
Толо берсин арабыз.

Үкүев деген агабыз,
Дүйшөмбектин дал өзү.
Токтосун менен сырдашып,
Тобунда дайым ырдашып.
Комуз күүсүн күүлөшүп,
Экөө бирге ырдашып.
Далай жерде болушкан,
Далайга концерт коюшкан.
Асылдардын каймагы,

Ак калпак элдин байрагы.
Ушулар эгер болбосо,
Улуу өнөр биз үчүн,
Уланып кетмек кайдагы.
Уланта бербей сөзүмдү,
Азамат өзүң сайрагын,

**Азамат:**

Үйрөнөм деп өнөрүн.
Токтосун ата бир кезде,
Үйүндө жүргөн Калыктын.
Өнөрдү алып Токомон,
Торгойлор менен жарыштың.
Эргиген кезде кеп салып,
Эстекем менен табыштың.
Кадырын сактап жүрдүңүз,
Касиет менен намыстын.
Калык атам сыяктуу,
Токтосундай балдарын.
Багып жүрөт дечү эле,
Бизге окшогон балдарды,
Үйүңө чакырбай койдуң эч эле.

Эми Токтосундай атабыз,
Топ элге айтып жатабыз.
Мөлмөлү менен  Гүлжаны,
Мөлтүрөп кыргыз калкына.
Далай жылдар ырдалды,
Токтосундун ырларын.
Тоолук кыргыз  тыңдады,
Токтосундай атабыз.
Ай сайын келбейт турбайбы,

Жыл сайын келбейт турбайбы,
Акындар мактап ырдаса.
Ыр сайын келбейт турбайбы,
Анткени акындардын акыны.
Асылдардын асылы,
Тоо булбулу Токтосун.
Сайраган күндөр өтүптүр,
Ак калпак кыргыз эл кашында.
Жайнаган күндөр өтүптүр,
Канча  акын келсе да.
Сайраган күндөр өтүптүр,
Калык менен бир жүргөн.
Кадырлуу элди сүйдүргөн,
Бала менен айтышып.
Бала кезде ошондо,
Ырдаганын угабыз.
Барпы атанын ырларын,
Тыңдаганын угабыз.
Ошондо Барпы деген атабыз,
Батасын берген балпайып.
Андан бери карачы,
Токтосундай атабыз,
Топ элге ырын төгүптүр,
Топ кыргыз ырын угуптур.
Кагылайын жан ага,
Алты күндүк өмүрдүн.
Акындары ар качан,
Ак калпак кыргыз калкынын.
Бар болсо экен деп тилейбиз,
Акын төккөн жерлери.
Шаң болсо деп тилейбиз,

Ар бир айткан сөздөрү.
Бал болсо деп тилейбиз,
Айтылган ар бир кептери.
Саз болсо деп тилейбиз,
Эл безерлери кыргызда.
Аз болсо деп тилейбиз,
Опол тоо кыргыз багына.
Бак консо деп тилейбиз,
Мөмөлүү бак кыргыз эл.
Шак болсо деп тилейбиз,
Токтосундай балдары.
Төрөлсө деп тилейбиз,
Ак калпак кыргыз калкыбыз.
Көк асманда дайыма,
Көгөрсө деп тилейбиз.
Уул кыздар бешикке,
Бөлөнсө деп тилейбиз.
Кичүүлөрү улуусун,
Тыңдаса деп тилейбиз.
Агалары инисин,
Сындаса деп тилейбиз.
Каргадай болгон балдары,
Касиети кыргыздын.
Ырдаса деп тилейбиз,
Агалары бар кезде.
Ак калпак элди сүрөйбүз,
Ушуну менен токтодум.
Узарып кеттим окшодум.

## ТОКТОСУН АКЫНДЫН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН МАКСАТ КУЛУЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Акындык менен ыр ырдап,
Айтылгын сөздү тың ырдап.
Амандашып эл менен,
Унуткан жокпуз агайын
Кызыл тилди кайроону.
Так чыксын деп үнүбүз,
Унуткан жокпуз а түгүл,
Тамакты дагы майлоону.
Кагылайын агайын,
Айтышыбы Токомдун,
Же референдумбу, шайлообу?
Андай болсо ал болсун,
Акындык ырдан коштойбуз.
Кереметтүү айтышка,
Кечигип келчү досторбуз.
Биз деле керектүү адам окшойбуз.
Агайын бир аз маселе,
Айтып ырдап өтөйүн.

Кашыңарга келгенде,
Балкып ырдап өтөйүн.
Атайын келдим кашыңа,
Айланса болот ар качан,
Ак калпак элдин затына.
Кан Манас баатыр атабыз,
Кечигип барган эмеспи,
Көкөтөйдүн ашына.
А мен Манас эмесмин,
Болгону анын тукуму.
Ак калпак элдин астында,
Айтайын дедим ушуну.
Акындык деген Максатым,
Агайын элге дем берет.
Ак калпак кыргыз кол чапса,
Акын да ырдап дем берет.
Бизди үч жолу кыйкырып шайлады,
Депутаттык деген нерсеге,
Максат коё берсек өңдөнөт.

Айтайын ырдан эзилген,
Айталы Максат кебимден.
Ала-Тоодой шаңкайган,
Айланса болот элимден.
Сен да ак калпак элдин акыны,
Акындык ырга берилген.
Максатты карап отурсаң,
Акындык деген өнөрдүн,
Арстаныңдай көрүнгөн,
Оозун ачса ар качан,
Океан ыры төгүлгөн.

Токтосун өлдү дегенде,
Тоо кулагандай сезилген.

Кагылайын Максатым,
Кызыл тилди бүлөнтүп,
Сүрөшкөнү келгенби?
Акындарга жакшы ырды,
Тилешкени келгенби?
Акындык деген ошондой,
Кадырлап ырдап элдерди.
Этек жеңин түрүнүп,
Максат күрөшкөнү келгенби?

**Максат:**

Атабыз жөндө ырдасак,
Анда жүрөк эзилет.
Азамат досум ырдаса,
Өзгөчө жакын сезилет.
Эки ажоону билбеймин,
Эки акынды кечирет.
Отурган элдер турбайбы,
Түйүнү сырдын чечилет.
Баардыгы турат шаңданып.
Отурган элдин баардыгы,
Акындан турат кеп иргеп.
Атабыз 83кө чыкмак экен,
Ак сакал болуп турмак экен.
Жалал-Абадта эки эл,
Ак сакал сөзүн укмак экен.
Ашты бирге жешип,
Ак сакал деп турмак экен.

Азаматтай жан досум,
Ар убак акын болгунуң.
Агабыз жеткен чынардын,
Башына барып конгунуң.
Эл дагы билип калган кез,
Салмагыңдын оордугун.
Эч качан жерге түшпөсүн,
Токуган ошол токумуң.
Жүрөгүңдө отуң бар,
Эл деп дайым согулсун.
Көптөн бери эл билет,
Сен саясатчы баласың.
Кошуунга дагы кошулгун.
Билбейм саясатта эмне бар,
Андан көрө жер айланган жомокто,
Саякатчы аталган,
Бакадай бала болгунуң.

Акындардын кептери,
Абалкыдан бери эстелди.
Мөлмөлүм деген обонуң,
Көл кылган ошол чөлдөрдү.
Өйдөгө чыккан эмеспи,
Атабыздын көркөмү.
Эстеп турган мезгилиң,
Отурган элиң өз эли,
Балдарың чыгып ырдашты,
Баарынын жакшы деңгээли.
Олтурбайбы бул жерде,
Ырчынын чеберлери.
Көйгөй жөнүндө ырдайлы,

Чекилик эми кылбайлы.
Күрөшкөнү келди дедиң,
Каалабаймын мындайды.
Сен келээр ошол маалда,
Топчум калды үзүлүп.
Мен дагы келгем эшиктен,
Кечикпейин деп жүгүрүп.
Экөөбүз тең келипбиз,
Ушул жерге бүлүнүп.
Элдин ар кандай көңүл токтугу,
Экөөбүздүн кечигип,
Келгенибиздин себеби:
Депутаттар бир минген,
Унаабыздын жоктугу.
Жөө жүргөн акын болобуз,
Бул дагы болсо оболу,
Элим болсун дайыма,
Акынды тыңдаар коногу.
Токтосундай атанын,
Элимде калган жомогу.
Аксыдан чыгып айтылып,
Кайткан кезде калың журт,
Жер муштап калган кайгырып,
Элим келген турбайбы.
Ата сөзүн сагынып,
Мындагы баары ырдады.
Өнөргө турат багынып,
Жорголор турган мезгили.
Кепке мында салынып,
Күлүктөр чыксын артынан.
Тайлары чыксын калкынан.

Ошончо элдин бардыгы,
Сөздөрүн укса балкыган,
Азаматтай баласы,
Океандай чалкыган.
Эми досум ырдайлы,
Абалкы ошол күндөрдү.
Кырдаал башка болгону,
Ар кимдер ар кыл үндөдү.
Илгертен бери билебиз,
Азыр бурмаланды бу кебим.
Ким билет ошол бул жакта,
Мамиленин деңгээлин.
Орус-кыргыз бир тууган,
Чек арасын ачпаган,
Казак менен өзүбекти
Айткылачы ким тууган.
Мындай кезде байкадык,
Алар кабар албай коюшкан.
Анткени бизде Манас бар,
Тарыхты билген эл экенбиз.
Достукту дайым бир билген,
Ошондуктан өз элбиз.
Эртеңкисин билбеген,
Кечээгисин тилдеген,
Эки эл эмне эсирди.
Алардагы маселе,
Эмдигиче кеч кирди.
Ошондуктан досум ай,
Ошол жагын ырдайлы.
Калың журтум бүгүн бир,
Ачык сөздү тыңдайлы.

Ак сакалдар айткандай,
Отузунчу жылдары,
Казакты кыргыз батырган.
Ачарчылык болгондо,
Төрүнө кел деп чакырган.
Төрүнө төшөк салып бир,
Баласы менен батырган.
А түгүл кетээр маалында
Боорум, боорум, боорум деп,
Жерин берип калтырган.
Ошондой күндү унутуп,
Алар эмине болду эсирди.
Унутуп койгон маал экен,
Илгерки тууган эскини.
Эсирген ошол оңолсун,
Ошондуктан туугандар,
Андай кырдаал жоголсун.
Кагылайын жан досум,
Минте бербесин деп айтам.
Мындай ойлоп көргөндө,
Ат менен эшек тебишпейт,
Эшек минген эрендер,
Ат минген менен эңишпейт.
Ошондуктан теңелбей,
Отурган кезиң туугандар.
Манастай болсун берендер,
Кыраан элден тукуму,
Бекем тургун намыска.
Карегиңди таштагын,
Көөдөнгө кошуп алыска,
Түпкүрдү биле карагын.

Ошондо
Жакындай түшөт арааның.
Түрк тилдүү элдин баардыгы,
Биртууган деп айтышат.
Тарыхта турат, жазылып.
Ушуну окуп алганда,
Жүрөгүм менин кайгырат.
Азыр казак-кыргыз бир башка,
Алар кыргыздын болот баласы.
Балдарына тарбия,
Берсе экен кыргыз атасы.

**Азамат:**

Токтосундай кыргыздын,
Байрагын айтып ырдадың.
Калпып айткан ыр менен,
Каймагын айтып ырдадың.
Жетисиндеги кыргыздын,
Арманын айтып ырдадың.
Жети областа түрүлүп,
Барганын айтып ырдалдың.
Арманда кеткен кыргыздын,
Балдарын айтып ырдадың.
Ал ырас
Кыргызга түшкөн муш болду.
Кыйлагы жазчу иш болду.
Токтосундай атамдын,
Ырлары калды эчен бир,
Ачылбай калган китептей.
Сен токтолбой ырдайт экенсиң,
Тайлантта болгон пикеттей.
Алар го башка маселе,

Биз ак калпак элди ырдайлы.
Токтосундай кыргыздын,
Торгою өткөн турбайбы.
Кагылайын Максатым,
Жөө жүрөм деп ырдадың.
Жомогун элдин тыңдадың.
Кадырын кыргыз билди эле,
Кадырлуу нечен акындын,
Казалын кыргыз сүйдү эле.
Ашыраалы, Тууганбай,
Эстебес менен Токомдун,
Эргиген кезде ырларын
Көөдөнүнө түйдү эле.
Торгойдой тилин таңшытып,
Топ элге үнүн шаңшытып,
Током да жөө жүрдү эле.

Кагылайын Максатым,
Калкыңа болгун жакшы акын.
Өзүңдөй болгон баланы
Ыр менен келет мактагым.
Ырыссыз сөздү таппагын.
Аталардын бир кезде,
Аттарын айтып жаттагын.
Токтосундай атамды,
Топ элдерге мактадың.
Үйрөтүп жүргөн баласың, сен дагы
Өнөрлүү кыргыз жаштарын.
Жайып турган чагыбыз,
Акындык ырдын тасмалын.
Башка жакка качпагын,

Жаман  жолду баспагын.
Аталар кылгын эмгекти,
Ак калпак элге актагын.
Ашыраалы, Тууганбай,
Токтосун менен Эстебес,
Замирбек кыргыз улары.
Ошолордун айтканын,
Көөдөнүбүзгө туялы.
Аларды кыргыз укканда,
Сүйүнгөн элдин кулагы.
Кагылайын Максатым,
Билбегенди билгенден,
Сурап жүрсөң болгону.
Улуулардын өрнөгүн,
Улап жүрсөң болгону,
Кайрыгын улуу өнөрдүн,
Курап жүрсөң болгону.
Токтосун атам өнөрүн,
Улап жүрсөң болгону.

Кагылайын Максатым,
Өмүр деген ушундай.
Алты күндүк адамга,
Бир келип кетчү белек да.
Токтосундай атабыз
Тоо башында ар качан,
Торгойдой тилин таңшытып
Топ элге ырдап төгөт да.
Токтомдун эрте кеткенин,
Чын дүнүйө жерине.
Токомдой болгон залкарлар,
Ал жакка деле керек да.

## 2009-ЖЫЛЫ ОШ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Ордолуу Оштун жергеси,
Ооматка толгон жер бети.
Өз туулган жердин баркына,
Өзгө элдин келбейт теңдеши.
Көз менен көргүн канчаны,
Көөдөнгө сыйбайт келбети.
Хан Сулайман пир өткөн,
Аллахтын сүйгөн пендеси.
Байырлаган Бабыр да,
Оозунан түшпөй келмеси.
Абалтан келген айтылып,
Ак-Буура суунун бермети.
Эч качан өчпөй жашасын,
Эгемен элдин бейнеси.

Эки дос айтышканга агайыным,
Эл-журтум карап турат аң-таң болуп.

Аргымак деп сеземин Аалы сени,
Калбайлы бул айтышта тарпаң болуп.
Бир нандын жытындай буркурайлы,
Бирибиз ун бирибиз талкан болуп.
Эл журттун эгеменин коргойлучу,
Бири найза бирибиз калкан болуп.

Аалыке бул өмүрдү сүргөн бакыт,
Ал ырас алты күндүк дүйнөм бакыт.
Канча акын ырдаса да бул сахнада,
Калкынын акыйкатын сүргөн бакыт.
Алты кылым жашаган андан мурун,
Акындардын кадырын билген бакыт.
Биз болсо Кыргызстандын балдарыбыз,
Кыргыз сөзүн жүрөккө илген бакыт.
Эгеменсиз жашоодо хан болгуча,
Эгемендүү өлкөдө кул болуп жүргөн бакыт.

Чалкыйлы бир дайранын кемесиндей,
Бир таңдай жаналычы сересиндей.
Азаматтай жан досуң маңдайыңда,
Нарксыз сөзүн Аалыке дебесин дейм.
Сый менен ырдап өтүп кетеличи,
Сыргак менен Чубактын элесиндей.

Аалыкең ырдап турса күлкүң жакшы,
Агайым ак баталуу сүйкүм жакшы.
Байлыкка ишенбейбиз бул акындар,
Байлык деле ал мүмкүн мүмкүн жакшы.
Акындары кыргыздын ак калпактуу,
Алты күндүк өмүрдү сүрсүн жакшы.

Алты бай олтурган казинодон,
Алты акын ырдап турган үңкүр жакшы.

Аалыкем ак тилегин айтып турган,
Акынысың кыргыздын таңшып турган.
Канча эл келсин маңдайга ырлар менен
Кайрыктын күүсү менен таңсык кылган,
Булкунуп сөздөрүңдү баштай берчи,
Булуттардын үстүндө калкып турган.

**Аалы:**

Атан төөдөй аталар,
Артынан мына биз чыктык,
Ээрчиген эки тайлактай.
Ал экөө тулпар токулуу,
Кулун тайларбыз жайдактай
Отуз алты акын келди эле,
Баарысы бирдей сайрашмай.
Калыстар баарын жайлады,
Маараны көздөй жандатпай.
Отуз алтынын ичинен
Төртөөбүз гана калыппыз,
Кырк бешинчи согушта
Ок тийбей турган солдаттай.

Азамат сенин көңүлүң,
Бүгүн сабалап учкан куш экен,
Анткени маңдайында карачы
Ак пейил калкым туш экен.
Акындар жүргөн жеринде,
Жакшылык деген жыш экен.
Акынды сүйүп эл келди,

Келгендин өзү кут экен.
Өкүл атаң отурган
Орунунда Азамат.
Буту турган жеринде
Азаматтын буту экен.
Жеңишбек өкүл атабыз,
Ал олтурган жеринде,
Аалы акын дагы туш экен.
Атанын ордун баласы
Басат дегениң ушу экен.

Жүрөгүндө такыр жок
Акындык жактан жарасы.
Азамат деген алп акын,
Сөзүндө жок чаласы
Мен бир тоголок буудаймын
Азамат тегирмендин парасы,
Анткени акындардын ичинен
Азамат экен даанасы.
Азаматка туш болдум
Алла таала сактай көр
Аалынын тынчыбай турат санаасы
Сактап аяп ырдагын
Жакын эле бир кезде
Экөөбүздүн арасы.
Сен муштаган жеримде,
Сен тепкен жерден Азамат.
Болбосун киймим жамаачы
Эргип келген кези экен,
Элмирдин өкүл баласы.
Оозун ачып аа десе

Жүрөгү түптүз көрүнгөн.
Жүрөгү деген себебим,
Апаппак болуп бөлүнгөн,
Экөөбүз бирдей дос болдук.
Буюрган ошол теңирден,
Сабакта дагы сабакташ,
Табакта дагы табакташ,
Сахнада дагы жамакташ.
Сени менен дайыма,
Тең болсом деп жүрөмүн.
Алты акын ырдап жаткан үңкүрдө,
Ошол сенин жаныңда,
Мен болсом деп жүрөмүн.
Ар бир сөзү өзүңө,
Дем болсо деп жүрөмүн.
Эгемендикти коргоого
Азамат мен өзүңө,
Бел болсом деп жүрөмүн.
Кашыңда мына ар дайым,
Досум деп өмүр сүрөмүн.
Оштун аппак пахтасндай,
Апапак сага жүрөгүм.
Оштун таза коонундай,
Таптаттуу сага тилегим.
Сенин да мага ошондой тилегиң,
Аны айтпасаң деле билемин.
Тең болсом деген себебим,
Түшүндүрүп беремин.
Сен үйлөнүп артынан,
Эки жума өткөндө,
Мен үйлөндүм дегеним.

Сапарга чыксак экөөбүз
Бир чыгабыз аттанып.
Экөөбүз тең бирдейбиз
Ашыраалы, Тууганбай,
Эстебеске окшогон
Аталардан жаш калып.
Эгиз кызга үйлөнүп,
Бажа болсок экен деп.
Жакшы тилекти баштадык.
Жети дубанды кыдырып,
Эгиз кыз бизге таппадык.
Ошол үчүн мынакей.
Кара-Балта жеринин,
Айтылуу Чүйдүн элинен,
Таап алган Жайнагүл.
Айтылуу ырчы аяшым.
Айланам ошол теңиңен.
Эми дайым ал өзү,
Кур болуп сага курчалып,
Түшпөсө экен белиңен.
Колуңар бекем кармашып,
Бириңди-бириң жандашып,
Эсен болуп жүргүлө,
Сүйүүңөр дайым ортодо
Бекем болуп жүргүлө.
Экөөң тең ырчы чеченсиң,
Мындан да ашкан буйруса,
Чечен болуп жүргүлө.
Ушундай элдин алдында,
Азамат досум карачы.
Токтолбостон сайрайсың,

Канча акын келсе да,
Кажыбай тилиң кайрайсың.
Алтымыш акын келсе да,
Аа дедирбей баарысын,
Күрмөбөй тилин байлайсың.
Алдыңа салып баарысын,
Жылкыдай кылып айдайсың.
Албетте өзүңө окшогон,
Залкарлардын четинен,
Өкүл ата шайлайсың.
Ушундай жерге келгенде,
Досуң менен бир чыктың,
Чамдайсың досуң чамдайсың.
Жайнагүл деген аяшым,
Жайнаган кызга үйлөндүң.
Жайнайсың досум, жайнайсың,
Төрт жума болду үйлөндүң,
Төшөктү качан майлайсың?

**Азамат:**

Туш болуп Аалы акындай көсөмүнө,
Азамат бул акынга жетеби не?
Бир кезде аталардын туш болгонбуз,
Акыл айткан ар качан жетегине.
Кереметтүү сөздөрдү терип айткан,
Туш болдум кең Таластын чеченине.
Ак калпактын жерлерин айтат десем,
Азаматтын сурайсың төшөгүнө.

Аалы менен Азамат кулпурса экен,
Намысына кыргыздын умтулса экен.
Акындары кыргыздын алар качан,

Агайынга акыйкат ыр курса экен,
Ал эми төшөк жайын сурап турсуң,
Азамат ошол жоопту сыр кылса экен.
Аяшың экөөбүз жаткан жаздык,
Экөөбүздүн башыбыздан жыртылса экен.

Сен менин бир боорум айылдашым,
Акындар айткан сөздөн жаңылбасын.
Эргиген акындардын экөөбүздөй,
Эл менен бирге кылсын табылгасын.
Акындары кыргыздын намыс тапкан,
Акыйкатсыз жолдорго кабылбасын.
Калкымдын бакыттары жаңырсын да,
Азаматтын төшөгү жаңырбасын.

**Аалы:**

Дос катары айтсам тилекти,
Албадың аны эсепке.
Сен менен досум мен бүгүн,
Майдаланып отурбайм.
Аялың экөөң башыңдан,
Бир жаздык жыртылсын дейт,
Мен ага азыр кошулбайм.
Анткени кыргыз ичинде,
Экөөң узак өмүр сүргүлө,
Жалпы журт сыймыктануучу,
Болсоңор экен үй-бүлө.
Эмдиги жылы буйруса,
Экөөң эле жатпай төшөктө,
Ортого алып баланды,
Үчөөңөр жатып жүргүлө.
Анекдот айта кетейин,

Чарчаган элди күлдүрүп
Анан башка нетейин.
Ош базарды кармаган,
Чөнтөкчү кыз бар экен.
Жолугуп калган жубайы,
Дордойду барып кармаган,
Бир чөнтөкчү бала экен.
Экөө үйлөнүп алыптыр.
Бирине-бири экөөсү,
Куюп койгондой пар экен.
Бир жыл өтүп ортодон,
Уулду болгон турбайбы,
Баласынын оң колу,
Жумулуп калган ушундай,
Мунжу болгон турбайбы.
Экөөсү бирдей кеп салат
Канча элдин чөнтөгүн
Аңтарып элди ыйлаттык,
Каргышы балага жетти деп калат.
Бир күнү эмизип атса баласын,
Баланын колу кыбырайт
Абышка бери келсең деп,
Аялы ага шыбырайт.
Мен көрбөгөн экем мындайды,
Кызыктуу жерине келди
Баарыбыз чогуу тыңдайлы.
Колу жумулуп жүргөн себеби,
Төрөтүп аткан кезинде,
Акушер-врачтын шакегин,
Уурдап алган турбайбы.
Муну айтып аткан себебим

Түшүндүрүп да беремин.
Талантын билем үйдөгү,
Аяштын жана жеңемин,
Жайнагүл деген ырчы кыз.
Кыргыз эл көргөн керегин.
Сен дагы ырчы баласың,
Оргуган элге ырдасаң,
Оозуңда дайым белегиң.
Шакекти уурдап алган баладай,
Экөөңөрдүн балаңар,
Ырчы болсо экен дегеним.
Батасын алып элимдин
Элде мына карачы,
Эки жаш бирде бөлөнөт.
Батасын алсаң калкымдын,
Көшөгөң дагы көгөрөт.
Мен ишенип турамын,
Экөөң тең бирдей ырчысың,
Экөөңөрдүн балаңар,
Комуз кармап төрөлөт.
Бир нерсени айтайын,
Сендей болгон теңиме.
Дос катары айтамын,
Көңүл бур менин кебиме.
Жалгыз айтсам укпайсың.
Арызданып алайын,
Ак калпак кыргыз элиме,
Жалгыз айтсам тияктан
Сенин айланмакмын жемиңе.
Антсе да мага дем берет,
Дем кошуп элим демиме.

Ырахмат калкым ырахмат.
Ачышса дагы колуңар,
Жатасыңар кубаттап.
Силер колдоп турсаңар,
Ырыбыз агат булактап.
Япондор курсакта жаткан балага,
Өтө көп көңүл бурушат.
Япончо сүйлөп балага,
Япондун ырын угузат.
Япон болуп төрөл деп,
Курсагын сылап турушат.
Баланын сиңип канына,
Самурайлар чыгышат.
Жаңы үйлөнгөн баласың,
Балалуу кылат аяшым.
Аяшым ошол тилекке,
Ылайым эле жарасын
Курсакта жаткан балаңа,
Казакча обон саласың,
Минте берсең баланды досум,
Казак кылып аласың.
Балаңдын тилин түшүнбөй
Өзүңө азап кылып аласың.
Эр жетилсе ал балаң,
Кыргыздарды жактырбай,
Көңүлү кирдеп калып жүрбөсүн.
Манас деген ал өзү,
Ким деп калып жүрбөсүн.
Бир тууганым казак деп,
Казактарды өзүнчө,
Иргеп калып жүрбөсүн.

Миң деген сөздү айта албай,
Мың деп калып жүрбөсүн.
Андан көрө жан досум,
Кыргызча обон салгының.
Кыргызча баштап калгының
Кыргызча
Тарбия бергин уул-кызга,
Окшосун балаң Чыңгызга.
Ошондо сенин талантың
Айтып максат кылса эгер
Колуң жетет жылдызга
Алалардан келе аткан,
Макал бул өзү чындык да.
Ошондуктан мынакей,
Кыргызча ырдап сен жүрсөң,
Кыргыз болуп чоңоёт,
Кыргыздын кээ бир жаштары.
Ансыз деле билесиң,
Залкарлар кетип арадан,
Кыргызда акындын өтө аз саны.

## 7-АПРЕЛГЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Күн нурун булут каптаган,
Күйүттүү журтум аманбы.
А бирок үзүлбөйт экен акыры,
Үмүтүү журтум аманбы.
Хан Манастан башталган,
Сүйүктүү журтум аманбы?
Кан жутуп далай ата-эне,
Кайгырган журтум аманбы?
Канча уул канча кызынан,
Айрылган журтум аманбы?
А бирок эрендери кыргыздын,
Акыры барчу жайларды.
Жай кылган журтум аманбы?
Канча бек, канча эрлерди.
Бай кылган журтум аманбы,
Бирок акыры дайны табылбай.
Айрылган журтум аманбы?
Эми ал жагын айткан себебим.
Мен аны да айтып беремин,

Акыры барчу жайыбыз.
Жашоонун көрбөй тереңин,
Көлдөй каптап өткөндө
Көз жашы акты эненин.
Мен ошону айтып беремин.
Азыр аза болуп кыргыз эл,
Кайгыга батты айылың.
Санатын айтпай баягы,
Сазына баттык кайгынын.
Аткандар кетип алыска,
Бир-бирден санап айлыгын.
Алар да барат акыры,
Ала кетпейт да байлыгын.

Элин сүйбөсө андайлар,
Элин атат турбайбы.
Ала-Тоосу шаңкайган,
Жерин атат турбайбы.
Апалары олтурган,
Төрүн атат турбайбы.
Чаңкып турган Ысык-Көл,
Көлүн атат турбайбы.
Ошолорду эстесең,
Калкыңда болот муң кайгы.
Агайым калкым журтубуз,
Акындын сөзүн тыңдайлы.
Акындын сөзүн угалы,
Аз да болсо кыргыздын.
Канса дейли кумары,
Болбосо энелердин баардыгы.
Көз жаштары төгүлүп,

Өткөндө кыйла чыдады.
Акыры нечен эненин,
Кетип турат чыдамы.
Ак калпак кыргыз айлыбыз,
Ак калпак кыргыз жерибиз.
Бөлөк жака барышып,
Кара курсактын айынан.
Көөдөндөрүн бакчу эле,
Кантип алыс жакта жатчу эле.
Акча үчүн алыста кантип,
Байлыктарын тапчу эле.
Эрендери кыргыздын,
Качан калкын атчу эле?

Эми андай болдуң Аалыке,
Кайгырып айтып турабыз.
Нечен уул нечен эренден,
Айрылып айтып турабыз.
Аз да болсо ушунтип,
Кайрат айтып кыргызга.
Казал ырдан сунабыз,
Мында акындардын баары бар.
Азыраак кептен курабыз,
Казалын айтып өткөн соң.
Калганын кандай кылабыз?

**Аалы:**

Кайдан деп болбойт турбайбы.
Кудайым салган кырсыкты,
Сен айткандай ал бийлик.
Өз калкына унчукту,
Жети дубан Кыргызстан.

Жалгыз еврей тың чыкты,
Жылаандар сорду балапан.
Чырылдатып чымчыкты,
Азыр да жүрөт табалбай.
Киререге алар жылчыкты,
Мен эмнени ой айтайын.
Айланайын көпчүлүк,
Ырдабайм элге ай сайын.
Өткөн күндү эстесем,
Ачышып барат көкүрөк.
Ошондойду шайлаган,
Ушундан калкым өкүнөт.
Кайгырып турат карачы,
Күн да, жер да, мекен да.
Президент дегенден калкым,
Жылыбай койду чекең да.
А бирок, пайдасыз жүргөн өмүрдөн,
Даңктуу өлүм бекем да.
Кардыгып үнүм баратат,
Кайрат кылам десем да.
Кантейин алигилерге баягы,
Жети кабат ак үй бул өзү.
Элден кымбат экен да,
Кагылайын калкыма.
Кайдасың Манас кеменгер,
Кан кошой, Бакай берендер.
Калкымды аттың ошонтип,
Гамбургер, ходдог жегендер.
Элиме эмне айтайын,
Айланайын көпчүлүк.
Булгады бийлик тарыхты.

Булактай канды агызды,
Элине аткан окторуң.
Бийликтеги жанагы,
Эсилдер тосуп калышты.
Кудайым өзү жазалайт,
Курманбек, Максим, Жанышты.
Баатырлары кыргыздын,
Баатырча каза табышты.
Эми мен жаңы келген ошол,
Бийлигине  айтарым,
Эл башкарган эрендер.
Бектер жана берендер,
Ак калпак кыргыз калкыма.
Кызматты кылам дегендер,
Миң киши каны аянтка.
Төгүлүшү менен келдиңер,
Сексен алты баланын.
Өлүшү  менен келдиңер,
Алкым деген бийликтин.
Не болорун көрдүңөр,
Калкым деген бийликтин.
Оңолорун эл билер,
Кулкун деген бийликтин.
Не болорун көрдүңөр,
Журтум деген бийликтин
Оңолорун эл билер,
Эми кыргыз калкыма.
Жакшылап иштеп бергиле,
Кыргыз бул уйкуда жаткан ажыдаар.
Эгерде ойгонуп кетсе өлдүңөр,

Кайран не бир жаш балдар.
Ошол күнү карачы,
Айланып кетти шейитке.
Чындык деп азап табышты,
Чыгарсын кудай бейишке.
Ата-эне, туугандар тургай,
Ааламды салды кейишке.
Азыркы бийлик алгандар,
Ак дилден иштеп беришсе.
Ок тийип каза болгондор,
Ошондо жетет жеңишке.
Көз салып турат  кыргызга,
Көк жалдар Ата бейитте.
Алар гүлдөй элек кезинде,
Бүрдөшүп каза болушту.
Адилдикке чоңдорду,
Үндөшүп каза болушту.
Казынаны уурдап качканды,
Элди  жерди сатканды.
Тилдешип каза болушту,
Бул дүйнө жалган октугун.
Кепинде чөнтөк жоктугун,
Чоңдорго үйрөтүп  каза болушту.
Ошон үчүн калкыбыз,
Жыйылып келген жалпыбыз,
Биримдикте бололу.
Илгертеден ой салтыбыз,
Муну айтып жаткан себебим.
Түшүндүрүп беремин,
Тышкы күчтөр дагы эле.
Бизди бөлүп жатат дегеним,
Кече үн алгыдан кеп уктум.

Тетиги түндүк түштүк деп,
Экиге бөлүп жатат деп уктум.
Көрө албастар ортодон,
Бөлүп жарат деп уктум.
Эки элдин ортодо,
Чагымчылар деп коет.
Алардын угуту аябай,
Өнүп  жатат деп уктум.
Демократиялуу Республика,
Кылабыз деп жатышат.
Кыргызстанды экиге бөлүп,
Тынабыз деп жатышат.
Майдалап алып бул элди,
Жыгабыз деп жатышат.
Ошолордун ойлосом,
Ичим аябай ачышат.
Бир кезде Бакай агабыздын,
Айткан бир сөзүн эстесек.
Бөлүнсөк бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп алды кыргыз деп.
Бөлөк элге кеп кетет,
Беш манжа турат беш бөлөк.
Беттесе душман чыр кылат,
Жалгыз турса күчү жок.
Жандаса зөөкүр тындырат,
Бешөөсү эгер бириксе.
Койгон жерин сындырат,
Ошон үчүн мынакей.
Келген калкым баарыбыз,
Жашыбыз да карыбыз.
Жумулган колдой ар дайым,
Уюм болуп туралы.

Келген журттай ушунтип,
Жыйын болуп туралы.
Карыш келген душманга,
Кыйын болуп туралы.
Алдыдан чыккан душманды,
Беш алакан биригип,
Муштум болуп түйүлүп,
Так чекеге уралы.
Кейигенде не пайда,
Илгери Бакиевдин доорунда.
Элимде бийлик жогунда,
Маданият министирлигин.
Агенттик кылып таштады,
Максим менен Малеванная.
Еврейлердин болчу максаты,
Анткени,
Маданиятсыз эл болбойт.
Бул өтө чоң маселе,
Маданияты жок элди.
Кул кылып алыш бат эле,
Ошон үчүн ошондой.
Саясатты баштады,
Ошон үчүн кыргыздар.
Каада-салтын унутуп кое таштады,
Ал тургай ошого факты эмеспи.
Бүгүнкү эскерүү кеченин,
Еврейлерче башталып жатканы.
Мусулмандар чогулса,
Алаканды жайышчу.
Аллахтан сурап дубаны,
Куран окуп багыштап.
Тилек айтып кылышчу,

Еврейлердин салты экен.
Жанагынтип шамдардын,
Баарын жагышчу.
Муну менен айтарым
Айланайын жетекчилер, жакшылар,
Эл бийлеген башчылар,
Мейли ошол сакчылар,
Мейли карапайым калк болсун,
Же  жанагы соода дүкөн дегендер,
Соо койбой  тоноп каччулар.
Кытайды жеңип алгансып,
Бирөөнүн жерин басчулар,
Көрүнгөндү туурабай,
Көп жерден көп кол чыгарбай,
Бир жакадан баш чыгар.
Айланайын Азамат,
Акындардын бирисиң,
Кудай сага көп берген,
Акындыктын үлүшүн.
Ушундай жерге келгенде
Бүгүнкү болгон окуя,
Калкымдын көңүлүн муңайтат.
Кээ бирөөлөр калп айтат,
Кээ бирөөлөр чын айтат.
Чындыкты бүгүн калкыма
Акындар айтпай ким айтат?
Канча жылдан бер карай
Акындар тилин тыйган жок,
Анткени, жалганды айтып ырда деп,
Чындыкты айтып турба деп.
Бизди жараткан акын кылган жок.
Биз жалганды айтып ырдасак,

Бизди уга турган бир жан жок.
Жалганды айтып ырдасаң,
Ал акындан пайда жок.
Чындыкты айтып ырдайлы
Акыйкатты акындар
Айтпасын деген мыйзам жок.

**Азамат:**

Эгемендик келгени,
Эрденди кыргыз элдери.
А түгүл кыргыз калкына,
Намыстуу башчы бербеди.
Эрендерин багам деп,
Элдин чекеси тердеди.
Алар элге кызмат кылбастан,
Чөнтөкө салып пулдарын,
А түгүл кыргыз калкыңды,
Чет элге барып  мактанат.
Баары дешип кулдарым.
Бирок андайлардан болбоду.
Ак калпак кыргыз калкыбыз
Эртеңкисин ойлоду.
Кагылайын Аалыке,
Касиеттүү кыргыздын,
Так көөдөнү ак болгон.
Намыстары бап болгон.
Атасы сыйлап баласын
Баласы сыйлап атасын,
Сый-урмат деген бап болгон.
Муну айткан себебим,
Үй-бүлөлүк саясат,
Тарыхта далай так болгон.
Мындай нерсе аз болгон.

Кабылан  Манас өлгөндө,
Калкым кара жерге көмгөндө,
Каныкейдей апабыз,
Кан Бухарга барганда,
Жетим калып Семетей,
Жеңебиз болгон арманда.
Опол тоодой чоңоюп,
Он эки жашка барганда,
Кайрадан кайтып кыргызга,
Атанын ишин улаган.
Ак калпак кыргыз калкыңды,
Семетей балаң кураган.
Ошондо Манас жыйнаган байлыкты
Чачкан эмес Семетей.
Башкалардын байлыгын,
Баскан эмес Семетей.
Тоноп алып байлыкты,
Тоголонуп алыска,
Качкан эмес Семетей.
Бакай атаны баш кылып,
Кураган экен Семетей.
Манастай болгон баатырдын,
Манилүү далай иштерин,
Улаган экен Семетей.
Андан бери карасаң,
Тейит деген хан болгон.
Анда да байлык бар болгон,
Курманбек деген уулунда,
Намыс менен ар болгон.
Атадан сурап ат бербей,
Турганда дагы Курманбек,
Ак калпак кыргыз калкымды,

Намыс менен ар качан,
Баштап келген эмеспи.
Ар бир кылган иштерин,
Тактап келген эмеспи,
Атасы жаман кылса да,
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Ар бир ишин кыргызга,
Баптап келген эмеспи.
Намыс үчүн күрөшүп,
Намыс үчүн сүрөшүп,
Телторудай аттарын,
Бербесе да атасы
Кой күрөңдөй тулпарды,
Минип келген эмеспи.
Ак калпак кыргыз калкыбыз,
Курманбектей баатырга,
Үмүт кылган эмеспи.
Андан бери карасаң
Ким билбейт Байыш, Жанышты.
Бир тууган болгон алар да,
Бирок качан алар,
Колун байлыка малышты.
Баатырлары кыргыздын,
Бакырандап кыргызды,
Алыска чейин таанытты.
Баатырлары кыргыздын,
Ак калпак элди багышты.
Азыркыларды карасаң,
Атасы дагы уурдады,
Баласы дагы уурдады,
Аттарын алып алардын,
Баатырдын атын булгады.

## 2010-ЖЫЛЫ ТОГОЛОК МОЛДОНУН (БАЙЫМБЕТ АБДРАХМАНОВ) 150 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН КАЛЫБЕК ТУРГУНОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Акындык деген ошондой,
Айтылган сөзүн болжошот.
Ал акындарды карачы,
Апалары баш болуп
Калайык калкы колдошот.
Тоголок Молдо балдары,
Токтогулдун балдары,
Улуунун жолун жолдошот,
Төкмөлөрдү да калкыбыз,
Ушунтип техника деп ойлошот.
Анан чыгарып алып сахнага,
Ырдатпай коюп кордошот.
Бирок калкым силердей,
Ак калпак кыргыз элим бар.
Акындын баарын ойлосок,
Акыны кыргыз калкынын

Жар салып ырдайт турбайбы.
Эл келген экен кашта деп,
Эригип ырдайт турбайбы.
Көңүлдөргө карачы,
Тамшанып алып ырдайбы.
Бата берет турбайбы деп,
Баам салып алып ырдайбы.
Калыбек деген жан үкөм,
Ысык-Көлдүн баласы.
Күүлөнүп турат канаты,
Ырыстуу калкым азыр да
Силерге ырдаганын карачы.
Болбосо Майра жеңем сыяктуу,
Ырдайм деп турган убагы.
Улуу элдин сөздөрүн,
Тындайм деп турган убагы.
Агайын бир журт келди деп,
Сыйлайм деп турган убагы.
Эми кагылайын Калыбек,
Карачы элдин кашында.
Биз какылдадык жайнадык,
Абдылда деген акын бар.
Амантай деген акын бар,
Канча ырдасак да талбады.
Силердей болгон балдарга,
Алтын сөздү арнады.
Сага окшогон күлүктү,
Жакшылап чаап чыксын деп,
Сени биз таң ашыра байладык.

Ак сакалдар бата беришсе,

Сен да ак бата алган күлүк бол.
Күлүк бол десе көөп кетпей,
Ак калпак элге үмүт бол.
Акын деген кыргыздын,
Ыйлаганын ыр менен
Көрүп айтат турбайбы.
Жыргаганын ыр менен,
Төгүп айтат турбайбы.
Акыйкатты, чындыкты,
Балкып айтат турбайбы.
Торгой тилдүү үн менен,
Таңшып айтат турбайбы.
Ак сакалдар сыяктуу,
Апаларың сыяктуу,
Балкып айтат турбайбы.
Арабасын кыргыздын,
Тартып айтат турбайбы.
Үстүнө тоодой эмгекти,
Артып айтат турбайбы.
Тоголок Молдо сыяктуу,
Торгою болгун кыргыздын.
Кыйынчылыгын көрүп турмуштун,
Жылдыз да жылдыз болобу.
Жарыгы тийбесе жылдыздын,
Кулу болбой байлыктын.
Уулу болгун кыргыздын,

**Калыбек:**

Байке жанатан берки жамагың
Элиме бүтүн жетти окшойт.
Алтындай болгон сөзүңдү,
Айыл элим укту окшойт.

Атпай журтка таанымаал,
Өзүңүздү билди окшойт.
Жанатан бери олтуруп.
Буттар талып кетти окшойт.
Жанатан бери айтканың,
Купулума толгондой.
Кантип турам мен дагы,
Ушул жерден ойлонбой,
Ушул жерден  толгонбой.
Сайрайлычы биз деле.
Эл ичинде торгойдой.

Тоголок Молдо жөнүндө,
Алалы бир аз көңүлгө.
Ал он тогузунчу кылымда,
Залкар болгон кезинде.
Китептен мен да окугам,
Төкмө болгону эсимде.
Бир кезде Москвага барыптыр,
Орустарга да жагыптыр.
Аргендей болгон обонун,
Ошол жерге да салыптыр.
Ленин менен Калинин,
Төшүнө орден тагыптыр.
Азамат байке кашымда,
Ойлоп  көрсөм бай акем,
Оозу толгон сөзүнө.
Мендей болгон кезинде,
Баардык нерсе оюнда.
Өтүп калган кези экен,
Канчалаган төкмөнү

Кечип калган кези экен.
Эл кадырын ушундай,
Ачып калган кези экен.
Көөдөндөгү сөздөрдү,
Чачып калган кези экен.

Мен да кезек берейин,
Азамат байкем ырдачы.
Өнөрдөн бүгүн ар дайым,
Өмүрдө дайым сынбачы.
Иниңиздин айтканын,
Агалык кылып тындачы.

**Азамат:**

Өнөрүң менен жашагын,
Өмүрдөн берсин узунду.
Турмушун элдин ырда деп,
Сага тилден берген кызылды.
Жашабай жатып талыйт деп,
Жаштардын оюу бузулду.
Акындар ырдап олтурса,
Карыбаш керек турбайбы.
Көөдөндөгү көп сөздү,
Жаңылаш керек турбайбы.
Калкыңа кызмат кылууда,
Талыбаш керек турбайбы.
Эми кагылайын туугандар,
Мирлан досум баш болуп,
Агайын элди чакырдың.
Азамат байкем деп мында,
Калыбек акын асылдың,
Анан уюштуруу жаатында.

Бияка чыксам акиммин,
Бияка чыксам акынмын.
Ал андыктан калкым,
Мен да амандыкта.
Саламдашып жатамын,
Акындык деген ушундай.
Айтышын курат турбайбы,
Ак сакалдардын кашында
Алкышын курат турбайбы.
Чындыгын айтып кыргыздын,
Чыркырап айтат турбайбы.
Көөрүндө кайгы бар,
Буркурап айтат турбайбы.
Кээ бир сөздү көөнүнө,
Кулпулап айтат турбайбы.
Кээ бирөөсүн ачык эмес,
Кулпулап айтат турбайбы.
Жок андайлардан болбойлу,
Ак үй менен көк үйүн.
Сындаган акын бололу,
Сыр түйүнүн ар качан.
Сырдаган акын бололу,
Эл, жериңдин кашында.
Чырдаган акын бололу,
Канча адам келсе да.
Ырдаган акын бололу,
Кичүүлөрүн ызаттап.
Улууларын урматтап,
Сыйлаган акын бололу.
Акча эмес көөнгө,
Ак бата менен ырыскы.

Жыйнаган акын бололу,
Улуулардан улуу сөз.
Тыңдаган акын бололу,
Көөдөндү ыр курап.
Комузубуздун боорун,
Тырмаган акын бололу.
Тоголок Молдо ким болгон,
Торгой болгон дүң болгон.
Бай манаптын астында,
Ырдап  турса сүр болгон.
Көөдүндө кызыл тил болгон,
Ак калпак элдин уулдары.
Ак калпак элдин балдары,
Эчен агайын элге сайрады.
Тоголок Молдо атабыз,
Тобунда элдин бир кезде,
Дастанын айтып ырдаган.
Ак калпак кыргыз калкынын,
Ак таңын айтып ырдаган.
Же болбосо карачы,
Бай манаптар чогулса.
Ырыскысын кыргыздын,
Сатканын айтып ырдаган.
Эл журтунун карачы,
Кайгысын айтып ырдаган.
Канча кыргыз тыңдаган,
Ошондой аталардын урпагынан.
Болгонума кубанам,
Ушинтип ырдап кичине,
Эл журтумдун көөнүнө
Толгонуна кубанам,

Улуудан калган көрөңгө.
Силерди көргөнүмө кубанам,
Ак сакалдардын баары бар.
Силер менен бирге болгонума кубанам,
Акындык жакшы турбайбы.
Бирөөнүн жеген нандарын,
Тартпайт экен акындар.
Андан көрө карачы,
Санаттын көбүн элине.
Сарптайт экен акындар,
Бирөөнүн жерин бирөөгө.
Сатпайт экен акындар,
Көөнүнө жаманды.
Бакпайт экен акындар,
Эл эмгегин ыр менен.
Актайт экен акындар,
Улуулардан улуу сөз.
Жаттайт экен акындар,
Болбосо жанында инисин.
Жанындагы балдарын,
Таптайт экен акындар.
Акимди эмес калкымды,
Мактайт экен акындар.

**Калыбек:**

Сиздей болгон акындан,
Сабак алсам деп жүрөм.
Такалып жаткан тилиме,
Жамак алсам деп жүрөм.
Көөнөрбөс бүгүн акындан,
Санат алсам деп жүрөм.
Акындык жактан белгилейм,

Алдыда болсун төрүңүз.
Уул-кызыңдын дайыма,
Урмат сыйын көрүңүз.
Бизге окшогон акынга,
Көңүлүңүздү бөлүңүз.
Сыйлашсын сизди акын деп,
Кыргызымдай элибиз.
Айткан сөзгө келиңиз,
Мен да азыр бойдокмун.
Балдызыңызды бериңиз,

Калпыдың окшойт байкасам.
Ырлардын бүгүн каймагын,
Кезек келди окшойт бай аке.
Артты көздөй кайталык,

**Азамат:**

Жалпыдан бата ала көр.
Жаңы чыккан уларым.
Амантай агам айткандай,
Жанымда жүрөн кунаным.
Ак калпак кыргыз баш болуп,
Мен бата берээр убагым.
Анткени, жакшылык, деген жакшылык
Жан дүйнө менен улагын,
Айтаар бир жалгыз кебим бар.
Катын сурабай азыр сен,
Акыл суроочу убагың.

Калайык калкым мындайда,
Калктын кебин тыңдайлы.
Азыр заман деген бөлөк да,

Азыр деген башкача.
Акын ырдап ыр менен,
Ал замандарды актаса.
Анткени азыр карасаң,
Бир жагыңда вор дешет.
Бир жагыңда чоң дешет,
Чоң дегендер курушсун.
Байлыгын алып элимдин,
Доллар жешет сом жешет.
Чоң жеген үчүн аларды
Аалы акын айткандай
Ошон үчүн чоң дешет.
Ошондуктан кыргыздын,
Элин айтып ырдайлы.
Жүрөктөгү ар качан
Демин айтып ырдайлы.
Чалкып жаткан алыста,
Көлүн айтып ырдайлы.
Ак сакалдар олтурган
Төрүн айтып ырдайлы.
Көйкөлгөн кыргыз ар качан,
Көлүн айтып ырдайлы.
Ала-Тоодой карачы,
Аны азайтып бара жатабыз.
Жерин айтып ырдайлы.
Кашымда кыргыз калкыма.
Каалабайт элем мууң-кайгы.
Акындык деген ошондой,
Азыраак сөзү жанды да.

## 2010-ЖЫЛЫ ТОГОЛОК МОЛДОНУН (БАЙЫМБЕТ АБДРАХМАНОВ) 150 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН ЖОЛДУБАЙ ЖАПАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Жолдубай:**

Жакшылык тилек кылган жолундабыз,
Бабабыз Тоголок Молдо тоюндабыз.
Жакшылыктын жакшынакай өргөсүнө,
Айтыш куруп ак калпак чогулдук биз.
Жолуктук Табыкемлдин өргөсүнө, өргөсүнө,

Мен дагы көңүлүмдү бөлбөгөмүн.
Супура деп атыңды укчу элем,
Ичине мурда кирип көрбөгөмүн.
Кубанычты койнума мен толтурамын,
Жакшылыктын ою менен болтурамын.
Тобо деп жакамды кармап бир ай,
Табыкемдин ак өргөсүндө олтурамын, олтурамын.

Кубаныч ай Табыке болуп турсун,
Жакшылык кубанычка толуп турсун.

Дайым бир оюн күлкү шатырап,
Ушунда эли-журтуң болуп турсун, болуп турсун.

Балапан багып койгон куш болду го,
Ойлогон нерсем бүгүн бүт болду го.
Арыстандай сүрү бар, бакыраң көз бала бир.
Арашандык бир акын туш болду го, туш болду го.

Анткени бул акындан агып келген.
Далай жерге чоң чабышка барып келген,
Казактарды четинен койбой бир ай.
Албан бир сыйлыктарды алып келген,
Буга дагы эмне дейин, тобо дейин!
Эмне болсо маңдайымдан көрөйүнчү,
Алп акынга кичине тийишип ай.
Аны менен айтышып ай көрөйүнчү, көрөйүнчү!

Жакшылык жакшы нерсе ылгабайт да.
Бекерден кыргыз журтум,
Мындай калкты жыйнабайт да.
Айтыш деген ушундай нерсе экен.
Атаны да баланы да, ылгабайт да, ылгабайт да!

Канакей ырчы деген ырдайт экен.
Жакшы жакка көңүлүн жыйнайт экен,
Бир акын бир ырдап жаткан кезде,
Бир күлүктүн бир буту тынбайт деген,
тынбайт деген.

Көнүл улап азамат сындап көрчү,
Эл журтуңдун алдында жыргап көрчү.

Кезегиңди берейин ай балакай,
Сен да бүгүн элиңе ырдап көрчү, ырдап көрчү.

**Азамат:**

Жолдубай деген акынсың,
Бир баштасаң ырыңды,
Бир сааттан кийин токтойсуң.
Жамагың айтып ырдасаң,
Жалын отко окшойсуң.
Эл журтуңдун маңдайында,
Эт жүрөгүн козгойсуң.
Обонуңуз жакшы экен,
Кол менен бат-бат айланткан
Пластинкага окшойсуң.

Акындар ырдап турганда,
Анда акындарды укканда.
Калайык калк балкышат
Акындык деген ошондой,
Кубаныч ырды тартышат.
Анткени акындардын көбүнөн,
Акыл сөз учат, нарк учат.
Жөн сөздү ырдап олтурсак,
Жөн эле жерден салт учат.
Акындар айтып термеден,
Акындарды коштогон
Касиет экен эл деген.
Табыкем менен айтышпай,
Айтышсаң боло мен менен.

Калыстар тобу биякта,
Канча да болсо ырдайлы.

Канча да болсо тынбайлы
Калыстар карап олтурат,
Калкымды баалап сыйлайлы.
Анан кагылайын жеңеке,
Табыкемди көп мактады.
Балды азыраак коюңуз,
Коруппция дешет мындайды.
Андан көрө Жокебиз
Мында ак сакалдар олтурат.
Айта турган сөзүн тыңдайлы,
Айтыш деген жакшы экен.
Эл менен кошо жыргайлы,
Эми кагылайын Жолдубай
Колунда комуз кыргыздын.
Доошу келген турбайбы,
Жакшы ырдайм деп,
Жокем өзү келген турбайбы.
Айтылып кыргыз калкына,
Сөзү келген турбайбы.
Ак кадпак кыргыз калкыма,
Эгемендик жеткен экен  азат күн.
Минтип обондуу ырдап турасың,
Жаныңдагы  кошуна казакча,
Какылдайсың кечке эле
Деги каяктан келген казаксың?

**Жолдубай:**

Алоолоп оттой күйүп жанып ырда,
Азамат сен чоң жоргоңду салып ырда
Обон деген үн деген айтыла берет.
Обонуң андай-мындай деп айтпаймын
Керек болсо айланайын Азаматым,

Бек Борбиевдин обонуна салып ырда,
салып ырда!
Бул обон ар нерседен курап алгам,
Бурамадай бекитип бурап алгам.
Улгайып каарып бараткан кезекте
Кыз-келинге тийишкенге ыктуу деп,
Алладан алакан жайып сурап алгам, сурап алгам!

Ошого айтып мен жанамын да,
Ырдасам өзүм кумардан канамын а.
Кыз-келинге жакпасам мейли жакпайм,
Аялыма балдай чиркин жагамын да, жагамын да!

Азамат мен ырдаса ээрибегин.
Айга бирөө ай көкөлөтүп теминегениң,
Жеңеңе жаккан жакшынакай обонду ай,
Эл алдында казак деп жерибегин, жерибегин!

Ашуу-ашуу чынында жерден болом.
Көп айтам касиеттүү элден болом.
Бабабыз Кошой бир жердеген ай,
Ат-Башы Ак-Муз деген элден болом, элден болом!

Эки жакты элеңдеп каралабайм,
Жаман деп жюрилерди жамандабайм.
Табыкемдин байбичесине,
Мени каттуу тапшырдың ай!
Балымды көтөр деп паралабайм, паралабайм!

Андан көрө жакшы сөзгө келбейсиң да.
Агаңды ушул жерден жекелеп тилдейсиң да.

Эл алдында эркин ырда – деп агаңды,
Кичине көтөрмөлөп көрбөйсүң да, көрбөйсүң да.

Сен деле көнүл улап сындадың да,
Азаматтай көп жыйында жаргадың да.
Кайсы үйдө олтурсаң да,
Көнүл улап чынында жырга деген.
Кайсы жердин тузун татып турсаң,
Ошол үйдүн үй ээсин айтып ырда деген,
ырда деген!

Ошол үчүн көнүл улап сындап турам,
Элди көрүп элеркеп жыргап турам.
Момунтип ак өргө куруп бизди ырдатканга,
Толкунданып комуз чертип ырдап турам.
Эл алдында кичине чымчып-чымчып,
Табыкемди ырга кошуп ырдап турам,
ырдап турам!

Көнүл улап, көңүл бөлүп ала албаймын,
Учкан куштай өйдө туруп сабалайын.
Анча-мынча ырга кошуп Табыкемди ыр ырдадым,
Табыкемден ырдадым деп пара албаймын,
пара албаймын!

**Азамат:**

Ал ырды Жоке ырдай бер,
Ал айткан сөзүң аныктыр.
Айтылган Жокем бул акын,
Аймагына да жагыптыр.
Ат-Башылык экениң билбеймин,

Мунун казак экени аныктыр.
Колунда комуз эмес домбура,
Арт жагын бир аз жарыптыр.
Биягындагы томпогун,
Байекем бул жагына салып алыптыр.

Эми кагылайын туугандар,
Жокемдин Тоголок Молдо сыякуу.
Өзү жакшы турбайбы,
Тоодой бийик айтылган
Сөзү жакшы турбайбы.
Оозу менен кошо жарышкан,
Байкемдин көзү жакшы турбайбы.

Эми акындар ырдап олтурса,
Канча да ырды тапчу экен.
Акындар ырдап олтурса,
Ак калпак кантип батты экен.
Жанатан бери ырдадык,
Ал калкым ырлар аз бекен.
Илгери Табыкеме окшогон,
Бай-манаптарга ырдаса
Ат берип, чапан жапчу экен.
Бакылдап сайрап ырдадың,
Табыкем эмнесин камдап жатты экен.

Эми ал жагы Жоке ал жагы,
Көтөрүлсүн кыргыздын
Ааламга чейин байрагы.
Анткени акындарды көргөндө,
Ак калпак кыргыз калкынын

Көңүлдөрү жайдары.
Тоголок Молдо атанын,
Ыраазы болсун арбагы.
Акындар ырдап олтурса,
Акын деген ошондо
Ак калпагы башында,
Колуна комуз кармады.
Башкасын чансын кыргыздар,
Акындарын чанбады.
Акындар ырдайт экен деп,
Ак тилектерин арнады.
Эми кагылайын туугандар,
Болбосо экен жамандык.
Болбосо экен согуштай,
Акындар шаңдуу ырдашсын.
Эт жүрөктөрдү оорутпай,
Акыркы чыктык калайык
Акыркы калган поюздай.

Эми кагылайын туугандар,
Акындык деген ошондой
Төгүп ырдайт турбайбы.
Төрдө олтурган карысын
Көрүп  ырдайт турбайбы.
Көөдөнүн жалпыга,
Бөлүп ырдайт турбайбы.
Катар-катар тизилген,
Апалардын кашында.
Ак сакал деген ар качан,
Дем берет экен акынга.
Кагылайын апалар,

Ушундай ак ордодо
Айтыш көрүп шаңдуу жашаңдар.
Алтындан дагы кымбат да,
Айтыла турчу батаңар.
Алты күндүк өмүрдө,
Болбосо деймин капаңар.
Ысмайыл акын айтчу экен
Серкенин майын ашыңар,
Сексенден аша жашаңар.
Токтунун майын ашаңар,
Токсондон аша жашаңар.
Бууранын майын ашаңар,
Жүзгө чыгып жашаңар.
Жаш болсо да акындардан,
Айтыла турган бата бар.
Акындык деген ошондой,
Ак батаңарды бергиле.
Кагылайын туугандар,
Топ акындар ырдашса
Токсондо дагы келгиле.

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН КАДЫРБЕК БЕЙШЕНОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Акынды башчы кылып шайлады да,
А калкым көңүлүңөр жайдары да.
Кылымдын кыйыр жолун баса турган,
Кызыл желек акындар кармады да.
Азаматты да кур калтырган жок акындар,
Пошел дешип казака айдады да.
Мен деле Аалы доско ыраазымын,
Айтор бир жерине шайлады да.
Кылган ишиң кут болсун, Аалы досум,
Үч президенттин атагын жайлады да.
Акынды президент кылып шайлап турган,
Ак калпак кыргыз калкым арбагыла.

Кыргызды эми кут деген жандады да,
Акындарга а калкым таң калууда.

Акындар эки-экиден чыгып алып,
Эл көңүлү кумардан шаңданууда.
Чачырап Кадырбегим  өзүң келдиң,
Нур өңдүү тийип турган таңда мына.
Кадырбек жыйырмадагы баласың да,
Бакыт берсин кыргыздын балдарына.
Эгемен экөөңөр аман болгун,
Эси жок эссиз жакка барбагыла.
Азыркы даткалары Кыргызстандын,
Кабат-кабат там салып балдарына.
Эркелеп жүрөт анын уул-кыздары,
Эки-экиден катын ээрчип жан-жагына.
Эл үчүн уулун сайган өлүмгө да
Ыраазамын Курманжандын арбагына.

Кыргыздын өлтүрбөйлү затын дагы,
Кылымдан бери келген атын дагы,
Канча эрлер эгемендик күндөр үчүн,
Канжыгадан чаптырган башын дагы.
Зайыптары жанында жесир калып,
Кан менен кошо төккөн жашын дагы,
Генералга уул бербей койгон үчүн,
Сталинди көп мактап бакылдады.
Ошондойлор кылган бир эрдиктерди,
Кыргыздын кылып коёт катындары.

Кадырбек кыргыз деген уулдансың,
Кан Манас баатыр деген муундансың.
Жыйырмадагы жашың сенин жапжаш болуп,
Жыргалдуу кыргыз үчүн  туулгансың.
Аким болбой жанагы байлык издеп,

Акын жолго ыр издеп бурулгансың.
Эми сен ырларыңды баштай бергин
Эгемен тунук суугa жуунгансың.

**Кадырбек:**

Концерттин көркүн ушинтип,
Калкым акындар ырдап аччу экен.
Биринчи баштап ырдаган,
Менин Азамат байкем жакшы экен.
А көрсө ак үйдүн чырын уккуча,
Калкым айтышка келген жакшы экен.
Алдына келсе иниси,
Агасы мээрим чаччу экен.
Казакча обон не кылам,
Көрсө кыргызча эле жакшы экен.
Бир кезде өнөрү менен таң калтып,
Артисттер элдин асты экен.
Депутат сөзүн уккуча,
Акынды уккан жакшы экен.
Ардактуу байкем Азамат,
Бул Азамат эмес кашаң ат.
Ырдаганда агамдын,
Кез-кезде агам жашарат.
Ал эми биздей жаш ини,
Агам деп анан тазарат.
Ардактуу мени жан агам
Казакча ырдап чыкты эле,
Атагын дүйнө укту эле.
Мен дагы буга кошулуп,
Казакча обон жукту эле
Алтындай менин жан агам,
Узак бир болсун өмүрүң.

Ачык бир болсун көңүлүң,
Жүзгө бир жетсин өмүрүң.
Казакча обон салба дейт,
Эмнеге деги Азамат,
Калган жокпу көңүлүң?

Ал жагын байке не дейли
Айтылган сөздөр кеп экен
Айтыштын куттуу жеринде
Мендей иниси болсо катчысы,
Азамат байкем шеф экен.
Ал эми Курманжандай энебиз,
Илгертен айтып келебиз.
Билесиңер кыргызым,
Жыйырма кылым эгемен,
Ашып келген кыргызым.
Жыйырма кылым илгертен,
Басып келген кыргызым.
Курманжан деген ким эле,
Айтайын аны тим эле,
Туруштук берген бир кезде,
Эненин баатыр жүрөгү.
Туруштук берген канга да,
Балапанын кармасаң,
Какылдап ийет карга да.
А бирок энекебиз Курманжан,
Элини ойлоп тагдырын,
Баласын аскан даргага,
Энеден чыккан кутман дейт.
Атагын дүйнө уккан дейт.
Эркектен чыкса эр Манас,

Энеден Курман чыккан дейт.
Ошондуктан кыргызым,
Эми мында айтарым.
Бир кезде өткөн Чыңгызың.
Эми бек тутам ыйык динимди.
Кирдетпей таза дилимди,
Жаман бир чыккан эркекче,
Бир кызды сүйөм дебестен,
Мекенге арнайм сүйүүмдү.

**Азамат:**

Азаматты Азамат деп атабай,
Байкелеп Кадырбегим кешигин же.
Жамандын төрүндө болгучакты,
Жакшынын тургун иним эшигинде.
Акынсың кыргыздарга атың чыккан,
Акыл айткан атанын неси кимде.
Азамат, Азамат, Азамат деп,
Айтканыңа кайрадан кечирим де.
Мекениңди кантип сүйбөй коёсуң сен,
Экөөңөр бир термелсең бешигинде.

Калкым кайгың эмес күлкүң артык,
Акындары кыргыздын жүрсүн артып.
Акын деген санатын ырдап турса,
Ар бир сөзүн көңүлдөн билсин артык.
Акын болуп калганга кубан иним,
Далайлардан баш болуп жүрсүң артык.
Алты аким жүргөн бир ак үйүндөн,
Алты акын ырдап турса үңкүр артык.

Кадырбек көңүлүң жарык болсун,

Айткан сөзүң көөнүңдө анык болсун.
Опол тоодой кыргыздан бата алсаң,
Океандай Осмонкул, Калык болосуң.
Кыйырында өнөрдүн аман болгун.
Ырларыңа кыргыз эли канык болсун,
Ашыраалы, Тууганбайдай акын болгун.
Агайындан ак тилек багыт болсун,
Мен дагы сендей ини көргүм келет.
Ак батамды өзүңө бергим келет.
Казактан канча акын келсе дагы,
Тил кайрашып ыр менен жеңгим келет.
Катынымдын жанында өлүп калбай,
Ырым менен ырдап жүрүп өлгүм келет.

Кадырбек көңүлүң тунук болсун,
Кадырың тоолордой бийик болсун.
Жарыгың жалпы элге жайнап турган,
Жан дүйнөң чырак болсун, билик болсун.
Эгемендик экөөңөр бир келгенсиң,
Экөөңөрдө эң бийик үмүт болсун.
Кадырбектей инибиз кашымдагы,
Айткан сөзү ар качан улук болсун.
Көөнөрбөгөн кыргыздын баласысың,
Көңүлүңдө ар качан улут болсун.

**Кадырбек:**

Ардактуу байкем ынагым,
Караңгы жолдо чырагым.
Кузгунга түшпөй кууп ал деп,
Куштун да салат кыраанын.
Бүгүн эрмеги болуп да элимдин,
Ырдасак болот да ынагым.

Алтындай менин агам бар,
Көөдөндө турган санаам бар.
Айтышка чыксам сиз менен,
Айтыша турган чамам бар.
Ардактуу байке чечилгин,
Айтканым ката болсо да,
Агалык кылып кечиргин.
Анткени Азамат бизде төрага,
Азаматты укпасаң,
Көздөрүн болот көгала.
Ошондуктан айтарым,
Ардактуу байкем не дейли,
Эгемен кыргыз калкыма,
Биз туруп бүгүн жалпыга,
Бакыт жаап көктөн ак кардай,
Байлыкка тунуп жаткандай,
Бакубат болсун эгемен.
Бакыттын балын таткандай,
Ишке ашсын тилек үмүттөр,
Изгилүү күндү сүйүп көн.
Теңделсин коомдун кетиги,
Термелсин ойдун бешиги.
Тегирмен болсун токтолбос,
Элимдин ырыс кешиги.
Эми эмне дейли ал жагын,
Ардактуу байкем ардагым,
Бул жерге чыгып баарыбыз,
Көөдөндө турган сыр окшойт.
Ардактуу байкем Азамат,
Анча-мынча ыр айтсам,
Байкасам байкем чыр окшойт.

Байкем орустар барып жашаган,
Арашан деген айылдан,
Орустар менен бир жүрүп,
Акын болуп таанылган,
Ашыкем, Тукам баш болуп,
Муну каккан экен такасын,
Ардактуу мында жан агам,
Сен ырдап бизге жатасың.
Орустардын ичинен,
Айтылуу акын болгун деп,
Пушкиндин алган батасын.

**Азамат:**

Кадырбек көңүлдөрдү бөлүш керек,
Көрө турган нерсени көрүш керек.
Аалам эл кыргыздарды билиш үчүн,
А түгүл англисче төгүш керек.
Жакшы элдин кадыр-баркын бузуп турган,
Жамандарды ыр менен сөгүш керек.
Сага окшогон уулуна кыргыздардын,
Ак батаны ар качан бериш керек.
Ойлоруңан чыккан сөз алтын иним,
Опол тоодой кыргызың эриш керек.
Ашыраалы, Тууганбай аталарың,
Акактай тунук ырды чеңгелдеген,
Алардын аттарын мен унутпаймын.
Ала-Тоого айтамын термем менен,
Ашыраалы, Тууганбай аталарга.
Пушкинден ону келсе тең келбеген.

**Кадырбек:**

Ардактуу байкебиз ай Азаматым,
Ар качан көөдөнүмдө санаа байкем.

Ал эми ырдаганда ушул жерден,
Бүгүн бир жакшылыка жара байкем.
Чычалатып ырдасам кызардың го,
Карга сымал Азамат кара байкем.

Байкем ырдаганда жанчыларбыз,
Экөөбүз тең эл алдында жарчыларбыз.
Сизге окшоп ырдайын алтын байке,
Бүгүн биз кызыл тилди камчыларбыз.
Ашыкем дайра болсо чалкып жаткан,
Биз алардан калып калган тамчыларбыз.

Комузумду колума мен кармап келем,
Жаныңызда алтын байке сайрап келем.
Агам келсе жаныма Азаматтай,
Анда мен ушул жерге жайнап келем.
Ал эми биз ырдасак алтын байке,
Айтылчу сөздөрүмдү камдап келем.
Ансыз да алтын байке жакшы агамсыз,
Агалардын ичинен мен тандап келем.

Алтын байке жанымдагы Азаматым,
Ээ байке байкап көрчү салмагымды.
Эми мында ырдасак алтын байке,
Баалашсын мында баары жамагымды.
Эми байке ырдайбыз калк алдына,
Ар убакта балдар айтып саламыңды.
Бүгүн биз көп сөздөрдү айттык байке,
Бүгүн биз ырдап деги жаттык байке,
Эми байке эмне дейли эл алдында.
Азаматым артты көздөй кайттык байке.

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АБДЫЛДА НУРАЛИЕВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Абдылда:**

Асылы болгун шекердей,
Көзүнө жаадай атылган
Мыктысы бол мекендин.
Силердей,
Жаш балдар менен кармашкан,
Мен да бактылуу киши экенмин.

Тырмактай бала чагымда,
Туугандар азыр да жадымда.
Балапан жап-жаш чагымда,
Келгеним турат жадымда.
Анда төрт акын эле бар экен,
Кошулам деп келди элем.
Ошол кезде Абдылда,
Туугандар анда айтарым.
Далайын ушул байкадым,

Кагылайын туугандар.
Ошол кезде менин да,
Кармай түшүп шайтаным,
Далайлар менен кармашып,
Жеңишип жүргөн акынмын.
Казак менен кыргызда,
Эңишип жүргөн акынмын.
Бүгүн келдиң жаныма,
Кош комузду көтөрүп.
Кагылайын баатырым,
Мактагым келет мактагым.
Азамат көп эле жерде жактадым,
Шаңкылдай бер элдин астында,
Шокалад ирең аппагым.
Өзүмдү тарткан аппагым.
Улайлы сөздүн шекерин.
Илгертен бери карата,
Кагылайын бул тилде.
Осмонкул менен Алымкул,
Сүйлөп ырдап кеткенин.
Же болбосо Саякбай,
Сан миллион сап билип,
Айлына ырын төккөнүн.
Саякбай деген бар экен,
Отурган элдин шаңы экен.
Ар бир сабы ырынын,
Кыргыз элдин ичинде
Агарып аткан таң экен.
Аталардын барында,
Кыргыздардын ал кезде
Ойлоп көрсөм багы экен.

Азыр жок болсо да чечени,
А бирок,
Кыргыз элдин ичинде,
Иштеп жатат мектеби.
Мектебиң ушул турбайбы,
Балапан күндө жактырып.
Далайларды бастырып,
Өзүңөрдү таптырып.
Айтыш фондду уюштуруп,
Эмгегимди алып барып,
Жаш балдар чыкты жабыла,
Силерди көрсө сүйүнөр.
Араңарда бүгүн бир,
Жаркылдап турат Абдылда.
Кагылайын жаш балдар,
Ырдай турган кезегиң,
Ар кимиңдин элиңе,
Арнап турган сөзүң бар.
Бир кезекте көрүп тур
Калык менен Саякбай,
Осмонкулдай чеченин.
Ошолордой алыптыр,
Эстебес менен Тууганбай,
Ошолордун мектебин.
Мен балапан кезде көргөндө,
Эстекең болчу ак таңдай.
Эстекең ырдап жатканда,
Элиртип күлүк чапкандай.
Ашыкем болсо ак таңдай,
Ашыкем ырдап жатканда.
Алтымыш күлүк буудандар,

Аралаш чаап жаткандай.
Тууганбай болчу ак таңдай,
Тууганбай ырдап жатканда.
Тим эле тулпар келе жаткандай.
Анан Абдылда деле ак таңдай,
Бирок агайын элдин ичинде,
Бир аз турайынчы мактанбай.

Оо айланайын балдарым,
Мен силерди көргөндө,
Алланын көрдүм жардамын.
Мына отуздан ашык жаш балдар,
Бүгүн гүлдөтүп келе жатасың.
Айтыш фонддун чарбагын.
Ошондуктан силерди,
Колдоп жүрсүн ар дайым
Ашыраалы, Тууганбай,
Эстебестин арбагы.
Жаркылдап ырдап отурсаң
Абдылданын жардамын.
Мен көргөнүмө кубандым,
Көпчүлүк элди залдагы.
Бир кезде,
Балапан кезде келчи элем,
Эстекени жанына
Ушу жерде турчу элем,
Ашыкең менен айтышып.
Агайын тууган элимдин,
Көңүлүн ушу бурчу элем.
Мен дагы келдим моминтип,
Элүүнүн аркы жагына.

Бүгүн калыптырмын сагына,
Келген кезде силерге.
Эмне үчүн туугандар,
Олтурмак элем таарына.
Андан көрө бүгүн бир,
Алакандарды чапкыла.
Бак таалайды тапкыла
Жаш балдар турса бакылдап,
Бул өзүнчө, өзүнчө
Ачылып турса жакшы да.
Анткени ачылганы мектептин,
Өзүңөрдү көргөндө,
Мен толкунданып кетемин.
Агызгын ырдын булагын,

**Азамат:**

Кайрыгы улуу акындын,
Казаны терме кап болсун.
Санатыңыз ооздогу,
Сааттан дагы бат болсун.
Осмонкул өлдү дегендин,
Оозуна кара таш толсун.
Куттуу элдин алдында,
Кулак салдым ой кебиңе.
Кыйкырып ырдап ар качан,
Кызматты кылдың элиңе.
Акындары кыргыздын,
Аман болсун деги эле.
Бүгүлүп таазим аткарып,
Бүгүн да келдик төрүңө.
Эми дем кошулсун ар качан,
Мындагы акындардын демине.

Оргуштап турсаң Абдыкем,
Осмонкул эмей эмине.

Карышкырларга туш болдум,
Калдым окшойт оңолбой.
Утулуп Абдыкемдей агамдан,
Ушуну менен жоголмой.
Негедир коркуп турган сыяктуу,
Кошойго түшкөн Жолойдой.
Абыкеме түшкөнүм,
Менин абыдан катуу арманым,
Ырас, агасы менен айтышып,
Акын чыксын балдарың.
Акындыкты ырдайлы,
Айта бербей арманым.
Так эле арман болду окшойт,
Абдыкемдей кашымда,
Тайсонго түшүп калганым.

Термеңизди оОздогу ага,
Теңештирем алтынга.
Санаттуу кыргыз элинде,
Сакталып турат калкында.
Инилер бар улуусуз,
Ээрчип келген артыңда.
Анда кезегиңизди берейин,
Ага асманда күндөй жаркылда.

**Абдылда:**

Кагылам менин мекеним,
Кагылам кыргыз көргөндө,
Садага ушул кетемин.

Таң калып жатам бу жерде,
Каргышың жаман экенин.
Осмонкул деген өлгөн жок,
Ал жашайт дечи элдин ичинде.
Бир кезекте Осмонкул,
Сайраптыр кыргыз жүзүндө.
Кечээ Ашыраалы айтчы эле,
Элүү жетинчи жылында.
Казакстандын бир кезде,
Жыйырма беш жылдык уюмда.
Осмонкул барып калган дейт,
Мен барганмын дейт жанында.
Казактан чыккан алп акын,
Үмөтаалы келиптир.
Кыргыздын ушул жерлерин,
Азыраак ушул экен деп
Далай айтып бериптир.
Ойлоп жаттым дейт ичинде,
Осмонкул эмне эле айтат деп.
Мына олтурган элдин ичинде.
Ал Осмонкул деген башка экен,
Оодарылбас кашка экен.
Эчен Алтайдан бери атабыз,
Кан Манастын келгенин.
Атасы ушул Үмөтаалынын,
Казактын каны Көкчөнү
Алдына айдап келгенин,
Айтып жатты дейт ошондо.
Кыргыздын жери кичине,
Ар нерсе батат ичине.
А бирок, кыргыздын

Бейиштей болгон жерлери,
Үмөтаалы аксакал, сенин
Кирбейт деди түшүңө.
Осмонкул айткан кайран кеп,
Менин да көп саптар батат ичиме.
Илгерки кагылайын аталар,
Ошолор менен жүрдү элем.
Өзүңөрдү көрдү элем,
Сүйүнүчүм өзүнчө.
Батпай жатат ичиме,
Жаш балдар чыкты кечээ эле.
Өзүңөр болсо билесиз,
Төрт акын эле бар болчу.
Кыргыздын ушул ичине,
Бакылдап турса эмне экен
Айланып кетет Абдылда.
Агайын элдин ичинде,
Мен садага кетейин.
Алдыңарга келгенде,
Аргып ырдап төгөйүн.
Колуман келсе бүгүн бир,
Кочуштап ырдап төгөйүн.
Жакшылык болсун туугандар,
Мен айтып өттүм оюмду.
Кагылайын жаш балдар,
Чыгаргын элге сонунду.
Силер ырдап турганда,
Көрсөтөйүн бул жерде.
Жаш балдар турса жанында,
Мен да көрсөтөйүн сонунду.
Балапан кезде менин да,

Ырларым болсо билесиң,
Кайыңдынын суусундай,
Бир кезекте ташыган.
Баурлардын бозосу,
Дал ошондой ачыган.
Жаш баланын бири элем,
Балапан жап-жаш келгенде.
Мен жаш балдардын ичинде,
Анткени абдан жашыраагымын.
Талант жактан, ыр жактан,
Баарынын пасыраагымын.
Бирок, үлгүсүн алып чоңойдум,
Улуу тоодой шаңшыган
Кайран үмүттүү Ашыраалынын.
Ошолор менен чоңоюп,
Бирге жүргөн баламын.
Өлгөндөрдөн калганмын,
Өчкөндөрдөн тамганмын.
Ошолордун ичинен,
Айтып жатам арбагын.
Айта бергин оюңду,
Кагылам кыргыз элиңе.
Азамат кош комузуң көтөрүп,
Элге ушул чыкты элең
Көрсөтүп койчу сонунду.

**Азамат:**

Абалкылардын жомогун,
Арбытып айттың элиңе.
Куйкуму менен салты бар,
Кулак салдым кебиңе.
Эми калкым бир маселе,

Аны айтып өтсөм бат эле.
Кумтөрдүн толгон алтыны,
Депутаттар талашып.
Күндө уруш, күндө чыр,
Талашып жаткан маалы.
Бири-бирин алтын деп,
Сабашып жаткан маалы.
Эл көңүлүн саясат,
Каратып жаткан маалы.
Айтор, алтын байлык дегенди,
Самашып жаткан маалы.
Баары бышып жаткан маалы.
Ак үйдүн да темирин,
Ашып жаткан маалы.
Эми Абдылдадай агабыз,
Акындардын санатын
Күч кылып алган турбайбы.
Төгөрөгүн төп жыйып,
Төкмө уул балдарды
Түп кылып алган турбайбы.
Кумтөрдүн толгон алтыны,
Кайда кетти деп жүрсө
Абыкем тиш кылып алган турбайбы.

Тишиңиз дагы алтын да,
Казына баткан казалдан,
Ичиңиз дагы алтын да.
Сактаган улуу санатты,
Ишиңиз дагы алтын да.
Алтындан кымбат баркың бар,
Айтылып элде калсын да.

Акындар ээрчип өзүңдөн,
Ак бата алып аркаңда.
Ошол алтыны көп кишинин,
Калар калбасы бүдөмүк.
Батасын алып байлыктын,
Байлыкка жүрөт сүйөнүп.
Ал эми акындарды ар качан,
Ардактайлы сүйөлүк.
Эл башкарган чоңдордун,
Элинде калар балбасы бүдөмүк.
Айылында жүрсө да,
Абдыкем жашайт түбөлүк.

Дагы бир кепти айтайын.
Народный деп коёбу орусча,
Арак саткан миң дүкөн.
Адалынан арам көп,
Тамак саткан миң дүкөн.
Ал эми китеп санат ырлары,
Жамак саткан бир дүкөн.
Эркиндик деген көчөдө,
«Нуска» деген  дүкөн бар.
Барбаган бар барган бар,
Баргандарда чоң бакыт,
Барбаганда арман бар.
Ошол жагын байкайлы,
Ошол жагын айталы.
Эркиндик деген көчөдө,
Кантип арман турат төгүлбөй.
Нуска деген чоң дүкөн,
Ак үйдүн колтугунан көрүнбөй.

Ошол жагын мен ырдап,
Ак калпак кыргыз элге ырдап.
Бир эле дүкөн бар кыргызда,
Кыргыздын улуу сөзүн сактаган.
Канчалар жүрөт кайкалап,
Элинин ырысын сатпаган.
Кыргыз тил деп мен бүгүн,
Эмнебизге мактанам.

Эми кагылайын жан ага,
Калкыңдын келдиң алдына.
Ак калпак элдин ар качан,
Абыкем ак батасын алды да.
Өзүңдөй болгон акынды,
Алты издесек таппайбыз.
Акындар болуп баарыбыз,
Эл алдында мактайбыз.
Касиеттүү кыргыздын,
Казалдарын сактайбыз.
Эми ырдала берсин оюбуз,
Айтыш деген ар качан,
Арбый берсин тоюбуз.
Ак калпак элдин ичинде,
Агабыз аман болуңуз.
Кезектеги дагы берейин,
Арбытып ырдап коёңуз.

**Абдылда:**

Айлантып ырдап келейин,
Сенин сөзүңө жооп берейин.
Бул акындын тили таттуу го,
Сүйлөсө сөздүн асты го.

Камокко жеп кеткиче,
Кагылайын Абдылда
Тиш салып алса жакшы го.

Эми сага айтарым,
Алтыным аны байкагын.
Баскан жолуң түз болсун,
Жашаган жашың жүз болсун.
Ар бир өткөргөн күндөрүң,
Мөмөсүн төккөн күз болсун.
Кыргызда болгон жакшылык,
Азамат сенде бүт болсун!

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Амандашып ырдайлы биз кайрадан,
Ак калпагы башында даана элден.
Ак батасын сурасын кыргыздардан,
Аргымактай инимди ала келдим.
Ташыркап калбасын деп туяктары,
Туягына такасын кага келдим.
Кара кечеде казышкан ал жанагы,
Кара көмүрдөй баланы сала келдим.
Көмүр сындуу кош бала маңдайында,
От кылып жаныдырып жага берген.
Калкыңдан бата сурап ал ар качан,
Канатыңды күүлөнтүп бата берген.
Дүнүйөнүн жарымын сугарат дейт,
Нарын дайра сыяктуу ага берген.
Жетигендей жаркылдаган асмандагы,
Жети облус уулдуу жана берген.

Бата сура элиңден алакан жай,
Баш байгесин айтыштын сага бердим.

Эркелеп элге ырдап, журтка ырдап,
Элиңдин жете көргүн кадырына.
Алты сап, санат терме санжырасын,
Акындын казынада салымы да.
Дулдулум келип турган маалың,
Болотум суу куяйын тамырыңа.
Жаштыктын жалындаган кезиңдесиң,
Жарасын байгени ал калыңыңа.

Ак калпак эл кадырлап баалап алат,
Акындардын ырдаган сүйлөмдөрүн.
Арбытып ааламды айлансаң да,
Ала-Тоо кыргыз болсун сүйгөн жериң.
Улуунун санат сөзүн, баталарын,
Көөдөндөгү жүрөк болсун түйгөн жериң.
Мен дагы сендей курак кезимде мен,
Айыштан акча утуп үйлөнгөнмүн.

Тулпардай арыштагын кадамыңды,
Турмушта арыктар көп чалынбагын.
Эртеңкиге бакытты байлап берет,
Эл журтуңдан бата сурап жалынганың.
Акыны бол кыргыздын Ала-Тоодой,
Ар бир үйгө, ар жерге айылдагын.
Калпып алсын кыргыздар барган кезде,
Каймак сөздүн ар жерге жайылганын.
Жалбыракка суктанбайт бак дарак да,
Жерге сиңип жан иним тамырлагын.

Атакка жеткен кезде көөп кетпей,
Ар адамдын жүрөгүн байырлагын.
Мен дагы бата берип жан иниме,
Жүрөгүмдө от болуп жалындадым.
Чартылдап турган кезде Болот иним,
Чагылган деп ат коюп жалындадым.
Ак калпак элдин уулусуң Болот иним,
Асманда чартылдагын чагылганым.

**Болот:**

Алакан чаап колдоруң,
Элим жооругандай болду го.
Абдыкем анан Амантай,
Андай кийин Азамат.
Акындар менен айтыштым,
Баладын жүрөгү,
Ооругандай болду го.
Кыргыз тилин акындар,
Бүгүн коругандай болду го.
Кыйналып кетип баратам,
Бир кийикти үч ажал,
Тоорогандай болду го.
Азамат, Аалы таптаса,
Канаты кайкы шумкармын.
Элмирбек, Жеңиш таптаса,
Туягы чулу тулпармын.
Абдыкем менен Амантай,
Алардан дагы бир далай,
Ыр мүрөгүн ууртаармын.
Дем берип турса калың эл,
Даванга далай чуркармын.
Байкебиз бүгүн шарт койду,

Мага чагылган деп ат койду.
Амантай агам Саркашка,
Ал алдырбаган таймашка.
Айтышкан ошол акынды,
Салып урат жамбашка.
Аалы агам айкашка,
Ал да алдырбаган таймашка.
Көбүрөөк кыргыз жиберет,
Казактар жака кармашка.
Ал эми Жеңишбектей агам бар,
Ал ырдаса,
Ушундай шаңга толот эл ичи.
Ал Жеңишбектей агабыз,
Кыргыз элдин торусу.
Ал эми Азаматтай агабыз,
Айтылбас сөздүн башкасы.
Мына Болотту дагы таптачы.
Кыйкырып ырдап отурган агам,
Кыргыздын кара кашкасы.
Бул жагын айтып Болотбек,
Туура кепти көрчү эле.
Акындар деген ушундай,
Асыл сөздөн бөлчү эле.
Эми абайлагын агалар ой,
Көбүнчө жылкы баласы,
Чагылган тийип өлчү эле.

Андайды кандай танасың,
Айтышып ырдап отурсаң,
Агайын элге жагасың.
Өзү айткандай карачы,

Ээрчитип келди жанына,
Болотбек деген карасын.
Иниңди бүгүн жөндөдүң,
Мен деле сиздей өңдөмүн.
Алдырбайсыз башкага,
Агарбайбыз экөөбүз
Айранды ошол чачса да.
Учуудан канат алсак да,
Уйкаштык менен экөөбүз
Финалга чейин барсак да.
Баары бир агара албайбыз,
Баняда жашап калсак да.

**Азамат:**

Азаматты бир туруп агам дейсиң,
Азаматты бир туруп ажал дейсиң.
Ак батаны сурасам кыргызымдан,
Агалардын айласын табам дейсиң.
Көргөн кезде кыргызды маңдайыңдан,
Көөдөнүңдө ыйманды тиленип жүр.
Жетсе дагы бир башың асманыңа,
Жаныңдагы адамга сүйөнүп жүр.
Арыштасын кадамың айтыштагы,
Аргымактай чуркаган күүлөнүп жүр.
Башчыбыздын байгеси куттуктаймын,
Агалардан ыйманды үйрөнүп жүр.
Башчыларды беш жылга шайлайбыз да,
Ал сен иним ыр менен түбөлүк жүр.

Капталымдан бул Болот сүйкөнгөндө,
Чагылгандан коркобуз ал чынында,
Асмандагы сур булут ал бүркөлгөндө.

Артымда ак батамды деп жатамын,
Ак тилекти жүрөктөн бек басамын.
Ала-Тоону айланып ырдаганда,
Ыр берметин ар качан көп татамын.
Казактын обонуна салгандыгым,
Жеңгенге оңой болсун деп жатамын.

Жаман жерде Болотум байкалбагын,
Ырыскыңды элиңе аркандагын.
Чагылгандай чартылдап жүрө бергин,
Тилип ал ырдаганы чалкан жаным.
Дагы бир батамды айта кетем,
Казактын акындарын майкандагын.

Көөдөндөгү балкыган сый батанын,
Ырым менен Болотум миң жашагын.
Агалардан акылды сурап турсам,
Иним деп өзүңө мен сырдашамын.
Акындары кыргыздын бар болсо экен,
Кадырыңды ыр кылып сыйлашамын.
Опол тоодой кыргыздын уулу болгун,
Оомийн Болотум миң жашагын.

**Болот:**

Байке карагайдын башысың,
Кара жолдун ташысың.
Бул иниңдин,
Курч чыккандын белгиси,
Казакча обонго салып качышың.
Туурабы деп жатамын,
Ошондой ойлоп жатышым.
Байкемде кызык кеп жатат,

Чартылдаса чагылган,
Күндүн бүркөлгөнү деп жатат.
Күн бүркөлүп асманда,
Кара нөшөр жааганда.
Жерге жагат дечү эле.
Жерден ошол жааганда,
Гүлгө жагат дечү эле.
Ошол гүлдү бир жигит,
Кызга сунган кезинде,
Кызга жагат дечү эле.
Ал эми байке айтарым,
Мына башында бариксиң,
Бал китепте арипсиң.
Карайлаган иниңе,
Калк алдында жарыксың.
Ашыкем менен Тукамдын,
Эстекемдин артында.
Азамат байкем ар убак,
Ырдагын да шаңкылда.
Эл алдына чыкканда,
Ар убакта жаркылда.
Ошондой болгон агабыз,
Аганы кайдан табабыз.
Агабызга биз бүгүн
Алты ооз менен жагабыз,
Болотбектей шумкарын,
Сүрөп ырдап турбайбы,
Айтыш фонддун үйүндө,
Түнөп ырдап турбайбы.
Той болуп жаткан үйүндө,
Болотуң күндөп ырдап турбайбы.

Бул жагын айтып тыштасын.
Байке,
Кубат досум айткандай,
Айтканым эстен чыкпасын.
Болотбек деген жаш бала,
Бүгүн жаныңызга ыктасын.
Мен болсо бир тамчымын,
А сиз болсо чоң ак мөңгү,
Аны да айтып таштасын.
Тамчыга мөңгү кошулса,
Дарыя кантип чыкпасын.

Байкемдин бүгүн жанында,
Жардылар ханга баары кул.
Аллага адам жаны кул.
Аздекте тилиңерди деп,
А дүйнө кеткен Алыкул.

## ЭСЕНАМАН ЖАЛГАШ УУЛУНУН 180 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ТАЛАС ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН АКЖОЛТОЙ КАНАТ УУЛУНУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Арыба Талас арыба,
Амандык каалап баарыңа.
Ак сакалы жайкалган,
Ала-Тоодой карыга.
Санатын улуу Кыргыздын,
Сактаган журтум канына.
Бабанын сөзүн байыркы,
Байлаган экен багына.
Ар сөзү улуу адамдын,
Айланган экен дарыга.
Талантты сүйгөн кең Талас,
Таазим кылам баарыңа.

Ооматын элдин абалтан,
Ойлогон Талас мекенсиң,
Жомогун улуу Манастын,
Жолдогон Талас мекенсиң.

Эзелтен элди, мекенди,
Коргогон Талас мекенсиң.
Жаманды мында жолотпой,
Тордогон Талас мекенсиң.
Андаштын кенин кастырбай,
Атанын жерин ачтырбай.
Ала-Тоонун ырысын,
Алкымдууларга саттырбай.
Коргогон Талас мекенсин,

Эсенамандын урпагы,
Тойлогон Талас экенсиң.
Өнөрүң менен ар качан,
Өр жолдо көпкө жетээрсиң.
Маанисин ырдын  ырдаткан,
Маңдайым жана чекемсиң.
Наркты сыйлап ар качан,
Намысты сүйөт экенсиң.

Кең Чүйдөн келген баламын,
Кең Таластын жерине.
Керемет  салам айтамын,
Аттанып келгем бул жерге,
Акындарыңды байкагын.
Акжолтой сен да агаңа,
Кармата көрбө шайтаның.
Жол баштап турбуз экөөлөп,
Жолуңду мен да тартамын.
Үйүлгөн элдин ырысын,
Үстүңө мээнет артамын.
Аскардын кайын журтуна,

Кең Чүйдөн  салам айтамын.

Акжолтой бул Таласта,
Ырдасаң дөөлөт кончу эле.
Ак сакалдар ар качан,
Ак бата берип койчу эле.
Кудай берсе ырларың,
Элдин купулуна толчу эле.
Атасы тирүү жигиттер,
Иним сакалды качан койчу эле.
Балээдей болбой кыргызда,
Бала баладай эле болчу.

Максатың менен арманың,
Аралаш жигит экенсиң,
Акындык жолдон тайсаң да,
Адамдык жолдон тайбагын.
Домбураң менен комуздун,
Доошун бирге кармагын.
Таймаша турган болдум го,
Калкым тайлагы менен Майранын.
Кезегиңди берейин,
Кеп сөз келсе сайрагын.

**Акжолтой:**

Жан эмес Акжол сизди, тең албаган,
Жан эмес Акжол чиркин, эл алдаган,
Атакем акылдуу бир бийик киши,
Аябай тарбиясын бек арнаган.
Сурагам сакал койсом болобу деп,
Ал жаш баланын сунушун бөлө албаган,

А значит, сизде сакалыңыз жок болсо эгер,
Атаңыз сакалынды көрө албаган.

Тамаша элден болсун  кабагына
Ага менен инигe ой карагыла,
Силердин жүзүңөрдү көргөн кезде,
Менин да нур толукшуйт жамалыма,
Силер чиркин жагып кеткен жакшы чырак,
Жалын кошуп күйүп турат жанарыма,
Майдай чиркин сактап ошол алып келген,
Майранын көңүл бургуң саламына, саламына.

Атанын тоюнда мен, ойлуу болдум,
Ойлонууга бир жакшы жолдуу болдум,
Өнөрпоз эл кишиси болгон экен,
Элдин чиркин купулуна толгон экен,
Аркасынан ээчип келчү балдарын да,
Кудай талаа ар кандай сынга салып койгон экен.
Чыгам-чыгам деп жүрүп чыкпай калып,
Атанын тарыхы да ойрон экен,
Кантели дүйнө чиркин жалган экен,
Көз жашы карегинен тамган экен,
Атаны ата деп бир мактай жүр деп,
Алардан  милдет бизге  калган экен.

Эми ага ойду мен сизге бурайынчы,
Тамашаны сизден  кайра угайынчы.
Болот бир кезде байгеңизди алды эле,
Мен дагы анын жолун сурайынчы.
Эл алдында канчалык берешенсиз,
Ошону бир аз, бир аз сынайынчы.

Ушул жерден мен да чиркин жолуңду алып
Батаң менен байекебай  чыгайынчы, чыгайынчы.

**Азамат:**

Эргиген сөздү сыйлаган,
Акжолтой, элдер болот Таласта.
Алтын сөзүн өнөрдүн,
Терген болот Таласта.
Алакан жайып ак бата,
Берген болот Таласта,
Пейилиң Ысык-Көл сындуу,
Элдер болот Таласта.
Жер үй менен Андаштай,
Кеңдер болот Таласта.
Эл жеймин деген чоңдорго,
Бербей коет Таласта.
Жаман сөзгө ар качан,
Көнбөй коет Таласта.
Төө бурчагы бышканда,
Сендей болот Таласта.
Картөшкөсү бышканда,
Мендей болот Таласта.

Кең Таласта талантка,
Канык болот деп угам.
Ак батасы акынга,
Жарык болот деп угам.
Эт жүрөгү туйлаган,
Балык болот деп угам.
Бирок,
Картөшкө менен төө бурчак,
Талааңарга суу жетпей.

Саркашка деген акындай,
Калкым арык болот деп угам.

Эл болбойт узак жол баскан,
Эзелки наркты курутсак.
Эл болбойбуз кадырлуу,
Бир-бири менен урушсак.
Бабанын сөзүн унутсак,
Кырчын жигит маалында,
Атаңдан алсаң батаңды,
Бүгүн элиңден сура уруксаат.

Эми кагылайын агайын,
Эсенамандын мекени
Эргип ырдап кетели,
Кашыңда турган калың эл.
Жылытат экен чекени,
Акындар үчүн чоң кубат,
Элиңдин аман-эсени.
Кашыңда турат эл журтуң,
Кадырлуу нечен көсөмү
Батаңар менен силердин,
Барчу жолдо өсөлү.
Кең Талас деген, кең Талас,
Кан Манас баатыр тапкан жер.
Каныкейдей апабыз,
Касиетин чачкан жер.
Семетей келип алыстан,
Кан Бакайды көргөн жер.
Кан Кошой  менен кан Бакай,
Балага бата берген жер.

Дал ошол Талас жерине,
Атагы дүйнө элине.
Дайындуу Талас турбайбы,
Түпкү атасын карасаң,
Тамырлуу Талас турбайбы.
Кайрыгын айтсаң акынга,
Кадырлуу Талас турбайбы.
Ырысбек атаң баштаган,
Кайындуу Талас турбайбы.
Өнөр деген нерсени
Сыйлагыла агайын,
Улуулар айткан нерсени
Тыңдагыла агайын.
Алтындан байлык жыйнабай,
Алтындан сөздү ар качан
Жыйнагыла агайын.
Кыш оор болот деп атышат,
Ырысбек ата кайыңын
Кыйбагыла агайын.
Кагылайын Акжолтой,
Сен да кайыңдай болуп буралып,
Аппак болуп келипсиң.
Маанисин тарткан эл журтуң,
Майрадан калган жемишсиң.
Ак калпак журтум кол чапкың,
Силерди Акжолтой уул эритсиң.

**Акжолтой:**

Пейилден бүткөн дешет элге белес,
Талас деген жаман-жуман элден эмес.
Ушул чиркин убакка чейин билем,
Күрөштөн Таласты эч ким женген эмес,

Андан бир аз тереңирээк караганда,
Тагдыр оордугуна Талас жери көнгөн эмес,
Талпынткан талант кылып чындыгында,
Талаада чоң акынды бермек эмес.
Татыксыз эл бир болсо жер бир болсо,
Таап келип эр Манасың келмек эмес.

Булагын кургатпастан сактап калса,
Кудайым тилектерин уга берсин,
Атанын ишеничин актап калса,
Ар убак Аллаң ырыс суна берсин.
Агайын элдин чиркин алдындагы,
Азамат байке бир чоң кулагерсиң,
Эсенаман атанын баянындай
Баяныңар туура болуп чыга берсин.
Бата кылып дуба кылып койгон сайын,
Балдарың акын болуп чыга берсин.
Акжолтой Азаматты биринчи деп,
Экинчи Аалыдан калгандарын жыга берсин.

Акын болсоң эгер андан алып,
Дагы бир аз ата туура жанданалык.
Ар убакта жакшы-жакшы ойлор менен,
Жакшы тилек менен күйүп шамданалык,
Эстеликтин бирин эмес,бешин коюп,
Тарыхты унутпоого чамданалык,
Анткени, жакшы сөздөр жакшы ойлор,
Ошондой аталардан калган анык.
Бүгүн айтыш жакшылап көкөлөдү,
Ага чиркин инини жетеледи,
Атанын жолу чиркин узак эмес .

Болсо да биз аны ары көтөрөлү,
Сиздин чиркин айтып аткан жакшы сөзүң,
Асманда бийик-бийик булуттасын,
Жаңы эле айтып кеткен чындыгында,
Сөзүңдү кайындарың укпасын,
Анан да ар убакта Талас жерден,
Баяке бакыт көрсүн сыныкпасын,
Силердин тууңарды жаратканым,
Өнөрпоздор тарабынан жыгылтпасын,
Арты-артынан жазуучу акын чыгып,
Көрсөтсүн эл алдында чыгып башын,
Талас деген жердин чиркин атын гана,
Эсенаман бардык атын курутпасын.

## ЭСЕНАМАН ЖАЛГАШ УУЛУНУН 180 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Күндүн нуру чачырап асманында,
Ыйман болуп агайын жаштарың да.
Кыргыздарды ааламга көкөлөтчү,
Кыраан уулдар болсо экен асманында.
Санжырасы санаты кыргыздардын,
Ырыстуу кең Талас аман болгун,
Ыр жайылып турса экен тасмалында.

Эр Манастын тукуму кыргыз элим,
Эзелкинин намысын кармагыла,
Ала-Тоонун кыраанды баарыңар бар,
Ар намыстын жолунан тайбагыла.
Ыргалган журтум аман болсо экен,
Ыр кылган Эсенаман арбагына.
Нарктуу эл Талас журтум ар качан да,
Намысты бийик-бийик кармагыла.

Акындардын санатын сүйгөн артык,
Ар сабын акыл калчап билген артык,
Алдыңарда ыр кылып сайрап турган,
Алты сап айтсам дагы дүйнөм артык.
Алты жыл аким болуп жашаганча,
Бир күнгө акын болуп жүргөн артык.

Кең Таласка ырыскы чакыр аллам,
Ырыскыга кыргызым шашыл аллам.
Эсенаман балдарың аман болсун,
Эзелкиден ыр бермет татып алган.
Дүнүйөңөр ыр менен өтсө экен,
Дөөлөтүңөр кетпесин башыңардан.

Кыргыз кайда баратат, кыргыз кайда,
Тең элең го бир кезде жылдыздарга,
Апалардын көз жашын агызбасын,
Ыйман берсин ар качан уул кыздарга,
Аталарым ар дайым төрдө болсун,
Турмушуңар айлансын күлкү шаңга,
Ар бирибиз кызматты кылалычы,
Намысты бийик жерге тургузганга.
Атагын алыс угуп бир кездерде,
Ааламды чапкан экен Чыңгыз хан да.
Ала-Тоонун бүркүтү аталгансың,
Ала-Тоону тааныган Чыңгыз барда.

Баян  кандай акыбал финалдагы,
Баяндын бакылдады кыялдары.
Аксакалдан ар качан бата сурап,
Баяның кең Таласка ыр арнады,

Бакылдасын Баяндай уулуң дагы,
Улуу элиңдин ыр сүйгөн кулундары,
Батасына элиңдин келип турбуз,
Байлык үчүн балдарың жулунбады,
Акындар элди ырдаган алар ар качан,
Акындар ханың дагы кулуң дагы,
Анда эмесе кезекти берейинчи,
Сайрасын ак калпак элдин кулундары.

**Баян:**

Сандаган элдин баарысын,
Самап ырдап отурам,
Сабалаган ой менен
Карап ырдап отурам,
Өзүмдү-өзүм өр чапчып
Таяп ырдап отурам,
Баш кийим кийбей келгенди,
Аяп ырдап отурам.
Өзгөчө мына аталар,
Аталар берчү баталар,
Баталарды ырдасаң,
Ак калпак кыргыз жашарар.
Тээтиги ортобузда отурган,
Эсенаман тукуму,
Айтыш керек ушуну,
Айтуунун ушул учуру.
Бейшебайдай атабыз,
Сизге амандыкты тилейбиз,
Каякта качан жүрбөңүз,
Адалдыкты  тилейбиз,
Аталар жашоо тилеги,
Аталар жашоо тиреги.

Байкатпаса да сыртынан,
Бала деп ооруйт жүрөгү.
Бакайдай атам өзүңдөн,
Баркыңа жетип жүрөлү.

Болот деген балаңыз,
Ар убак ырдап калабыз,
Эсенаман атабыз жөнүндө,
Китепти жазган турбайбы.
Ар убак айтып ырдайлы,
Аларды дагы сындайлы.
Китепти дайым көп окуп,
Бул турмушта жыргайлы,
Жаркыным Азамат баяке
Өзгөчө учур турбайбы,
Ай күнүм Азамат баяке.
Элмирбектей байкебиз,
Өкүл атаңыз туурабы,
Туура деп айтчы тууранды,
Тууранды туура дей албай,
Турсунбек Акун куурады.
Ошол өкүл атаңыз жөнүндө,
Жана жалгыз чыгып калганда,
Коргоп ырдап берди го,
Алдыга чыккың Баян деп,
Жолдоп ырдап берди го,
Байгеге жетип алгын деп.
Ойлоп ырдап берди го,
Сиз дагы ошол жагын ойлоңуз,
Жолду дайым жолдоңуз,
Инини дайым колдоңуз,

Мен эч нерсе айталбайм.
Байке, өкүл ата жолун жолдоңуз.

**Азамат:**

Айтыла берет турбайбы,
Бул акындардын жомогу,
Ал ырас өкүл атанын баяны,
Алдыда  турат оболу,
Ошондо байге бер дейби,
Мунун номегун угуп коёлу,
Ар качан андай болчу эмес,
Кээде жаксаң элине,
Кээде купулга деле толчу эмес,
Байгени кайра-кайра бергидей,
Тээтиги АКШда «Сорос» фонду эмес,

Бул Азаматты абыдан,
Кармайын деген окшойсун,
Мактап атып бул жерде,
Жайлайын деген окшойсун,
Кагылайын Баяным,
Качан да болсон бар болгуң,
Калкагар тоодой кабарың,
Акимден бийик турбайбы,
Ар качандан абалың,
Акын деген элинин,
Акыйкатын ыр кылып,
Жалганы жок чын кылып,
Төгүп ырдайт турбайбы,
Көөдөндөгү өнөрүн,
Көрүп ырдайт турбайбы,
Жанатан бери агайын,

Көңүлдөгү нерсени,
Тутуп калмай болдуңар,
Бирөөлөрү жыгылып,
Бирөөлөрү байгени,
Утуп калмай болдуңар,
Отура берип ысыкта,
Тоогундай Кытайдын
Бышып калмай болдуңар.

Андай да болсо ал болсун.
Айтыш курган силерге,
Көпүрө-Базар жаштары,
Тээ Бишкегиңен чогулуп,
Көпүрө-Базар жерине,
Айтыш кылсак деп оолугуп,
Жаштарыңарга рахмат,
Болотбектей уулуңду,
Тапканыңарга рахмат,
Улуу сөздү көөдөнгө
Бакканыңарга рахмат,
Таластын суусу сыяктуу,
Акканыңарга рахмат,
Жайылып турган акынга,
Жаштарыңарга рахмат,
Кагылайын аталар,
Баарыңарга айтарым
Аксакалы жайкалган,
Карыңарга айтарым
Санжыра, санат кат айтып,
Сакалын сылап бата айтып,
Төрүбүздө болгула,

Кагылайын апалар,
Ырдай турган ар качан,
Көөнүбүздө болгула,
Кең Таластай байыркы,
Элибизде болгула,
Ааламга жолду баштаган,
Айыл деген жакшы да,
Касиеттүү кыргыздын,
Касиетин сактаган,
Улуусун кичүү сыйлаган,
Көөдөнүнөн ар качан,
Көрөңгөсүн жыйнаган,
Улууларга ар качан,
Кыйанаттык кылбаган,
Элден болсун кыргызым,
Ак батасын ар качан,
Берген болсун кыргызым,

Кең Талас деген кандай жер,
Кең Манас баатыр өткөн жер,
Каныкей жашын төкөн жер,
Айүрөк басып кеткен жер,
Семетейдей баатырын,
Самачу жер турбайбы,
Кан Манастын жомогун,
Жаратчу жер турбайбы,
Кыраан кылган асманда,
Канаттуу жер турбайбы,
Алп акын өткөн нечени,
Санаттуу жер турбайбы,
Эсенаман ким болгон,

Акындарга пир болгон.
Чоңду менен Жеңижок,
Айтышканда сүр болгон,
Ар жагын карап отурсаң,
Эшманбеттей алп акын,
Токтогулдун жанында,
Төгүп айткан турбайбы.
Толкуган Талас жеринде,
Көлкүп айткан турбайбы.
Кең Таластын этеги,
Акындардын мекени.
Арал деген айылда,
Алымкул акын чыккан жер.
Атагы дүйнө уккан жер.
Акындарды чыгарган,
Кең Талас деген кутман жер.
Андан бери карасаң,
Эстекем менен Замирбек,
Ырдаган Талас турбайбы.
Ырлары менен кыргызды,
Сыйлаган Талас турбайбы.
Өнөрү менен байлыкты,
Жыйнаган Талас турбайбы.
Акыйкатты чындыкты,
Сүйгөн Талас турбайбы.
Кадыр баркын ар качан,
Билген Талас турбайбы.

**Баян:**

Ак комузум чабайын,
Кадырынды табайын,
Айкыра бербей кечке эле,

Аракет менен алайын.
Байке,
Автомат болуп төктүңүз,
Автомат болуп кеттиңиз,
Пулемот болуп төктүңүз,
Пулёмот болуп кеттиңиз,
Байке,
Серпилген кара каштардан,
Сендик болгон көз жакшы,
Алтымыш сапты батырдың,
Акылга сыяр сөз жакшы,
Кара булут каптаса,
Кайрылышаар дос жакшы,
Буйруксуз миң ок атканча,
Бутага тийген ок жакшы.
Аркы-терки тебилбей,
Аутка чыкпас топ жакшы,

Өнөрүмдүн баасын,
Калыстар баалап сезет деп,
Ырымды ырдап отурам,
Ырыстуу элге эсептеп,
Өтө эле шашып ырдаса,
Өмүрлөр өтүп кетет деп.
Өтө шашып ырдабайм
Өткөн жок ичим безектеп,
Акырын ырдай беремин
Ашыкпаган араба,
Коёнду кууп жетет дейт.

Ырдайлы анда аймакка,

Сиз айткандай кыргыздар,
Баратабыз кай жакка.
Тасмалы бар а бирок,
Кашыктуу болбой жатабыз.
Так чокуга орногон
Казыктуу болбой жатабыз,
Негедир азыктуу болбой жатабыз,
Манас, Манас деп кыйкырып,
Бирок, татыктуу болбой жатабыз.
Ыраазыны билбейбиз,
Арбагы Айкөлү  атабыз.
Түгөл кырып Кытайды,
Түтпөдү беле сан колго,
Кырылган сөөгү душмандын,
Жатпады беле ар жолдо,
Ойлонолу калайык эй,
Кайран Манас эмгеги.
Калбаса болду тар жолдо,

Байке, жаралгандан ааламга,
Ким келип, кимдер кеткен жок,
Кимдер куруп салтанат,
Кимдер жашын төккөн жок,
Жамандар келип кетишти,
Бирок, жашылы бүрдөп өскөн жок.
Жакшылар келип кетишти,
Бирок, жарыгы дале өчкөн жок.
Бирок, айтып коёрум,
Жаныңда жүрсө залкарлар,
Кыргызым аны сезген жок,
Койнуна кысып кучактап,
Колунан неге өпкөн жок,

Тагыраак айтып коёун,
Таланттар бар сандаган,
Кадырына жеткен жок,
Ай жылдар улам катарлап,
Ал ансайын сапар бат,
Көз жаштар кээде агуудa,
Дене бой чиркин талуудa,
Булбулдар үнү буулугуп,
Булбулдар дүйнө салуудa,
Күлкүсү ыйга айланып,
Күңүрт жайды жайланып,
Куудулдар дүйнө салуудa,
Комузу менен достошуп,
Комузу менен боздошуп,
Күүчүлөр дүйнө салуудa.
Аккёрдион менен ырдашкан,
Акёрдион менен ыйлашкан,
Алты күндүк жалган деп,
А дүйнөгө шыр баскан,
Ырчылар дүйнө салуудa.
Анттиң биз алардан алысбыз,
Биз аларга карызпыз,
Биз билбей эле калыппыз,
Таланттар калбайт түбөлүк,
Байке тагдыр экен бөлөкчө,
Биз аларга карызбыз,
Эрендерди эстейли,
Эки миллиард карызды
Эстегенден көрөкчө,

**Азамат:**

Сен араба болбо каралдым,
Сен араба болсоң артында,

Мен коён болуп каламбы,
Кол салбасын аталар,
Кой дейинчи балаңды.
Эми жаралганы өмүргө,
Жазылган экен чекебиз,
Мээнет кылсаң ар качан,
Максатыбызга жетебиз.
Аттарын айтып алардын,
Ардактап жүрүп өтөбүз.
Турмуш деген ошондой,
Түгөнбөсүн көчөбүз,
Аман болсок Баяным,
Бир күнү биз да кетебиз.

Эми кагылайын агайын,
Төгөрөгүңөр төп болсун,
Уул кызыңардын атагы,
Алыска чейин сөз болсун!
Кагылайын аталар,
Пенсияңар көп болсун!
Жаман нерсе дегенди,
Жактырбагыла аталар.
Жаман нерсеге ар качан,
Бак кылбагыла аталар.
Пенсияңар көбөйсө,
Апаларга чөнтөгүңөрдү,
Кактырбагыла аталар.
Айтышка дагы келеби,
Узак-узак жашаңар.
Жамандык деген болбосун,
Төбөңөр жетсин асманга,
Талас төрүндө бакыт ойносун!

## 2015-ЖЫЛЫ АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВДУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН МАМИЛБЕК ИСРАИЛОВДУН АЙТЫШЫ

**Мамилбек:**

Арбаңыздар ардактуу,
Айтышка келген агайын.
Арбагын сыйлап келген эл,
Ашымдай болгон аганын.
Таасирлүү элдер сыйлашат да,
Таасирлүү жандын баянын.
Айкөл кыргыз сыйлашат,
Асыл бир Ашым аганы.

Көсөмдөр Манас айтканда,
Көз салат Манас асманда.
Кайдыгер болбо кыргызым,
Касиет келе жатканда.
Ашыкем биринчи жазыптыр.
«Манастай» улуу дастанды.
Айкөл бир элим колдоп ал,
Акындар чыгып жатканда.

Ашыкем,
Ак кагаз алып кеп жазган,
«Айкөлүм Манас» деп жазган.
Термелеп канча кеп жазган,
«Теңирим Манас» деп жазган.
Артык бир адам турбайбы,
Ал акылы менен эс жактан.
Чечен чыгат чечендер,
Кыргыздан чыккан нечендер.
Ашымдай болгон агабыз,
Дүйнөгө келбеген экен бекерден.
Кадырлуу адамдар чыккан,
Ошо касиет барбы Шекерде.

Ардагым Азамат өнөгүм,
Алтыным менин бөбөгүм.
Илхомуң келсе ырдагын,
Кана алдыга учуп жөнөгүн.
Даанышман элдин уулусуң,
Даамыңды татып көрөйүн.
Көсөм бир кыргыз журтуна,
Канакей көрсөтчү балам өнөрүң.

**Азамат:**

Ассалоому алейкум,
Арбаңыздар агайын,
Абалтан улуу салт экен,
Амандык сурап алайын.
Ырларың бүтпөс казына,
Ырыс кут болгон башыңа,
Санаттын журту аманбы.
Шукшурулган асмандан,

Нур төгүп турган ак таңда,
Канаттын журту аманбы?
Жоргосун минип туйлаткан,
Жолборстор менен бир баскан.
Аргымак минип туйлаткан,
Арстандар менен бир баскан.
Аргымак минип ойногон,
Алланын өзү колдогон.
Күлүктү минип ойногон,
Кудайдын өзү колдогон,
Байыркы,
Манастын журту аманбы?

Калкым, бул кыргыз ким болгон,
Каймагың калкып үстүнөн,
Кара сөзгө пир болгон.
Өзгөчө айтса күн-түнү,
Өнөрүң элге  дүң болгон.
Акының айтса шаңданган,
Арстанбектен бери карай,
Карамолдо, Ыбырай,
Күүлөрүн чертсе жанданган.
Кыйкырып «Манас» айтканда,
Кыргыздарды мындай кой,
Кыйланын эли таңданган.
Кыргыздар улуу эл дешип,
Көргөндүн көзү жанданган.
Анда айбаттуу журтум аманбы,
Кайраттуу журтум аманбы,
Акынды көрсө жанданган.
Ааламды бүтүн чапчыган,

Ак калпак элдин оюу кең.
«Теңири Манас» башталып,
Тарыхты казсаң жолу кең.
Нечен алптар баткан көөнүнө,
Ак калпак элдин доору кең.
Кара күү чертсе токтолбой,
Кылдарын терсе колу кең.
Каймактуу кыргыз жанында,
Байрактуу кыргыз жанында,
Бул каяктан келген шоумен.

Эми алакан чаап колдойлу,
Калкым Азамат, Мамил баланы,
Коштогон менин көөнүмдү,
Комуз дейт улуу жарак эй.
Каймактуу сөздүн жанында,
Каяктан келген нананей.
Кор кылба улуу комузду,
Коздоп чыгар добушту.
Анткени,
Өнөрүң менен сырдашып,
Өтсөң боло жанагы.
Эшмамбет менен Токтогул,
Эргиген улуу кайрыкта,
Төксөң боло жанагы,
Ак калпак элдин абалкы,
Асылын айтып сабала.
Өнөргө кыргыз абалтан,
Жакынын айтып сабала.
Кан Манастай абалкы,
Баатырын айтып сабала.

Ак калпак элдин ыр менен,
Өскөнүн айтып сабала.
Тарыхта кыргыз тереңге,
Кеткенин айтып сабала.
Жусуп Баласагындын,
Кептерин айтып сабала.
Болбосо,
Кыйладан бери айтылган,
Дастанын айтып сабала.
Болбосо Ашым атамдын,
Ала-Тоодой чоң эмгек,
Жазганын айтып сабала.
Күч кубат берсин жаныңдан,
Азаматтай балага.

Илгерки обонун салып акындын,
Сен дастанын айтып ырдагын,
Кайрыгың улуу тарыхта,
Каттарын айтып ырдагын.
Кыргыз элиң шер болгон,
Кайкалашып улуу тоо,
Басканын айтып ырдагын.
Болбосо элдин кайгы-муң,
Даттарын айтып ырдагын.
Четинен кесип жерлерин,
Сатканын айтып ырдагын.
Кымбаттуу улуу өнөргө,
Кыянаттык кылбагын.
Айтыш деген ошондой,
Агам деп бирок сыйладым.
Айтып ырда кыргызга,

Кайгы менен муңдарын.
Ошентип ырдап отурсак,
Ак калпак кыргыз эл колдойт,
Акын чыккан уулдарын.
Осмонкул менен Калыктын,
Ысмайыл, Токтонаалынын
Артында калган муундарын.
Бул деген улуу өнөр да,
Ашыраалы, Тууганбай,
Эстебестей алптардан,
Уланып келген мурас да.
Алардын ар бир сөздөрү,
Ак калпак элге кубат да.
Бир обондорго ыр кылып,
Бул жерде ойноп турсак уят да.

**Мамилбек:**

Азамат иним башкарма,
Агаңды бүгүн башкарба.
Андан көрө Азаматым,
Абайлап бүгүн сактан да.
Ийгилик гүлү тил эмес,
Илхомум карамап жатканда.
Казактын обонун салчысың,
Сен да айтыш баштаарда.
Эмине болду Мамил деп,
Чочуба иним чочуба.
Сахнада экөөбүз чыктык,
Бир болушуп кошуна.
Жаркылдап жүргөн убагың,
Жаштыктын күйүп отуна,
Сезимге изди калтырсын,

Сен айткан философия.
Арман жок эки дүйнөдө,
Ашымдын чыксам тоосуна.

Жаңсасам элге жагаармын,
Учуру болот абалдын.
Атасын башкарган сымал,
Көп айттың канча баянды.
Баласындай көрүнөсүң,
Акыркы ошол замандын.
Ак калпак журтум колдосо,
Бүгүн ачылып барат караңгым.

Айтпаймын кепти бекерден,
Айкөлдөр чыккан эзелтен.
Касиет бар го калың журт,
Шерлер чыкты Шекерден.
Намысын элден талашсам,
Кечиргин журтум адашсам.
Урпагы болом кыргыздын,
Урпагы менмин Манастан.
Азамат мени коркутат,
Өзүң ырда адашпай.

**Азамат:**

Ашыке деген зор чоку,
Учтары тийген асманга,
Ар бир сөзү Ашыкеңдин,
Айланган экен дастанга.
«Теңири Манас» дем берет,
Термелген биздей жаштарга.
Анан айтышка келип бүгүн сиз,

Ар обонго салдың го.
Айтканыман кайтпаймын,
Ар жагына тайдың го.
Алдагындай дем менен,
Ашыкең чыккан чокуга,
Чыга албай деле калдың го.

Ой мен Осмонкул, Калык,
Алымкул обонуна саламын,
Жансерке деген устанын,
Маке, жарагына саламын.
Кээде кашайтып туруп,
Казактын кадамына саламын.
Алардын дагы бир кезде,
Баянына саламын.
Айтор зор бакыттай элди,
Кыргыздын кабагына саламын.
Эл батасын берип колдосо,
Жамалына саламын.
Мен баласы болом артында,
Эстебес деген акындын.
Аялсыз тапкан уулумун,
Ашыраалы, Тууганбай,
Ак таңдай ырчы асылдын.
Казак кыргызга бир ырдап,
Ошо улуулардын мурасын,
Элге айтып эй жатырмын.
Кашымдагы улуу журт,
Төргө айтып жатырмын.
Кагылайын агайын,
Акын деген ошондой,

Ак калпак элге таң ашат.
Кыргыздын келип алдына,
Кызыл тилди сабасак.
Биз элден чыккан уулбуз,
Кандай ырдайбыз кааласак.
Ырыскелди ага каякта,
Жогорку кеңеш атынан,
Бир маселеге чакырам.
Ошол нерсе кетпей тур,
Ыраке акындардын башынан.
Ашыке деген кыргызга,
Түгөнбөй турган казынаң.
Бишкекте
Кулматов деген мэр бар дейт.
Анда санда көрөбүз,
Кулматов деген шер бар дейт.
Анда санда төгөбүз,
Бир аны Жогорку Кеңеш,
Төрүнө чакырсаңар болбойбу.
Куке кандай иштеп турсуң деп,
Таластыкча бакырсаңар болбойбу.
Жүз жыйырмасы бириги,
Жумулган кол сыяктуу,
Бир асылсаңар болбойбу.
Өмүр деген токтолбой,
Ыраке, өлчөөсү өтүп баратат.
Ашым Жакыпбековдун атында,
Борбордо бир көчө турса жарашат.

Шекердин улуу дайыны,
Айтматов Чыңгыз айткандай,

Айылынан башталып,
Ааламга кетти жарыгы.
Ашымдай болгон атанын,
Так ошол Шекерден башталып,
Теңирге кетти арымы.
Капардай болгон уулуң бар,
Бүтүндөй Союз тааныган.
Жалаң шерлер чыгат турбайбы,
Шекерликтердин канынан.
Ал андыктан кыргызым,
Өнөрдү сыйлап ар качан,
Өбөк болуп жүрөлү,
Бирибизге бирибиз,
Көмөк болуп жүрөлү.
Улуу кыргыз журтубуз,
Бирибизге бирибиз
Жөлөк болуп жүрөлү.
Оомат келсин кыргызга.
Оорубасын жүрөгү!

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН 130 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН КУБАТ ТУКЕШЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Ак калпак кыргыз калкыбыз,
Акыны менен мактанып.
Көрөңгөлүү өнөрдүн,
Азыр жүрөгүнүн төрүндө.
Ыр байлыгы сакталып,
Ыр менен жаша өмүрдө.
Ырыскысы кыргыздын,
Батып турсун көөнүндө.
Жакшы менен жанашкын,
Жаман жерге көрүнбө.
Ырчы кылып жараткан,
Ыраазымын Теңирге!
Жаштар чыксын ылайым,
Жаралган кыргыз элиме.
Аргымак чыкса жеринде,
Азамат кайра кемибе.
Ак бата алгын кыргыздан,
Куру сөзгө семирбе,

Курбу-курдаш агайын
Кубаныч менен бир болгун.
Ортосунда кыргыздын,
Ачылып турган гүл болгун.
Душман келсе жериңе,
Кылыч кармар шер болгун.
Барган жерге сый болгун,
Батасын алып, нур болгун.
Ак калпак кыргыз элибиз,
Ардактап жүргөн уул болгун!

Нуру болгун жарыктын,
Сыйы болгун Калыктын.
Чыркырап турган кезинде,
Чыны болгун калыптын.

**Кубат:**

Буюруп койду бир алла,
Безип келдик да финалга.
Жылдызбек агам айткандай,
Мен чыктым окшойт финалга.
Керегем сага айтам дечү эле,
Келгин, байке сен ук анда.
Ак калпак кыргыз эл турса,
Кызматты кылсак биз анда.
Кыргыз деген карачы,
Кызматты кылсак, жер үчүн.
Ар бир айткан сөздөрүң,
Шакиртке керек эмеспи.
Айкөлдүк кылып жүрөсүз,
Көпүрө болоюн сиз үчүн.
Байке, айкөл акын аталдың,

Чуркап бир чыккын финалга.
Мен колдоймун сиз үчүн,
Колдосун дейм бир алла.
Жана акындар айткандай,
Кыргызымдын ак дилин
Сактагандай болоюн.
Акыйкат сөзүн ылайым,
Жаттагандай болоюн.
Болбосо кыргыз калкымды,
Мактагандай болоюн.
Сиздей болгон устатты,
Даңктагандай болоюн.
Ак бата бердиң устатым,
Батаңды актагандай болоюн.

**Азамат:**

Байкеңерди көрсөңөр,
Батчу болдуңар кыялга.
Чечилбейт азыр тагдырың,
Анткени чейрек финал да.
Канча келдим айтышка,
Капа кылган жокмунбу?
Көрөңгөлүү инимсиң,
Мен көөдөнүмдөн токмунбу?
Элдин көөнүнө кызыксам,
Экөөбүз жанаша күйгөн отмунбу?
Сом сураса тараткан
Же эмне? Сорос фондмунбу?
Кагылайын агайын,
Балкып турган чагыңар.
Батаңарды жүрөктөн,
Айтып жүргөн чагыңар.

Арабасын айтыштын,
Тартып жүргөн чагыңар.
Токтогулдун өнөрүн,
Толкуткан акын боло көр.
Душман келсе жериңе,
Коркуткан акын боло көр.
Улуулар чыкса алдыңдан,
Жол сунган акын боло көр.
Кичүүлөр чыкса алдыңдан,
Кол сунган акын боло көр.
Акылын сурап баарынан,
Ой сунган акын боло көр.
Улууларга ар качан,
Умтулган акын боло көр.
Ырыскы менен бакытка,
Жулкунган акын боло көр.
Буура сындуу жанагы,
Булкунган акын боло көр.
Улуу кыргыз кылкына,
Умтулган акын боло көр!

Сен жеринен чыктың саяктын,
Сен элинен чыктың Калыктын.
Алыс жолун баса көр,
Акындык деген багыттын.
Ырыстуу кыргыз калкына,
Ырларың менен жарыксың.
Баардык кыргыз элине,
Батасын алып каныктың.
Тулпар болгун кыргызга,
Эл-журтуң така какканда.

Шумкар болгун кыргызга,
Уча турган асманга.
Сен нуру болгун кыргызга,
Жаркырап турган асманда.
Жарыгы болгун кыргызга.

**Кубат:**

Мен,
Байгени сураган жерим жок эле,
Байке, сурайт деп айта көрбөгүн.
Мен тилеймин, кудайдан,
Улуулардын өрнөгүн.
Азыр, байкем кеп салды,
Силерге, байге бергидей
Сорос фондмунбу деп салды.
Сизге берем баамды,
Акылдан бүткөн ойчусуң.
Эл алдына чыкканда,
Казакча ырдап койчусуң.
Жаштарга бергин ордуңду,
Эл үчүн кылган болчусуң.

Ал эми кагылайын агабыз,
Коргоолдун бүгүн тоюнда.
Филармониянын боюнда,
Акындар ырдап карачы.
Коргоолдой  атабыз,
Ниязаалы менен ырдашкан.
Комуздун боюн тырмашкан.
Кыргызыңды мындай кой,
Казак,өзбектин баары тыңдашкан.
Аларды уккан кезинде,

Калайык калкым жыргашкан.
Коргоолдой атабыз,
Ырас, калкым Калыктай.
Кагылайын агабыз,
Кээде казакча ырдай каласың,
Кээде кыргызча ырдайсыз.
Аныңа таң калып турат эл деле.
Бүгүн кыргызча ырдап чыктыңыз,
Мунун да сыры эмнеде?

**Азамат:**

Ачыгын айтсам жан иним,
Элдин көөнүн ачасың.
Сөөлөтүң бар көөнүңдө,
Сөздүн көөнүн ачасың.
Тамашалап ырдадың,
Бирок, намек кылып жатасың.
Булар кубантайын деп жатат,
Жанагы эгиз кыздын атасын.
Айтор, эсен кылсын өзүңдөй,
Кыргыздын бала-чакасын.
Кагылайын Кубатым,
Тилиңде болсун кубатың.
Улаган бала боло көр,
Улантып кыргыз мурасын.
Саткап жүргүн ар дайым,
Кыргыздын намыс уятын.
Ошондо кыргыз элиңдин,
Бийигине да чыгасың.
Калкыңдын келип көөнүнө,
Калк көңүлүн бурасын.
Эми кагылайын агайын,

Калкыбыз кыргыз жеринде.
Ашыраалы, Тууганбай,
Эстебестей да атанын.
Улап келген сапарын,
Менин да келет элимде.
Ырларым менен жашагым.
Ак калпак кыргыз элимдин,
Узак кылсын сапарын.
Кан Манастын тукуму,
Салттуу кыргыз бар болсун!
Улууларын сыйлаган,
Нарктуу кыргыз бар болсун!
Өлсө да намыс бербеген,
Даңктуу кыргыз бар болсун!
Барган жерде кадыры,
Барктуу кыргыз бар болсун!
Хан Манастын тукуму,
Болгон кыргыз бололу!.
Купулуна дүйнөнүн,
Толгон кыргыз бололу!
Ак калпак кыргыз элимди,
Абыдан коюп жогору.
Айтыла берсин кыргыздын,
Абалтан келген жомогу,
Токтогул менен Эшмамбет
Толкуган элдин пири эле.
Эшмамбет деген ким эле,
Ээрчип ырдап жүрөлү.
Ысмайлы, Токтонаалыны,
Ырыстуу кыргыз элибиз
Ырлары менен тааныды,

Коргоолдой болгон атанын,
Комузун алса колуна.
Элине тийген жарыгы,
Сагымбай менен Саякбай.
Сабалап айткан Манасты,
Карамолдо, Ыбырай
Калдайган журтту каратты.
Ошолордун баардыгы,
Ооматын элдин жаратты
Эми саясат деген саясат,
Өз жолу менен барса экен,
Акындары кыргыздын
Ак батасын алса экен.
Кагылайын кыргызым,
Касиетсиз нерсени,
Качан да болсо көрбөгүн.
Өнөрдү бийик баалаган,
Өлбөгүн, кыргызым өлбөгүн!

**Кубат:**

Жакшы айттың байке, кебиңди.
Табайын бүгүн эбиңди.
Сизге болгон сыйымды,
Өмүрүм менен теңейин.
Сизге болгон сыйымды,
Көңүлүм менен ченейин.
Таза эле төлөй албасам,
Жумгалдан чыккан баламын,
Көмүрүм менен берейин.
Акындык деген өнөрүм,
Ар дайым турсун кутулбай.
Акындар чыкса ыр ырдап,

Калайык кылкым карчы,
Шаттанып турган убагы.
Кубат да силердин балаңар,
Сүрдөнүп жаткан убагы.
Ак калпак кыргыз калкыбыз,
Күүлөнүп жаткан убагы.
Ал эми Азаматтай байкебиз,
Бизди колдоп жаткан убагы.
Кагылайын, байкебиз,
Артынан чыккан шакирттин
Жолдоп бир турган убагы.
Эртеден бери уктуңар,
Болушун ырдап салдым да,
Ашыраалы, Тууганбай
Эстебестей атамды.
Көрбөй калган жанмын да,
Көргөнүмдү мындай кой,
Колун да кыспай калдым да.
Бирок, атамдын жогун жоктотпос,
Азамат байкем бар мында!
Тууганбай, Ашыраалы атамдан,
Ала албай калган сабакты,
Азамат байкемден алдым да.
Ошондуктан байкебиз,
Ушундай жерге келгенде
Өзүң менен бир чыксам,
Темирден өткүр бекенмин?
Ашыраалынын шакирти,
Сизди көрүп калганга
Бактылуу жигит экенмин!

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН 130 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Көпчүлүккө кайрадан салам айтам,
Көөдөнүндө көрөңгө курап барган.
Эл алдына чыкканда агайын журт,
Эң биринчи жигитке уят балбан.
Акындар кайра чыкты алдыңарга,
Ак батасын элинин сурап-жанган.
Көп комузду албасам капталыма,
Көмөлөтүп кетчүдөй чунак балдар.

Ырыскысы таалайдын кут болот дейт,
Бул өмүрдө жанашып жуп болот дейт.
Чын дүйнө жалган дүйнө, Баян иним,
Экөө бирдей, жанашып, куш болот дейт.
Бирөөсү тирүүлүктө жалган дүйнө,
Бирөөсү чын дүйнөгө барган дүйнө.
Эки  комуз алганым дүйнөм экен.
Өмүр өтүп жатпайбы кайран дүйнө!

Баян болгун баяның элге айтылып,
Бал сөз менен элиңе балкып келген.
Акынысың сен дагы кыргызымдын,
Арабасын өнөрдүн тартып келген.
Эңкейбегин, жүгүнбө душмандарга,
Элдин жүгүн моюнуңа артып келгин.
Баласын кыргыздардын арасында,
Акчасы көп байлардан артык көргөн.
Сен дагы элдин уулу атала көр,
Элдин жүгүн күч менен тартып келген.
Баян иним ырыңды баштай бергин,
Өнөрүңдөн финалга катып келген.

**Баян:**

Булгабаймын бул күнү,
Казак менен  орусту.
Гүлзарлуу ырга айлантам,
Гүлүстан кыргыз конушту.
Артка таштап койбоймун,
Акыйкат деген нерсени,
Казактын да салып обонун,
Кыйнадың кыргыз комузду.
Жакшылыктын баарысы,
Элде болсо эмине.
Ар бир кыргыз билгени,
Терме болсо эмине?
Мусулман болгон кыргызда,
Келме болсо эмине?
Акындардын жүргөнү,
Төрдө болсо эмине?
Акмактардын жүргөнү
Көрдө болсо эмине?

Казактын да ырын ырдабай,
Карагайлуу комузум
Ак бакайды чертмекмин,
Менде бир болсо эмине?
Кайрып чертмек экенмин,
Байке менде болсо эмине?
Айтсам деймин, албетте
Ак шекер менен балынан.
Мен жанашкамын комузга,
Кенедей бала чагыман.
Бирок улуулар чыкчу байгеге,
Уялып жатам абыдан.

Куш келдиң байке өнөккө,
Туш келген жоксуң бөлөккө.
Атпай кыргыз журт үчүн,
Жанымды берем белекке.
Жүрөктөр дагы башкача,
Жүйөлүү сөздөн козгойт го.
Маселелер бул күнү,
Маарага барып токтойт го.
Ар бир акын чыгышып,
Алымдуу кептен чоктойт го.
Ыр менен башталган өмүр,
Ыр менен бүтөт окшойт го.

Ар бир кыргыз тууганым,
Эч убакта муңайба.
Күлкүнү дайым жүгүрткүн.
Жылмаюу болсун чырайда,
Сен Ала-Тоолук кыргызсың.

Ушуга гана мактангын,
Шүгүр кыл, калкым кудайга.
Дүйнөдө ар кыл пенде бар,
Мусулманда келме бар.
Кыргыздарда терме бар.
Акылга салчы бай аке,
Каалаган ойдо эмне бар?

**Азамат:**

Баш салып турган кезиң намысыңа,
Баштасаң ыйман-ырыс тилешербиз.
Айтышсаң айтышарбыз, а чынында,
Айтыштын маселесин сүрөшөрбүз.
Кайдагы казактардын обону дейт,
Казактардын тууганы биз экенбиз.
Агаңды уят кылып кубалайсың,
Антсең сен алыс жолго чыга албайсың.
Азаматка уялсаң Баян иним,
Башчылар орусча айтса уялбайсың.
Сен менин карабагын абаныма,
Сен менин карай көргүн абалыма.
Суктанып кыргыз элиң турган кезде,
Суктанып мен турамын караанына.
Мен сага агалык жолум берем,
Медер тутуп жүрөккө салып берем.
Жаркыган асман болсоң шоола чачкан
Жаныңда жылдыз болуп жанып келем.
Каркыраны казакка кетип калган,
Казактын обонун мен алып келем.
Ал эми ал жагына токтолбойлу,
Уялганга көп нерсе табылат да.
Уулубуз  кыргыздарды намыс туткан,

Уятына Азамат багынат да.
Акындар бири-бирин сыйлабайт деп,
Алдыда турган элим кагынат да.
Уялгын Баян иним көрүшкөндө,
Депутаттар урушуп-сөгүшкөндө.
Уялгын Баян иним кашымдагы,
Казынасын чоңдоруң бөлүшкөндө.
Уялгын Баян иним, акимдериң,
Эл ырысын калтырбай жеп-ичкенде.
Уялба Азаматтай агаң менен,
Айтыштын финалына келишкенге!

**Баян:**

Кыргыздар турат асманда,
Жарыгынан өчпөйлү.
Жароокер акын болгонго
Жамалыңды төкпөйлү.
Балабыз казак болчу деп,
Баарыбыз казак болуп кетпейли.
Байке саясат деген термеңе,
Сароолуу тартам мен деле.
Саясат деген ыр болсо,
Кускум бир келет эмнеге?

Бүгүн сөздүн бардыгы,
Жаштык болуп жатабы?
Кыргыз бири-бирине тууган,
Кастык болуп жатабы?
Саясатты токтотом,
Артымда Коргоол атабыз,
Аздык болуп жатабы?
Мен сага кантип таарынам,

Ак пейилиңе багынам.
Чындыкты айтып ырдасаң,
Чыккым келбейт жаныңан.
Сөөлөтүн сөздүн тандаган,
Сонун байкесиз абыдан.
Бирок, бул маселе мен эмес,
Чындык улуу баарыдан!

Кан Манас бийик көркү эле,
Касташкан жоонун баарысын
Камырдай жуурар өрт эле.
Азыр Манас атанын жогунан,
Башкача мүнөз күттүк, эркелеп.
Калтырып кетчи биз үчүн,
Каралдым  ай кыргыз
Эсиңе эле келчи эртерээк.

Ак пейил адам билемин,
Жан-дүйнөсүн ак таңдайт.
Кыргызстанды көрдүңөр,
Кимдер гана башкарбайт.
Байке, бул байгени ала бериңиз,
Мурда да  көп-көп  алгансыз,
Артык дөөлөт баш жарбайт.

**Азамат:**

Кайра-кайра казак деп какшанасын,
Жалгыз эле калдым деп мактанасың.
Нак кыргыздын тилинде ырдап жатам,
Казак деп бул агаңды башкарасың.
Баяным айтканыма көнүш керек,
А түгүл англисче төгүш керек.

Кыргыздын кыйындыгын казак эмес,
Миң Кытай, АКШ да көрүш керек.
Ал ырас, казак бизди кыйнап жатат,
Кыйноосун да бирөөнүн көрүш керек.
Казактарды женгенден алгач иним,
Көөдөндөгү намысты жеңиш керек.
Ал бирок ынтымакты, биримдикти,
Элге айтып ыр кылып бериш керек.
Эл ырысын эркелеп көрүш керек,
Эл бөлгөндөр намыстан өлүш керек!

Ал эми саясаттын майданында,
Сасык иштер болот деп таңдайыңда.
Болгону чындык сөздү биз ырдайлы,
Мен дагы саясатка барбадым да.
Акыйкатты туу туткан Коргоол акын
Ыраазы болсоң экен арбагында.
Батасын алып калгын агаң барда,
Саламын алып калгын агаң барда.
Саясатты ырдайм деп чындык үчүн,
Токтогулдай атаң да камалган да!

Коргоол акын Кетмен-Төбө жериндеги,
Кыргыздын ордосу төрүндөгү,
Урматтап атабызды жаткан күнү.
Уюган алтын болсун элиндеги
Эң таза кыргыздын суусуна,
Энемден туулганда жуулганмын.
Алп Манастын эрдигинен кайрат алып,
Ала-тоонун кеңдигинен туулганмын.

**Баян:**

Комуздун кылын терейин,
Кооздоп ырдап берейин.
Кыябын айттың сөздөрдүн,
Байке,кытыгылап көрөйүн.
Атайын элге келген соң,
Акындыкты кантип ченейин.
Айтыш фонддо башчысың,
Айтканыңа көнөйүн.
Байке, эмкиде англисче жаттап келейин.
Кыябын ырдын терейин,
Кызытып ырдап келейин.
Кытайлар көп кыргызда,
Байке, кытайча жаттап келейин.
Эми, агамдын жолдоюн жетегин,
Умсунуп издеп кайра эле,
Унутуп калбайм, байгени.
Байке кырааны болуп жүрө бер
Кыргыздын чыгаан айкөлү.
Чындык деп согуп жүргөнгө,
Жүрөктүн жакшы пайдасы.
Кыргызга кызмат кылганга,
Билектин жакшы пайдасы.
Алла деп колун сунганга,
Тилектин жакшы пайдасы.
Акыйкатты көргөнгө,
Көздүн жакшы пайдасы.
Ак тилекти айтканга,
Сөздүн жакшы пайдасы.
Уялып да турганга,
Беттин жакшы пайдасы.

Жакшынын жакшы пайдасы,
Жамандын бүтпөйт
Алаканды чапкандар,
Амантай агам айткандай
Айта түш деп жаткандар.
Кош колун бизге чапкандар,
Кошо түш деп жаткандар.
Ушинтип мактап койсоңор,
Ырдай берет жаш балдар.
Өнөргө дайым мас балдар.
Байке, дайым ээрчиймин
Байкем кандай басат деп
Мен санай берем эсебин.
Таарына бербе бай аке,
Тийшип койсо чечегиң.
Бирок кыргыз болгон жүрөктө,
Казак кылып эч убакта
Алмаштыра албайт экенмин!

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН 130 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН ЖЫЛДЫЗБЕК ТӨРӨКАНОВДУН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Калкымдын улуу байлыгы,
Казалын элдин сайраган.
Айтышын угуп, маңдайда,
Ак калпак кыргыз калбаган.
Аргымак болчу тапталган,
Агасын ээрчип, калбаган.
Торгой акын Токтогул,
Коргоол акын кармаган.
Урматын кылып абалкы,
Улуусун кичүү жандаган.
Алакан чаап тосуп ал,
Акындар чыкты кайрадан.
Ырыскың болсун өнөрүң,
Ырларың менен таң ашып.
Өкүмүн сүйлө сөздөрдүн,
Кээде Өкмөттү жадатып.
Улуту кыргыз калкыңды,

Учар бала талпынды.
Турмушту
Тутаар бала талпынды.
Күрдөөлдү бала эсен бол,
Күмүшпү же алтынбы?
Өнөрүң менен бир болуп,
Өйдө карма баркыңды.
Өбөктөгөн турмушта,
Өнөр сүйгөн жансыңбы?
Элиң менен бир болуп,
Эл билип турсун даңкыңды.
Чындыкты айтсаң баарыдан,
Нак кыргыздын баласы
Чындыкты айтып ырдашат.
Кыргызга келген душманды,
Учагына мингизип,
Өз мекенине таратат.
Ошондойлор бар бекен,
Акынды качан камашат?

**Жылдызбек:**

Күлүктөр жети дубандан,
Күчтөнүп келди чубалган.
Сай күлүккө туш болдум,
Сактай көр, кудай ылаңдан.
Табы  келген кезинде,
Тай деле озот кунандан.
Керемет кеп бар оозумда,
Кем калмак белем булардан.
Азамат байкем туш келди,
Апкаарып бир аз турамын.
Ушу күн мага чын арман!

Албетте ага билесиз,
Айтылуу элге чыгармам.
Азамат байкем билесиз,
Өнөрдүн бийигине чыга алган.
Агабызды көргөндө,
Жаштардын күчү чыңалган.
Сазына бизди сактабай,
Сактасын сизди жамандан.

Чын сөздү айта кетейин,
Чындык сөз бар экен дилиңде.
Сизге каяша сөз кыла албайм,
Тикен чыкса да тилиме.
Анан Өкмөт жакты айттыңыз,
Сизди колдойм чынында,
Айдалсам дагы Сибирге!

Далайларды жеңдиңиз,
Айтышам деген балдардын,
Сазайын колго бердиңиз.
Өткөндү айта кетейин,
Ошого жетет эркибиз.
Байлыкка мен кызыкпайм,
Мага берсең жетет батаңды!

**Азамат:**

Айтышка чыккан балдардын,
Булчуңу толуп калса эле,
Байге алат турбайбы!
Башыңа бакыт айланды,
Батаңды бер дегенде.
Эмгек керек чынында,

Эл ысымы тереңде.
Өпкөлөнбө башкага,
Өнөрүң барда көөдөндө.
Маңдайга келген байгени,
Кайра-кайра бергидей
Азамат
Соц. фондбу же эмне?

Айтыш, айтыш чынында,
Ак батасын берет да.
Агасынан иниси,
Айтышканга өнөк да.
Акыл сөздү ырдайын,
Айтыш деген бөлөк да!
Мааниси менен кыргыздын,
Маселесин чечет да.
Акын бойдон жүрө бер,
Сен акындардын жоргосу.
Мен болоюн балдардын,
Бата берчү молдосу.
Кагылайын Жылдызбек,
Берсе, берип деле коюмун.
Берешен акын боломун.
Айласын таппай мен эми,
Акындык жагын ырдайын.
Кызыгып турсаң байгеге,
Кыянаттык кылбайын.
Ал жагынан арданба,
Даамын таткан балдарга,
Даңкты берсин аларга.
Азыр

Эртеек болуп калбайбы,
Берейин ошол байгеңди,
Финал жакка барганда.

**Жылдызбек:**

Берсемби-бербесемби деп,
Араң бердиң батаңды.
Аянып жатсаң байке,
Акындын
Арбымак беле катары.
Тамаша болсун бул кебим,
Тамаша сөздөн бир айтып,
Кабагын элдин жазалы.
Байкеме түштүм дегенде,
Калтырап турат бүт денем.
Талантым эгер жок болсо,
Чыгарам кантип күч менен?
Орошон талант болсун деп,
Оозангам аппак сүт менен.
Албетте сизге жуп болдум,
Карай берип тизмеден.

Анан Коргоол атабыз,
Комузу болуп колунда.
Кыйкырып ырдап келипир,
Кыргыз эл болуп оюнда.
Карачы, ырдаса да калды,
Сакталып, тээтиги өзөн боюнда.
Көбүрүп ырды айта албайм,
Байке көп нерсе бар оюмда.
Албетте Коргоол атамдын,
Ырдаш керек турбайбы,

Ушундай сонун тоюнда!
Жолборс баккан агамдын,
Жоругу калган жолунда.
Тамшандырган таланттын,
Таттуусундай шекердин.
Аракет кылсаң талпынып,
Артыңан кууп жетермин.
Канча ырдап кетсем да,
Каяша кылып бул жерде
Кантип ырдап кетермин?
Эгерде элдин азыр тушунда,
Сизге байке, тийишсем,
Акын эмес бекенмин?
Аргымак акын болот деп,
Ашыраалы атам жактырган.
Эң сонун акын болот деп,
Эстебес атам жактырган.
Теңирим талант бактырган.
Тегиздеп анан тапшырган.
Тулпар болчу акын деп,
Тууганбай атам жактырган.

**Азамат:**

Ата дейсиң бир туруп,
Ага дейсиң бир туруп.
Айтсаң боло тагыраак.
Аргымактар буюрса,
Дүбүртү чыгып кыргызга,
Ат туягы жаңырат.
Көргөндө сага белегим,
Көөдөндөгү элегим.
Элжиретип иниси

Эки ооз сөз айтса, багынат.
Айткан сөздүн баардыгын,
Айтуу керек жаңылап.
Акын деген ошентип,
Ак калпак элге дем берет.
Акындар келген экен деп,
Ак калпак кыргыз термелет.
Бирөө өкүл ата кылып алышса,
Бирөө байгени тартып алышса.
Жакында булар туугандар,
Мени банкрот кылат өңдөнөт!

## 2016-ЖЫЛЫ II БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН АЛКАГЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН Х ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## АЙТПАЙ ЖУМАГУЛОВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Айтпай:**

Алла деп Кыргызстанга кадам бастык,
Бир тууган баурлар мен араластык.
Кыргыз-казак бир тууган деген сөз бар,
Эки ортодо орногон адал достык.
Кыргыздарга куттуу болсун айтабыз деп,
Ала-Тоо Кордай деген оодан астык.
Болбогон арабызда ала мысык,
Орногон ортобузда адал достук.
Көрчү акысы дейди го тау аркасы
Калыстар кыла койбос мага кастык.
Ассалому алейкум кыргыз  эли,
Ак көңүл пейил менен амандаштык.
Көлдөрү ысык болсо кыргыздардын,
Көңүлү куунактарга андан да ыстык
Төрүндө Кырчын жайлоо жыр арнадым,

Жасасын бай акелер деп ураандадым,
Дүнүйө жүзү көчмөндөр оюндары,
Башталды мына бүгүн думандарын.
Элүү үч мамлекеттен келди конок,
Күбө болп отырсыңдар буган дагы.
Эл аралык айтышты эстегенде,
Тулпардай топту көрүп тура албадым.
Эгемендик ол алланын үлкен сыйы,
Баяндуу болсун башка конгон багым.
Дүнүйө жүзүн жаткан дүңгүрөтүп
Тойлорун куттуу болсун туугандарым.

Көгөрөөр акын элдин алкысы мен,
Эч кайда бара албайтын каргышы мен
Болгонбаев Азамат Айтыш фондду
Алдыга жетеледи нар күчү менен.
Мурунку экстөрага касымдагы,
Айтышып отурганым жок жай киши мен.

Кыргыздын төрүнө эми чыккан кезде,
Жолуктум кыргыздын калк артиси мен.
Осулдай жолуктум го Азамат менен,
Ичиндеги акындардын казанат менен.
Төрүнө конок болуп келгенден соң,
Карсыласка катуу сөз айтпайт казак ат мен.
Урушта туруш жок деген сөз бар,
Эгем мен көрөйүнчү мазалайт бекен.

**Азамат:**

Айкөл Манас тукуму,
Арыба кыргыз калкыбыз!
Кыйырлар менен жарышып,

Биздин кылымда жатат даңкыбыз.
Баянын айтып Манастын,
Кыргыздар, бабанын кебин салчубуз.
Теминип күлүк мингенбиз,
Тереңде жатат артыбыз.
Конокторун сыйламак, агайын
Кылымдан берки салтыбыз.
Акындар ырдап бергенге,
Ак калпак кыргыз жашарган
Кырк чоросун ээрчитип,
Бир кезде,
Кыргыздар келген сапардан.
Батасын алган элбиз биз
Бабабыз Бакай атамдан
Кыраань болуп дүйнөнүн
Кыргыздар гана атанган
Бир боорум келген экен деп
Кашыңа келип сайрасам
Ак калпак кыргыз демиң бар,
Ошонун асабасын да сыйласам.
Акындар кантип ырдасын,
Калкым алакан чаап турбасаң.

Ой Айтбай, микрофонум өчсө да,
Кыргыздын деми өчпөсүн.
Кыргыздар жылдыздарга жанашкан,
Кыргыз жылдыздар сымал көктөсүн!
Бассак да чаңын жолдордун,
Башыңдан бакыт кетпесин.
Оой боорум казагым
Букар Жырау, Жамбылдан

Сенин уланып келет казалың
Ары жагында Костанай
Караганда бери жагын,
Айтыке, элиң аман жатабы?
Алматы деген бул жакта
Төрүң аман жатабы?
Нур акедей башкарган,
Айтыке, эриң аман жатабы?
Жамбылдан калган баягы
Ырың аман жатабы?
Кыргызга келип ырдаган
Сыйың аман жатабы?
Кыргыздардан ашыгып,
Чек арасын курчаган
Зымың аман жатабы?

**Айтпай:**

Акындарым алдыңда жооп тур гой,
Алдыбызда максат менен багып тур гой,
Асмандан жамгыр жаап Кырчын жайлооңо,
Дебеймин көрөрманга коон тур гой.
Эгемендик тоюнда кыргыздарга,
Алланын нуру бүгүн жаап тур гой.

Азаматтын карасам тиреги көп,
Чек ара жайламаганда берээри көп.
Оның ырас чек арага келген кезде,
Документиң текшерээр кедерги көп.

Кыргыз казак бир тууган эледен гой
Мына бизге чек ара кереги жок
Той болгон соң арийне,
Ташуу керек арийне.

Жамгыр жаап арийне,
Чаңды жердин бетинде,
Басуу керек арийне,
Чек араны жаппайбыз,
Жапкан жаман адаттан,
Качуу керек арийне.
Кыргыз-казак тууган да,
Чек араны менимче,
Ачуу керек арийне.

Бул жайлоону кыргыздар Кырчын дейди,
Казактарды эң жакын  көрчүм дейди.
Көчмөндөр оюнунда айтыс кылдың,
Шырайыда айтыш менен кирсин дейди.

Кыргыздардын колунда нан болсо эгер,
Эң алды менен казакка бөлсүн дейли.

Өмүрлөрү, өмүрү бир болгон соң,
Өмүр бою чай ичип отурган соң,
Казак менен бөлүшпөсө көншим дейди.

Жырым менен калкка жарык берем,
Калыктын пейилин да таанып келем.
Айтышка үч миллион доллар короткон,
Садык Шерниязовду айтып келем.
Мухаммед пайгамбардын заманында
Абубакир сахабаны Садык деген.
Андан кийинки Садыгы Шерниязов,
Байлыгын бөлүшөт калык менен.

Конокторго кыргызым,

Төрүн берсин хайлайлым.
Батанын да ар качан,
Молун берсин хайлайлым.
Азаматтай акынга,
Садык агам ар кез жолун берсин!

**Азамат:**

Кагылам боорум хайлайлым,
Кадырыңа ырым арнаймын.
Кырчындай болгон кыргыздын,
Төрүн дагы мактайсың.
Көйкөлүп жаткан көк асман сындуу,
Көлүн дагы мактайсын.
Чек ара деген нерсени,
Алып  салуу керек деп,
Ак калпак элге даңктайсың .
Кереги не деп чек ара,
Казакка барганда неге айтпайсың?

Ал эми чек ара деген чек ара,
Эгемен эл кыргыздар,
Эртеден бери жашаган.
Кыйладан кыйла жомогун,
Кыргыздар гана атаган.
Өлбөй келди кылымдан,
Кыргызды өнөрү гана сактаган.

Кагылайын кыргызым,
Эгемендик кут болсун!
Эл бололу ар качан,
Бирибизге бирибиз
Дем бололу ар качан.
Келечеги кыргызга,

Кең бололу ар качан.
Жумулган колдой биригип
Бир бололу ар качан.
Нак кыргызча сүйлөгөн,
Тил бололу ар качан.
Кагылайын Ысык-Көл,
Кагылайын кыргызым,
Асабасын кыргыздын,
Баштаган балдар келсе экен.
Ысык-Көлдүн жерине,
Ак калпак кыргыз калкыңды
Таптаган балдар келсе экен.
Ак сүтүн апаларынын,
Актаган балдар келсе экен.
Каркыра, Үзөңгү-Кууштарын,
Сатпаган балдар келсе экен.
Кыраандай кылып уулдарын,
Таптаган балдар келсе экен.
Ал андыктан калың журт,
Керегеси жайылган,
Төрүбүздө бололу.
Ош, Жалал-Абад, Баткендей,
Төрүбүздө бололу.
Ысык-Көл, Нарын, Таластай
Жерибизде бололу.
Сары өзөн Чүй жайкалган,
Төрүбүздө бололу.
Кыргыз деген ошондой.
Бирине-бири сүйөнүп,
Бакыт деген нерсени,
Бирине-бири тиленип,
Кылымдар менен жарышып,

Кылымдар менен алышып,
Кыргыздар жашайт түбөлүк!

**Айтпай:**

Кыргыздын эли менин байрагым гой,
Шыга салып мына мени жайпадың гой.
Кечээ гана чек арага барганым соң,
Кедергини көзүм менен байкадым гой.
Эрте менен сахынага шыккан кезде,
Осыны эл басына айтамын гой.

Көрөм деп кыргыз элин таусы мен,
Каушам деп осындагы баласы мен.
Кыргыз казак бир тууган деген сөз бар,
Эзелтен бири-бирине жанашыр эн.
Экөө таттуу таттуу көрүшсө калык,
Көзүмдүн агындайсын карасы мен.
Кыргыздар мактанса эгер Ысык-Көл мен,
Казактар Сары Аркадай талаасы мен.
Кыргыздар Кырчын жайлоо, Чолпон-Ата,
А казактар Астанадай калаасы мен.
Казак жүз томдук бабалар сөзү мен,
Кыргыздар мaңгилик жүр Манасы мен.
Кыргыздар Токтогулдай ырчысы мен
Казактар Жамбылдай бабасы мен,
Кыргыздар Курманжандай даткасы мен,
Казактар Абайындай данасы мен,
Кыргыздар Чыңгыз Айтматов мен.
Казактар Ауэзовдой дарасы мен,
Мен бүгүн дос болуп жатырмын гой.
Кыргыздын Азаматтай баласы мен.
Кыргыз-казак маңгилик дос боп калсын,
Осындай баурлык  иш чарасы мен.

## 2016-ЖЫЛЫ II БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН АЛКАГЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН X ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## МУХТАР НИЯЗОВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Мухтар:**

Кеңдигин көрүп турмун кең талаанын,
Элге кызмат эмгеги эр баланын.
Убакыт аз Азаматжан айланайын,
Чаппас атты чабышайык бери карагын.
Мен деген үчүнчү ирет чыгып турмун,
Чамамады андай болсо көр, карагым.
Жана гана Чыңгыздай ушу жерде,
Тушоосун кесип кеттим эр баланын.
Бардыгың жартылай финалдасың,
Супер финалда жүргөн мен ганамын.

Билбеймин сенде кандай ой боп жатыр,
Чалыңар мынау тойго кой болуп жатыр.
Кечээтен бери бул жамгыр тынбады деп,
Ар кимдерде ар түрдүү ой болуп жатыр.

Агайын асманды  да түшүнүңдөр,
Дебеймин ага сөздү кой болуп жатыр.
Кыргыздар үлкөн тоюн жасаган соң,
Казаның да буркулдап кайнап жатыр
Көчмөндүү журттарды көр көчтө жүргөн,
Көчмөндүү булуттарда да той боп жатыр.

Алдыңа келдим агайын,
Өлөңдүү ырды төгүүгө.
Өздөрүңө арнаймын,
Жырым болсо көңүлдө.
Деп кеткен бизге бабалар,
Казак кыргыз бөлүнбө,
Ушунда келдим мен бүгүн,
Ээ болуп канча ишенимге.
Казакстандан келгим жок
Акча таап, ат минип,
Байгелериңди бөлүүгө,
Арнайылап кеп турмун,
Ак калпактуу ак жүрөк,
Байкелеримди көрүүгө.

Буюрган бизге Азамат,
Ушундай кең далаа көк.
Бизге ушуну калтырган,
Жанары жаасын бабам от.
Ала-Тоом мына турган,
Араңдан зорго чыгады
Төбөсүнө самолёт.
Кээ бирөөлөр айтады,

Ушу турган кыргыздын,
Эли дагы шапшагын,
Жери дагы шапшагын
Алакандай гана деп.
Аны айтып жүргөн жоолоруң,
Кыргыздын ушу тоолорун.
Жазык кылып жиберсе,
Бүтүн мынау дүйнөнү.
Тең жартысын алар ед.

Биздердеги ушундай калып чыгар,
Жакшы айтышың финалга алып чыгар.
Ушу мен сүйлөйүн деп жаткан кезде,
Өчүп калар мындагы жарыкчыгар.
Кечээ дагы арманда кетип эдим.
Өчүп калган ошондо жарык чырак.
Бүгүн энди армансыз төгүлөөрмүн,
Күндө өчүп калбасы анык чыгар.

Азаматым армысың жанымдагы,
Өзүңө арнайынчы баарын баары.
Бетиң да толупту гой армансыз болуп,
Тойгон козудай толуптур карын дагы.
Жежирейип бир жакка жак кетиптир
Астыңа байкап турмун ат жетиптир.
Сен ошо айтыш коомун башкаргандан,
Такымыңан байкаймын такты өтүптүр.
Бирок да армансыз бир семирипсиң,
Дебеймин жанарыңдан от кетиптир.
Орунуңуз Асылбекке оошкон менен,
Форумуңуз өзүңүздө кап кетиптир.

Дал ушундай айтпасам уяттуу гой,
Бул жигитти байкаймын туяктуу гой,
Азаматка эмесе сөз берейин,
Кыраанды самап жүргөн кыякты гой.
Фамилияң Болгонбаев болгон менен,
Карының Толгонбаев сыяктуу гой.

**Азамат:**

Бир боорум жакын Мухтарым,
Өнөрдөн алтын кураган.
Өзү сенсиң да устанын.
Калк акынсың да казакка,
Бүгүн кадырыңды бузбагын.
Көрүп турган убагың,
Ысык- Көлдүн сырт жагын.
Мен кыргыздын акыны
Сен болсо
Казактан келген сырттаным.
Бир боорум Мухтар жакыным,
Сен үч ирет чыктың айтышка.
Үч деген сан чынында,
Бул казактарда да алкыш да.
Мен Мухтар деген казактын,
Мурасына кабылдым
Кудай берген алп акын,
Кубатына да кабылдым.
Мен дагы казак жеринде,
Үч Мухтарды тааныймын.
Ауэздин Мухтары.
Сабалап айткан Манасты,
Саякбайдай манасчы,
Кыйладан айтса жомогун.

Сакем кыргызды кайдан тажатты.
Дал ошол Мухтар экөө бир жүргөн,
Ушул Ысык-Көлдүн боорунда.
Сабалап айткан Манасты.
Мукемдердин доорунда.
Болбосо казактардын асылы,
Казактардын акыны,
Кыргыз казак бир болуп,
Шахандын уулу Мухтарды
Ак калпак кыргыз элимде,
Атагын айтып жатыры,
Ааламга кеткен атагы.
Айтматов менен бир баскан.
Ысык-Көлдүн жээгинде,
Асылын сөздүн теришип,
Асылдар бирге сырдашкан.
Эми Азамат, Мухтар аталып,
Биз да акындардан бололу.
Ынтымакты ырдашкан.
Ал анткени кыргыздын,
Төрүнө келип турасың.
Көрөңгөлүү чоң элдин,
Көөнүнө келип турасың.
Кан Манас баскан кыргыздын,
Элине келип турасың.
Эзелтен калган кыргыздын,
Жерине келип турасың.
Кагылайын Мухтарым.
Айныбасын кубатың.
Кан Манастын жерине,
Кош келдиң Мухтар боорум.
Душман эмес карачы,

Дос келдиң Мухтар боорум.
Жерден алып жеңилин,
Колдон алган оорун.
Канатташ болуп жүрөлү,
Эки элдин ортосу,
Эт жүрөктүн толтосу,
Талапташ болуп жүрөлү.
Ал анткени билесиң,
Кан Манаста айтылган
Кан Манас менен эр Көкчө
Бир болгонун айталы,
Эки элдин ынтымак,
Кылымдарды карытып,
Дил болгонун айталы.
Ошолорду ырдаган,
Токтогул менен Жамбылдай,
Үмөтаалы Кенендей,
Осмонкул менен Калыктай,
Ыр болгонун айталы.
Казак кыргыз ортосу,
Сый болгонун айталы.
Кайгырса кошо кайгырып,
Муң болгонун айталы.

Анткени,
Жайлообузда малы бир.
Кырманында даны бир,
Жүрөгүндө жаны бир,
Биз жакын элден болобуз.
Мухтар менен Азамат,
Балгынбек, Айбек, Элмирдей
Акын элден болобуз.

Айтор эт жүрөгү абалтан,
Жакын элден болобуз.
Башкасын сөздүн таппайлы.
Толуп кетиптир деп Азамат,
Толкутуп ырдап жатпайбы.
Толуп кеткен себебим.
Жүрөктө,
Тоолордун деми жатпайбы.
Манчыркап кеткен жерим жок.
Көөдөндө,
Манастын деми жатпайбы.

**Мухтар:**

Азаматжан дейсиңби толуп барам,
Мен болсом бирде кагып тоңуп барам.
Жалгыз өзүң ашыкпай сүйлөйсүң гой,
Өзүңчө бүгүн бастык болуп маган.
Касыма Азамат келип жайгасады,
Ана жакта агайын чай жасады.
Ортого тай кулундай тебискенсип,
Кош балаң агайындар чайнасады.
Сен жана эки элдин мыктыларын,
Айтып бүгүн Азакең ой косалды.
Солардын изин алып биз да келдик,
Тарлан боздун туягын тай басады.

Назарыңды албайсың тиктеп менден,
Элиң бар, жериң да бар кут кетпеген.
Кыргызды мен өзүм да жаксы көрөм,
Керек болсо арипке жиктеп берем.
«К» деген кыргыз чыгар жазылбаган,
«А» деген ынтымагың басың аман.
«Р» деген риасыз көңүлүң гой,

Шырак болуп жер бетине чачыраган.
«Г» деген бар ааламга гийбыратың,
Ынайды агайын журт ушу маган.
«А» деген ынтымагың ыдырамас,
Таң калар  ынтымакка ушу аалам.
«З» деген ушундагы зыялуу журт,
Жөн болор агайын журт жашыбаган,
Казак кыргыз ошондуктан эгиз калык,
Күбөгер ага жылдар азыр оогон.
Казак десе кыргызым эске түшүп,
Кыргыз десе казакты эсиме алам,
Бирдеме жетишпей тур ушу жерде,
Бир кол чабуу керек  ай ушу маган.

Кандайча кош акындын багы ачмайды,
Тиккендей экөөбүзгө алаш байге.
Азамат карының менен мактанасың,
Карыныңы эч ким келип санаспайды.
Кечээ бирок Москөдөгү жагдайлар,
Кандайча кыйындыкка жол ачпайды.
Осондуктан ар жагдайды ойлоп жүрчү.
Менин айтып турганым жок огаз жайлуу.
Антпесе толсоң дагы, соолсоң дагы
Мен сага сөз айтпаймын Манас жайлуу.
Москва жактан карындастар карды ачканда,
Биздерге карын чыккан жараспайды.

Алла жанды чыгарар туулган жандан,
Эч ким калпыс кетпейт бул заңдардан.
Канча күн агайындар ойноп күлдүк
Кулак да чарчабады ырды алгандан.
Москөдөгү жагдайлар эске түссө,

Көкүрөгүмдө өзөктүү жырлар калган.
Сиздерге бир басуу айтайын деп кеп турмун
Ким маңгилик мекен дейди бул жалганды.
Басайын деп өлөң менен келе бердим,
Ушундагы кыргыз бир туугандарды.
Ошол алоого чалынып кеткен кыздар,
Жаңы гана байчечектей бүр жаргандар.
Алла өзү акырын жакшы кылсын,
Сабырга бөлөйт Алла сабыр кылгандарды.
Алла өзүң каалооң менен аттандырдың,
Ал жакка он төрт бирдей Курманжанды.
Жараткан өзү жанаттан жай берсе экен,
Сатсыз күнү бир оопат кылгандарды.

Эй айланайын Азамат,
Өзүң менен кеңештим.
Келбейт сени менен эрешким.
Кыргыз казак бир элбиз.
Мен сага душман эмесмин.
6 миллион кыргыз бар
10 миллион казак бар
Саны мен эмес бул калктар,
Сапаты менен теңешсин.
Сыртка чыгару түрү жок,
Өз байлыгым да жетеди.
Сага кимдер теңешсин.
Бака да өзүнүн бакытын,
Баткагында дейт гой.
Ушу жайлуу төрдөгү,
Төрөлөрүң кеңешсин,
Өз элинде кыз өссүн,
Өз элинде эр  өссүн.

Неге антип сыртка кетишет
Кытайлардай биз Азаке,
Миллиард калк эмеспиз.

**Азамат:**

Кагылам боорум Мухтарым,
Ал ырас, зээнимди кейиттиң.
Бир тууган карындаштарга,
Эшигин ачсын  бейиштин.
Эл жеген деле жерим жок,
Өз ырыскымды жеп ичтим.
Элдин ырыскысына ашыгып,
Акындык өнөр дегенге,
Алладан келдим баш уруп.
Карын эле карын деп,
Кайра-кайра айтасың
Менин карыныма ашыгып.
Карынды эле айтасың,
Кайра-кайра козгойсуң,
Элдин ырыскысын аяган,
Сен бир пейили тар окшойсуң.
Жок андай эмессиң сен,
Кенен жигит Мухтарым.
Телегейи тамырда,
Терең жигит Мухтарым.
Көрө-көрө сүйлөгөн,
Көсөм жигит Мухтарым.
Карынын айтпай акындын,
Кадырын айтып ырдайлы.
Казак менен кыргыздын,
Манастан бери келаткан,
Тамырын айтып ырдайлы.
Жамбыл менен Токондун,

Жамак айткан кыргызга,
Жарыгын айтып ырдайлы.
Касиеттүү казактын,
Акыбеттүү кыргыздын,
Калыбын айтып ырдайлы.
Ал анткени карачы,
Калк да  күтүп турбайбы.
Санаа айткан каршында.
Салт да күтүп турбайбы
Эл санатын ырдайлы.
Кырчындай болгон касиет,
Төр санатын ырдайлы.
Чалкып жаткан бул жакта,
Көл санатын ырдайлы.
Казак кыргыз бир болгон,
Төр санатын ырдайлы.
Ал анткени Мухтарым,
Казынаң бар көөнүңдө,
Чачылбай турган ар качан.
Мен дагы сага ыр кылып,
Көөдөнүмдөн сөздөрдү,
Көрөңгө кылып арнасам.
Кагылайын Мухтарым,
Сен жамгыр болуп казакка,
Жаап турсаң болгону.
Алтындан кымбат сөздөрдү,
Таап турсаң болгону.
Кыргызга келип айтышка,
Балкып турсаң болгону.
Ынтымагын эки элдин,
Айтып турсаң болгону.
Мен дагы барып казакка.

Ашыраалы, Эстебес,
Сындуу болуп ырдайын.
Тууганбай атам ырчыдай,
Ырдуу болуп ырдайын.
Сыйлашалы ар качан,
Сыйлуу болуп ырдайын.
Казак кыргыз ордосу,
Бир болгонун ырдайлы.
Атагы кетип ааламга,
Дүң болгонун ырдайлы
Көкчө менен Эр Манас,
16 миллион кеп бекен
Бир жарым миллиард кытайга,
Сүр болгонун ырдайлы.
Анткени кыргыз жетпеген,
Анткени казак жетпеген,
Миллиард кытай кеп бекен.
Ошол миллиард кытай төрүнө,
Казак-кыргыз жетсе экен.
Кагылайын Мухтарым,
Сен казактардын акыны.
Касиеттүү сайраган оой,
Сен да казактардын акыны.
Сезимиң ырга жандаган,
Кылкылдаган кытайды,
Кыраанын Манас бир кезде,
40 жигит менен гана жайлаган.
Астана менен Бишкектин,
Мухтар ортосунда бололу.
Алматы менен Ош шаарынын,
Толтосунда бололу.
Кагылайын туугандар,

Кагылайын калың эл,
Кылымдан калган тамыр эл.
Жанында жүрсөм зор бакыт.
Акыны келген экен деп,
Жанында жүрсөм зор бакыт.
Алтын, күмүш кеп бекен.
Сенин таңында жүрсөм зор бакыт.
Москва, Париж, Лондондун,
Асфальтында жүргөнчө
Кылкылдап Кырчын жеримдин,
Чаңында жүрсөм зор бакыт.

**Мухтар:**

Айтышам деп келип эм сени менен,
Башыңды алып качтың ау теңи менен.
Агабыз да кара-кайра коймой койду,
Эки кыргыз айтышты мени менен.
Казак эмес мен сенден өч албаган,
Жан эмесмин туурасына көчө албаган.
Мага кичине убакыт бериңиздер,
Мен да бир эмесмин гой осол балаң.
Азакең сүйлөгөндө токтотпойт го.
Мухтарга артык убакыт кошо албаган,
Менин шешем да күнөөлүү эмес чыгар
Мухтарды Кыргызстанда бошонбогон.

Сүйлөйбүз го тилибиз соо болгон соң,
Алдыбызда эч качан ор болбосун,
Ушундай кыргыз казак баур болсок,
Башыбызга кулабас чоң коргошун.
Азамат аман болчу кучактайын.
Кыргыз казак түбөлүк бирге болсун!
Арабыз тоо болгон мен жоо болбосун.

# ААЛЫ ТУТКУЧЕВ

## 2008-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНӨ АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ААЛЫ ТУТКУЧЕВ МЕНЕН КАНЫША РАИСОВАНЫН АЙТЫШЫ

**Аалы:**

Элди көрүп мен бүгүн,
Эргигенсип калдым да.
Ээ туугандар мынакей,
Жыйылган журтум бар мында.
Аскасын асман тиреген,
Аркары ак кар жиреген,
Ала-Тоо башын жайлашып,
Аллага жакын жайгашып,
Азаттык күндү тилеген.
Эң бийик төрдү жайлашып,
Эгеме жакын жайгашып,
Эгемендикти тилеген.
Кырааны жоодон эл коргоп,
Кылычын айга бүлөгөн.
Кой менен кошо кийиги,
Короосунда түнөгөн.
Бутуна булут оролуп

Калпагы тийген жылдызга,
Кабылан Манас тукуму
Кайгырып турган учуру.
Карааны тоодой Чыңгызга.
Айла жок экен кантейин,
Аллахым салган буйрукка.
Кан төгүп ата-бабалар,
Калтырган мурас уул кызга.
Эңкейип тизем бүгүлө,
Элге айтам салам жүгүнө,
Эгемен улуу кыргызга.

Чын ажал жетип кайгырган,
Чыңгызынан айрылган,
Ак калпак кыргыз элде арман.
Майра жеңем айткандай,
Кайрылбай кеткен төрдө арман
Ак куусу келип конбосо,
Айдыңдуу Ысык-Көлдө арман.
Рахматулла менен айтышпай,
Бал сөзүнө балкышпай,
Мага келип туш болгон,
Ардактуу жеңе сенде арман.
Сара кыз менен бир чыкпай,
Кабыргасынан чымчышпай,
Сизге туш болгон менде арман.

**Каныша:**

Жаксылык менен айтайын,
Жаксы күнүмдү жар кылсын.
Канатың мен Үрстөмүң,
Кир шалмай толкун каршысын,

Өлөңдөн согуп кетейин,
Кыргыз баурлар таунсын.
Ак калпакты агайын
Баурларым бармысың.

Мен шингил сен карагым саратаным.
Аткандай кыргызымдан дар атаңым.
Кулунды биэ эршиткен аналардай,
Мен да сени илестирип жаратамын
Сахнага жеңеке деп шыга келдиң,
Сондуктан мен да азелди таратамын
Мына отурган касымда кайынымды.
Эстен тандырып оозума каратамын
Көргөндө жеңекенди түрлөндүңбү?
Керемет кулпуратын кийгенсиңби?
Кайындар талай-талай сөздөр артып,
Калжынбас боп үйрөнүп жүргөн бизге
Жеңеке деп айтасың жеңилместей
Айтчы кайын жаны үйлөндүңбү?

Чыңгыздай уулунуң,
Изи калган кыргызым.
Алмастайын өткүрдүң,
Жүзү болгон кыргызым.
Манас менен Жеңижок,
Жыры болгон кыргызым.
Кенен менен Жамбылдың,
Жыры калган кыргызым.

Ал онда сени алга сүйрөтөйүн,
Сүйлөй алмасаң осында үйрөтөйүн

Кыргыз тууган журтуна келгенден соң
Эки журттун көңүлүн жырлатайын.
Кайын жан үйлөндүңбү бойдаксыңбы?
Бойдак болсаң көп нерсе үйрөтөйүн.

**Аалы:**

Асмандан издеп жүргөнүм,
Филармониядан табылды.
Бир жеңе таппай жүрдү элем,
Бул жеңем өзү кабылды.
Качан үйлөнөсүң деп
Туугандар күндө сурай берчү эле,
Буюрса, келиндүү кылам айылды.

Ардактуу менин жеңекем,
Оюмду менин шар билген.
Канышай жеңем эр экен,
Казактын кызын аябас.
Пейилиң абдан кең экен,
Айтышка келем деди эле.
Келбей калыптыр жанакы
Сара кыз деген берекем.
Ал өзү аябай ашкан жан эле
Казактын сулуу кыздардан
Таланттуулардан даана эле.
Жаңы эле эрге тийиптир ал,
Алматалык жолдошу бар эле.
Бирок ага эмес ал сулуу,
Аябай мага пар эле.
Эмнеге келбей калды экен,
Ал кызда бир жумушум бар эле.

**Каныша:**

Сарадан калган кеч кана?
Айткан сөздөрүң дес маган.
Уулумдай боп ай көрүндүң сен,
Менин да бар бес балам.

Аалы сени көрөйүн,
Саган көңүл бөлөйүн,
Эки кызым ай бар эле,
Бирөөн сага берейин.

Не айтсам деп ойландым,
Мамагашыңа байландым
Ырдаткан сени алдыма,
Элиңден сениң айландым.
Кус кызым менин бурыным,
Маанисиз сол гой жырынын.
Күйөө деп сени айтпаймын,
Келе бер арттан кулунум.
Жолуң болсунчу кулунум
Жүзүмдө саган жылымын.
Аркы беркисин байкайын
Кыргыздын Аалы уулунын

**Аалы:**

Ардактуу кашымдагы жеңекебиз,
Ай сындуу асмандагы жарык берген.
Кең казактын талаасынан,
Аллахым кыргыз көздөй багыт берген.
Адегенде айтыштын баш жагында,
Аалыга чыйыр жолду салып келген.
Ашыкемдин обону залкар кайрык,

Казак эмес татарга да жагып келген.
Казактын акындары бүгүн баары,
Кыргыздын обонуна салып келген.
Кыргызга акын кылып алалычы,
Казакты жеңем бүгүн чанып келген.

Кашымдагы кагылайын алтын жеңем,
Алыстан келиптирсиң ай карагым.
Алп Манастын тукуму кыргыз турат,
Айтпайсыз го ар сөздүн майдаларын.
Алдында тайота, камридей машине эмес,
Казактын акыны болсо айдаганым.
Жоо жүрөк кыргызымдын намысы үчүн,
Жону чаар жолборско айланамын.

Эми обон деген ушундай,
Кете берет ой турбайбы.
Обон ырдасаң үн деген,
Өсө берет турбайбы.
Тээтигил жерде олтурган,
Үрстөм деген алп акын,
Амантай менен ырдашты.
Алардын ырын укканда
Агайын журтум жыргашты
Амантай деген акынга
Эки аял аздык кылат деп,
Айтканын калкым тыңдашты.
Эки аял алган тарапты
Үрстөм дагы колдойбу.
Ал сөзү балким жүйөлүү
Аны да жеңе ойлойбу.

Эки кызым бар дедиң
Экөөнү тең берсең болбойбу.

**Каныша:**

Кадырың турар Аалы жан,
Жеңеси сени билгенге.
Маржан сөздөр шыгады,
Көмөйүмдөн тизгенге.
Тааныш болуп жатырсың,
Алыш болуп жатарсың,
Мына отурган биз мен де.
Кайда бармас буюрса,
Билесиң го кыз пенде,
Бир кызым үйлөнүп кеткен,
Сен оозуңду ачып жүргөндө.

Айланайын кайын жан,
Сенде биз де акынбыз.
Калтырарсың журтуңа,
Манастай болуп акыл сөз.
Мактан тутуп жүрөрбүз
Эртең Аалыны акын деп,
Толуп жатыр дейсиң го.
Өздөрүңдө катын кыз
Үрстөм экөөбүз кыргыздар,
Көбөйсүн деп жатырмыз.

**Аалы:**

Белгилүү болду жеңемдин,
Бир кызынын баяны.
Баш жагы жакшы чыкты эле,
Жакпай калды аягы.
Анда эмесе биз дагы,

Салттуу кептен салалы.
Өзгөчө жакты жеңемдин,
Кыргыздын саны көбөйсүн деп
Казыркы айткан жамагы
Бир кишиге саны көбөйөт,
Сизди да кыргыз кылып алалы.

Ардактуу жеңем ардактуу,
Кадырын көрсөм салмактуу.
Алп манастын урпагы,
Кыргыз эл турса арбактуу.
Эми сиз эмессиз албетте,
Жөн нерсеге алмашчу.
Илгери ойлоп отурсам,
Бир чоң чынар өсүптүр.
Көргөн кишинин баарысы,
Түбүнө келип ага бир,
Көлөкөлөп кетиптир.
Убалына ал чынардын,
Жалгыз балта жетиптир,
Ал чынардын жалпыга,
Жайылып турчу экен кучагы.
Чымчыктар да жандар да,
Көлөкөлөчү экен бүт аны
Ошол чапкан балтанын,
Болчу дейт го бутагы.
Дал ошонун сыңары,
Казактан келген акындар,
Бул акындардын чынары,
Балта менен балталап,
Булардын туусун жыгалы

Азыр Майра жеңени
Балтага сап кылалы.

**Каныша:**

Өзүң менен айтыссам,
Маган шабыт келсинби.
Билбей жатам али де,
Этексиңби төрсүңбү?
Талаасындай казактын
Көңүлүң мен теңсиңби?
Кыргыз тоунун боюндай
Боюң менен өрсүңбү?
Түсүнбөдүм кайта айтчы
Алып калам дейсиңби?

**Аалы:**

Кагылайын жан жеңем,
Билмексен болбо анча эле.
Түшүнбөй калгандай эки элдин,
Бул айырмасы кайсы эле.
Алып калам деген сөз,
Жакты окшойт болжолу,
Сурап атасыз кайта эле
Сиз кашымдагы энекем
Кашымдагы жеңекем,
Кашымдагы эжекем.
Мен бүгүн сизди жарашат
Ай менен күнгө теңесем.
Сиз казактын болсо бир кызы,
Мен болсо мында кыргызмын.
Жеңекем бүгүн күн болсо
Жанында турган жылдызмын.
Кагылайын жан жеңем,

Карындашы Мухтардын.
Мен уулу болом Чыңгыздын.
Биз бүгүн түбүнө жете элек,
Карт тарых деген чындыктын.
Шакаримди да билесиз,
Ал залкар
Таланты болгон уул кыздын.
Шакаримдин бир кезде
Жазып кеткен санжырасында,
Казак бул
Урпагы дейт го кыргыздын.

**Каныша:**

Аалы ботом сен менин,
Айтканыңды куптармын.
Талай ирет айтысып,
Талайларын уткамын.
Шырын ырдын көптөрүн,
Сөздөрүнөн жутканмын.
Уулу болсоң Чыңгыздын,
Карындасы эдим Мухтардын.

Айланайын ботом ай,
Турайык кат алысып.
Өнөр көчтө жүрөйүк,
Экөөбүз дайым жарысып.
Жүрмөйүкчү тексиздин,
Баласындай салысып.
Чыңгыз менен Мухтардай
Турайык келип барысып.

Жети-Суунун жеринде,

Сарада болгон Канышамын.
Кара сөзгө келгенде
Дарада болгон Канышамын.
Жалгыздык түсүп басыма,
Жарадар болгон Канышамын.
Саранын жырын сактап бир,
Сарада болгон Канышамын.
Жаксылардын сөздөрү,
Санама конгон Канышамын.
Бес балама апкемин
Ана да болгон Канышамын.
Көп болсунчу Аалы
Көрөтүн сенин кызыгың.
Жырыңдын терип жүрөйүн,
Шербети мен жүзүмүн,
Тектилигин көрдүм мен,
Кыргыздын уул мен кызынын.
Марттыгыңды тааныдым,
Манастай баатыр изинин.
Токсон беске келип турган
Анамдын берейин жүзүгүн.

Сен экенсиң ботом ай
Тектүү жердин каймагы
Тектүү бала экенсиң
Тектүүлөр мен
Куршалган жан жагы
Сыйлайды экен өзүңдү,
Бишкегиңдин аймагы.
Осы жүзүк болсунчу,
Энеңиздин айгагы.

## 2008-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНӨ АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ААЛЫ ТУТКУЧЕВ МЕНЕН КАНЫША РАИСОВАНЫН АЙТЫШЫ

**Каныша:**

Айтатын сөздү оюмдан,
Элеп мен де экшегем.
Айтатын ыр сөздерди,
Ойдун түбүнөн тексегем.
Айланайын түриңден,
Кеше берген гүлиңден.
Баста энеке деп ау,
Алдыман кесип өтпөгөн.

Байкадым кеше азилди,
Күйөө бала жалгадың.
Бүгүн тастап жатырсың,
Апаңызга кармагың.
Далай заман өтет деп,
Батаңыз сиздин жетет деп,
Берибедиңби жүзикти,
Кайтарып өзүң алмадың.

Сан кызык ойлап турсам бойдак да бар,
Бойдак кезиңде бала ойнактап ал.
Апаңда ана-мынау кылык та бар,
Ар сөзди оруну мен ойлап табар.
Кеше берип бүгин алып койду деп,
Мына журт սараң эне деп ойлап калар.

Мен сени балапандай аялаймын,
Сендей күйөө баланы табалмаймын.
Өзимди элеп сен ау эскерсеңиз,
Мен калай апалыкка жарамаймын.
Жүзик деген апаңа сөз бергемин,
Жүзик тургай кызымды да аябаймын.

Көңилде менде бүгин жортуп калдым,
Сөзимди сары алтындай кортуп калдым.
Ой балам жана айткан сөздериңден,
Ысык-Көлдей көңилим толкып калды.
Ой пырым саткын ай деп бул баланы,
Күйөө бала шынын айтсам коркуп калдым.

**Аалы:**

Кагылайын көпчүлүк,
Акынын сүрөп коштойт го.
Кыздарын айтып бүтпөгөн,
Кыргыйдай жеңем боздойт го.
Жаныңызда уулуңуз ай,
Алдыңыздан эч качан өтпөйт да,
Жолуң тоспойт го,
Сиз басып өтүп бара атканда,
Бул жол берип күтүп токтойт го.
Айланып менин жеңекем,

Кечээги алган шакекти,
Бергени келген окшойт го.

Азыр чыгып бул жерден,
Салмактуу чыккан аваны.
Кыргызда экен жүрөгү,
Өзү казак баурдун жараны.
Өзүңүз жана көрдүңүз,
Бойдок кезде кайда элең деп,
Азаматтай мени менен,
Бирге өсүп жүргөн баланы.
Эми ошо айтыш жөнүндө
Кичине элдин эсине салалы.
Азамат мени менен бир чыгып,
Тең болчу мага жамагы.
Үсөнбаевдин колунан тең алган,
Тең болчу эле сабагы.
Дасторкондо болсо да,
Устуканы тең болуп,
Тең болчу эле табагы.
Бирок Азаматка сөз айтып,
Ырындын башкача чыкты аягы.
Сизге күйөө бала мен болсом,
Мени менен чогуу жүргөн Азамат,
Кайнатам болуп калабы?

Бүгүн залды дуу кылып,
Жарып берген жатпайбы.
Мындай бас деп Аалыга,
Багыт берген жатпайбы.
Алдыңарда ай болуп жеңем,

Жанып берген жатпайбы.
Кумарынан ушундай жеңем,
Канып берген жатпайбы.
Азамат менен тең жүрсөм,
Күйөө бала кылып ага мен,
Жеңем, салып берип жатпайбы.

Биздей күйөө баланын,
Жаманына карабас.
Начар ырдайт экен деп,
Абалына карабас.
Аябайм деди кыздарын,
Ишенемин жеңеке,
Кыздарын такыр аябас.
Биз ак калпак кргыз элденбиз,
Сиздин баркыңды сурар элденбиз.
Алыстан жеңем келет деп,
Даңкыңды угуп жүргөнбүз.
Айтышып барып казакка,
Кээде жеңилгенбиз, жеңгенбиз.
Сиздер кенен талаадан,
Биз жылдызга жакын төрдөнбүз.
Эки кызды жеңекем,
Аямак эле эмнесин,
Калыңы деп казакка,
Каркыраны да бергенбиз.

**Каныша:**

Келгеним жок мен балээни терейин деп,
Келемин өмүрлерди өрөйүн деп.
Мына отырган кыргыз ай баурларды,
Келгемин азилдерге көмөйүн деп.

Сен күйөө селкилдебей тыныш отыр,
Отырганым жок жүзикти кайта берейин деп.
Эки ортаны устаса жол кыларсың,
Карагым пейилиңди оң кыларсың.
Энең мен жагаласып отырсың гой,
Күйөө бала байкасам оңдурарсың.
Энеңдин айткан сөзү эсиң болса,
Карагым мыйыңызга кондурарсың.
Бул апаң айтысам деп кеген энди,
Ар сөзүн казыктады, чегеледи.
Журт алдында сараңдык көрсөтүп сен,
Жерге каратып кеттиң  неге мени.
Курдасыңа тийем деп отыргам жок,
Өзү күйөө жолдас болом деген эди.
Апасы оган кызды берем деди,
Көңилим таркатылган көгенеди.
Мен сени мындай го деп билген жокмун,
Деген мен ой калети сезген жокмун.
Кызды берсем ниетим чыгар менин,
Өткүзө албай кызымды жүргөн жокмун.
Саамайым текке бекерде агарган жок,
Демеймин журт көңүлин табалган жок.
Курдасыңа катын болуп тийе турган,
Карагым менин көзүм карайган жок.

Чыгыпмын осында кызыл-жасыл кийип,
Устатпайтын мен дагы асыл кийип.
Сүйлөйин сөздериңди мен де бүгин,
Эңиремей көзимдин жасын тийип.
Бегимайдын ролун сундап откан,
Атама кеттим бүгин басымды ийип.

Таусунмасың кыргызым несибиңди,
Амандыкта жолугайык осы күнде.
Жадыма маңгиликте жазып алдым,
Аалы деген күйөө ысымыңды.
Чыңгыздай уулдар келип тербелсинчи,
Маңги бакыр жыр менен бесигиңди.
Мен дагы бес баланын анасы элем,
Ыңгалатып бес бала термеген бесигиңде.

Сен мени сонда гана жеңе дедиң,
Келип тур жерге кагып чегелегиң.
Мен сага көрсетейин эндише бир
Басты сапа болсо эгер өнегениң.
Кызымды берем деп мен жалпылдасам,
Достукту улгайтайын деген эдим.
Он жылда бир келгенимде бул айтыска,
Жаныма коё салдың неге менин.
Казакта кийме шепти кийип чыккан,
Журтума элим менин өнек элим.
Кос келин бес небере багып жүрүм,
Карагым алпан шаадай мен энемин.

Кыргыздайын агайын
Чакырган соң кеп жүрмин.
Өзүмдүн насибимди,
Өлеңим мен жеп жүрмин.
Жамандыктан аулакмын,
Айтоур мен тек жүрмин.
Бес убак намаз окубай,
Ыйбалы келин болуп жүрмин.
Өнерди да  көрдим мен,

Өлеңди да көрдим мен.
Далай жерде көп жүрмүн.
Казакстан келсем мен
Достук улайын деп жүрмин.

Аалы шыгарарсың далашынга,
Ансаулап турса экен канатыңда.
Сага берип кетейин сакыйнамды,
Жана де көригимди санатымда.
Эне деп сыйлайсыңбы жогол десем,
Дагы да жакабыздан аласыңба.
Осы мен ападай деп бата берсем,
Жаксы болсаң оруңдан турасыңбы?

**Аалы:**

Шакекти талашып аткан жок элем,
Жеңе ушунуңузга арданам.
Ардактуу менин жеңемден,
Пейилине таң калам.
Бир кезде мына билесиз,
Кыздарга сөйкө салчу эле,
Казак кыргыз салтында,
Жигитке шакек салбаган.
Бегимай салган шакекти,
Абдиев деле албаган.

Азамат жайын көп айтып,
Ардактуу жеңем кеп айтып.
Салмактуу чыкты ал жагы.
Бойдок кезде кайда элең деп,
Сүйүүнүн болбойт карыганы.
Жаш кезден тапан чыгышкан,

Кыргыздын Азаматтай балдары.
Сүйүү жашка карабайт,
Калкыма маалым ал жагы.
Албайсызбы мисалга жанагы,
Киркоров менен Алланы.

Ардактуу менин жеңекем,
Өзүңүз азыр айткандай,
Бүгүндөн баштап энекем.
Жарашар бекен мен сизди,
Өзүмдүн энекеме теңесем.
Энекем менин энекем,
Алмадай кезде төрөгөн,
Ак бешикке бөлөгөн.
Батаңызга карасам
Айырмаңыз жок экен.
Менин тапкан энемен.
Кашымда турган энебиз.
Калкагар элдин алдында,
Какшанып ырдап беребиз,
Жаныңызда эркелеп,
Ырдабайт элек неге биз.
Казактын келсең жеринен,
Казактын келсең элинен.
Алдыңызда эркелеп,
Ырдап жатам эми мен.
Ээрчип жүргөн кулундай,
Ары-бери теминип,
Кашыңызда олтурган,
Кабыландын тукуму.
Кагылайын көпчүлүк.

Ушундай болгон жаштарды,
Учуруп жаткан көпчүлүк.
Баятан бери карачы
Маңдайыңда төктүрүп.
Энелерди сыйлаймын,
Ээрчип жүргөн көпчүлүк.
Илгертен кыргыз кеп айтат,
Билесизби нени айтат.
Бейиш деген эненин,
Таманында деп айтат.
Энелердин тунугу деп,
Мына жеңе сени айтат.
Анткени, эне деген эне бул,
Өз жонуна көтөрүп,
Меккеге барып келсең да,
Кутулбайсың карзынан.
Анан кантип кутулам,
Алланын берген парзынан.
Кагылайын жан энем,
Жалпы журтка арнаган.
Оозунда сөзүң бар энем.
Боло жаздап кайнэнем.
Ардактуу биздин энебиз,
Талаасындай казактын,
Чалкып турса болгону.
Сиз Ысык-Көл болсоңуз,
Кайык болуп уулуңуз,
Калкып турса болгону.
Кыйшык кеткен жер болсо,
Мына мындай баскын деп,
Айтып турса болгону.

Калдайган элдин алдында,
Каймагын не бир сөздөрдүн,
Калкып турса болгону.
Эми мен айтып өтөйүн,
Казактын Астана деген ордоңо.
Отузунчу августта
Элиңдин көөнү жайдары.
Көтөрүлүп карачы
Эгемендиктин байрагы.
Ал эми конституцияны
Кабыл алган күн экен
Бүгүн казактардын да майрамы.
Бул өзү тоодой бакты экен,
Эки майрам туш келсе,
Элибиз үчүн жакшы экен.
Эми бийик болсун жеңеке,
Элечек түшпөй башыңан.
Энени сыйлайм анткени,
Эл үчүн таза казынам.
Казактардын,
Конституция күнү менен,
Куттуктап ырдап өтөйүн,
Бүт кыргыздардын атынан.

**Каныша:**

Айланайын Аалынын
Жанагы айткан сөзинен.
Бир ирилик байкадым,
Шыккан жане тегинен.
Бир улуулук байкадым,
Кыргыз деген элинен.
Көрине бер карагым,

Жаксылыктын төринен.
Келе берши карагым,
Байгелердин төринен.
Алла, Киркоров, Галкиндер,
Кетсин алар өзи менен.

Не айтсам деп Аалы,
Мен өзиме ойландым.
Карагым ай толкыдым,
Ысык-Көлдөй толгондум.
Кыргызыма келген соң,
Мамак ашка байландым.
Сөзиңди эстеп жанагы,
Жаным менин жадырап.
Кызыл тилим бүгүн сен,
Алмастайын сайландың.
Мен дегенде карагым,
Тереӊ-тереӊ ойлодум.
Кыргызыма келген соң,
Булбулдай боп сайрадым.
Аалыдан айналдым,
Аалыны тууган,
Энесинен айналдым.

Энеңди энди сени дамылдайды,
Ар сөзин аспектейди кагылдайды.
Жаным ау эне десеӊ баламсың гой,
Мендей эне сага да табылмайды.
Энем деп жатырсың гой тулпарсың гой,
Энесин тепкен кулуну аурмайды.
Жаксылык бир басында тура туруп,

Кетейин жырларымды тумар кылып.
Кулуну экенсиң гой кыргызымдын,
Жатсыншы кулун жырдан кулун шыгып.

Көңил деген көктемин,
Агайиндер келип тур.
Казылары адил боп,
Баарын тең бөлүп тур.
Оно отурган көпчүлүк,
Көзү менен көрүп тур.
Сиздерди жогарамдык,
Көңил мен сезип тур.
Айланайын кулунум,
Энем бар деп келип тур.
Биздерге да көңилди,
Көз кырыңды бөлүп тур.
Айланайын кыргызым,
Биздер берген бир кызым.
Осы менен кыргызым,
Аман сау болуп тур.

**Аалы:**

Эненин уулу сыйласаң,
Орду болот деген бейиштен.
Алманбет менен Эр Манас,
Дос болуп жоону жеңишкен
Экөөсү алгач дос болгондо,
Чыйырды кош эмчегин эмизген.
Эми ажал башка жеткенче,
Ардактап сыйлап өтөлү,
Азамат досум экөөбүзгө,
Ак сүтүңүздөн эмизсең.

## 2008-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНӨ АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ААЛЫ ТУТКУЧЕВ МЕНЕН СЕРИК КАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Серик:**

Ассалому алейкум, ага дейтин байкелерим,
Эр Манас баатырлардын ишинде айкөл элим.
Ыстык-Көлдү ааламде биледи гой
Көзүндөй мөлтүрөгөн Айшүрөктүн.
Агайын өздөрүңдүн ыкласы мен,
Айланып алдыңарга кайра келдим.
Эзелден тең турган кыргыз казак
Тамыры суу алмайтын байтеректин.
Үчүнчү атам кыргыздан кыз алыптыр,
Таратып шежиресин айта келдим.
Мен сонда кыргыздарга ким боламын?
Не болса да колдап жүрөр баланды тайкелерим.
Келгенде туугандарым күлүп турат,
Кайтамын осу жактан өмүргө үмүт курап.
Аленде канча калык болган менен,
Мен үчүн кыргыз казак бийик турат.

Билмеймин неге аалемдин бар экенин,
Бир бөйрөгүм кыргызга качан да буруп турады.

Болгондо кыргыз аман, казак аман,
Берилсин бул өнөргө алтындай таза баан.
Садык агам кешө жооп берди,
Көкөйдөгү сан суракка мазалаган.
Калыктын осо айтысы эмес беле
Ана тилди орус тилден тазалаган.
Кос-костоп байге тиккен бул өнөргө
Бул элдин президенти не деген жан кажап адам.
Ал эми калың калай күйөө бала?
Күйөө бала кайын журтка качан да тирөө бала.
Энеси өзү келип кала болган
Казакта сендей күйөө бирөө гана.
Дегенде алгалайсың алгалайсың,
Бишкектин асманында
Кыраан болуп салбагайсың.
Пайгамбар да күйөө баласын сыйлап өткөн
Сен менен жаксы жолду тандагайсың.
Эки арык чыккан кезде сахнага.
Байкабай аягымдан шалмагайсың
Тилеги кетип калган арбакка оксоп,
Чыйкылдап эл алдында калмагайсың.
Бозага тоюп алган балага оксап,
Муунуңдан кетип анда калмагайсың.
Экөөбүздү ушул топко кошкон кезде,
Өхүлөп күйөө бала калмагайсың.

**Аалы:**

Ардактуу менин жан агам,
Салмактуу бүгүн кеп айтат.

Сизден да арык жигитмин,
Бирок бозого тойгон  деп айтат.
Мандем бар ушул сөзүндө
А болбосо неге анда айтат?
Эми ардактуу менин жан агам,
Айткан сөзүн карачы
Агайын журтту көргөндө,
Тынып бир турат санаасы.
Мен болоюн сиздей бир,
Аганын күйөө баласы.
Алыстан келген карачы
Кайнага деген бай киши.
Кайнене болгон Каныша.
Азаматка өзү тийишти ал киши
Бүгүндөн баштап сен болсоң
Аалыга болуп кайнага.
Азаматтай акындын,
Болуп калдым кайниси.

Нурсултандын бир кызын,
Экс ажонун бир баласы алды эле.
Казактар менен кыргыздар,
Айрылгыс, куда болуп калды эле.
Түшүнбөй калдым ал кийин
Кызын алып алды ал неге?
Же силерде ошондой
Билинбес бир салт бар беле?
Кечээ да жеңекем менен айтышып,
Аалыдай болгон уулуңардын
Жылдызы абдан жанды эле.
Анткени, кыз берем деген белгиси

Колума шакек салды эле,
Сизге күйөө болбой калдым окшойт.
Эшикке чыгып эжекем,
Шакегин кайра тартып алды эле.

Кечээ эжекемден зорго кутулсам
Бүгүн андан да күчтүү туш болду.
Эминеси болсо да
Жан агам бул саам кут болду.
Карачы көпчүлүктүн турганын,
Алакан чаап сүрөшүп,
Көргөндөй болуп фудболду,
Калыстар кантет билбеймин.
Өзгөчө карапайым калкыбыз
Мага көтөрүп жатат бүт колду.
Карачы ар бир чапкан алакан
Мага азык болду күч болду.
Мен да таң калып жатам табышмак
Бүгүн бир башкача иш болду.
Айтышка билет суурсам
Бүгүн дагы үч болду, кечээ дагы үч болду.
Бул өзү жакшылыктын белгиси
Бүгүн кудайдын пейли түз болду.

Ардактуу агам жаңы эле,
Манас жөнүндө кеп айтты.
Алп Манас кийген ак калпак,
Чекесин айрысын дагы кеп айтты.
Мен барсам казак оодангa,
Айры калпак экен деп,
Кайдан тапкан экен деп,

Суктанып баары эл айтты.
Ак калпагы бул кыргыздын,
Ала-Тоонун ай мөңгүсү
Кышында башты үшүтпөй,
Жайында салкын ысытпай,
Кийизден жасап алганы
Бул көчмөндүктүн белгиси.
Ал эми маңдайда айры тилигин
Мунун дүйнө эли келет көргүсү.
Калпагына тийишчү эгер,
Душмандын келсе өлгүсү.
Эми бир болгон экен эки эл,
Бир болуп талкан куруту
Казактар үчүн чеп болуп,
Кытайды тосуп турду турушу
Бул казактар үчүн кыргыздын,
Пейилинин дурусу.
Сөзүмдү турат далилдеп,
Коңурбай менен Манастын
Чоң казаттагы урушу.
Казакты коргойм деп атып,
Кыргыздын калпагынын чекесин,
Кытайдын тилген кылычы.

**Серик:**

Калыкка арнап айткан сыйым болду.
Чачуу кып алып келген
Тоюңа жырым болду.
Кечээң саган күйөө бала бол дебеди
Ол жагдайды отурган жыйын көрдү.
Жүзүгүнө мен жооп бералмаймын,
Ол сага бир кымбат буюм болду.

Канча жеңе Азамат кал деп айтты,
Апама кандай энди кыйын болду.
Апаңдын кызын мында алып келсең,
Ырысың берекеге үйүң толду.
Абайсызда энеңиз көшүп келсе,
Алды менен мына сага
Күйөө бала кыйын болду.
Сен менин дейсиң башы күчүмдесиң.
Дейсиңби айткан сөздү баурым түшүнбөйсүң.
Мен сенин калпагыңды кадырлеймин
Баурум эл алдында исенбесин.
Аппак ары секилдүү кыргызымдын
Басыңдан жүзгө дейин калпакты түсүрмесин.

Карсы алган жаздык жайып, килем менен.
Жаксы сөз жүрөгүмдү кашан да жырым деген.
Төлөгөн агам жазган «Сынган кылыч»
Жооп берер тарыхка билем деген.
Осындай агаларың аман болсын,
Кыргыздын аркы берки тарыхын түгөлдөгөн.

Сөзүңө күн да ыйлап күлкү кылса,
Отурсың аңгеме айтып несине журтум,
Көтөрүп өзүңдү өзүң отурсуң гой,
Сакталган музейдеги мүлкүңө оксоп.
Октолгон мылтыктай болуп отурсуң гой.
Абайсыз атылатын чиркөөгө оксоп.
Ай далаага шаап кетип барсың гой.
Үрүккөн куйругунан жылкыга оксап
Бир сөз айтсам сыз-быз жерде каласың гой.
Суугa салып шөмтүргөн шырпык оксоп.

Баурум деп мен сени тартып турсам,
Жыйырылып отурсың кирпиге оксоп.
Булаңдап сөздүн соңун устатпайсың.
Өз өзүн куйругу менен жаап кеткен
Түлкүгө оксоп.

**Аалы:**

Ардактуу боорум не дедиң?
Анда аныңа жооп беремин.
Мындай эл сыйлаган акынды,
Кайдагың айбандарга теңедиң.
Мейли теңесең койдум пейилиңе,
Мен сени ай күнгө келет теңегим.
Анткени атайын келсең казактан
Атайын келсең а жактан,
Азапка сени салбаймын.
Амантай акын айткандай,
Тоголок ташты мындай кой,
Пахта менен да ура албаймын.
Албетте сени мактасам,
Жеңижок атам сыяктуу
Жети күн тынбай сайраймын.
Сен үчүн аппак тилегим,
Мактоонун жайын билемин.
Мактоону казак сүйөт деп,
Башынан угуп жүрөмүн.
Кагылайын жан агам ай
Жүзүңдө болбосо экен муң-кайгы.
Акынды журту сүйбөсө.
Акын үчүн да ушул кайгы
Бирок элиң турса майрамдап,
Элиң турса сайрандап.

Жүрөктө болбосун деймин кур кайгы.
Конкурска катышкан мындай акындар,
Калыстарды да жанагинтип
Мактап коштоп ырдайбы?
Калыстарды мактаса,
Кыргызда коррупция дешет мындайды.

Колдосун сени кудайым,
Жолугуп калган жеримде,
Ден соолугуң сурайын.
Көпчүлүктүн көңүлүн,
Алп акынга бурайын.
Мен болсом эптеп жанында
Байкем экен табында.
Коштоп сүрөп ой турайын.
Казакка барган кезинде
Какылдатып бизди басчу эле,
Өзгөртүп аба ырайың.
А бүгүн бул жерге келгенде,
Кыргызды түгөл мактадың.
Чарк эткен күндөй чырайың.
Казакка барган кезде да
Кан Манастын тукумун
Мактап кал боорум ылайым.

**Серик:**

Бул энди Бискегимди төрүм дейди
Кол согуп колдоп отур элим дейди.
Казак мен кыргызды бөлгөнүм жок
Тизмегинен сабагы бөлүнбөйдү.
Эки элдин бирлиги мыкты болса
Эч качан көбөсү ал сөгүлмөйдү.

Казынаңа береди Теңир алла
Ырысың казаныңда төгүлмөйдү.
Эңбегин бир аганын атап эдим,
Устап алып кетүүдөн эринбеймин.
Сабагынан саатынан дейтин эмес,
Тасма болмой камчы да өрилмейди.
Жаксынын жаксылыгын бетине айткын
Антпесе жаксылыгың өрүлмөйдү.
Манасты кайта жазып келсе дагы,
Көзүндө кызганчаактын
Сен секилдүү көрүнбөйдү.

Демеймин бул үн эмес, шайга келген
Турсуң гой кыргызымда бай түп өнөр.
Өз үйүңө келгенде өпкөлөмө,
Акынбыз бар шындыкты айтып өлөр.
Караган да өз жеринде күрүлдөйдү
Аул үйдүн итиниң куйругу кайкы келээр.
Өткөнсүң талай-талай улусунан.
Өткөнсүң монгол, калмак уруусунан
Сол кезде Манас бабаң эмес беле
Кыргызга бутту сунуп, күндү сунган.
Кара кылды как жарган Ормон ханың
Алашка адилдик мен үлгү сынган.
Токтогул, Осмонкул мен Арстанбек
Ак куудай жүрөгүнөн жыр учурган.
Бейжинде найзагайдай жаркылдаган
Косылган Канат менен Уруслан.
Туунду Бейжин жакка желбиреткен,
Айландым мен осындай туусумдан.
Манастын эр урпагы эмес беле,

Намысты шыгармады уусунган.
Уул кызыңдын жылдызы жарык болсун,
Бак береке кетпесе экен кыргызымдан.

Жөн болмас бауруңа акырганың,
Несине бул агаңды аркасынан такымдадың.
Достугу жайнап турган эки элдин,
Айтсаңшы оодан дагы таттуу жагын.
Сары майды бир кумалак ширинткендей,
Не деп олтур агайын акындарың.
Одан да эки элди баурмуз деп,
Жөн болар курмет мен кезгелекке шакырганың.
Алдыда мына усундай арман тостук,
Демеймин сөзүңүзгө жалган костук.
Ага ини болуп сыйласып биз жүрөйүк
Чыңгыз мен Мухтардан калган достук.

**Аалы:**

Менин жок эле бөлгөнүм,
Сен бөлөт деп ырдай көрбөгүн.
Мен көргөнмүн бир уйдун,
Алып салса бөйрөгүн
Ошол уйдун өлгөнүн.
Кыргыз болсо сол бөйрөгүм
Казак бул оң бөйрөгүм
Казакты алып таштаса,
Ошол күнү өлгөнүм.

## 2009-ЖЫЛЫ ОШ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Кыйындар ырдайт дегенде,
Кырылган журтум кандайсың?
Жылмайган сөздөр чыкканда,
Жамгыр тийген буудайдай,
Жыгылган журтум кандайсың?
Кош акын чыкты алдыңа,
Кайсынысын тандайсың?
Бабалардан кеп угуп,
Баалуу сөздү мен угуп,
Ырдап жүргөн баламын.
Атайын Ошко келгенде,
Ак тилектен туугандар,
Ак бата берсең аламын.
Бабалар кандай сүйлөгөн,
Кандай айтса ошондой,
Дал өзүндөй үйрөнөм.
Бабалар минтип сүйлөгөн.
Ушундай чыккан жарышта,

Ат жүгүрөт дечү эле.
Андан бирок биринчи,
Тап жүгүрөт дечү эле.
Таптан дагы биринчи,
Бак жүгүрөт дечү эле.
Кандай экен багыбыз?
Алакан чаап коштосоң,
Ошол болот дарыбыз.
Ээ деген жерге ырдасак,
Эсен болсун жаныбыз.
Ушунча элге келгенде,
Ийилип салам беребиз,
Жеңиштин саламын алик алыңыз.

Бак дөөлөт дайым ушинтип,
Конуп турса элиңе.
Жыл сайын айтыш ушинтип,
Болуп турса эмине.
Канчалык акын ырдаса,
Ыр кошулат кебине.
Бакырып сүрөп эл-журтум,
Айтышты сүрөп келишкен.
Ырдабай коюш болобу,
Алдыңа чыктык неликтен?
Акындардын бирибиз,
Ар убакта эриткен.
Тартыштын жөнүн баштайын,
Айтыштын жөнүн баштайлы.
Агайын-тууган кашында,
Эч убакта шашпайлы.
Айланайын жан иним,

Акылынан айланам.
Аалыдай болгон жанымда,
Асылыман айланам.
Айтышынан качпаган,
Баатырыман айланам.
Эң негизгиси айтаарым,
Мунун акылына таң калам.
Жакында эле үйлөндү,
Өйдөлүш жерге келгенде,
Байке тоскоол болбо деп,
Мени өкүл ата шайлаган.
Отуруп алып бул жерде,
Ойлонуп көрсөм кайрадан.
Өкүл балаң өз балаң,
Эмнени бүгүн айтмакмын.
Ошондо эле Аалыке,
Өкүл кылып жайлаган.
Тагдыр жолу ушундай,
Өкүл бала өз бала,
Баягы айткан сөз кана?
Агайын-тууган кашында,
Айтышыш керек тек кана.
Таластан чыккан тулпарсың,
Тайманбай учкан шумкарсың.
Айтыштын суусун буюрса,
Алдыда далай уртаарсың.
Ошондуктан агайын,
Колдоп келип олтурат.
Аалы ырдап берсин деп,
Жолдоп келип олтурат.
Ушунча элдин кашында,

Ырдаган өзү бактың да.
Аалы менен Жеңишбек,
Алтындай сөзүн айтсын да.
Калыстар мына олтурат,
Кандай айкан сөздөрүн
Таразага таксын да,
Карысы да жашы да,
Аалыке сөздү улагын,
Колдогон журтуң ушинтип,
Алаканын чапсын да.

**Аалы:**

Күжүрмөн журтум келиптир,
Күрүчүн күндө күрөгөн.
Пахтадай аппак дил менен,
Коондой таттуу тил менен,
Дайыма эгемендикти тилеген.
Өкүл атасы кашында,
Өкүл баласындай акынга,
Дем беришип карачы,
Алакан чаап сүрөгөн.
Беттешем деген душманы,
Беш мүнөттө эле жүдөгөн.
Баятан бери олтуруп,
Бир бирине толкунуп,
Кетменин ташка бүлөгөн.
Начар-нучар акынын,
Өкүл атасына жетсин деп,
Аркасынан сүйөгөн.
Ырыстуу кыргыз калкыма,
Ыр менен салам жиберем.

Кечээ күнү бул жерден,
Келип белет суурсам,
Белетим менин беш болду,
Бүгүн да белет суурсам,
Бүгүнкүм дагы беш болду.
Жеңишбекке туш болду
Десе акылым нес болду.
Анткени менен айла жок,
Баары бир калкым кеч болду.
Анткени, өкүл атасына тийишкен,
Балдар такыр жарыбайт.
Деген сөздөр эп болду.
Антсе дагы көпчүлүк,
Колдоп турса бүгүн бир,
Алакан чаап көп колду.
Жеңишбек байкем кеп айтты,
Өкүл ата өзүмдү,
Шайлаган экен деп айтты.
Ошондо эле бул кургур,
Жайлаган экен деп айтты.
Тушабай туруп колумду,
Байлаган экен деп айтты.
Финалга жакын калганда,
Өкүл ата демиш болуп,
Айдаган экен деп айтты.
Ардактуу Жеңиш бай аке,
Акындардын бирисиз.
Инилерди колдогон,
Эл-журтум да карачы,
Көңүлүм сүйгөн кишилер,
Толтура болчу ондогон.

Ошолордун ичинен,
Өкүл ата кылсам деп,
Мен өзүңүздү ойлогом.
Ага болуп жүрчү элең,
Эми ата болуп калдыңыз.
Мурдагыдан бир тепкич,
Жогору наам алдыңыз.
Бийик жолго бардыңыз.
Азыр өзүңүз айткандай,
Он күн мурун жаңыдан
Үйлөнүп алган немемин.
Орозо бүтсө Бишкекте,
Үйлөнүү чоң той беремин.
Муну айтып жаткан себебим,
Ажобуздун байгесин,
Женишбектей байкебиз,
Жеңет деп сизди ойлогом.
Калыстар дагы колдосо,
Кудай таала буюрганды
Көрөт деп сизди ойлогом.
Ата кылып тойго чакырсам,
Коногум болуп тоюма,
Келет деп сизди ойлогом.
Бүгүнкү алган жанагы,
Ажобуздун байгесин,
Ошондо тойдо кайра эле,
Берет деп сизди ойлогом.

**Женишбек:**

Аа деген жерден ыр төккөн,
Атагың калды кылымга.
Артын ойлоп үйлөнгөн,

Азыркы балдар кыйын да.
Опол тоодой сыр айттың,
Ойлонуш керек чынында.
Сен айткан сөздү улантсам,
Тартпаймын дечи муң-кайгы.
Өкүл балаң тың болсо,
Өзү жыргал турбайбы.
Бүлбүлдөп турган карачы,
Көзү жакшы турбайбы.
Өзү жакшы турбайбы.
Байге болор маалда
Он күн мурун үйлөнгөн,
Ким көрүптүр мындайды.
Катылган сырдын баарысы,
Тереңде жаткан турбайбы.

Ал ырды элге Аалыке,
Айткандан неге арданам.
Канча айтыш болсо да,
Каралдың атаң калбаган.
Кашына чыккан акындын,
Баарысын түгөл жайлаган.
Өзүңдөй ини чыкканда,
Өпкөгө эч бир сайбаган.
Тактыда туруп ырдаса,
Тактыдан дагы тайбаган.
Колдогон кыргыз журтум бар,
Кыргыздан өзү айланам.
Анан сен инимсиң,
Болсо мына байкебиз
Ынтымакка калыстар,

Келбей койсо кантебиз?
Баш байгени кашайып,
Бербей койсо кантебиз?
Эми байкелер түшүнөр,
Жетпей койсо кантебиз?
Ошондой болот ар жагы,
Ырдаган өзүң менен сонунда,
Акындыктын жолунда.
Атанын жолун улантып,
Ак комуз турат колуңда.
Сенин тоюңа кошумча,
Береминби бербейминби
Бул калыстардын колунда.

**Аалы:**

Нардай болгон акынсыз
Моюнга алтындай ырды жүктөгөн.
Билесиз жанагы сценарийди мен
Айтыштан он күн мурун үйлөнүп,
Мурдараак эле түздү элем.
Ал сценрийдин үстүнөн,
Шайырбек катчы иштеген.
Жашыруун сырдын баарысын,
Таап алган бу кандай,
Компьютерсиз сиз деген.
Антсе дагы ортодо,
Сырлар болсун бүтпөгөн.
Эми өкүл ата болуп жүр
Жубайым экөөбүздүн
Ынтымакты түптөгөн.
Ардактуу байкем карачы,
Акын болуп ушундай,

Уруп калма жайың бар.
Кош сөздү мага ыргытып,
Эмне дейсиң кана деп,
Туруп калма жайың бар.
Тоюма сизди чакырсам,
Калыстарга калп эле,
Буруп салма жайың бар.
Көпчүлүктүн алдында,
Өкүл ата, өкүл бала деп,
Самашып кетсек не болот?
Ойдогу сөздү калкыма,
Жаратып кетсек не болот?
Айтышты,
Сагынып калган калкымдын,
Бүтүндөй жүзүн биз жакка,
Каратып кетсек не болот?
Жашообузда талашпай,
Сахнада бир күн байгени
Талашып кетсек не болот?
Калыстар жагын кеп айтың
Баалашып кетсек не болот?
Чакыруу билетти тоюма
Калыстарга бир бирден
Таратып кетсек не болот?

**Жеңишбек:**

Урматтуу өкүл баламдын,
Узун кылсын өмүрүн.
Отуруп алып карачы,
Баарынын табат көңүлүн.
Ар качан ырдап олтурсаң,
Айтпаган сөздүн төгүнүн.

Бойдок жүргөн кезинде,
Ойноп жүргөн кезинде,
Сизди үйдө жеңем башкарат деп,
Байкесин кордоп жүргөн кезинде,
Шорлуу байкем дечү элең.
Анын баары эсимде.
Шорлууга сен да илиндиң,
Окуялар кечинде.
Ошондой создөр көп болот,
Бүлүктү салбайт сезимге,
Тамашалап турабыз
Кандай аткан сөздөргө,
Таразалап турабыз.
Өкүл бала болгон соң
Ары жагын кандай кылабыз?
Ынтымакка келип кой,
Ыр гүлдөрүн терип кой,
Болбосо эгер жоргочо,
Жортокчо болуп желип кой.
Эң күчтүү деген саптарды,
Эңиштеп балам эңип кой.
Калыстардын баарына,
Чакыруу билет берип кой,
Мээримдүү киши турбайбы,
Байге кошкон айтышка,
Мэрге да бирди берип кой.
Ушунда болот чын жагы,
Уланса анан сый жагы.
Агамдын атын Мелисбек
Менин атым Жеңишбек
Иштеген жактын баарысын,

Угуп жатам бейиш деп.
Ош шаарга мэр болуп.
Ондоп жаткан кези экен.
Агайын-тууган агамды,
Колдоп жаткан кези экен.
Айтышка дагы көп сумма,
Болжоп жаткан кези экен.
Бакдөөлөтү ошентип агамдын,
Орноп жаткан кези экен.
Жакшылыкка жакшылык,
Кармаштырган кези экен.
«Ө» тамганы «ү» тамга,
Алмаштырган кези экен.
Ушундай болсун ылайым,
Сактасын сизди кудайм.
Жагалданган сөз эмес,
Кудай көрүп турбайбы.
Агыза бергин ушинтип,
Кыргыздын мөлтүр булагын.
Алдыга айтыш дегенде,
Араандай алга жыласың.
Агаларың олтурат,
Чакыруу билет сунасың.
Ал жагын туура сен айттың,
Алдастабай ар качан,
Акыйкат сөздүн ырасын.
Бер жагын айттым жан иним,
Ал жагын кандай кыласың?

**Аалы:**

Баш жагында баштадың,
Аялыңа буйурса,

Баш ийесиң жакында деп,
Мени да кордоп таштадың.
Жаңы үйлөнгөндө ушундай,
Чындыкты гана айтайын.
Азыр жалган сөздү учурбай,
Биринчи үйлөнгөн кезинде
Аялы тыңшайт күйөөсүн.
Бирөөсү гана урушат
Бир топ жылдар өткөндө
Күйөөсү укпайт аялын.
Анан аялы гана урушат.
Бир топ жылдар өткөндө,
Күйөөсү менен аялы,
Экөөсү тең урушат.
Анан кошуналары угушат.
Азыр урушпастан акырын,
Тең сүйлөп жаткан кезегим.
Алганыма пейилим,
Кең сүйлөп жаткан кезегим.
Он эле күн болду да,
Жубайым эмес азырынча,
Сүйлөп жаткан кезегим
Антсе да жакшылыктар алдыда,
Алардын баарын сеземин.

Ардактуу байкем кеп салды,
Мелис байкем мэр экен,
Мээримдүү киши деп салды.
Жалгыз эле сиз эмес,
Чыккан акындардын баарысы,
Ал байке жөнүндө кеп салды.

Мен да жан дүйнөмдүн казанын,
Бир аңтарып көрөйүн.
Байкеме айтчу кеп барбы,
Акынды кимдер кордосо
Аны жараткан Аллам кор кылат.
Акынды кимдер колдосо,
Аны жараткам Аллам зор кылат.
Оштун элин жетектеп,
Алдыны көздөй баса бер.
Дал ушундай жолду улап,
Алдыңда улап турамын
Кудай салган сөз менен.
Алдыңызга ой курап.
Чакыруу бер деп айттыңыз
Байке мага да жакты кебиңиз.
Туура акыл экен да.
Чакыруу берсем эгерде
Эл журтума жагабы?
Элим билет турбайбы.
Эл үчүн иштеп келе жаткан,
Мелистей болгон балаңы,
Айтыш өткөрүп жатат деп,
Ажого да жеткен кабары.
Мен чакырсам тоюма,
Мелис байкем барабы?
Жагып калып ал байкем
Эл журтуна кээ бир,
Иштеген мына санааны.
Сентябрда буйруса,
Реформалар болот дейт
Ак үйгө кетип калабы?

## 2010-ЖЫЛЫ ТОГОЛОК МОЛДОНУН (БАЙЫМБЕТ АБДРАХМАНОВ) 150 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## ААЛЫ ТУТКУЧЕВ ЖАНА АКЖОЛТОЙ КАНАТ УУЛУНУН АЙТЫШЫ

**Аалы:**

Убакыт деген ушунтип,
Жыла берет турбайбы.
Арканан ээрчип инилер,
Чыга берет турбайбы.
Кечээ байкеңе эмнелерди ырдасаң,
Инилер да ошону,
Кыла берет турбайбы.
Көрсө эмнени кылсаң ошону,
Көрөсүң дешчү мындайды.
Айланайын Акжолтой,
Амантай байкең ырдагандай
Аша кетпей ырдайлы.
Ал байкем мен менен чыкканда,
Көп-көп айтчу мындайды.
Анткени көпчүлүктүн алдында,

Салмагын сөздүн ылгайлы.
Акжолтойдой баландын,
Айта берсең тарыхын
Бүтпөс чоң бир окуя.
Телефондордун ичинен,
Мен болсо матаролла
Акжолтой болсо нокия.
Мен болсо жөнөкөй бир Аалымын,
Акжолтоюңар  Майрадан ксерокопия.
Айтылуу менин бөбөгүм,
Бөбөгүм десем жаңылам.
Сахнадан болдуң өнөгүм,
Бөбөгүмдү эркелете бербестен.
Ырдайын сага бөлөгүн,
Агаман ашып өтөм деп.
Артыман ашып жөнөдүң,
Башыңдагы тебетей,
Сакалың эле болбосо
Тоголок Молдодой көлөмүң.
Антсе да,
Ак калпак кыргыз калкына,
Белгилүү болсун өнөрүң.
Чыйпылдаганын чогулуп,
Угалы мында жөжөнү.
Айланайын чырагым,
Таркаткын элдин кумарын.
Мени менен кошулуп,
Жаныма бирге олтуруп.
Эригип мен да угамын,
Сени укканда элестейм.
Талаанын мөлтүр булагын,

Толтуруш керек карачы,
Көрүүчүнүн кулагынын планын.
Элиңе кызмат кылууга,
Талыбай турган убагың,
Оң жагымды карасам.
Ойлонуп кетип баратам,
Илгертен кыргыз кеп айтат.
Билесиңерби нени айтат?
Ак талаанын бозосу.
Аябай күчтүү деп айтат,
Табылдыдай байкеңиз.
Ак талаадан алдырып,
Бозочуга салдырып.
Текшерттирип баарысын,
Таратып жаткан турбайбы.
Жакшы иштердин аябай,
Жасатып жаткан турбайбы.
Калыстардын баарына,
Берип жаткан турбайбы.
Жан дүйнөсү калыстардын,
Ээрип жаткан турбайбы.
Табыкем берген бозонун,
Мында пайдасын акындар.
Көрүп аткан турбайбы,
Муну айтып жаткан себебим.
Бозодой болуп чырагым,
Кайнап турган убагың.
Куштай болуп бутакта,
Сайрап турган убагың.
Айтышам деген далайды,
Жайлап турган убагың.

Жиби жок эле тилдерин,
Байлап турган убагың.
Алдыңа салып баарысын,
Айдап турган убагың.
Майранын баласы
«Тың чыкты» деп көп угам.
Бирок, үнүн укпай комуздун,
Домбра укту кулагым.
Мен ошого кичине
Ойлонгонсуп турамын,
Анткени, казак-кыргыз бир тууган.
Киндик кесип бир жуушкан,
Илгертен бирге алышса,
Аларга душман келбеген,
Келгени менен душманга
Эч убак намыс бербеген.
Ала-Тоо гана бөлбөсө,
Арасын душман бөлбөгөн.
Казак менен кыргызды,
Илгертен бир тууган эл деген.
Бирок ош окуясы болгондо,
Көөдөнгө кайгы толгондо
Бир аз кетейин кайрылып,
Кайрылып ошол  ойлорго.
Кыргыз-өзбек чатагы,
Кыйлага чейин барышты.
Канчалар бир тууганынан айрылып,
Көзүнүн жашын агызды.
Ошондо,
Бир тууган деген казактар,
Чек араны жабышты.

Тескери туруп алышты,
Аны ойлоп кыргыздар.
Көтөрбөйлүбү намысты,
Ушундай жерге келгенде,
Колго алып  комузду.
Эскербейлиби жарышты,
Кайсы жерге келгенде,
Кыргыз, кыргыз дегенде
Кыргыз деп алга чамдайлы.
Кыргыз болуп калган соң,
Биз  улуулугун танбайлы.
Токомдун  комузу турганда,
Домбра колго албайлы.
Көкчөдөн көрө  билебиз,
Манас деген эр болгон.
Казактан көрү кыргыздын,
Пейли дайым кең болгон.
Отуз экинчи жылында,
Ачыгын айтсам чынында.
Казактар каптап келгенде,
Казактардын жеринде.
Болгон кезде шерменде
Кыргыздардын баарысы,
Бир тууган казак элим деп,
Аябай сактап калышкан.
Анткени кыргыздарды ошолор,
Бир тууганыбыз экен деп.
Кыргызды көздөй барышкан,
Өчөөр отко кыргыздар,
Аябай майды тамызган.
Тутантып казак отторун,

Багып келген эмеспи.
Бир тууган деп жанына,
Алып келген эмеспи.
Келечек көздөй казакка,
Багыт берген  эмеспи.
Кийин да казак турат мактанган,
Өздөрүнчө шаттанган.
Ак сүйөкбүз гой биз дешип,
Далай жерде сүйлөгөн,
Анан бир жерге барганда
Кыргыздын кыраандарын үндөгөн.
Сөөгүңөрдү көргөнбүз,
Агарып жаткан жеринен.
Өзүбүз барып көмгөнбүз,
Мына ушинтип деп айткан.
Кыргыздар не бир кеп айткан.
Муну айтып жаткан себебим,
Айланайын чырагым.
Аны туят деп ырдап турамын,
Мындан ары келген соң.
Сен Майранын  баласы,
Бирок атаң болот эмеспи.
Кыргыздардын Канаты,
Канаттын болсоң баласы.
Сиңген чыгаар көкүрөгүңө,
Кыргыздын терме санаты.
Ак калпак кыргыз калкыма,
Сен кыргыз болуп калганга.
Иним эч убакта арданба,
Эгер мен казак болуп калганда.
Аябай болмокмун арманда,

Анткени, совсем  чөкпөй калмакмын.
Ысык-Көлгө барганда,
Бакылдай берип нетели.
Эл алдына келгенде,
Элге обон салып жүр.
Элдин батасын алып жүр,
Азырынча жашсың да.
Элдин көңүлүнө жагып жүр,
Элиң берсе ак бата.
Акыл сөзгө канып жүр,
Негизгисин айтарым.
Казакча чалбай домбра,
Кыргызча комуз чалып жүр.

**Акжолтой:**

Ээрчитет деп күтүп турсам жан агабыз,
Кычыткы кептен улам сунат экен.
Жакшы эле айтышайын дедим эле,
Сөз бербей, шанс бербей турат экен.
Аспап деген аспап болот анда күнөө жок,
Анткени бул апамдан калган мурас экен.
Анткени апам кыргызга келип кызы болуп,
Жалаң кыргыз  деп ыр чуубатчу экен.

Көңүлүм бир башкача болуп турат,
Өзүмчө ичим да, боорум да ооруп турат.
Силердей жан агалар жол алганда,
Биздей  ини момпосуйун соруп турат.
Колумда домбра болгон менен,
Жүрөгүм кыргыз деп согуп турат.

Жаманга чыны менен арачымын,

Жакшылыкка дайыма дал карачумун.
Домбраны чыны менен чалсам дагы,
Кыргыздын үмүт болоор баласымын.
Мейли чиркин унутуптур кезиндеги,
Кыргыздай  казак өзүнүн жан ачырын.
Ой байке сен өзүң жаңылбагын,
Мен кийин казакты күнөөлөп талачумун.

Ырас айтылат кыргыз, казак эгиз элиң,
Кыргыз элим көл элим, деңиз элим.
Мейли мен толукмун го чиркин,
Тайларды тартып өпкө жактан  семиз элем.
Домбраны таштабайм деп айта алам,
Анткени мен казакка
Өзүнүн жемин өзүнө жегиземин.

**Аалы:**

Баракелди чунагым.
Мен эми билдим биягын.
Эскилерден жаңылардын,
Жакшы иштейт дейт го кыялы.
Алдагыдай болсо эгер,
Гитлердей экен планың.
Эгерде минтсең ишенем,
Казакка барсаң Каркыраны.
Кайра тартып чыгаарың.
Сөзүңдөн байкап жатам.
Эрезеге жеткенде
Казактан өчтү сураарың.
Мен сага бир кеп айтайын,
Өзүң менен эл ичинде.
Эркелей бербейм ай сайын,

Илгери апаң Майрам барында.
Айтыш фонд болчу шаңында,
Кайсы күнү болсо да,
Жеңекем болчу табында.
Кайнилердин баарына,
Көрүп турчу камылга.
Чынын айтсам жылына.
Эки миң сегиз жылында,
Филармония залында.
Казактар келген маалында,
Колуна домбра эмес жеңекем
Кайран комуз алды эле.
Казактардын алдында
Төркүнгө каршы барды эле.
Каркыраны кайтар деп,
Катуу ырдап калды эле.
Ошондо казактарга каршы,
Кайран жеңем турду эле.
Жеңемдин айткан сөзүнө,
Жалпы журт көңүл бурду эле.
Молодец, бали, Майрам деп,
Алакандарын урду эле.
Казакка каршы жеңебиз,
Домбра  менен ырдабай
Комузду калкан кылды эле.
Муну айтып жаткан себебим,
Ачыгын айтып ой беремин
Өзүң айтып өткөндөй,
Өзүң айтып кеткендей,
Казакка өзүнүн жемин жегизип.
Казактын жээни дегизип,

Жээн болом казак деп.
Кыргыздан келдим тажап деп,
Атайын баргын казакка,
Бир айдай жаша ал жакта.
Кыргыз менен казакта,
Илгертен бери макал бар,
Жалганы жок го макалдар.
Жээн деген эл болбойт,
Желке деген тон болбойт.
Ошонусун кыласың,
Казактарды талкалап.
Кыргызды көздөй жыласың,
Каркырадай жериңди.
Айтылуу  кыргыз элиңди
Байытат деп жатамын.
Кыргыздын каны экенин,
Таанытат деп жататмын.
Казактардын далайы менен,
Жарышат деп жатамын.
Кыргыз үчүн намысты,
Алышат деп жатамын.
Астыңан чыкса казактар,
Жакалашып кармашып.
Жыгылсаң дагы жармашып,
Манас тукуму экениңди билгизкин.
Казактардын ичинде дененде,
Кыргыздын канын жүргүзгүн.
Казактын элин эмес,
Кыргыздын элин сүйгүзгүн.
Анткени сендей гана жигиттер,
Курама темир курч болот.

Башын жакшы иштетет,
Ак калпак кыргыз калкыңды.
Ошонтип ырыскысын тиштетет,
Каршы чыккан казактардын
Тилинен кармап тиштетет.
Дегеле өтө эле кетип баратса,
Ошол жерден ичке теп.
Муну айтып жаткан себебим,
Кайсы жерде болсо да.
Дал ошондой кармаш да,
Артынан түшүп жармаш да.
Мен сага дайым ишенем.
Сен үчүн  деңиз тизедем,
Сендей болгон жигиттер
Ак калпак кыргыз элимдин
Батасын алса бул жерден.
Карысы менен жашынан.
Ушундай иштерде  айтышта
Өткөрүп турсаң башыңан,
Көөдөнүңдө толо болот казынаң.
Сен чыгып турсаң айтышка,
Бүтүндөй кыргыздардын атынан
Сен үчүн мен дапдаяр
Көөдөндө ак бата, тилек, чачылам.
Чачыламдын баарысын,
Камдап турам өзүңө.
Медаль болуп алтындан,
Тагылайынчы төшүңө.
Казак менен кыргызга,
Чек аралардын үстүнө.
Сен болуп бер көпүрө,

Кайда болсоң мен дайым,
Тик туруп берем өзүнө.
Эгерде азыр айтып жаткан,
Туралсаң эгер сөзүңө.
Анткени, азыркы балдар баарысы,
Жашы менен карысы,
Көөдөнүндө буюрса.
Оргуштап турат намысы,
Байкадыңар го жакшы эле.
Патриот чыгат го дабышы,
Бул мен үчүн тоодой ишенич.
Казакка барып буюрса,
Көп намыстарды алышы.
Айланайын чырагым,
Жолуң дайым шыр болсун.
Ырдаганың ыр болсун,
Ашканың бийик кыр болсун.
Ден-соолугуң чың болсун,
Теңтуштарыңа караганда
Талантың бир топ тың болсун.
Кийгениң,
Ак калпак болсун башыңда.
Ак калпакты сүйгөн эл,
Дайым болсун кашыңда.
Комузуң болсун колуңда,
Соонун ой болсун оюңда.
Жакшылыктарда ырдай көр,
Көпчүлүктөрдүн тобунда.
Арстанбек атаң айткандай,
Кургак жерге тамчы бол.
Зөөкүрлөргө камчы бол,

Кыргыздардын алпы бол.
Жиңижок атаң сыяктуу,
Жеңилбеген алпы бол.
Элмирбектей буюрса,
Эңилбеген ырчы бол.
Жеңишбектей эч кимге,
Жеңилбеген ырчы бол.
Эки кол айга жетсе да,
Элим деген ырчы бол.
Кайсы жерде болсо да,
Кемибеген ырчы бол.
Ак калпак кыргыз калкымдын,
Калемпир кошкон мурчу бол.
Айланайын көпчүлүк,
Мен батамды айттым оболу.
Биз болобуз беш күндүк,
Бул дүйнөнүн коногу.
Кабыл болсун бүт тилек,
Казакта элди кайтарат.
Мына ушундай балага,
Кана алакан чаап коелу.

**Акжолтой:**

Акындын жалыны да, музу болгон,
Акын кыздар кыргыздын өнөр узу болгон.
Чыны менен акындын тамашасы,
Даана эле эң ачуу тузу болгон.
Апам казактарды комуз менен чапканында,
Ал казактын эмес кыргыздын кызы болгон.

Сиздей агам мага ойду курап берсин,
Өчтү бирге алабыз убак келсин.

Жаштарың азыр чиркин элим деген,
Акжолтой да элим деп чыгат дээрсиң.
Ал эми айткан батаң кабыл болсун,
Болсун деп калың журт кубат берсин.

Сүйлөмдүн бүгүнкүсү бүтпөсүнчү.
Алла талам кайратты күчтөсүнчү,
Мен кыргыздын баласы кыргыз деген,
Калайык калк мени казак деп
Менден көп үмүтүн үзбөсүнчү.
Мен кыргыз, кыргыз болом түбөлүктүү,
Маанайыңар домбра көрүп түшпөсүнчү.
Эми кетели байке тигил жакка,
Үшүп тоңуп тиги кезек күтпөсүнчү.

**Аалы:**

Жаркыган чырак сыяктуу,
Кайран иним үйдөгү.
Тигил жакка кетели деп,
Жаман чыкты сүйлөмү.
Тиги жакка деп айтсаң,
Ойлопмун башка дүйнөнү.

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

### АБДЫЛДА НУРАЛИЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Абдылда:**

Ассалому алейкум
Агайын тууган аманбы?
Алды менен кичине
Айтканы турмун саламды.
Көптөн бери көрүшпөй,
Кагылайын сахна,
Көргөндөй болдум караанын.
Калың тууган эл билчү,
Менин дагы чамамды.
Ак калпак кыргыз, казактан
Маалында ырдагам.
Далайлар менен айтышкам
Кыйла акын менен тартышкам.
Чыкканым жаңы кунаным,
Таластан чыккан уларым.

Абайлап ырда агаңды,
Алды менен сураарым.

Төкмө акын ушул Аалы дейт,
Кээде кармап калат жаалы дейт.
Айтышкандар эле арт жакта,
Коркуп жатат баары дейт.
Эми алтыным иним улагын,
Калың элдин астында,
Агаң ырдап олтурса,
Канып кетсин кулагым
Агаң ырдап бүттү окшойт,
Канакей иним улагын.

**Аалы:**

Бир айылдык байкемсиз,
Биринчи байкем баштасын.
Алымкул, Эстебес атам баш болуп
Айылымдан чыккан жакшы акын.
Ошолордун ичинен Абдыкем,
Орошон талант кашка акын.
Абдыкеме жете албайт,
Казак кыргыз ичинен,
Калчашса дагы башка акын.
Байкем менен чыктым деп,
Аалы, кош көзүн кантип жаштасын.
Жети баштуу желмогуз
Келсе деле мейли эле
Бирок, Сапардан кудай сактасын.

Айланайын Абдыке,
Абдылда байкем ак кеме,

Мен жанында,
Калкып турган кайыкмын.
Абдылда байкем кит болсо,
Мен жанында сүзгөн балыкмын.
Абдылда байкем карачы,
Агылып аккан дарыя,
Мен жыбылжып аккан булактай.
Абдылда байкем суусар бөрк,
Мен тамтыгы чыккан тумактай.
Абдылда байкем күн болсо,
Мен күндүзү күйгөн чырактай.
Абдылда байкем турганда,
Оозумдан калат ыр акпай.
Абдылда байкем келгенде,
Амандыгын сурайбыз,
Биринчи бизден суратпай.
Абдылда байкем карачы,
Мен жөнөкөй Аалымын.
Байкем Алмамбет менен Чубактай.
Абдыкемди мактап турбасам
Аалы акын калат кыр ашпай.
Абдылдага туш болдуң десе,
Калчылдап калдым калайык,
Карышкыр көргөн улактай.

Абдылда байкем ырдаса,
Атомный бомба жаргандай.
Абдылда байкем басышы
Бул арыстан сымал тайманбай.
Казака барсаң айтышта,
Карышкыр бүлүк салгандай.

Кыргызда кээде калыстар,
Өткөрбөй коёт финалга,
Кыргызда болсо ар кандай.
Ал акындын чалат далайын,
Жолойду Кошой чалгандай.
Абдылда байке дегенде,
Даап эч ким бара албайт,
Эр жүрөкмүн деп тайманбай.
Экөөбүз бир айылдын баласы
Абдыке, айыл кандай, мал кандай?
Көрүшпөй калдык айылда
Туугандар кандай, жан кандай?
Ана экөөбүздү бир салды
Тагдырдын башка салганыбы ай.
Абдыке менен бир чыгыш,
Аябай эле оор экен.
Сүйлөшүп жүргөн кызына,
Атасы менен баргандай.

**Абдылда:**

Алды менен жан иним,
Акырынырaак акчу элең.
Кээ бир, кээ бир акындын
Көөдөнүн эптеп басчу элең.
Мактап-мактап отуруп
Аягында чапчу элең.
Казака барсам кармаштым.
Далайларга жармаштым.
Ушундай болот турбайбы,
Ал жагын деле ырдайлы.
Кээде өтпөй калганым
Өзүң деле билесиң

Алтындын жеринде баркы жок болот
Дегени ушул турбайбы.
Калыстар кээде карашат,
Жаш балдар чыкса деп самашат.
Жаштар өссө экен деп,
Абыдан ойлоп отурсаң,
Анда кайдан адашат.
Жаш балдар чыкса абыдан
Сүйүнүп калат кулагым.
Сен агып жаткан булагым,
Жаңыдан чыккан улагым.
Айтор кандай ушул болсо да,
Көпчүлүк жерге келгенде,
Чабылып турчу кунаным.
Таамай ырда, так ырда,
Ушуну сенден сураарым.
Кең Кайыңдын ичинде,
Алты төкмө чыгыптыр.
Анткени алар билесиң
Ырчы булактан жутканын.
Алымкул деген болгон дейт,
Маалында каруу-күчкө толгон дейт.
Ак калпак кыргыз журтунун,
Батасын алып ал киши,
Бак-таалайга конгон дейт.
Анан Эстекемди көрдү элең,
Кайран киши маалында,
Агып турчу булактай,
Калың кыргыз, калың эл,
Алып калсын унутпай.
Жок кайран ошол агабыз

Издесек кайдан табабыз,
Маалында ал киши,
Казак мене кыргызга,
Теӊ акын жан эле.
Барган жерде агамдын,
Отурган жери шаӊ эле.
Же болбосо ал кишинин,
Ар бир сабы ырынын
Агарып аткан таӊ эле.
Кийинкилерден көрдү элем,
Төрөш Турдалиев агабыз.
Издесек кайдан табабыз.
Ошол алтын көкүл атанган,
Осмонкулдан бата алган.
Төрөш деп атын укканда,
Атагын кыргыз жат алган,
Агаларыбыз бар эле.
Булар кетти айла жок,
Азыр ыйлап турабыз.
Аларды кайдан табабыз,
Анын арка жагында.
Тулпардын экен туягы.
А дагы кыргыз калкынын,
Улуу тоодо ой улары.
Замирбек деген агабыз,
Ойлоп көрчү жан иним.
Андайды кайдан табабыз.
Азыр мындай чоӊ сахнада,
Кечээ ырдап кеткенде,
Жүрөктөн алып калабыз.
Кыргызда ушул айылдан,

Алты төкмө чыкты деп,
Аягы ушул Аалы деп,
Бар экен мунун туягы,
Кудай ушул каалаcа,
Басат экен баарын деп,
Элдин кубанып турат кулагы.
Аман болгун алтыным,
Сага да ошол сураарым.
Маалында бир кезде,
Жүрө-жүрө мен дагы,
Жүгүрүп чыккам Кайыңдан.
Ээрчип жүрүп чоңойгом,
Эл билген далай шайырдан.
Ысмайыл акын айткандай,
Үмөтаалы, Сулайман
Айдараалы комузчу,
Ар кимиси Таластан,
Алынча шайыр болушту.
Булар да кетти Капкадан,
Көөдөндөн ысык жан кетип,
Көз сүзүп кимдер жатпаган.
Тууганым ушул айтарым,
Артымда калчу кунаным,
Ырдай турган убагың.
Дагы бүгүн ырдап бер,
Ушуну сенден сурарым.

**Аалы:**

Таластын төмөн жагында,
Айтылуу Манас району,
Ошонун бери жанында.
Алты акын чыккан санасам,

Айтылуу Арал деген айылда.
Мен дагы ошол айылда,
Чоңойдум чуркап тайымда.
Ырчы-Булак деген бар,
Көп кечип калдык жайында,
Келген элдер кеп айтат.
Билесиз байке нени айтат.
Ырчы-Булактан ичкендер
Ырчы болот деп айтат.
Болбосо чакан айылдан
Алты акын чыгып отурса,
Ырчы-Булакты неге айтат.
Эң биринчи Алымкул
Булака өзү барыптыр.
Булакка барып суу ичиш,
Эстекемдей залкарга,
Адат болуп калыптыр.
Элдер пиала менен ичишсе,
Замирбек деген агабыз,
Чакалап ичип каныптыр.
Алардан кийин Абдыкем,
Алп талант болом мына деп,
Бочкалап ичип алыптыр.
Баарыңар,
Булактын суусун ичип салып
Мага окшогон Аалыга
Бир эле кашык калыптыр.
Андыктан, акындар конгон туурга,
Ылаачын болуп коно албай,
Отурган кезим ордолуу,
Элдин купулуна толо албай.

Аз ичип калган окшоймун,
Жүрөмүн сиздей боло албай.
Антсе да биздин Абдыкем.
Казака барса калк акын,
Кыргызга  келсе алп акын.
Кыдырып ырдап жүрөсүз,
Кыргыздын Ак-Сай, Арпасын.
Алтымыш асый болсо да,
Абдыкем кайдан чарчасын.
Айтышта далай казактын,
Чыгарган болчу маңкасын.
Казактар кантип тосо алат
Кыргыздын сиздей танкасын,

Эми айланайын Абдыке,
Бакайдай болгон турушуң,
Ал эми жакалашкан адамды,
Тим эле барскандай урушуң.
Алты күн айтсаң түгөнбөйт,
Көкүрөктөгү угутуң.
Ээрчип чыктым мен тилейм,
Талантыңыздан кичине,
Аалыга дагы жугушун.
Аганы даңктап ыр ырдоо,
Абалтан берки жумушум.
Айтыш фонд деген жакта өскөм.
Акын болуп жашта өскөм.
Алабарман жүгүрбөй,
Таалим алып накта өскөм.
Көп балдар чыгат мынакей,
Агаларын жакалап,

Мен алардан такыр башка өскөм.
Сиздей болгон акындын,
Байпагын жууп иш кылам,
Кирдеп баратат десеңиз,
Калпагын жууп иш кылам.
Кырып берип мурут, сакалын
Чапанын жууп иш кылам.
Албетте мактап отурсам,
Кантип алыссың Аалы сен дейсиз?
Албетте менин Абдыкем,
Жүрөгүң согуп эл дейсиз.
Казак менен кыргызды,
Атасына атасы, батасына батасы
Ар убакта тең дейсиз.
Иниңиз менен бир чыгып,
Адырдан соккон желдейсиз.
Акындардын ичинде,
Башкармадайсыз, мэрдейсиз
Чапаныңды жууйм дедим,
Майкеңди деле жуумакмын
А бирок, ишенем байке  бербейсиз.

**Абдылда:**

Алып жүргөн баласың,
Ак калпак элдин батасын.
Мен ичкен ошол булактан,
Сен дагы татып жатасың.
Жакшы эле мактайт деп турсам,
Аяк жагын,
Какшыктап бара жатасың.
Калың элдин бир кезде,
Алган болчусуң батасын.

Өкчөгөн болчу ырлардын,
Алчы менен таасын.
Болбосо далай сакасын,
Эртеден бери карасам,
Жакшы мактап баратып,
Арка жагын кичине,
Оюн кылып жатасың.
Айтарым алтын жан иним,
Бул оюндардан от чыгат.
Бербес сараң байлардын,
Оозунан дайым жок чыгат.
Суу чуркатсаң ток чыгат,
Мылтык атсаң ок чыгат.
Болоор бала шок чыгат
Йоддолбогон туз ичсең,
Алкымыңа зоб чыгат.

Өсө турган баласың,
Үмүтүм чоң билесиң.
Мени да кээде сагынып
Салам айтып каласың.
Бали рахмат жан иним,
Ушундай чуркап ырдагын.
Эл менен болсун жыргалың,
Кай жерде болсоң ырдагын,
Калк менен болсун жыргалың.
Эгемендүүлүк жыйырма жыл,
Калың элдин алдында,
Какылдап сайрап тынбагын.
Манас атам айкелин,
Алып келип турат дейт.

Бийикте ушул курат дейт.
Агабыз Чыңгыз билесиң,
Анын да айкелин алып  турат дейт.
Ала-Тоо ушул аянтка
Экөөнү катар курат дейт.
Бул мактаныч эмей эмне?
Калың элдин жүзүнө,
Бул сагыныч эмей эмне?
Кайран Чыңгыз агабыз,
Андайды кайдан табабыз.
Маалында агабыз,
Дүйнөнү дүң кылды.
Отурган жерин гүл кылды.
Барган жерин дүң кылды.
Бактылуу кылды, гүл кылды.
Мына Чыңгыз деген аганы,
Ким экен дүйнө билбеген.
Чыкем деген бир кезде
Ала-Тоо кыргыз калкынын,
Бактысын жазган киши экен.
Далай элдин а киши,
Батасын алган киши экен.
Бали рахмат кыргызга,
Эскерип жатат атасын,
Атасын бүгүн эскерсе,
Ким табат экен  катасын.
Андан көрө бир кудай,
Сактасын бала чакасын.
Өсө берсин кыргыздын,
Ар убакта канаты.
Какылдап ушул ырдамай,

Бул акындардын адаты.
Бали рахмат тууганым,
Ырдай бергин ырыңды,
Калың элдин ичинде,
Сагынган ушул жыйынды.
Абдылда менен чыкканда,
Бир тууган жакшы инимсиң.
Сала көрбө чырыңды,
Калың элдин ичинде.
Толкуткум келди жыйынды.
Балапан жапжаш күнүмдө,
Чыккан куттуу бул сахна.
Далай чыккам билесиң,
Эстекем менен ээрчишип,
Ашыкем менен бир жүрүп,
Ал кезекти эстесем.
Кайран ушул Ашыкем,
Отурган жерди күлдүрүп,
Жаңыдан келген кезимде
Артистин жашыраагымын,
Талант жактан ыр жактан,
Баарынын пасыраагымын.
Мен үлгүсүн алып чоңойдум,
Улуу тоодо шаңшыган,
Үмүттүү Ашыраалынын.
Кайран ошол атабыз
Кадырын айтып жатабыз,
Олчойгон ошол атабыз,
Арбагын айтып жатабыз.
Кайран киши таланттуу,
Талантын кантип катабыз.

Кечээ угуп турсам теледен,
Бир укмуш ушул көргөндө,
Жүрөгүм толкуп сүйүнөм,
Бир япон чыгып ырдады,
Ашыкемдин ырларын.
Укканда ушул жыргадым.
Япондор чыгып ырдаса,
Кагылайын кыргыз эл,
Болбостур дечи арманың.
Ашыкемдин ар дайым,
Мен айтып жүрөм арбагын.

**Аалы:**

Эстеликтер жөнүндө,
Эчен сөз айттың көңүлгө.
Чоң бурулуш деп ойлойм,
Биз жашаган ушул өмүрдө.
Эстеликтердей эң бийик,
Түбөлүктүүлүк болсун элимде.
Чыкең Манаска кошулуп,
Кут орноп турсун жеримде.
Манастын турса айкели
Тээтиги Ала-Тоонун төрүндө.
Эстеликти алмаштырганга,
Американын көзүн карайбыз.
Тил мыйзамын аларда,
Орустарды аяйбыз.
Ошентип коркуп отурсак,
Кыргыздар неге  жарайбыз.
Андыктан байке айтарым,
Алп сөздү айтып ырдасаң,
Үлгүсү болуп уул-кыздын.

Жакшылыгың алдыда деп,
Ойлойм далай турмуштун.
Эргип ырдап отуруп
Залкары болгун кыргыздын.
Кудай Таалам буюрса,
Дагы бир жүз жыл өткөндө,
Жанына тиги Чыңгыздын,
Агайын тууган чогулуп,
Абдылда деген залкардын,
Эстелигин да тургузсун.

Айланайын Абдыке,
Өзүң берсең батаны,
Бата менен өнүп өсөйүн.
Бакылдап ырдап отурсаң,
Кадырыңа жетейин.
Өзүң залкар агамсың,
Алдыңа чыгып нетейин,
Акынды даңктап ырдамай
Мактамак беле Аалы акын
Талаадагы текейин.
Айланайын Абдыке,
Өзүң үчүн буюрса,
Өмүрдө дайым кыргыз деп,
Сизди көтөрүп жүрүп өтөйүн.
Ак калпак эли үчүн,
Ала-Тоо үчүн, жер үчүн,
Сары улак болуп мен бүгүн
Садага болуп кетейин.

## 2013-ЖЫЛЫ НООРУЗ МАЙРАМЫНА АРНАЛГАН КЫРГЫЗ-КАЗАК ТӨКМӨ АКЫНДАРЫНЫН АЙТЫШЫ

## СЕРИК КАЛИЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Серик:**

Жалгасып бабалардан турса мурам,
Ноорузда кыргыз казак бир шабылам.
Издегенге сураган деген дейтин,
Сыраңдап көрөйүнчү бул сарыдан.
Айтыс сайын экөөбүз жолугамыс,
Мен де калмай койдум гой кыр соңундан.
Жакшы өнөр тартайык калык үчүн,
Ноорузда жадырган жыр сагынган.

Агайын калсын деймин сөзүңө уюп,
Аалы сен акын эдиң сөзүң бийик.
Бөркүңдү тастап бүгүн шыгыпсың гой,
Сериктин калады деп көзү тийип.
Аликке бермей койгон калпагыңды,
Кызганып алыпсың гой өзүң кийип.

Ноорузда күн күлгөндө көктөм келип,

Таалайга Нооруз да жеткен желик.
Биз жакта Ноорузда өкпө айтпайды,
Аалынын көп сөзүнө кектембелик.
Калайсың кыргыз жактын Жеки Чаны,
Сахынада сүйлөйсүң өктөмдөнүп.
Казактын Брюс Лиси келип отур,
Эки аягың калмасын көктөм келип.

**Аалы:**

Аликке калпак бербейт деп,
Ушинтип дагы ырдайбы?
Баш кийимиң бергенче,
Башыңды берип ийгин деп.
Бабалар айткан мындайды,
Аталардын ар бир сөзү алтындан.
Барктуу жана салмактуу,
Аларды байкап тыңдайлы.
Баш кийим сурап бири-бирибизден,
Андай төмөндүктү кылбайлы.
Көрсө ар кимден сурап олтуруп,
Карызга ушинтип жеткен турбайбы.

Брюс Ли болгон элем деп,
Келгендей кытай тараптан.
Мушташалы дейсиңби,
Айтышпай эле жамактан.
Ой мен андай акын эмесмин,
Жеки Чан менен Брюс Ли деп.
Сахнага келип сабашкан,
Асманды бутуң карайт деп.
Мени кандай баалайт деп,
Бир сөздү уктум казактан.

Жеки Чан болсом тирүүдүр,
Брюс Ли деген накауд.
А сен чыктың каяктан?
Казактан эркин сүйлөсөң,
Бөрк ал десе баш алган.
Кошоматчылар басат го.
Ал тургай эки жыл,
Айтышыңар калды жабылып,
Ал жакта жумуш чатак го.
Бийлик өстүрбөй басса акынын,
Туш-тушка акын качат го.
Мени сары бала деп тийишкен,
Бул бир аз чатагыраак казак го.
Өз өлкөсүндө жүргөндө,
Өйдө жакка тийишпей.
Бул жактан көңүл ачат го.
Назарбаевдин өңү сары эле,
Ал деле ушундай жолдо басат го.
Казакстандан төгө албай,
Казакстандан сөгө албай,
Кыргызстанга келип сары деп.
Тиякты сөгүп жатат го.

Кагылайын карагым.
Кебин ук мендей балаңын,
Ар бир ырын сыйлаймын.
Сериктей болгон агамын,
Жүр десең бирге кошулуп.
Жоого да тике барамын,
Сендей баурум турганда,
Таппаган сөздү табамын.

Бир тууган болсо жанымда,
Бийиктегини аламын.
Бир тууганым жок болсо,
Көчөдө жалгыз каламын.
Көтөрүлөт дейсиң го,
Башым жылдызга жетип калса да.
Жерде турат аягым.
Өктөмүрөөк сүйлөйт деп,
Оюңа алба а жагын.
Ардактуу менин Серигим.
Акын көрбөдүм Сериктей.
Кыргызга келсе мактаган,
Казакка барсам жактаган,
Башка акындардай эмес,
Акындар менен тебишпей.
Анан дагы байкебай,
Сиз менен кантип ырдабайм,
Мен ынтымакка келишпей.
Мен болсом балким булактыр,
А бул Серигим өзү деңиздей.
Абайлап бир аз ырдайын,
Аликтей кылып кейитпей,
Анткени кыргыз коногун.
Жакшылап сыйлайт демитпей,
Кайта-кайта президент,
Алмаштырды кыргыздар деп,
Сынтагышып жатышты,
Тээтияктан бизди көрүшпөй.
Силерге укмуш таң калам.
Жыйырма эки жылдан бери карай,
Кантип жашайсыңар зерикпей.

Кагылайын Серигим,
Аалыга кулак салып кет.
Агайын-тууган кашында,
Жылдыздай күйүп жанып кет.
Акын деген ой багат,
Көөдөнгө ойду багып кет.
Бир тууган издеп келипсиң,
Кыргыздан тууган табып кет.
Анан дагы карачы,
Казактан силерди таратып.
Ар кайсы жакта жүрөт деп,
Айтыштан узап алыс кет.
Бирок Кыргызстанга келгенде,
Сагынып турган калкыңа,
Санаттан ырдап салып кет.
Ой революция дегенди.
Беш мүнөттө эле жасайбыз,
Кыйналып бара жатсаң эгер,
Кыргыздан кыркты алып кет.

Кырк чоро барып Манаста.
Кытайды чапкан чынында,
Кырк кыргыз барып казактан,
Алмаштырыш ирунда.
Анан дагы айтаарым,
Маңдайда кыргыз элим бар.
Кыргызды көрүп турганда,
Мына мындай дегим бар.
Элим барда жакам бар,
Элим барда жеңим бар.
Элим барда ырым бар,

Элим барда кебим бар.
Эл болот менин тирегим,
Эл болот менин жүрөгүм.
Элсиз тентип кеткендер,
Эмине болот ал жагын.
Айтпасаң деле билемин,
Өзүмдү анча сүйө албайм.
Элимди андан сүйөмүн,
Анткени мен кейисем мейличи.
А бирок кыргыз калкымдын,
Кудай соолутпасын гүл өңүн.
Аталардын наркы бар,
Ала-Тоо ыйык төрүндө.
Апаларымдын пейли бар,
Чалкыган Ысык-Көлүндө.
Сан миң баба сөөгү бар,
Сары алтындай жеримде.
Кыргыздын тамган каны бар,
Кызарган гүлдүн өңүндө.
Казак кыргыз бир эл деп,
Байгесин бөлсөк билер деп.
Кыргыздан чыккан демилге,
Анан дагы баурум,
Ушундай берешендик бар элимде,
Кыргызды малай деп коюп.
Зым тарттырып чек коюп,
Кымбатым казак бөлүнбө.
Ансыз да адам өлгөндө,
Жалгыз калат көрүндө.
Аалыны сөксөң сөгө бер,
Албаймын деле көңүлгө.

Бирок, жаман сөз айта көрбөгүн,
Жан боорум кыргыз жөнүндө.
Ыраазымын кудайга,
Кыргыз кылган өмүрдө.
Кыргыздын дагы ичинен,
Төкмө акын кылып жараткан.
Шүгүр деймин теңирге.
Бабаларым калтырган,
Өлкөнүн жүгүн көтөрүү.
Оор жүк турат белимде,
Баурум уккун бир сөздү.
Ырдайын
Филармониянын төрүндө,
Кыргызды душман дей көрбө.
Кыргызды душман дегендер,
Келе албай калды элине.
Ким жаман десе кыргызды,
Мен башымды сайдым өлүмгө.

**Серик:**

Мен сенин ар сөзүңдү багалаймын,
Калайша эл алдында табалаймын.
Эр Манастын урпагы сен болганда,
Мен боламын урпагы Кабамбайдын.
Тирес десең сени мен тиресемин,
Сыйласаң кушагымды сагаң жайдым.
Өзүмө тийсип жатсаң кеширермин,
Элиме тийсип жатсаң аябаймын.

Бул өзү не деп отур агасына,
Азыраак карау керек шамасына.
Кыргызды душман дейтиң мен эмесмин,

Жообумду калтырбаймын табасына.
Алдыңа конок болуп келген жандын,
Эш кашан жармасмаймын жагасына.
Жыйырма эки жыл калыкты бастап турса,
Падысанын жетип жүрмүн багасына.
Бизderден үлгү алшы деп мактанасың.
Алаоздук отун сондо жагасыңбы.
Алкынып сүйлөп турган бул Аалыны,
Акырын түсүрөйүн сабасына.

Маңги кыл төбөлсүздүк ак таңын ай,
Өзүңдү аламанга баттаудай.
Ынтымакшыл бирликшил кыргыз элин,
Бүлүкшүл деп мынакей мактадың ай.
Кудайым өздөрүңө бирлик берсин,
Эл арасы бузулгандан сакта кудай.

Сен былтыр Астананы мандай калдың,
Сол жерде айтысымда шамдай жандың.
Келгенден соң казактар бийлөөдү деп,
Өтүрүк айтканыңа ынанбай калдым.
Акындарга жоопту өзүң берип,
Конок үйгө коркуп сен бармай калдың.
Астанага барганда мактайсыңдар,
Бишкеке мен келгенде даттайсыңдар.
Бир айтатың эр Манастын урпагы эдиң,
Неге осол адалдыктан аттайсыңдар.
Канчага боктасаң да, тактасаң да,
Казактан жакын бирак таппайсыңдар.

Аалыдай иним жарадың,
Өлөң боп элге тарадың.

Сараӊ болуп кетипсиӊ,
Ашылган экен араныӊ.
Сары алтын деп мактасам,
Түйүлө калды кабагыӊ.
Калпагыӊды бермесеӊ,
Бермейе койчу карагым.
Садык агам берген байгеден,
Базардан сатып аламын.
Аалы акын берди деп,
Артыӊды сенин жабамын.
Сыйлады деп калпагыӊ.
Казакка мактанып барамын.

Бир сөз мен алыстатпа жакыныӊды.
Али устап жүрсүӊ такымыӊды,
Интернетке кирип алп айтысадыӊ.
Көрөйүн Аалы деген баатырыӊды,
Кыргыздардан казактар тараган деп.
Таӊдайда такылдаттыӊ накылыӊды,
Акындарга кеширим сураттым деп.
Коймайсыӊ өтүрүктү сапырууӊду,
Казактарды жамандоого жумсап жүрсүӊ.
Басыӊа сыймай жүргөн акылыӊды.

Биздерге чоӊ Манастай эрлик керек.
Кетейин достугуӊду жыр гып бөлөп,
Иншалла кыргыз эли алга карай.
Күн сайын өркүндөп жылжып келет,
Ала-Таудай бизге бийик болуу үчүн.
Баурлас элдерге  бирлик керек.

**Аалы:**

Он эки муун ыр менен,

Бир баштадың баш жагын.
А балким ал да жагалбай.
Кайра сегиз муунга түшөсүң,
Обонго дурус сала албай.
Ары-бери буйтайсың,
Бир түзүк орун таба албай.
Көрүнгөн жакка бурбачы,
Көп эрге чыккан аялдай.
Кайдагыны кеп кылдың,
Какылдайсын  баяндай.
Ардагым бери буруп тур,
Аалыны бир аз угуп тур.
Сөзүмдү дагы тастыктайм,
Кыргыздан казак чыгыптыр.
Ачыгын айтсам мен эми,
Кол чапкан кыргыз себеби.
Кол чаап жаткан кыргызды,
Сен калпычы дегиң келеби?
Кимден кимден чыкканын,
Кичине айтып берели.
Майда атомдордон түзүлөт,
Күндүн дагы курамы.
Майда-майда тамчылар,
Килейген дарыяларды курады.
Кичинекей тамгадан,
Аллахтын ыйык кураны,
Бир эле тамчы бир суудан.
Адамзат чыкты туурабы,
Бир чынар өсүп жетилет,
Тырмактай болгон уруктан.
Дал ошонун сыңары.
Он беш миллион казак чыгыптыр,

Беш миллион кыргыз улуттан.

Өткөндө бирөө кеп айтат,
Билесиңби нени айтат?
Силер болсо беш миллион,
А биз болсо он беш миллион.
Анан кантип деп айтат,
Андайды айтат агаңар.
Андайды айтат балаңар,
Адамдын сапаты санда эмес.
Аны да байкап карап ал,
Он беш миллион теңгеңер.
Беш эле миллион сом болот,
Бул курсубуз менен барабар.
Анан кагылайын казагым,
Бажы союзу деп коюп.
Кыргыздын бердиң азабын,
Асылын сөздүн аябай.
Тытып жаткан чагыңар,
Ынтымак жана бир тууган.
Деген сөздүн аркасын,
Жышып жаткан чагыңар,
Бирок баягы сөздү таштап коюп,
Капталга учуп жаткан чагыңар.
Ортосуна отуруп,
Орустарга кошулуп.
Кыргызды да киргиле деп,
Кысып жаткан чагыңар.
Бир тууган элбиз бир тууган,
Киндик кесип кир жууган.
Биз бир тууган болбогондо,
Анан баурум ким тууган.

Казагым десе өлөмүн,
Казакты жакшы көрөмүн.
Казактын акындарына,
Аалыдан жооп дегеним.
Аны сен казакка жооп дебегин,
Мен казак десе аябай,
Өзүмдөн бийик көрөмүн.
Түшүндүрүп берейин мен,
Муну айтып жаткан себебим.
Ой ырында дагы айтылат,
Чынында дагы айтылат.
Сырында дагы айтылат,
Мен далил менен айтайын.
Ойду тоону калп сөздү,
Айта бербей камчылап.
Ырымда минтип мен айткам,
Кайталап туруп деп айтам.
Казагым менин асылым,
Кардешим баурым жакыным.
Казакты жаман дей албайм,
Мен акынын айтып жатырым.
Барк алам десең элиңен,
Айтышың керек акынын.
Эл деген калыс тараза,
Элекке салган акынын.
Деп ырдасам акынын,
Таластыкча ырдасам,
Сен эмне деп жатырың.
Албетте акын болгон соң,
Айтыш керек го ачыгын.
Кыргыз деген ким болгон,
Казак деген ким болгон.

Ашы дагы бир болгон,
Башы дагы бир болгон.
Жүрүшү дагы бир болгон,
Үмүтү дагы бир болгон.
Күйүтү дагы бир болгон,
Күйүшү дагы бир болгон.
Мингени дагы бир болгон,
Жүргөнү дагы бир болгон.
Каптап душман келгенде,
Кылычы дагы бир болгон.
Жайдын күнү тартканга,
Кымызы дагы бир болгон.
Жылкы менен кой жеген,
Ырысы дагы бир болгон.
Жайлоону барып жайлаган,
Жумушу дагы бир болгон.
Ала-Тоонун башында,
Турушу дагы бир болгон.
Башкалардан өзгөчө,
Улуту дагы бир болгон.
Аралап издеп дүйнөнү,
Башка жерге бара албайм.
Казактар мага бир тууган,
Бир туугандыгын тана албайм,
Бир туугандыгын чана албайм.
Өзүң айтып кеткендей.
Өзүбекпи башкабы,
Издесем сендей таба албайм.
Кагылайын Серигим,
Домбраң болсо колуңда.
Эмине болсоң оюңда,
Агайын кыргыз тоюнда.

Айта бер кыргыз тобунда,
Сендей болгон жигитке.
Бак таалай берсин кудайым,
Бир тууган казак калк үчүн.
Амандыктарды сурайын,
Эл үчүн минтип тилекти.
Кошулуп айтып чыгайын,
Казакты бирөө жаман десе.
Как чекеге уруп жыгайын,
Анткени, казак кыргыз достугу.
Бекем болсун ылайым,
Калыстар мага берчү упайды.
Сага переадресация кылайын,

Ардактуу боорум келдиң да.
Ала-Тоонун төрүндө,
Эч кандай капа кемчилик.
Кетпесин досум көңүлдө,
Биз айтпасак ким айтат.
Ортодо анча-мынча кичине,
Маселелер жөнүндө.
Анан азыр кеп салдың,
Ызы-чуу салган кыргыздан.
Кантип үлгү алат элек деп салдың,
Бул айтыла турган ой тура.
Акындык деген жол тура,
Казактар деген кыргыздан.
Үйрөнчү нерсе толтура,
Мисалы келдиң мисалы.
Жылдыздай күйүп жангыла,
Алдыда айтыш алдыда.
Кыргыздар сыйды берди деп,

Карачы казактын баары.
Баш байге жеңди деп,
Казакка салам айта баргыла.
Башкасын айтпай коёюн,
Эң негизгиси ушундай.
Айтыштарды өткөрүп,
Айтыштан үлгү алгыла.
Анан дагы бир нерсе,
Баурум, айылыңа айта бар.
Калың кыргыздын атынын,
Казакка салам айта бар.
Казактан чыккан болчу деп,
Боз үйдү менчиктедиңер.
Боорсок да казактыкы деп,
Божурайсыңар көбүңөр.
Кымыз да казактыкы деп,
Кыйын сынат бегиңер.
Мактанып атып күн чыгып,
Мактанып атып кеч кирет.
Манасты тапкан кыргыз эл,
Мактанбай эле тек жүрөт.
Жана да айтам бир чындык,
Казактар өзү тарыхта,
Кыргыздан чыккан деп жүрөт.
Карап тур боорум жакында,
Кыргыз казакты менчиктештирет.

**Серик:**

Суулдатып койдуң гой,
Бул Бишкектин сарайын.
Көргөн эдим мен дагы,
Акындардын талайын.
Аргы менин сак бабам,

Хун болгон кытай коркуткан.
Кыргыздан калай тарайын,
Карсыласып келгенде.
Сынасууга жарайын,
Переадресацияңды устай тур.
Блютус кошуп алайын,

Өзүң айтып даттасаң.
Жүрөгүм ооган кулайды,
Сенин айткан сөзүңө.
Туугандарың шуулдайды,
Катты айтсаң да элимди.
Көңүлүм ооган суумайды,
Бир тууган деп айтасың.
Айтасың да кайтасың,
Айта салып мындайды.
Эгиз уулдар эч качан,
Бир-биринен туулмайды.

Сөзүнө кулак түршү нар агаңдын,
Көңүлүн таба билсең бар адамдын.
Интернетте акындарга жооп жазып,
Комментарийин дурус болоор карагынын.
Эки элдин жастарын ай кырылыстырып,
Ажыратып тастадың араларын.
Артында казагым деп өлөм дейсиң,
Сен менин көңүлүмдү жараладың.
Эки жактын жастары кырылысканда,
Арасына түсүүгө жарамадың.

Көктөмдө Нооруз келип күн күлөтүн,
Алланын моюндаймыз кудуретин.

Жараткан ай мен күндү теңестирип,
Жылдыздарым аткарып турмун дедиң.
Кыргыз менен казактын айтысы бар,
Кызыл тил касиетин билгизетин.
Бесиктеги баласын булкундуруп,
Үкүлөп ак тумарын илгизетин.
Кудайым коногуна асын берип,
Астына аргымак ат мингизетин.
Эл эдик кийиз үйдөн өсүп-өнгөн,
Жаканга өз өкүмүн жүргүзөтүн.
Кийиз үйдүн эсигинен кара менен,
Кандын да басын ийип киргизетин.

Ал энди сөз соңунда достосалык,
Кайтемис тай таласып боска чауп.
Акын деген эки элдин элчиси гой,
Бул сөзүңдү Аалыжан костос анык.
Осы жактын жүргөнүнө кой деп жатыр,
Ал энди кучактасып костосалык эй.

**Аалы:**

Брюс Ли акын деп жүрсөм,
Жоолуккан окшойм Тайсонго.
Сен блютус кошом дейсиң го,
Аркага  кеттиң кайт анда.
Блютус кошо албаймын,
Блютус болбойт айфондо.

**Серик:**

Калайса кыргыз элде жайнамайын,
Баурлар ниеттинден айланайын.
Тайсон болуп алдыңа чыксам дагы.
Мен сенин кулагыңды шайнамаймын.

## 2013-ЖЫЛЫ НООРУЗ МАЙРАМЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН КЫРГЫЗ-КАЗАК ТӨКМӨ АКЫНДАРЫНЫН АЙТЫШЫНАН

## АЛИК БЕКМУСАЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Алик:**

Акын мен таң атырган арман менен,
Жолдос боп көрмөгөмүн жалган менен.
Жер-Эненин астынан Аалы шыкты,
Кудай ау бул кыргызга кайдан келгем.
Аалыдай акыны бар кыргыздардын,
Маңдайында жылдызы жанган белем.
Аалыдай акыны бар кыргыздарым,
Алладан эрекче сый алган белем.
Мен өзү ит жылында туулганмын,
Сондуктан алысайын кабылан менен.

Оосума насип элдин куюлганы,
Осума сабышымдын тыйылган ай.
Кыргызга биринши ирет келибедим
Калпак кийген бир кыргыз буюрмады,
Ала-Тау аманбысың аскаралы.
Ак калпагың түспөйт да басыңдагы,

Алды менен алайын амандасып.
Жүрөк менен жасылады дастан ары,
Асалоому алейкум аталарым,
Кыргыздын каймагы мен каскалары.
Бармысың ак жоолуктуу аналарым,
Биссмиллда балаңыз сөз бастады ана.
Бармысың атка минер бай акелер,
Ажыратып алатын ак караны.
Бармысың касымдагы Аалы акын,
Бир балээни турсун ой бастаганы.
Бармысың бул жактагы баурларым,
Өзүң барда Алик кимден жазганады.
Тартынып Тараз жактан келип турмун.
Төрүңө жырларымды тастаганы.
Казактардын айтып берген ак тилегин,
Алик акын мына алдыңа актарады.
Бүгүнкү Ноуруз тою куттуу болуп.
Барлык кыргыз болсунчу бас паналуу.
Бир Алла падысаңызга сабыр берип,
Ийгиликтүү иш болуп бастаганы.
Арасы агайындын ала болмай,
Айтылсын ынтымактын аскаганы,
Өткөну бийлик байлык татулукты.
Ынтымак деген падыса баскарады.
Ынтымак деген падыса эл баскарса,
Кудайдын түзү түсөт кас кабагы.
Кудайдын түзү түссө кас кабагы
Кыргыздын алымбайды таскамалы.

Жөнүмдү менин сурасаң.
Тектилер тууган элденмин,

Сүйүмбай, Жамбыл, Кенендер.
Жырданын эккен элденмин
Өтөгөн, Кордай кол жыйып,
Корганган өзөн көлдөнмүн.
Баатыр да бабам Бауржан,
Белбүүн бууган белдемин
Жел токсандагы жас Кайрат,
Жабылып жаткан дөңдөнмүн.
Кунайыптай керемет,
Кеменгер туулган төрдөнмүн.
Нурсултандай нары бар,
Өрөсү бийик  өрдөнмүн.
Ашкалы бүгүн келп турмын,
Акыйкатын терденңмин
Карыздан чыккан жол бою,
Жаксыңды гана тергенмин
Кыргыз менен казак бир тууган,
Деген сөзгө мен исенгенмин.
Сыноого эмес силерди,
Жырлоого сени келгемин.

Айылдын аркы жагынан,
Алмалуу кең шаар багынан.
Колуңда кызыл өрүк,
Басыңда коңур бөрүк.
Айтыста сени сагынам.

Жүрөктүү жайнап үлгүлүү,
Айтысып мен өткөн мың күнү.
Аалыны мынау акын деп,
Мактайды кыргыз бул күнү.

Ал сүйлө кезек берейин,
Кыргыздын кыргын дүлдүлү.

**Аалы:**

Оюңду айтып бүттүңбү?
Айланып колго түштүңбү.
Бөркү бар деп чочуйсуң.
Же эмне калпак күттүңбү?
Калпак болсоң кааласаң.
Калпактан таап берейин,
Аралап толук үч күндү.
Кагылайын казагым,
Кана коё берчи тизгинди.
Аалыга туш болдум деп,
Тияктан далай чүчкүрдү.
Чүчкүрсө деле мейличи,
Ары жакка барып үшкүрдү.
Антсе да келип алдыга,
Айтышам деп жүткүндү.
Кагылайын Алигим,
Баятан берки сөзүңдүн,
Байкадым бардай далили.
Маңдайда кыргыз эл турат.
Кыйшык айткан неменин,
Майлашып коёт шаригин,
Кырк үчкө чыккан агамсыз
А мен болоюн дой жан иниң.
Бул казактын экен акыны.
Айтылсын сөздүн ачыгы.
Акындан дагы жогору
Бул адамзаттын асылы.
Демек, адам болсоң болгону,

Адамзат деген ыйыктык,
Аалынын болот жакыны.
Кыргызга жакын болгон го,
Казактын Сыпатайдай баатыры,
Ошол Сыпатайдын жеринен,
Бишкекти көздөй келиптир,
Алдыга басып такымы.
Албетте акын болгон соң,
Айтылсын сөздүн ачыгы.
Жолборсу менен мен бүгүн,
Жоорушамын деп турсам.
Ит жылы туулгам элем деп,
Эмнени айтып жатыры?
Калдайган кыргыз колдосо,
Кадырың элге билинип
Табың болсун күчүндө.
Калыстар башы сүйлөдү,
Ынтымакта ырдагыла,
Дегендей келип бүтүмгө
Албетте мына сөзүбүз,
Ынтымакта болсо экен.
Ынтымак болсун дайыма,
Ушу эки элдин жүзүндө.
Ушу эки элдин ичинде,
Кыргыз эл иттин үнүн угушпайт,
Итмин деп баркың түшүрбө.
Казакка барып келгенмин,
Айтышып кээде тартышып.
Кээ бирөөлөрүн жеңгенмин,
Кээде жеңип атсам да алалбай,
Байгемди алдырып бергемин.

Антсе да түшпөс көңүлү.
Сабырдуу кыргыз элденмин,
Казактар болсо чөл болсо
Мен Ала-Тоо бийик белденмин.
Бийик болгондон кийин
Бийик болуп да көргөнмүн,
Ал жакта барган кезимде.
Казактын кээ бир акыны
Арстанга айланып,
Бизге мышык боло калышат.
Анан өзгөрүп эле ортодо.
Кызык боло калышат.
Бишкекке келсе арстан жок
Заматта мышык боло калышат.
Анан айтайын сөздүн оболу.
Албетте оор сөз айта албайм,
Сен кыргыздын коногу.
Коногуна каршы сүйлөгөн,
Биздин салтыбызда болобу?
Конок келген экен деп,
Шыпырып алып жүгөндү.
Жалгыз атты да соёлу.
Анткени кыргыз ушундай,
Үйүнө келген жыланды да,
Ак менен сыйлап узаткан,
Тарыхты көрсөң оногу.
Коногубуз келген экен деп.
Балдарыбыздан бекиткен,
Каймакты алга коёлу.
Бар тапканымды чогултам,
Мына бул конок тоёбу.

Ит жылы туулдум деп ырдайсың,
Ага да бир кайрылып  коёлу.
Бияка келип калган соң,
Мышык болгон акындарга караганда
Ит болуп калыш жогору.

Эл чогулуп бат келди.
Мына бул залдын ичине,
Жыйылган кыргыз чак келди.
Биринде да жаман оюу жок,
Бар пейилиң ак келди.
Казакстандын башчыларына,
Алты акын жибергиле деп.
Кыргыздардан кат келди,
Бирок, алты акындан экөө жок.
Төртөөсү шашып бат келди.
Эмнеге төртөөң эле келдиңер?
Постон бирөө алдыбы шапкеңди,
Көрсө Казакстан билесиз,
135 миллиард доллар карызы бар,
Тышкы карызы менен байыптыр,
Карызы менен калдайган.
Астана шаарын салыптыр,
Анан Кыргызстанга аттанып
А дегенде тияктан
Алты акын барыптыр
Паспортун карап чек арадан,
Айтор ката табыптыр
Кыргызстанга өтөт деп,
Ошол бойдон качып кетет деп
Кредити бар экөөнү,
Постон кармап алыптыр.

Коногум болуп олтурсаң,
Кордобойм айтып салкын кеп.
Асылым менин Алигим,
Айтайын сага алтын кеп.
Кыргыздар деген кыргыздар,
Коногу келсе үйүнө.
Кут келгендей көрүшкөн,
Үйүнө конок келбесе.
Үшкүрүп күтүп зериккен,
Коңшу элде болсо кыйындык,
Кайгырып бирге бөлүшкөн.
Казактын келсе акыны,
Кыдырдай сыйлап көрүшкөн.
Чечен акын болгун деп,
Чекесинен да өбүшкөн.
А бирок, Астанага биз барсак,
Туугандар бир аз кейиткен.
Жол киребизди кайтарбай,
Же мейманканага алпарбай,
Биз көчөдө калдык неликтен?
Кыргыздар асылын сөздүн айтышат,
Булар көл сымал пейлин чалкытат.
Кабаттап сайып кош байге,
Каймагын сөздүн калпышат.
Анан казактан келген акындар,
Байгелүү болуп кайтышат.
Кыргызды толук жеңдик деп,
Баш байгең алып келдик деп,
Барган соң жалган айтышат.
Анан да досум угуп тур.
Аалыга көңүл буруп тур,
Айтпайын ырас салкын кеп.

Сен болсоң асыл бүркүтсүң,
Мени айтат калкым барчын деп.
Сени да сыйлап атабыз,
Жылдыздай күйүп жансын деп.
Бүгүн кош байге кылып силерге,
Байгени толук беребиз.
Жакшыраак айтып барсын деп,
Негизгисин ал эмес
Угуп алгын дагы да,
Кайталап өтөм алтын кеп.
Силерге байге берип жатабыз,
Төлөй албаган жанагы
Кридитти төлөп алсын деп.

**Алик:**

Карасам кара өлөңгө хан экенсиң,
Айтууга Аалы акын бар экенсиң.
Каншама карыз алдың казактар деп,
Жолмо десем алдымда жар экенсиң.
Аалы сен акын эмес нагыз бүгүн,
Арыз гой боло тугун жан экенсиң.

Сенин айтып отканың төр боламы?
Жыр деп айтып отканың көл боламы?
Бексултан ага айтчы асыктыгын,
Осылай козгогонум сең боламы?
Тырмагынын астынан кир издеген,
Бир үйдүн эки уулу эл боламы?

Болуп эдим жүйрүк мен жарыскандай,
Шыны мен кабылан менен алыскандай,
Карасам мынау Аалы билмейт экен.
Арлан менен тарлан кайсы барыскандай,

Билсең Аалы казактын иттери де.
Бир көргөндө болады арстандай.

Карызсың деп бул маган айталады,
Көл экен мына мунун байкаганы,
Басында дос болайык деп айтып эт.
Достуктун каймагы гой шайкаганы,
Кредитимди сен менин убайыңдама,
Тууган энем тирүү али кайтарады.

Алик деген Тараздын акыны гой,
Айтысат деп кыргызга баптап жүргөн.
Малик деген казактын баатыры гой,
Эрлигин эл эсинде сактап жүргөн.
Кечээ да фашисттерге карсы шыгып,
Кас дусмандын төрүндө таптап жүрген.
Экөөмүздү кудай сактасын шариктерден
Пааналап падвалдарда каптап жүргөн.

Кең турсам кыргыз дайым  текти элим мен.
Шынымды айтсам сер экенсиң шеттериңден,
Кудай ау бул не деген конок жайлык
Эки күндө жети ирет эт жедим мен,
Бирок бир сонун нерсе көрбөдүм мен,
Аалы сен сабак алган акынсың гой.
Кешөөкү Токтогулдун мектебинен,
Сүйүмбай мен Жамбылдын жолун кууп.
Кыргыздан бата алсам деп келип эм,
Кыргыз казак бир жүрсөк жарасымдуу.
Дос эткен эр Көкшө мен Манасымды
Сүйүмбай мен Арстанбек айтысканда,
Карабайтык уктамай таң асырды.

Жамбыл менен Токтогул жолдас болуп,
Тектүү сөзгө толтурду Таласымды.
Осмонкул мен Кенен атам жолдос болуп,
Эки элге бөлүп берди бар асылды.
Эми биз да солардай жолдас болуп,
Тагы да бир кубантайык алашымды.

Жаксылык осу менен шектелерми,
Туустукту жеткизейик жетпегенге.
Арстан менен астаскан Ала-Тауда,
Издесең табалбайсың мекеден де.
Кыргыз казак оксайды бир-бирине,
Карсы келген дусманга беттегенде.
Кымыз менен сырбазды катар коюп,
Ноорузду тойлады жер көктөгөндө.
Асыресе карыскырдан да озуп кеттик,
Кыргыз казак косулуп эт жегенде.

Аалы сенин жылдызың жанып келсин,
Кырмызым кыргызымдын калык көрсүн.
Бүгүнкү Нооруз тоюу куттуу болуп,
Бир Алла бул кыргызга алып берсин.
Калпакка жарыбаган бул акынды,
Биз кеткен соң,
Эл жыйналыска салып көрсүн.
Айтыңдар Атамбаев Алмазбекке,
Акынына бир калпак алып берсин.

**Аалы:**

Калпак эле калпак деп эй,
Калпактын камын жейсиңби.
Атамбаев менен айтышып,
Анчалык бузба кейпиңди.

Анан да Аалы жанында,
Аалы менен айтышкын.
Акынга буруп шертиңди,
Мен турсам мына жанында.
Жогорго неге серпилди,
Калпак алып бергидей.
Бирден там салып бергидей,
Атамбаев эмине Назарбаев дейсиңби.

Эми ардагым досум угуп тур,
Кечээтен бери далай кеп,
Ичине илип алган экен да.
Конок пейил кыргыздын,
Коюнуна аябай кирип алган экен да.
Жети жолу эт жесең.
Эт жеген сонун экен деп,
Арабызды аралап,
Жүрүп алган экен да.
Эки күндүн ичинде,
Жети жолу эт берсе.
Ит жылы туулуп алганыңды
Билип алган экен да.
Анан да баурум кеп айттың.
Эл алдында нени айттың?
Казактын ити бир көргөндө,
Арстандай көрүнөт экен деп айттың.
Мен таң калып жатам түшүнбөй,
Ким менен чыккан өңдөнөм.
Ар кандай сүйлөп жатасың,
Айтышып жатып мен менен.
Итти да арстан дейт экен да,
Арстанды өмүрү көрбөгөн.

Антсе дагы бауруm,
Кармашабыз деген соң,
Кармашабыз сен менен.
Тебетейим бөркүм бар.
Бөркүм бар үчүн көркүм бар.
Кыргызымдын намысын,
Коргой тургандой шертим бар.
Эл берип жаткан ак бата.
Жүрөгүмдөгү кенчим бар.
Силердей, жогорду карап коркпоймун,
Кандай ырдасам эрким бар.
Кайрылып келсем артымда,
Тосууга кыргыз да төркүн бар.
Кулак сал менин сөзүмө,
Тике карап айтайын көзүңө,
Казактын жанагы үкүсүн,
Сен да тагып алчу элең төшүңө,
Тумарды тагып алыпсың.
Домбраңдын четине.
Андай тумарларды эл тагат,
Бизде кунажын, уйдун бетине.
Аныңды айтпайт деле болчумун,
Сен бөркүмө жатсаң тийишип.
Баурум өз убалың өзүңө.
Биздин тумар комуздай эмес,
Сактап алган ыймандан,
Тумарды кыргыз төшүнө,
Биздин көкүрөктөгү тумарлар.
Каршы кеткен октон да,
Ак үйдүн тигил четине.
Анан дагың угуп тур,
Ары карабай бери кара.

Аалы акындын көзүнө.
Калпак кийбей атайын,
Тебетей кийген себебим,
Аны да айтып беремин.
Агайын элдин ичинде,
Кечээ Кенен ханды кекеткен.
Ноорузбайды мокоткон,
Айланып келдим мен бүгүн.
Ормондун көлөкөсүнө.

Илгери Ормон барында.
Кыргыздын кыраан эрлери,
Бирге жүргөн жанында,
Кыргызды сактап коргойм деп,
Алар эл үчүн көргөн камылга.
Омондой болгон баатырдын,
Каны бар менин канымда.
Демек баурум билип кой,
Ормон хандын тукуму,
Аалы акын турат жанында.
Анан тебетейин ана деп.
Калпагың сенин кана деп,
Кайдагы сөзгө малынба.
Кагылайын казагым,
Ормон хан ошол кезинде.
Жолоочу келсе казакты,
Кымызы менен тосчу экен.
Тоноочу келген казакты,
Кылычы менен тосчу экен.
Жолоочу келген казактың,
Семиз семиз бордоку.
Байлашы менен тосчу экен,

Тоноочу келген казакты.
Учуна ууну чылаган,
Найзасы  менен тосчу экен.
А бүгүн эгемендик жашоодо,
Жакшы ой менен сен келсең.
Бал тилим менен тосомун.
Жаман ой менен сен келсең,
Заар тилим менен тосомун.
Демек, акын катары.
Ойдогу сөзгө ой кошом,
Азыр дагы кеп айттың.
Ынтымактын жайынан,
Ырдабайлыбы деп айттың.
Албетте баурум угуп тур,
Аалыга көңүл буруп тур.
Биздин далай кыргыздар,
Казакстанга барышат.
Бир тууган казак эле деп,
Ал жактан кызмат табышат.
Кудайым берген ырыскы,
Үй-бүлөсүн да багышат.
Тууганды малай деп коюп,
Бир тууган казак чанышат.
Ошону ойлоп отуруп,
Кабыргам кээде кайышат.
Анан да казак баурум,
Казактар бизге кеп айтат.
Өтпөгөн үчүн оокатың,
Бул жакта жүрдүң деп айтат.
Карызың айткан себебим,
Катуурак казак угуп тур,
Дагын айтайын дегеним.

Карасын эмес жашоонун,
Агын айтайын дегеним,
Анча мынча ыр кетсе.
Анча мынча сыр кетсе,
Андай жаман сөз деген.
Болбосун сенин койнуңда,
Боло берет ушундай.
Акындардын да ойнунда,
Беш миллион кыргыздын.
Элдин үмүтү турат мойнумда,
Келгенден кийин сен бүгүн.
Элимдин оюн айтып койдум да.
Эми кагылайын казагым.
Казак кыргыз чоң токой,
Болбосо сөзүм жаңылыш.
Ал токойдон жасалган,
Биз ширеңкенин талыбыз.
Эгерде бизден өрт чыкса,
Бензин болот каныбыз.
Ал токойдун бүт күйөт,
Карагай кайың талыбыз.
Кандай дейсиң казагым,
Ынтымагы үчүн эки элдин
Садага болсун жаныбыз.

**Алик:**

Агайын болгандан соң ойлоруңуз,
Ак тилегим куттуу болсун тойлоруңуз.
Бүгүнкү Нооруз тойдо шыгып кеткен,
Экөө болуп оролсун бойдогуңуз.
Кыргыз казак бир тууган таттуу болуп,
Акындардын иске ассын ойдагымыз.

## 2014-ЖЫЛДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ МЕНЕН МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Азамат:**

Аманбы, замандаштарым?
Алгач сөз амандашканым.
Эсенби, замандаштарым?
Эң алгач саламдашкамын.
Койнуна катып сөздөрүн,
Комуздун уруп капкагын.
Ысык-Көл журтум барсыңбы?
Ыр менен жайсын ак нанын.
Өмүрдүн батып ар күнү,
Тостуңар күндүн ак таңын.
Акындар келет экен деп,
Алакан согуп, какканың.
Өнөрдү баалап, биринчи,
Сыйлаган көлүм аманбы?
Жетиген жети жылдыздай,
Жети акенин сөздөрүн
Тыңдаган көлүм аманбы?
Канчалар келди кыянат,

Кылбаган көлүм аманбы?
Ак үйдү безге сайышып,
Шумдаган көлүм аманбы?
Сары кыздын калыңын,
Жыйнаган көлүм аманбы?

Акыбал кандай, ал кандай?
Акындар болсун талбаган.
Жай келгенде Ысык-Көл,
Жан дүйнөсү жанданган.
Коноктор келет экен деп,
Көөдөндө сыйын арнаган.
Кадырлуу Ысык-Көлүмдүн,
Касиети ушунда.
Кылымдан бери жаткан көл,
Кыргыздар үчүн кутуң да.
Бабадан калган ыйык көл,
Баркыңды бирок, учурба.
Чолпон-Ата кубанат,
Жай келип калган учурда.
Каракол оокат кылышат,
Ак кар баскан кышында.

Таластан келген баласың,
Таймашсаң көпкө жагасын.
Кайрып жүргөн акынсың,
Канчалардын канатын.
Касиетин кыйланын бул,
Сактаган көл турбайбы.
Жамандын буту жээгинде,
Баспаган көл турбайбы.

Жамандын көөнү бул жерде,
Жатпаган көл турбайбы.
Таласта көнүп калыпмын
Мактасаң деле канчалык
Алакан чаппаган көл турбайбы.

Көөдөнүңөр силердин,
Көлдөн дагы тереңби?
Кашыбызда чогулган,
Кадырлап келдим мен элди.
Кудайдын сүйгөн жери экен,
Баарыңда улуу көрөңгү.
Каркыранын башында,
Арстанбек акын төккөн жер.
Казалын айтып түбөлүк,
Калыгул атам өткөн жер.
Кайрыгын чертип күүлөрдүн,
Карамолдо өскөн жер.
Чолпондой жанып Ыбырай,
Чоң муратка жеткен жер.
Өлбөстүн суусун ичтиңер,
Өнөрдү сүйгөн көктөм жер.

Тарыхта көп маселе,
Болуп жаткан турбайбы.
Асылдарың маараке,
Толуп жаткан турбайбы.
Көөдөнүнө көрөңгү,
Конуп жаткан турбайбы.
Ырыскысын Ысык-Көл,
Таап жаткан турбайбы.

Ыр жамгыры силерге,
Жаап жаткан турбайбы.
Акындар келип, батаңды,
Алып жаткан  турбайбы.
Күүлөнтүп канатын,
Кагып жаткан турбайбы.
Он жетиси чогулуп,
Ойлонуп жаткан кези экен.
Ак калпак кыргыз элибиз,
Колдонуп жаткан кези экен.
Манасчылардын салтанат,
Той болуп жаткан кези экен.
Манасчы деген манасчы,
Уудан калган көрөңгө.
Дүйнөдөн адам билесиң,
Гомердей адам төрөлдү.
Салмагы тоодой жарашмак,
Саякбай десек Гомерди.

**Аалы:**

Кеп-кеңеш куруп калыстар,
Бизге он мүнөт берди негизи.
Он мүнөттүн тогузун,
Токтобой төктүң сеники.
Алып баруучу айтып кой,
Канча калды меники?
Жарым мүнөт деп айтса,
Күрү-күү болду эл ичи.
Мейли, ага өкүнбөйм,
Ырдаш үчүн келбеймин,
Ырдатыш үчүн келем деп.
Аалынын ошол девизи.

Азамат азыр кеп салды,
Мен айта турган сөздөрдүн
Баарынын башын жеп салды.
Азаматтын артынан,
Мага кандай кеп калды.
Каркырадан бери карай,
Жердин аттарын ырдасаң,
Олтурган эл сени, географиядан
Сабак берет окшойт деп калды.
Элимди айтып ырдадың,
Жеримди айтып ырдадың.
Курбу-курдаш сагынган,
Теңиңди айтып ырдадың.
А бирок чынын айтайын,
Мыйзамдай болгон кадырлуу,
Эң кымбат мага ырларың.
Сенин бул ырыңды,
Бешик термелип атканда
Апамдын ырын уккандай,
Мен негедир жыргадым.
Анткени ырдын артында,
Туптунук бар ыйманың.
Ырың менен төп келет,
Мекениң үчүн кылганың.
Дага да ашып баса бер,
Турмуштун далай жыргалын.
Ача бер дагы ача бер,
Алат-Тоонун коюнунда
Катылып жаткан сырларын.
Анан дагы сен айттың,
Таластан келдиң Аалы деп.

Бир сөзүң бар го жактаган.
Тийиишкенсип жатасың,
Бир нерсең бар го баштаган.
Булар Ысык-Көлдүн эли дейт,
Мактасаң эле колду чаппаган.
Жоок, мен элимди такыр мактабайм,
Жөн гана элим менен мактанам.
Мактанганымдын себеби,
Мындайча айтып беремин.
Бир жарым миллиард кытайдан,
Бир да манасчы чыга элек.
Төбөлдөр чыккан орустун,
Төкмөсүн эч ким уга элек.
Силердикиндей талантты,
Дүйнөдө эч ким тууй элек.
Айтуучу акын, манасчың,
Азыр да оозун жыя элек.
Демек, кыргыз деген ушундай,
Өнөрдү сүйгөн эл экен.
Өнөрдү сүйүп келген эл,
Ушунун баары бар берекем.
Ушунун баары атакем да,
Ушунун баары энекем.
Абасын жутсам көлүмдүн,
Жыттагансыйм апамды.
Аксакалдарды көргөндө,
Көргөндөй болом атамды.
Сагындым кичине чагымда,
Көл жээгинде көп жүргөм.
Чөмүлгөм чечип  чапанды.
Сагынычым толо ичимде,

Сагынычты ичке катамбы?
Сагынган элди мындай кой,
Байке, сагындым,
Жылаан, бакаңды.
Жылааның менен бакаңар,
Мен үчүн сүйкүмдүү болсо анчалык.
Силерге болгон сагынычым,
Айта албайм анда канчалык.
Жетпесе дагы акылым,
Мен жетишинче жар салып.
Азыраак  ырдап көрөйүн.
Анда ыр калтасын аңтарып.
Ысык-Көлдүн жээги,
Айтылып бүткүс дастан жер.
Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Манас атам кечигип,
Акыры барып баскан жер.
Нескара менен Коңурбайды,
Камчылап башка чапкан жер.
Саякбай атам күпүлдөп,
Улуу баянды айткан жер.
Болбосо, Карамолдо, Ыбырай,
Комузду кайрып черткен жер.
Болбосо, Балбай баатырдын,
Уу менен өлүп Верныйда
Акыры шору каткан жер.
Тээтиги, Жыргалаң деген төрүнөн
Капкара алтын казган жер.
Куму да алтын бийктын,
Кумтөрү элди баккан жер.
Жайында түшүп көл жээкке,

Кышында тоого качкан жер.
Күпүлдөтүп, чогулуп,
Чоң кызыкка баткан жер.
Кечээ Айтматовдун киносу,
Чымынды-Сай, Чоң бетте
Ак кемени тарткан жер.
Ошондо кайран Орозкул,
Момун чалды каккан жер.
Анан кантип, мен үчүн
Ыйык болбосун,
Аш-лямфусун сагынып,
Карыным ачып жаткан жер.

## ТОКТОГУЛДУН 150 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ЭРЖЕҢИС АБДИЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Эржеңис:**

Ошонча бир ризалыкка малындырган,
Жаратканым жолыңда жаным курбан.
Бисмилда ирохман ирохиим десем,
Эмесмин мен тилимди жаңылдырган.
Сондыктан алланы эстен чыгармаймын,
Адамзатты өзүне табындырган.
Табынбаса немеси Серик оксап,
Тозактын азап оту жабындырган.
Ал эми коңшулугум аямаса,
Жаннаттын бакшасынан табылдырган.
Ассалому алейкум тектүү кыргыз,
Тек гана бир Алланы теңир кылган
Бүгүнкү бейпил түнгө шүкүр этип,
Боорондуу кыйын күндү сабыр кылган.
Бурынкы кыйын күндө сабыр кылган,
Үнү менен тилинге кайта оралып.
Азаттык бен кабышкан сагындырган
Токтогулдай бабасын эсине алып,

Атагын алты алашка маалим кылган.
Мунун баары Алланын талабы гой
Бабабыздын тилегин кабал кылган.

Кушак жайып жүгүргөн эдем жерден
Казак элим салемин а мен бергем.
Байкелер салемимди кабыл алсаң,
Жүрөгүм толкумасы ар мен бер мен.
Энди уши акыныңызды колдаңыздар
Кубанган көздөрүңдү сал көргеним.
Ыстык-Көл мынудагы аул журтка
Арал мен Каспийдей көлдөн келгем,
Токтогул мен өмүрлүк жолдас болган.
Жамбылдай Жакем жүрген жерден келгем,
Кыргыз деген кең бейил агайынга.
Казак деген баурлар элден келгем

Оюумуз бир арнага негизделип.
Турган соң биз бостукту көп издедик.
Казак кыргыз бөлүнүп айтысууда,
Эки тарап сегизде сегиз болуп.
Ал алиги таасирлүү Ысык-Көлдөй,
Мен толкуюн Каспийдей деңиз болуп.
Мухтар мен Чыңгыздай жарасайык,
Сахнада, эл алдында эгиз болуп.
Сен Токтогул, а мен болам Жамбыл Жакем,
Жарасып домбура мен комуз болуп.

Аалыдай мынау бүгүнкү,
Баурум келген аманбы?
Асыкпай энди айтайын,

Жөн болар мунум сагаң да,
Сөзтөрүмдү түсүнбөй
Калсаң эгер, кыйын болады магаң да,
Тескейди малдын бастары,
Төсекте жандын бастары,
Коскан кыргызым аманбы?
Биз келгенде кушагың
Ашкан кыргызым аманбы?
Казак баурум келди деп,
Кеше Аалылар шашуун
Шашкан кыргызым аманбы?
Ала-Тоунун көктерин,
Жайлаган кыргыз аманбы?
Ош мен Талас жакасын,
Бойлаган кыргыз аманбы?
Токтогулду эсине ап,
Ойлаган кыргыз аманбы?
Жүз элүү жылдык бул тоюн,
Тойлаган кыргыз аманбы?
Казак деген журтуна,
Жакын кыргызым аманбы?
Манас дейтин айкөлү,
Баатыр кыргызым аманбы?
Мени менен жуп болган,
Аалыдей мынакей
Акын кыргызым аманбы?

**Аалы:**

Азыр сен боорум айткандай,
Ааламдардын эгеси,
Мактоолор болсун Аллага.
Ла-илла деп ырдаган,
Эржеңистей баурумду,

Насип кылды ал мага.
Эки акын калай ырдайт деп,
Жарданып турат айлана.
Комузум сексен алтыда,
А мен отуз жаштамын.
А сен жыйырма тогузда,
Менден бир гана жаш чагың.
Толгоп чыктым өзүмдөн,
Улуураак Токтогулдун аспабын,
Биринчи буга баштатып,
Андан соң өзүм баштадым.
Түшүндүңөрбү жаш-карым,
Менин саламыман биринчи,
Токобуз айтып жатканын.

Ардактуу менин чырагым,
Ак калпак кыргыз эл аман,
Алмадай бала чагыңдан
Аралашкан тең аман,
Каркыра менен тээтиги
Үзөңгү Кууш болбосо,
Башка баардык төр аман.
Кыргыздын баарын батырган,
Конокторун  чакырган,
Кыргыздын пейилиндей,
Кенен жер аман.
Миң жолу ыракмат айтамын,
Амандык сурап жатасың,
Жаныңда акын мен аман.
Айланайын кашымда,
Акын болуп ар дайым
Эрженис келип жатыр да.

Тыныгуудан биринчи,
Төкмөлөр болдук кийинки.
Антырактан кийинки,
Акындар болдук биринчи.
Эржеңис келди тушума.
Эсенби журтум сүйүнчү.

Эсенби баурум Эржеңис?
Элиме жакты термеңиз.
Аманбы баурум Эржеңис?
Айылыма жакты термеңиз,
Казакчасы Эржеңис,
Кыргызчасы Эржеңиш.
Ыр жүктөнүп келе бер,
Чыр жүктөнүп келбеңиз.
Агайын-тууган ичинде,
Экөөбүз бирдей термебиз.
Экөөбүз бирдей мусулман,
Оозубузда бар келмебиз.
Бишкекке келген убагың,
Бышкан кезде жер-жемиш,
Төрүмө келдиң Эржеңиш,
Төгүлгөн кезде термебиз.

Токтогул акын бабабыз,
Көөнүңөргө салабыз.
Артына колу байланып,
Азапты тартып айланып.
Алыскы жерге кеткенде,
Сибирге барып жеткенде,
Арман-кайгы деп жүрүп,
Арман кербез төккөндө.

Колундагы комуз жок,
Балалайка черткенде.
Айланып жүрүп ал жактан
Түрмөдөн качып кеткенде.
Поезд жолдун жээгинен,
Басып келе жатканда.
Кабат-кабат карыны,
Ачып келе жатканда.
Элиме жетсем экен деп,
Шашып келе жатканда,
Казактын жетип төрүнө,
Казактар тосуп алышкан,
Бир туугандыгын тааныткан.
Аты жок келген Токомо.
Ат жакшысын мингизген,
Тону жок келген Токомо.
Тон жакшысын кийгизген.
Бир тууган эл экенин
Бир боорлору билгизген.
Атын тыңдап ошондо,
Ашуу ашырып жүргүзгөн.
Токтогулга берген жардамын,
Бир  тууган казак балдары.
Жерине келген кезинде,
Кудайдын тийсин жардамы.
Аман болсун ыр ырдап,
Аман болсун деп тилейм.
Акындардын калганы.
Ала-Тоодой болсо экен.
Жаш акындардын салмагы.
Ыраазы болуп калсын деп.
Токтогул атам арбагы.

Казакты сыйлап кол чапчы
Кең пейил журтум залдагы.
Аалы деген бул акын,
Казак баруларынын жолун,
Торой ырдайт экен деп.
Курусун ушул Аалы
Орой ырдайт экен деп.
Көп эле чоңго жакпадым.
Айланайын алтыным.
Айтайын сөздүн дастанын.
Курч ырдайт экен акын деп,
Шыпшайдар өтүп өткөндө,
Шыйрагымдан да аксадым.
Өнөрдүн жүрүп артынан
Өлүп кете жаздадым.
Ошондон кийин казакты
Жалаң мактай баштадым.
Алыстан келген коногум
Конокту сыйла агайын,
Конок десем сен үчүн
Жайнамаз кылып алдыңа
Чапанымды да жайайын.
Үшүп калсаң үстүңө,
Көйнөгүмдү жабайын.
Алыстан келген конокко,
Артымды кантип салайын.
Коногум айтты саламды,
Артымдан түшүп аликти
Кош колум менен алайын.

**Эржеңис:**

Кыргыз эли алдыңда толганамыс,
Аалынын мактооларын аңгарамыс.

Бир-бириңди мактаган дурус шыгар,
Усулай биз дусмандан корганамыс.
Казак-кыргыз кашанкы кемситеди.
Кемсинткенен биз калай эл боламыс.
Бир-бирибизди биз мактап көтермесек,
Айлы менен каргага жем боламыс.

Мактоуңду эмесмин айып көрген,
Каржыныңды достукка сайып келген.
Кеше ырас сен бизди конак кылдың,
Ырахмет курметиңе ылайык көрген,
Эки күн бою ас берип алдымызга
Табак-табак тамакты коюп берген.
Конак жайлыгыңа мен көп таң калдым.
Кайта-кайта дастархан жайып берген,
Айткени сен Токтагулдун урпагысың.
Астындагы жалгыз атын союп берген.

Алла дегендин ыйманы гүл болады,
Кудайсыздар жаннаттан кур калады.
Дини мен дили бир кыргыз-казак,
Алладан баска кимге кул болады.
Кеше биз бир тарыхый кино көрдүк,
Аралап жүргөн кезде бул калааны.
Курманжан Датка деген киномыздан,
Бүткүл түркү элдери үлгү алады.
Курманжан кыз болса да баатыр болуп,
Эрлиги далай элге ыр болады.
Бул элде туулуп өскөн ар бир кыргыз,
Шетинен кылең баатыр, уул болады.
Кыздары жүрөк жуткан датка болса,
Уулдары баатыр болмай ким болады?

Кыргызым сен мактаган эл экенсиң.
Ала-Тоу бизге бийик бел экенсиң,
Кыргыздын алга койган шокмарындай.
Аалы сен эң мактауусу сен экенсиң.
Токтогулдан кап кеткен комузду алып,
Эл алдына акелген эр экенсиң.
Аталар аманаттын аркалаган,
Кыргызча айткан кезде шоң экенсиң.

Аалыдай досумду,
Демеймин мен бөтөн гой.
Эл үшүн айткан ырлары,
Таптаттуу бал мен шекер гой.
Аалы шоң мыкты айтысат,
Демеймин аны бекер гой.
Неге мыкты айтысат десем,
Токтогулдун комузун
Устап жүрген экен гой.

**Аалы:**

Калкыма пейилиң ак болсун,
Жашың жүз он беш жаш болсун.
Жалгыз жүрө бербестен,
Үйүңө толо баш толсун.
Ошол баштын баарына,
Бирден-бирден бак консун.
Сый тартуулады дедиң го,
Ошонун баары аш болсун.
Эми сага айтам жанагы
Курманжан кино жөнүндө,
Кече барып көрдүңөр.
Кандай жакты көңүлгө?
Киного айтып сын-пикир.

Толтура адамдар жүрөт элимде,
Кыргызда сынчы жок болчу.
Азыр сынчылар өтө өстү көп,
«Курманжан Датка» филими.
Көп сынчынын тушоосун кести деп.
Жети-Өгүздөн тартыптыр дейт,
Бирөөлөр жерди тепкилеп.
Бирөөлөр жатат кыйкырып,
Бир жарым миллион кетти деп.
Өздөрү андай кыла албайт,
Оозуна келген чөптү жеп.
Анан ачыгын айтып ырдасак,
Маданияты бар эл өлбөйт.
Тарыхын билген эр өлбөйт,
Эненин сүтү литирлеп
Ченелбеген сыяктуу,
Маданият, тарых эч качан.
Акча менен ченелбейт.
Шернияздын Садыгы,
Жанында агаларым баш болуп.
Казып чыгып тарыхты,
Курманжанды дүйнөгө
Алып чыкты аныкпы,
Ал Курманжан кыргызды,
Бүт дүйнөгө таанытты.
Бүт дүйнө билген кыргыз эл
Анча-мынча сынчыга,
Тепсете койбос Садыкты.

Кадимки Балгынбектин обонуна,
Карагым эми салсам боладыма.
Сөздөрүмө түсүнбөй отурупты,

Казакша жырлайыншы конагыма.
Таразга жакынырак Таластанмын,
Түсүнемин казактын жомагына.
Конок сыйлоо деген бул кыргыздарда,
Негизи каада-салт да жогору да.

Колуңда домураны шалып отур,
Бул жерде казы болмайт
Ал да шайдан алып отур,
Мына бу агайын журт калкым келип
Сендеги улуу өнөрдү багып отур.
Көптөн бери сагынган кыргыз калкым,
Жан дүйнөсү жырыңа канып отур.
Эми мен казакша айттым түсүндүңбү?
Калганын кыргызча айтам каныл отур.

Жакшы ойлор менен айтышып,
Салтанат курам калкыма.
Достукту айтып ырдамак,
Бул акындардын салты да.
Тойду гана айтып ырдаган,
Бир кезде Токтогул менен Барпы да.
Кош келипсиң баурум,
Ысык-Көлдөй  пейили
Чалкып турган калкыма.
Жаман ойлорду мээнден
Алып ташта кандашым,
Жаман ой жайгаштырууга
Башыңда орун калбасын.
Жакшы ойлор менен жашасак,
Жакындар бизге кас эмес.
Ансыз деле жашоодо

Өйдө-төмөн болбогон,
Саясаттар аз эмес.
Жаман ой ташып жүргөндөй,
Башыбыз таштанды салган чака эмес.

**Эржеңис:**

Аалыны биз курметтеп турат эдик,
Бир сөз укпай, бир сөзүн угат эдик.
Ырыңды казакшалап айттың жаңы,
Казакша айтканыңа ырахымет.
Кыргыз-казак бат айтып осо кезде.
Биздин дос болганымыз кеше эмеспи.
Кинонун сен акшасын айтып кеттиң,
Барамыс мындай жерде несе кешке,
Маданият эң биринши жөндөп турсак.
Эн биринши байлыгың усы эмеспи.

Сыйлаймын сиз секилдүү аганы да,
Сөзүмө косуп кетем ал аны ды.
Аалы казак аванына салып кетти.
Мен да салам кыргыздын аванына.

Кызыл өрүк аванындай,
Даласына саламын жай.
Осу анди жаттап койдум,
Кызыл өрик аванындай.
Кызыл өрүк, кызыл өрүк,
Жаттап койдум мен сени көрүп.
Байкелерим кошо каттап,
Койшу маган көңүл бөлүп.

## 2016-ЖЫЛЫ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АБДЫЛДА НУРАЛИЕВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Абдылда:**

Сүйлөгөн сөзү татынам
Айланайын ашынам.
Карыларын кашып жатышат,
Бекер келипмин башынан.
Ойлогон сөзүм таптаза,
Отурган элге мактаса.
Кагылайын туугандар,
Акылга тилек таптаза.
Ойлоп келдим жаңыдан
Тырмактай кезде көп келген,
Кагылам Лейлек айлынан.
Ал кезде жапжаш бала элем.
Азыр элүүдөн ашкан убагым,
Ушундай тапандар менен
Алышып жүргөн убагым.
Бирде алып жыксам кез-кезде
Алдыңда кээде каламын

Амансыңарбы бул жерде?
Жашы менен карыңар
Баарыңарга ырдоого,
Акында бир топ ырлар бар.
Кагылайын туугандар,
Бүгүн бердим саламды
Баарыңардан айланам,
Туугандар аны танамбы.
Көп отуруп калдыңар,
Кагылайын туугандар
Куйругуңар аманбы?
Сайрай көр иним сайрай көр.
Сен да жанагыдай абыдан.
Шарият жагын билесиң,
Шаңшып ырдап жүрөсүң.
Бул жерде молдокелер башка экен.
Алышам эле согушам дейт,
Сен кай жагына киресиң?
Ырдап көрчү эл-журтка
Сендей балдар көп чыкса,
Менин татына болчу тилегим.
Жакшылап ырдап бере көр.
Сүйүнүп кетсин жүрөгүм.

**Аалы:**

Айланайын Лейлегим,
Айланып келдим кайтадан.
Абдылда агам кашымда,
Акындыгымды байкаган.
Шарияттан айт дейсиз,
Маңдайда толо молдо бар
Мен шариятты кантип айта алам?

Абыке алмаштырбаңыз,
Мен болгону мусулман.
Молдо деп, төкмө акындык кесипти,
Алмаштырып алдыңыз сиз,
Төө жайлоо менен мечитти.
А мобу келген көпчүлүк,
Эртеден бери карата,
Акындын сөзүн эшитти.
Сиз куйругун айтып жатсаңыз,
Баарысы күлкүгө кирип кетишти.
Айланайын калайык
Мен куйругун айтпай Алланын,
Буйругун айтып ырдайын.
Лейлектин эли сайыптыр,
Миллиондогон жанагы,
Сыйлыгын айтып ырдайын.
Абдылда байкем сыяктуу,
Жети облус кыргыздын,
Сыймыгын айтып ырдайын.
Абдылда байкем ким өзү,
Алп акындардын бирөөсү,
Аалынын аппак костюмундай,
Биз үчүн аппак мүнөзү.
Кадимки Бакай бабамдын,
Көлөкөсүндөй сүрөтү,
Бир кезде өзүңүз айткандай,
Абдыкем болсо карышкыр,
Мен капталдап качкан улакмын.
Абыкем болсо чоң аяз,
А мен айнекке тоңгон бубакмын.
Абдылда байкем сүлөөсүн,

Мен тамтыгы чыккан тумакмын.
Абдыке болсо алп жорго,
А мен араң баскан таймын.
Абдыкем болсо чоң кеме,
Мен жээгинде сүзгөн кайыгың.
Абдыкем болсо чоң кит,
Мен ичинде сүзгөн балыгың.
Абдылда байке сиз менен
Айтышам деп келбегем.
Өйдө-төмөн жанагыдай,
Тартышам деп келбегем.
Аксакалдарды кадырлап,
Батасын алсам деди элем.
Капталда турам жолугуп,
Калдайган ушул эл менен.
Анда эмесе кудай буюруп,
Кошо чыктым сен менен.
Айланайын Абыке,
Мен болсо матиз,тикодой,
А сиз зор акынсыз зилге окшош.
Мен болсо чырак колдогу,
А сиз асманда тийген күнгө окшош.
Абыке мен болсо кичине кумурска,
А сиз болсо пилге окшош.
Абыке ачууңузга алдырбай,
Жакшы ырдайлы кайгырбай.
Анткени келди мына бул,
Элим топтолуп бүгүн ай-жылдай.
Анан да сизге айтаарым,
Аксакалдардан тажрыйба,
Жаштардан болсо күч-кубат

Айкалышса экөөсү,
Ааламды оңдоор иш кылат.
Сиздей улуулар берсе батасын
Эмгекке жаштар тик турат.
Айткан сөзүң анык деп,
Лейлектин эли бүт турат.
Анан дагы Абыке,
Азыр сиз мына карысыз,
Эсен болсун карылар.
Жанагы акындар сыяктуу,
Баса калбайт карысын
Кадырлап сыйлайт Аалыңар.
Карылардын сөзүндө,
Шекери бар, балы бар,
Алты күн бата берсе да,
Чарчабай турган чагы бар.
Карыны жаштар сыйлайлы.
Эртең картаясыңар баарыңар.

**Абдылда:**

Төө жайлоо менен мечитти,
Мен алмаштырган экемин.
Сен барысын билип бул жерге
Ойногону келген экенсиң.
Сен тумак эмессиң жакшысың
Мына бу калың элге бүгүн бир,
Арнай бергин тим эле
Акактай сөздүн таттысын.
Сен дайра болсоң мен жайыкмын,
Бир кезде баса калып карыны
Кечээ эле жаңы айыктым.
Сыйлаганың жакшы кеп.

Курандан бери жазылат,
Карыны сыйлоо жакшы деп.
Төө жайлоо деген өзүнчө,
Далай жерден таттуу экен.
Байкап көрсөң тим эле
Мечиттен деле жакшы экен.
Төө жайлоону кыргызга
Кагылайын көк теңир,
Арнап өзү жатты экен.
Төө жайлоонун жанында,
Адашып кетпей жаныма,
Жүргөндүгүн мен айтсам
Молдо эмесмин тим эле,
Өзүмчө эле жүрөм дейт
Мен билбедим анысын.
А мен окусаң дайым намазды
Молдо экен деп жүрчү элем
Мен адашыпмын аным чын.
Андан көрө бүгүн бир,
Тапсаңчы сөздүн жаңысын.
Карап көрчү агайын,
Баарыңардын ар дайым,
Ачылсын бакты таалайың.
Билесиңер туугандар,
Көркү жок асман жылдызсыз
Жүрөгүм сокпойт кыргызсыз.
Мекеним тоолор мекеним,
Мен жашай албаймын кыргызсыз.

Айтып көрчү сөзүңдү
Тааныттырчы өзүңдү

Капталга качкан улак эмессиң
Ачканы турсуң төшүңдү.
Көрөйүн бүгүн ар жагын,
Эл-журт билет салмагын,
Азыр гүлдөтүп жаткан кезегиң,
Айтыш фонддун чарбагын.
Менден дагы ар дайым
Ашып кетти салмагың.
Барысын сүйлөп жатасың,
Канакей көрчү бүгүн да
Көрөөр бекен жардамын.

**Аалы:**

Абыкемдин чайынын,
Алып салып чамасын.
Түгөтүп койдук йаммасын,
Хотын-кыздар каякта
Жаңысын чайдын дамдасын
Абыкем чай жок суу ичти,
Тамагы ооруп калбасын.
Айланайын Абыке,
Тамагыңан айланам,
Ырдаса элге пайдалуу,
Жамагыңан айланам.
Кандай десеңиз да макулмун
Мен иниңизмин да сайраган.
Айланайын Абдыке,
Кашыңызда ыр ырдап
Жамактайын да төгөйүн.
Андан башка не дейин.
Тебелейм десең алдыңда,
Талпак болуп беремин.

Антсе дагы бутуңа,
Сыз өтпөсүн дегеним.
Эл менен бирге кошулуп,
Эргип ырдап туралы.
Элибиз көрсүн керегин.
Бирок, мечитиң жаман андан да,
Жайлоом жакшы дебегин.
Мечит деген бул өзү,
Жердеги үйү Алланын.
Билесиз байке ал жагын.
Анан дагы маанилүү,
Улууну сыйлаш керек деп
Курандан окуп алганың.
Айланайын байкебай,
Мен таңкалып отурам,
Ошол айткан куранды,
Кайсы күнү окудуң.
Антсе да сиздей байкебиз,
Байкебиз менен кошулуп,
Бакылдабай кантебиз.
Эртеден бери карата
Элге куруп тамаша,
Абдували байкебиз менен,
Катар айтышпай,
Женишбек менен тартышпай
Азамат менен жанагы
Токолдор жайлуу чарпышпай,
Абыкеме туш болдум.
Буту байланган куш болдум
Антсе дагы айтаарым,
Жаман да болсо агасыз.

Жакшы да болсо агасыз.
Мени кандай көрөсүз билбеймин
Баары бир мага жагасыз.
Баары бир менин агамсыз,
Аны сиз кайдан танасыз.
Боорум деп жайсам кучакты,
Кирпи чечендей кайра эле,
Тикен менен сая саласыз.
Айланайын байкебай,
Козу деп келсем жаныңа,
Кочкордой сүзө каласыз.
Ар кимди келип сүзгүлөп,
Эмне эле болуп жатасыз.
Эчкидей болуп баласыз.

**Абдылда:**

Жаман да болсоң инисиң,
Ошолордун бирисиң,
Жакшы иниңди бергин деп.
Жалдырайт элем кимисин
Бул эчки деп жатса агасын
Айта албай калдым дегисин.
Сүзгүм жок дайым өзүңдү.
Сүзө турган мен эмес
Ачсаң бир боло көзүңдү.
Кучактайын деп турсам
Кайра итиресиң төшүңдү.
Агайын тууган алдында,
Тим эле аппак кылып өзүңдү.
Андан көрө сайрагын,
Ага-инилердин ичине,
Кечээтен бери бу сенин

Не бирлер кирсе керек түшүңө.
Кайрып чаап кетем деп,
Ишене бербе күчүңө.
Андан көрө ырдайлы,
Агайын-тууган ичинде,
Кыргыздын жери ар дайым
Кымбат экен кагылайын.
Таалайым ушул ар дайым,
Карачы, тээтиги турган чокуну.
Ал жактагы ар дайым,
Берекесин берет турбайбы.
Алар дагы карап отуру.
Бери жакта турган арчаны,
Билесиң бул арчалар
Суктанткан кечээ канчаны,
Ой кыргыздын жери керемет.
Мактай берсең түгөнбөйт.
Бул жакта болсо кең Баткен,
Ары жагында Алайды.
Бир кезекте мен дагы
Аралагам далайды.
Сенин акындыгың билгемин
Балапан жапжаш кезиңде,
Айылдан сүйрөп келгенмин.
Ошондо жаман болсо тилегим
Сүзбөйт болчумун өзүңдү.
Ой жакшы экен тилегим
Агайынга алып чыгып,
Тааныштырдым өзүңдү.
Өсө бер, иним өсө бер
Канатыңды кере бер.

Калың элдин астында,
Какылдап сөздү тере бер.
Ачык болсун маанайың
Тилегим жакшы ар дайым
Жакшылыкты каалаймын.

**Аалы:**

А десем деле болбойсуз,
Бу десем деле болбойсуз,
Мейли байке кептердин,
Башкасын кошуп ырдайлы
Калкым кресло дейт мындайды
Отуруп бир аз жыргайлы.
Уйкум келип баратат,
Тарта албай муң-кайгы.
Депутаттар эмнеге,
Уктай эле берет десе эмнеге
Кресло сонун турбайбы.
Эми айланайын калайык,
Абдылда байкем жүгүрдү
Бул алп Манастын таптаган,
Аккула буудан атындай.
А мен болсо артында,
Ала албайм дагы жакындай.
Эртеден кайра күн тийди,
Кайрадан жамгыр тапырайт.
Булуттун көзү басылбай.
Погодаңар жакшы экен,
Бийликтин саясатындай.
Акындар келет экен деп,
Айтылар балким шекер кеп.
Баарыңар мында топтолуп,

Төө жайлоону мекендеп,
Мен тилеймин силердей,
Кары жаш ушул калкымдын,
Жаны болсун эсен деп.
Жаш карысына кошулуп,
Баары болсун эсен деп.
Абдыкеме окшогон,
Кары болсун эсен деп,
Байкем мене кошулуп
Арканы көздөй кетем деп,
Баарыңа каалайм ынтымак.
Ортодо болсо ынтымак.
Ортобуздан ыр чыгат.
Ынтымага жок жерден,
Ар убакта чыр чыгат да,
Жыл сайын болот ыңкылап.
Ынтымагыбыз бек болсун!
Ырыскыбыз көп болсун!
Төрт тарабыбыз төп болсун!
Ынтымагыбыз бек болсо!
Алдыны көздөй жылабыз.
Биримдигибиз бек болсо,
Бийикти көздөй чыгабыз.
Ынтымагыбыз жок болсо,
Ыдырап барып тынабыз,
Андан көрө келгиле,
Ынтымак жашоо курабыз.
Кызыл тилдин барында,
Кыйкырып турган чагында,
Силердей кыргызга кызмат кылабыз.

# ЖАШ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШТАРЫНАН

## 2016-ЖЫЛЫ II БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН АЛКАГЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ЖАРКЫНБЕК НАУШАБЕКОВ МЕНЕН МАКСАТ КУЛУЕВДИН АЙТЫШЫ

**Жаркынбек:**

Атканга шүгүр алла аткан жарык,
Шүгүрлүк ар күнүңө баткан барып.
Тексти элим төркүнүңө карап турсам,
Тарыхта жатыр терең катмарланып.
Токсон бирде төбөлсүз туу көтөрүп,
Алып бул азаттыкты жаткан калк
Сол күнгө да толду деп 25 жыл
Айтыс коомдук фондуна 15 жыл боп
Биз калай усу күн менен мактанбайлык.
Көчмөндөр оюндарын уюмдастырган,
Бактарың өчпөсө экен жаткан жанып.
«Тарых мен маданият жыл» быйыл сизде,
Анын да атагы тур асманданып.
Агайын тойлоруңуз тойго улансын,
Отторуң өчпөсө экен жаткан жанып.
Ассалому алейкум агайындар,
Төрт тоюн катар тойлоп жаткан калк.

Биз бүгүн бара албайбыз бозегизге
Ушу той көңүлүмдүн кусу эмеспи.
Кыргыз-казак бир тууган деди казак
Былай деп айтуу да бос эмеспи.
Былай деп айтуума себебим көп
Аны айтып тажабасмын нече кечте.
Тарыхы да тагдырлас кыргыз-казак
Эч качан барбаган гой бозегизге.
Биздерге кыргыз барса конок болуп
Төр берип жайгаштырган төрүмүзгө.
Бул жака казак келсе конок болуп,
Күтүүдөн чарчабаган нече кечте.
Эгиздин сыңарындай кыргыз-казак,
Бири-бирин урматтаган көкөлөтүп.
Сондуктан достук үчүн кол согайлык,
Кыргыз-казак ылайык косометке.
Казакты кадырлуу дос боор туткан,
Кыргыздын тuускандыгы осы эмеспи.

Мен сени көзү ачык нарым дээрим,
Ал Максатжан өзүңдү арым дээрим.
Кыргыз деген бөтөн эмес боорум гой.
Аныңды да усундай маалым дедим.
Сондуктан бүгүн сенден аянбаймын
Сурасаңыз таарынбай баарын берем.
Жылкынын өтү менен кустун сүтү,
Кааласаң каскалдактын канын берем.
Биздеги эң дефицит болуп турган,
Аянбай казы, карта, карын берем.
Сарага суу менен жемис жыйгының деп,
Сөз эмес он ачылып дарын берем.

Максат иним онын баарын аз деп жатсаң,
Аянбай өзүң үчүн жаным берем.
Кыскасы Максат үчүн бир сен үчүн
Тарыхтын баскасынын баарын берем.

**Максат:**

Эгемен ошол элим бар.
Желегим бар, жерим бар
Жер менен жашташ карт кыргыз.
Кай жеринде кемим бар
Көлүм бар да, жээгим бар
Көйкашка көкжал тегим бар
Кошундуу көчмөн кыргызга,
Кошуп айтаар кебим бар.
Кырчындай тегиз кең жайык,
Төрдүү журтум аманбы?
Көркөмүнө көз канбас,
Көлдүү журтум аманбы?
Көчмөндөрдүн пашаасы,
Мүлдө журтум аманбы?
Көрүп жаткан эфирден,
Дүйнө журту аманбы?
Азаттыгын жар салган,
Ак калпак элдин атынан
Ааламга айтам саламды.

Манастан калган элим бар,
Маңдайлуу кыргыз элим бар.
Тарыхы терең жерим бар,
Таалайлуу кыргыз элим бар.
Тоо үйлөп, деңиз шимирчү,
Төштүктөн бүткөн демим бар.

Дайрадай кыргыз дүйнөсү
Арстанбап өзүндөй, токоюм бар, черим бар.
Зым менен тоссо башкалар,
Ыр менен тоскон чебим бар.
Бөлүнө тоссо башкалар,
Бөрүчө билген белгим бар.
Зымчылдарга кор кылган,
Эх тагдыр кандай кегиң бар.

Дүйнөнүн эли угуп ал,
Бул Бакайдын эли байрактуу.
Акбалта эли айбаттуу.
Коркконго коргон курдурган,
Кошойдун эли кайраттуу.
Жалпы дүйнө угуп ал,
Жакыптын эли жарактуу.
Айкөлдүн эли ардактуу,
Семетей эли сезимдүү,
Сейтектин эли салмактуу.
Кыйырга аты угулган,
Кыргыз кырда туулган,
Таш менен кесип киндигин,
Мөңгүгө жатып жуунган.
Күн желеси өңдөнүп,
Кыргызым көктө кубулган.
Чындык үчүн чыркырап,
Чубактай салган чуулган.
Улуу тоом артык Урумдан,
Кырчыным артык Крымдан,
Ысык-Көл жердин кареги,
Ырыстуу элге буюрган.

Буюрса Кырчын жеринде,
Ат бастырып келерсиң.
Бетиң да кызыл турбайбы,
Көргөндөй болуп турамын
Ашыкемдин элесин.
Сен дагы кыргыз жеринде,
Элиңе төгүп берип,
Берсеңчи сөздүн кеңешин.
Тарыхтан башкасынын баарын берем дейт
Тарыхыбыз бир элбиз,
Кай тарыхың бересиң?

**Жаркынбек:**

Кыргыздар, бир туугандар, кудасыңдар,
Сөзүм жалган эмесин угарсыңдар.
Тексиздик таанытпаган тектилердин,
Качан да отаны болуп турарсыңдар.
Агайын мына Максат өз уулдарын,
Өлөң айтса кыйкуулап турарсыңдар.
Бул кыргыздар мага да бөтөн эмес,
Себебин кандайча деп сурарсыңдар.
Майра деген казактын акын кызын,
Кыргыздар келин кылган кудамсыңдар.
Бир балаң менен кудабыз айтысып тур,
Карайтын көңүл бөлүп буга ким бар.
Өз балаңды колдоймун десеңиздер,
Максатка карап назар бурарсыңдар.
Ал эгер куда рыза болсун десең,
Мени колдоп сапалак урарсыңдар.
Арийне тандоо эрки өздөрүңдө,
Деген менен мынау жайды угарсыңдар.
Куда келсе урмат менен карсылайтын,

Дастүрдү унутпайтын чыгарсыңдар.

Бауырлар түбү мыкты элдерсиңдер,
Асылым алаканда тер берсиңдер.
Эр жүрөк Манас болуп эл коргогон,
Тарыхта эрлик менен эңгенсиңдер.
Бүкүл аалам моюндаган алып тулга,
Айтматовду да тууп бергенсиңдер.
Бүткүл түркий калктары арасында,
Казакты эң жакын деп исенгенсиңдер.
Сексен алты Желтоксан Алматыда,
Көтөрүлүс болгонун көргөнсүңдөр.
Бир эшелон болсо да кыргыз бауырым,
Алматыга көмөккө келгенсиңдер.
Биздерди кийим-кечек жемис менен,
Камтамасыз этедин эрлерсиңдер.
Казактын бар анжысын кыйт кылатын,
Эң чыгарып беретин элдерсиңдер.
Кыскасы кыргыз менен киндигим бир,
Бул сөзүмө агайын исенгенсиңдер.
Алладан соң ары дос ары бауыр,
Казактын эң жакыны сендерсиңдер.

Көчмөндөр оюнуна жыйылды алар,
Элүү алты мамлекет сүйүндү алар.
Ушу тойго арнайын келип турган,
Түпкүрдөн келип турган дүйүм болар.
Асманды булут басты гой агайындар,
Жамгыр жааса мына менин күйүм калар,
Бөркү бар Максатка билинбейди,
Бөркү жок мына маган кыйын болар.

Тилеймин ачык асман элибизге,
Күнүбүз нурун төксүн көгүбүздө.
Ар качан кыргыз казак аман болуп,
Бир алла бакыт берсин элимизге.

Айланайын Максатжан,
Алемге машкур дара бол.
Жараткан аллам жар болуп,
Ачылсын алдыдан сара жол.
Кыргыздын гана уулу эмес,
Ааламдык элге дана бол.
Эр Манастай айгиле,
Калкыңа мына паана бол.
Бүткүл аалам тааныган,
Айтматовдой ага бол.
Досторуңа жаксы бол,
Дусмандарга хана бол.
Урпактарың көп болсун
Көп жасаган баба бол.
Токсон тогуз жасыңда,
Чарчадым деп жатпастан,
Байбичеңе бара бер.
Байбичең менен чектелбей
Токолду көптөп ала бер.
Жүз жастан жасың асканда,
Төртүнчү алган токолдон,
Төрт килалык бала көр.

**Максат:**

Майрадай жеңемдин иниси экен,
Анда эмесе кудамдын ырын ырдайм.
Сизди биз сыйлап турган чагыбыз го,

Сыйдан башка бөлөк нерсе чырды кылбайм.
Кырчынымда бир кайкалап басып алгын,
Калкам кудам калк көңүлүн ачып алгын,
Кыз сурасаң кыйын акын Балгынбектей,
Куда түшүп, жүрөк сүйгөн жашын алгын.
Орус, кытай басып алат деп жүрсөм ээй,
Базарымдын бардыгын басып алдың.
Цемент завод, кирпич завод деги койчу,
Ишканамды иштетем деп баарын алдың.
Акаевге кызыбызды бергенбиз деп,
Курманбектен бир кезекте чынын айтсам,
Каркыранын тээтигил жарымын алдың.
Катын кетсе кайткан жер келбейт экен,
Бармагымды бир тиштеп жарып алдым.
Өткөн кеткен тарыхтан кун дооласаң
Качып кеткен эки хандын башын алгын.

Батаңды берип турган убагыңыз,
Бир экен бир тоодо турарыбыз.
Ынтымака келип жашап келген жанбыз,
Бир экен комузду бир угарыбыз.
Байыртадан ыр курап ушундайда,
Бир экен домбра күү угарыбыз.
Алтындай боорум аман-эсен жүрүп,
Элибизден көк асаба туу алыңыз.

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВДУН 90 ЖЫЛДЫГАН КАРАТА АКСЫ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## МАКСАТ КУЛУЕВ МЕНЕН МАМАТКАДЫР ОСМОНОВДУН АЙТЫШЫ

**Максат:**

Аксынын көркүн жаяйын,
Айтышка келдим атайын.
Кийинген экен айланаң,
Жашылдан көйнөк бачайы.
Токтосун атам пейлиндей,
Толукшуп келди май айы.
Амандашып алалы,
Ачылсын элдин маанайы.

Илгеркилер айткандай,
Жер соорусу Аксы экен.
Аркыты менен жакшы экен.
Азып келген пенделер,
Акылды мындан тапчы экен.
Басынып келген пенделер,
Баш оту менен батчы экен,
Кара күүнүн атасы,

Канкулудай комузчу,
Абылетим зоосунда,
Жаңырып кеткен добушу,
Каңкулунун шакирти,
Кадимки Ниязаалы комузчу,
Демек, Аксы кутман жер,
Ниязаалы чыккан жер.
Наманган Кокон аркасы,
Нарктуу күүнү уккан жер,
Төкмөлөрдүн төрөсү,
Өтөнү угуп тынган жер.
Тоодой болгон өнөрпоз,
Токтосунду сунган жер.
Темир комуз атасы,
Тегенеге сунган жер.
Шедевр өнөр Токомдон,
Шекербекке жуккан жер.

Кагылайын туугандар,
Тынчытам бир аз санааны,
Таап алдым бул жерден,
Тапанча деген баланы.
Чөнтөктөн түшүп калгандай,
Сонун экен карааны.
Баланын көрүнүп турат барааны.
Ырдаса көрүнөр эми карааны.
Жаңырып элге угулсун,
Баланын болсун саламы.

**Маматкадыр:**

Аксынын ичи термелди,
Бул микрофон иштебейт,
Айтып жатсам термемди.

Алакан чапса элибиз,
Айтыш көрөбүз деп бул жерге,
Агайын тууган тең келди,
Салам айтып баштайын,
Кабыл алгыла жаш тайың.

Толкундап элим топтолду,
Токомдун орду жоктолду,
Эрте кетиптир арадан,
Эстесем жүрөк от болду,
Төө-Кыр деген жайлоодо,
Төкмөлөр төгөт окшойбу,
Эки акынды кубаттап,
Чапкылап тургун кош колду,
Токтосун атам арбагы,
Оодарылып козголду.
Айтыш болгон жерлерге,
Эл коймок беле жыйылбай,
Баштаса баштап ырдайлы,
Экөөбүз деле кыйылбай.
Ээрчишип чыктык сахнага,
Бир сом элүү тыйындай,
Тапанчаны жерден
Таап алдым деп айттың,
Мени ойлодуңбу буюмдай,
Анда отуралы экөөбүз,
Ушу ага-иниге ыр ырдай.

**Максат:**

Атабыздын обонуна салайын,
Элүү тыйын түшкөн экен алайын.
Тамашалап кепти козгоп сен кеттиң,

Ачылсын деп келген элдин маанайын,
Азаттыкка келген элдин жетеги,
Аксы жери акыйкаттын мекени,
Аксы эли чечмейинче билинбейт,
Ажолордун келмейи да кетмейи.

Рахаттанып иничегим жакшы ырда,
Революция родинасы Аксыда,
Нүзүп бийдин ушул элдин батасы,
Жылкычыны хан көтөргөн тактыда,
Хандардан да бектерден да бактылуу,
Атакебиз жашап өткөн жарыкта,
Темир комуз төкмөлөрүң бар кезде,
Ысымы бир жашай берет тарыхта.
Алтындай бир болгон менин инибиз,
Сайрасынчы кыргыз элге тилиңиз,
Көптөн бери көрүшпөй бир калыпбыз,
Бирге болсун, бирге болсун жүгүбүз,
Жаңырсынчы элге келген жеринде,
Кагылайын туулган элим демилге,
Ушул бала өссүн кыргыз элимде,
Колду чаап демди жакшы бергиле,

**Маматкадыр:**

Көрүнүшүң манаптай,
Көкүрөгүң Таластай,
Менин сизге каалларым,
Жүрүңүз ак жолуңуздан адашпай.
Жалпы эл журт турганда,
Ырдайлы да жадатпай.
Тыйынды терем деп айттың,
Алсаңыз алың тыйынды,

Мен турайын,
Тыйынды сизден талашпай.

Оргуштап талант Токобуз,
Отурган жерин шаң кылган,
Отурган жерин шат кылган,
Кадырлуу айткан сөз үчүн,
Калык акын жактырган.
Коргоол менен ырдашып,
Барпы акын менен сырдашып,
Эстекем менен бир жүрүп,
Эчен жолу бир басып,
Ошонун өзүн ойлосок,
Опол тоодой бир бакыт,
Элүү беш жашка чыкканда,
Шум ажал алып кетиптир,
Ордолуу журтту сыздатып,

Берекеси төгүлгөн,
Эли сонун Аксынын,
Төө-Кыр жайлоосундай,
Төрү сонун Аксынын.
Жайкалган ак кар баскан,
Төрү сонун Аксынын.
Мал жайылган ар качан,
Төрү сонун Аксынын.
Акын болуп келген соң,
Айтыш керек ак чынын.

**Максат:**

Тапанча болсоң пушкамын,
Кыялымды бузбагын.
Алтындан деп мен айтсам,

Сууп бара жатасың.
Ичимден бир аз муздадым.
Агаң турса жаныңда,
Алдыга басып учпагын.
Тарыхта эки Токо бар,
Токтогул менен Токтосун,
Эки тоо көрүшпөсө да,
Көпүрө кылган ортосун,
Барпы, Калык, Коргоолдор
Толтурган жүрөк толтосун.
Кагылайын туугандар,
Алла таала баарыңдын,
Ак эмгегин колдосун.
Токтосундай атабыз,
Төкмөлөрдү колдосун.
Салдырып турган чагыбыз,
Жаактуулардын жоргосун.
Кагылайын туугандар,
Ала-Тоо кыргыз эл журтта,
Жакшылык дайым орносун.
Элимде болсун ынтымак,
Оомийин кудай колдосун!

**Маматкадыр:**

Өркүндөй берсин ушинтип,
Айтыштын ар кыл тармагы.
Айтышып турса керемет,
Кыргыздын акын балдары,
Жалпы келген эл журтка,
Токомдун ыраазы болсун арбагы.

## «ТОКТОГУЛ – 150» ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## ТОБА ӨТӨКБАЕВ МЕНЕН
## ИДИРИС АЙТБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Тоба:**

Агайын тыңдаңыздар, тыңдаңыздар,
Жар салып ырдап жаткан мында биз бар.
Колуна акын балаң домбура алды,
Шабытыма кыянат кылмаңыздар.
Ассалому алейкум кыргыз эли,
Тарыхта сиздер жайлы түрли аңыз бар.
Бүгүнкү тойларыңыз куттуу болсун,
Үн салып бийлеңиздер, жырлаңыздар.
Кос майрамы келгенде колду байлап,
Кисенделүү кисилердей турмаңыздар.
Ала-Тоонун кырынан эр Манасың,
Жоо кайтарып жаткандай шуулаңыздар.

Баурум элге келет аулум мен,
Кабыштын ак калпактын кабуулу мен.
Ала-Тоонун бир жагы Бишкек болсо,
Бир жагында Алматы жауруң кең.
Бир талдын этегинде баурай асел,
Ала-Тоода атырдын саугын мен.

Кыргыз кызы жоголсо казактардан,
Сура деген макалды баары билген.
Кызды түгүл анеге де куда түсүп,
Кызыл өрүктөй тоюнун саны бирге.
Кыргыз казак биенин кос эмчеги,
Деп кеткен кайсыны кадыры мен.
Барымды бөлүсүүгө келип турмун
Базарында жайнаткан баурум мен.

Кирген кезде кыргыздын как басынан,
Тойдун изи аңкып туру бакшасынан.
Токтогулдун тою деп келген эдик,
Курманжан датка чыкты даткасынан.
Кыргыз фильм түсүргөн киноларың,
Эрекше рухтуу экен баскасынан.
Агайын кос тойларың куттуу болсун,
Деген усу басынан бак тасыган.
Айтыска да кос байге тигипсиңер
Бул жакта болуп туругой кос косунан.
Мен энди басып экөө болар бекен,
Тамаса сатуугандай жаксы осуган.
Казактын үйлөнбөгөн баласы эдим
Бойдоктун күнү курсун бос босуган.
Кыргыздын кызы болсо неге алмасмын,
Өрнек алган Курманжан даткасынан.

Алла деп жаратканга сыйындым мен,
Мусуланбыз ыйманга уюп жүрген.
Ассалому алейкум Идырысым,
Өзүңдүн ысымыңе сүйүндүм мен.
Пайгамбардын ысымын алгандан соң,

Кашанда жарансыңбы бийик жүргөн.
Деген менен таң калып отурганым,
Сол нерсеге аурып мээм бирден.
Кыргыздан мына сага болмадымы
Баска акындар ак калпак кийип жүргөн.
Мен осыга таң калып отурганым,
Кыргыздын намыстарын түйүп жүргөн.
Акынга пайгамбардын атын берип,
Кожо Насыр секилди кийиндирген.

**Идирис:**

Акемдин эми баласы,
Мени көздөй карачы.
Айланайын бойдогум,
Түнү менен ойногун.
Кыз сурап мында келипсиң,
Тынчыбай тоодой санаасы.
Токомдой болуп турганда,
Насыредингe теңдейсиң.
Жок дегенде Тобоке,
Сүрөттү карап келбейсиң.
Токоңдун кийдим элесин,
Токтогул болуп элимде,
Топ жыйынга шер дейсиң.
Ала-Тоо мекен өрөөндөн,
Талантуу Током төрөлгөн.
Жаак менен таңдайын,
Жасаса керек өнөрдөн.
Комузун күүгө кайраган.
Топ жыйында сайраган,
Айланып келсең жарашат.
Токтогулдай атадан.

Токтогулду мактасам,
Күң батып кайра таң аткан.
Жүз элүү жыл өтсө да,
Уламдан-улам карачы
Жашарып дагы бараткан.
Топ жыйынга карачы,
Кадамды мынтип таштадым,
Айтышымды баштадым,
Амансыңбы алың журт?

Бийлериң келип урса да,
Баштарын кесип турса да.
Чынтыкты айтып чырылдап
Токтогул келген ыр ырдап.
Токтогулдай атамдын,
Баласы болуп чыга алдым.
Топ жыйында акындын,
Бир канчасын жыга алдым.
Токомдой болуп турсам деп,
Күүлөнүп мында турганда,
Тобадай болгон акындан,
Насыредин акемдин,
Кейипин кийдиң деп уга алдым.
Айланайын акыным,
Өзүмө мындай жакыным.
Кантсе да кабыл ала алдым,
Алдыгы айткан акылың.
Насыредин ошол апенди
Билимдүү болгон киши эле.
Жан дүйнөсү ыймандан,
Кийимдүү болгон киши эле.

Өз элинен ал кишиң,
Алтындай болгон баштарын,
Ийимдүү болгон киши эле.
Мен эмне десең көнөмүн,
Акылымды бөлөмүн.
Эмне десең дей бер бирок
Бүгүн Токтогулдай төгөмүн.
Топ жыйындын ичинде,
Кадырман журтум келген деп,
Тизелеп башым чөгөмүн.
Амансыңбы залдагы,
Коноктор келип калганы,
Коноктор келген карачы,
Нарын менен Көлүмдөн.
Коноктор балким чыгаттыр,
Жалал-Абад, Талас төрүмдөн.
Акырын  келип кошулган
Коноктор балким чыгаттар
Баткен менен Ошумдан.
Айланып кетсең жарашат,
Борборум Бишкек Чүйүмдөн
Сыймыктанып жүрө бер,
Ала-Тоо кыргыз үйүңдөн.
Токтогулду карачы
Жүз элүү жылын белгилеп.
Жыкжыйма элиң келди деп,
Ачылып бүгүн ырдайлы,
Урпагы болуп Токомдун.
Ачылып бүгүн ырдайлы,
Айланайын Тоба ага,
Мобу кийген кийимди,

Насыредин башка дебегин,
Мээмди артык жебегин.
Мобул кийген кийимди,
Токомдон калган мода де,
Алдыгы айткан сөзүңдү,
Кайтарып алдым тобо де.
Кыргызга барып айтышып
Жеңдиңби же жеңилдиңби дегенде,
Казакстанга барганда,
Жеңилдим байке ооба де.
Анан да казак айтсын кеп,
Жеңилдиңби жеңдиң деп,
Жеңилдим мейли дейинчи,
Токомдун калган пейилин.
Током казакка барып ырдаган,
Калың эл кебин тыңдаган.
Эдил деген бир балбан,
Токомо келип сүйөнгөн.
Күрөшөсүңбү деп айтып,
Эдил балбан жөн койсоң,
Билектерин түрүнгөн.
Анда Токо кеп айтат,
Билесиңби нени айткан?
Койгун десем болгон жок,
Кыйын казак тойгон жок.
Чыкпайм десем болгон жок,
Чала казак койгон жок.
Түшпөйм десем болгон жок
Тулпар казак болгон жок.
Ошентип мына мен дагы
Комузду коюп анан да,

Алтын башын энгенмин.
Балбан болуп турса да,
Эдил балбанды жеңгенмин.
Ошентип мына Токтогул
Бир кезде айткан китепте
Андыктан күч деген мына
Токомдо болгон экен да.
Жеңип алып Токтогул,
Эдил балбанды сыйлаган.
Намыс деген күчтүү экен
Эдилиң көз жашын төгүн ыйлаган.
Айтканына келгенде
Намыстуу бол Эдилим.
Белек мага керек эмес деп,
Байгени кайрып берген дейт.
Дал ошонун сыңары,
Алтын башым анда эле,
Тоба сага эңилдим,
Жеңдим деп айткын мактанып.
Токомдун болуп урпагы,
Тоба сага жеңилдим.

**Тоба:**

Отырсың сен күнөөлөп неге мени,
Болбосо жөн жай келген өнек элем.
Баурум ак калпакты кийши десем,
Ордуна Ала-Тоодой бөлин дейди.
Аалы акын келгенде Казакстанга,
Коздуруп кете берди делебени.
Ак калпактын айыры казактарды
Коргайтында кыйылган деген эди.
Сондуктан казак кыргыз айтысына,

Ак калпаты кийүүң керек эди.

Боз белдүү сөзү дебе боз баланын,
Суусундай жырга тола тостаганым.
Ыдырысым жырласа Токтогулды,
Жөн болоор  мен да оган токтоганым.
Казак деген өрлү байракты элмин,
Ким экенин жао менен доска малим.
Он алтыда улут азаттык көтербесин,
Кыргыз казак косылып бастаганын.
Абдыгапар Бекболот Ашекейип,
Алашшыл алыстарым аскар аалым.
Кыргыздардын мананбы Канат, Кыдыр
Айта берсем жетеди баскаларын.
Шабдандын Саамүдүнү, Төлөкөнүн
Карымбай, Ыбрайымдай каскаларын.
Ала-Тоонун боорунда атка конуп,
Кинестин бузам деген кас камалын.
Бекболот колго түсүп корланса да,
Билемиз кыргыздарды сатмаганын.
Кыргыз мен байланысым болгон жок деп,
Тарыхтан тауп берем актаганын.
Кенен мен Токтогулдар сол кездеги,
Актарган гой төгүлтүп аска канын
Түрмеден келе жатып Токтогулдын,
Ким билбейт Сары-Аркага токтаганын.
Жамбыл менен Кенендер кушак жайып,
Алдына тартып ийди ас табагын.
Бабалар боордос болгон бастас болгон,
Мен несине кыргыздан сактанамын.
Жамбыл кенен Токтогул акындарды,

Ырдап жатып бары мен мактанамын.

Кеп турмус Токтогул деп, тойго бүгүн
Ерекши кубаныш бар бойда бүгүн.
Казакстандан келип эй сегиз акын,
Сегизинин ишинде бойдагымын.
Курманжандай даткасын көргенден соң,
Кыргыз кызы кириптир ойго бүгүн.
Казактар узатып эт күнү кеше,
Кыргызга келин кылып Майра кызын.
Карынта кезек энди сага келди,
Баурым осал жагын ойла бүгүн.
Акынга ат мингизип кыз беретин,
Кыргыздардын дастүрү кайда бүгүн.
Астыма ат мингизип коймасаң да
Тобага ага бир сулууну байла бүгүн

**Идирис:**

Тоба сенин өзүңдү,
Уктум мында сөзүңдү.
Беш кыз мына тиякта,
Өзүңдү мында мээледи.
Бешөөсүнүн бирөөсү,
Уруша кетип жулушуп,
Аркада сени ээледи.
Эгерде Тобаң акынга,
Алтын башың ийе алсаң,
Алтын башым ийем дейт.
Шартын коюп турат кыз
Тоба финалга өтсө тийем дейт.
Үйлөнгөн кезде жаш балдар,
Көңүлүм абдан шат кылчу.

Бизде күйөө бала дегенге
Отун балта чаптырчу.
Күйөө бала дегенди
Эң башында сынаган.
Кынаптай кылып кынаган.
Ошентип келип балдарды,
Эзелтен кыргыз ойлогон,
Эртеңи кандай болот деп,
Күйөө бала дегенди,
Сынабастан койбогон.
Азыр мына уктум мен,
Азыркы айткан сөзүңдү.
Сынайын анда Токомдой,
Тоба жигит өзүңдү.
Үйлөнсөң мында Тобаңа
Сен де менде арман жок.
Бирок, финалдан өтпөй калсаң
Кыргыз кыздар калган жок.
Болоор болбос балага,
Тийе бербейт турбайбы.
Алтын башын бул кыздар,
Ийе бербейт турбайбы.
Ошондуктан кыргыздын,
Бекеринен карачы,
Келбеген кыз турбайбы.
Курманжандай бийикке,
Шердеген кыз турбайбы.
Кыргыз кызга жетем деп,
Чекенден түшкөн Тобатай,
Тер болуш керек турбайбы.
Курманжанга жеткени,

Жок дегенде Жамбылдай,
Шер болуш керек турбайбы.

**Тоба:**

Казылар күйөө баланы тандаңыздар,
Мага энди катты кез болмаңыздар.
Финалга өтсөң гана берем дейди,
Бул болот маган берда мүлдө ызгаар.
Агалар мен эртерээк үйлөнөйүн,
Сондуктан убалыма калмаңыздар.

Кыргызым меним кыргызым,
Асмандай берсин жылдызың.
Кырларды энди терейин,
Кызыңа арнап кырмызын.
Эки элди жакын кылмаймы,
Жарасып жатса ул кызың.
Төсекте басы косулган,
Тескейде малы жайылган,
Эки элди баур кымайды.
Кыргыздын алсам бир кызын.

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА АКСЫ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## ИДИРИС АЙТБАЕВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Идирис:**

Кыдырып кыргыз өрүшүн,
Тегенедей жерди мен
Биринчи жолу көрүшүм.
Көркөмүнө көз жетпейт,
Мактасаң мактоо сөз жетпейт,
Карачы көңүл бөлүшүн,
Өмүрүм өтүп кеткиче,
Оо дүйнө көздөй жеткиче,
Күүлөнүп комуз кыңылдап,
Кызматын кылам эл үчүн,
Атайлап келдим алыстан,
Айтылуу Аксы сен үчүн.
Алакан чаап кол чапсаң,
Алтындан кымбат мен үчүн,
Айтылуу айыл Тегене,
Көркөмү күчтүү эң эле,
Унутпай жүрөм деги эле,

Кызыл бейит жери бар,
Ынтымактуу эли бар,
Жан багып малын сактаган,
Чоң жолго баскан жолу жок,
Кайык менен каттаган,
Жанында дагы айыл бар,
Күрп-Сай деген айылдын,
Кыраандары көп чыккан,
Мактаганга төп чыккан,
Күрп-Сай эли кандайсың?
Мен салам берсем таң калам
Колуңду неге чаппайсың?
Айтылуу ошол айылда,
Эчендер чыккан дечи эле,
Тарыхта калган из эле.
Сыдыковду ким билбейт,
Аксынын Аксы болгону,
Ошол кишинин иши эле.

Райкомду деген жериң бар,
Ынтымактуу элиң бар,
Тиги үч айыл өкмөт келиптир,
Мактасам чындап мактаймын,
Айткыла кимден кемиң бар,
Лагери кошо иштеген,
Райкомду деген жеринди,
Акындар ашык болуп издеген,
Аксынын эли бүгүнчө,
Мактанып элим шаттанып,
Олтургула биз менен.

Калыстардын ичинен,
Уктуң да сүйлөп кеп айтты,
Очки тагып устатым,
Кыскараак төккүн деп айтты,
Анан айтып атса устатым,
Кантап анан жок дейсиң,
Дароо эле хоп дейсиң,
Кезекти берем мен сага,
Бир тиктеп койду мен жакка
Бербесең азыр ок жейсиң.

**Болот:**

Арыбаңыздар агайын,
Кары менен жаш менен
Кабарлашып алайын,
Калкым чечсе томого,
Канатымды жаяйын,
Тулпарың менен бир чыктым,
Туягым жерге малайын,
Жайлоосундай Аксынын,
Жаркын болсун маанайың,
Токтосун атам тоюнда,
Токтоп кантип калайын.
Тоскоолдун көлүндөй,
Толкуп ташып алайын,
Тегененин суусундай,
Теңирең деп агайын.

Ал ырас атакеме кошулам,
Келдибек атам ар жакта,
Болотбек болсо бер жакта,
Идиристей агамды

Ортого алып отурам.
Алтындан кымбат мен үчүн,
Колуңду чап деп айтыңыз,
Ошол кебиңен катуу чочунам,
Токтосундай атабыз,
Беш күндүк ушул жалганда,
Алтынмын ошол деген эмес.
Атагын ошол укпаган,
Адамзат өзү кереӊ эмес,
Өзүн-өзү мактаган,
Өмүрдө эч ким тереӊ эмес.
Жакшы жигит билесин,
Жайы жок жерден ээленбес,
Токтосундай атамды,
Алтын деп ошол эл айткан.
Аксыдан ошол карачы,
Ата салттан келе аткан,
Атамды бүгүн ырдасам,
Тууганбай атам университет,
Эстекем энциклопедиям,
Ашыкем академиям,
Алар деңиз толкуган,
Биз кайык болсок,
Токтосун атам океан.

Идикем каттуу-каттуу айтышсак,
Кабыргалар тилинет,
Табылды атам так айтты,
Акындын кандай экенин,
Алты эле саптан билинет,
Арышты бүгүн керели,

Арбыныраак төгөлү,
Ала качып кетпестен,
Алты саптан көрөлү,
Айкашка чыктым сен менен,
Бүгүн күчүңдү байкап көрөлү.

**Идирис:**

Бириң болсо оңумдан,
Бириң болсо солумдан,
Бар болуп калат экенсиң.
Тегеренип суу болуп,
Шар болуп калат экенсиң.
Анан акыл айтып жөн койсо,
Жашабай жатып токсондо
Чал болуп калат экенсиң.

Айтканыңа көнөйүн,
Бүгүн Бокебизди жөлөйүн.
Анда алты саптан төгө бер,
Айтканыма көнө  бер
Эл ичинде мынакей,
Элим колдоп турганда,
Алдыны көздөй жөнөй бер.

**Болот:**

Бирөөбүз болсо биякта,
Бирөөбүз болсо тиякта,
Жашабай жатып чал дейсин,
Бул конокко сөзүң уят да,
Болбосо үчөөбүз турсак сахнада,
Үч кылындай комуздун,
Үчөө кошулушуп турат да.

Тегенеге келгенде,
Тегереги гүлдөнгөн,
Төө кырдын ушул үстүндө,
Толкуп-ташып эл жүргөн,
Атамды элге чыгарам,
Айланам ушул Аксыдан,
Мени токсондогу чал дейсиң,
Токсондогу чал дагы,
Токомдон акыл үйрөнгөн.

**Идирис:**

Бүгүнкү айтыш эң сонун,
Жыйналып келген эл сонун,
Ааламды,
Алты айлансаң таппайсың,
Тегене деген жер сонун,
Мен арасында үйрөнүп
Бир нерсени айтайын,
Айтышта,
Чоң философия жатууда,
Ошону айтып кайтайын.
Токтосун деген аты бар,
Жарашыктуу заты бар.
Токтосундай чын эле,
Ала-Тоолуу мекенде.
Жамандарың токтосун,
Алды көздөй арамга.
Таштап жаткан алданган,
Кадамдарың тоспосун.
Жаман болуп ортодо,
Баскандарың токтосун.
Өз өлкөсүн өзгөгө,

Саткандарың токтосун.
Энесин  какшатып,
Кыйнагандар токтосун.
Көчөлөрдө зар болуп
Ыйлагандар токтосун.
Ала-Тоолуу мекенде,
Бакыттын кушу коштосун.
Жамандарга күү болуп,
Жабылгандар токтосун.
Жамгыр болуп артынан,
Суу болуп ошол жер көчүп,
Агылганы токтосун.
Ала-Тоолуу мекенде,
Оомийин деп колуң чапсаңар,
Кудайдын  өзү коштосун.

**Болот:**

Ал ырас жаман жактарга,
Баскандарың токтосун.
Жаман ишке ар убак,
Шашкандарың токтосун.
Асманда айга теңеймин,
Атакем менин Токтосун,
Токтосун атам ырдасам,
Толкуган кыргыз коштосун.
Толкуган кыргыз бүгүн бир,
Атакемди жоктосун.
Анткени, боз булуттай асманда,
Калкып келген атабыз.
Арабасын өнөрдүн
Тартып келген атабыз.
Коргошундай тим эле,

Балкып келген атабыз.
Таң булбулу өңдөнүп,
Таңшып келген атабыз,
Атанын бүгүн тоюнда,
Айтып бүгүн жатабыз,
Элибиздин ичинде,
Эл сыйлаган талант бар,
Эми неге капабыз,
Атакемдин шакирти,
Небере шакирт экөөбүз,
Неге таарынышып жатабыз,
Айтышка келсек ушинтип,
Кабагын элдин жазабыз,
Кагылайын Идике,
Сен менен бирге басабыз,
Токтосун атам бул күндө,
Токсонго чыгып жатпайбы,
Сиз да токсондон аша жашаңыз,
Коноксуң дедим мени сен,
Конок болсо өзүм мен,
Кооптонбойм теминем,
Ар кандай сынап көрөйүн,
Алдыңда байке төгөйүн,
Акынсың кепти талдайсың,
Алым сабакка кандайсың?

**Идирис:**

Жаш инилер кыйын да,
Сынайт экен жыйында,
Каалаганча ырдагын,
Саптарыңдан кыйылба.

**Болот:**

Алым сабак эки сап,
Төрт сапка кетип чыгынба.

**Идирис:**

Мен өзүң башта дедим да,
Төрт сапты айтып ырымда,

**Болот:**

Төрт сапты айтат элем деп,
Төө-Кыр жайлоосунда ыйынба.

**Идирис:**

Жаратканга жалбаргын,
Бирок, башка затка сыйынба.

**Болот:**

Сени аласалып кетмекмин,
Бирок, ага деген сыйым да.

**Идирис:**

Сый-урмат менен болгунуң,
Жакшы кептен кыйылба.

**Болот:**

Табылды агам сураса,
Эки мүнөт калганда,
Токтот десе тыйыл да.

**Идирис:**

Табылды ага устатка,
Керек болсо бүт өмүр,
Арнап өтөм сыйым да,

**Болот:**

Ырларды жазат калемдер,
Ырларга ышкы калемгер.

**Идирис:**

Кыйындын ошол кыйынын,

Даана билет калемгер.

**Болот:**

Жанып кетти уйкашың,
Сизге жатыңбы алангер.

**Идирис:**

Ачыктап айтып турганда,
Эмнени айтат дебеңдер.

**Болот:**

Уйкашты таппай калгандар,
Ушинтип ар кайсыга элендээр,

**Идирис:**

Кыйын болуп бул акын,
Жетип мага теңел дээр.

**Болот:**

Чагылган менен чыкканда,
Чатак салбаар чеберлер.

**Идирис:**

Чагылган болуп турганда,
Булут качып чеберлээр.

**Болот:**

Кептерди кепке коштойлу,

**Идирис:**

Сен айтканга макулбуз,
Ушуну менен токтойлу.

**Болот:**

Убакыт бүтүп калды го,
Идике урушпайлы созбойлу.

## 2015-ЖЫЛЫ ӨТКӨН «ЫСЫК-КӨЛ – МАНАСЧЫЛАРДЫН АЛТЫН БЕШИГИ» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АСЫЛБЕК МАРАТОВ МЕНЕН КАДЫРБЕК БЕЙШЕНОВДУН АЙТЫШЫ

**Асылбек:**

Арыбаңыз ак калпак калың журтум,
Амандашып силерди сагынайын.
Уулуңар алдыңарга келип калды.
Улуу болсун элимдин багы дайым.
Жалтанбаган жамагым, өнөрүм бар,
Жан дүйнөңдү ырым менен дарылайын.
Намыс үчүн жанымды азык кылып,
Каруумду казык кылып кагылайын.
Кыргыз үчүн, улут үчүн, тилим үчүн,
Каңдайм десең тууң болуп жайылайын.
Кандайсың Караколум касиеттүү,
Карааныңдан силердин кагылайын.

Улуу журтум ыр уксун сенден чыккан,
Улуу калкым ыр уксун менден чыккан.
Касиетүү кайнаган Ысык-Көлдөн,

Канчалаган манасчы пендең чыккан.
Адамдын жан дүйнөсүн талкалаган,
Акча байлык билесиң кенден чыккан.
Айкөлүмдүн «Манасын» баалабаган,
Ак үй жактан ашынган эрлер чыккан.
Кумтөрдү сүйө бербей жерден чыккан,
Манасчыны сүйөлүчү элден чыккан.

Кыргызым дүйнө жүзүн таң калдырып,
Танка, завод, машине куралбайбыз.
Азияны кыргызым таң калдырып,
Автомат, айфон жасап чыгалбайбыз.
Мактанганга маданият Манасың бар,
Манаска да көңүлдү бура албайбыз.
Илгери он беш күндөп «Манас» уккан,
Азыр он беш мүнөт «Манасты» угалбайбыз.
Мамлекеттен ардактап сыйлык берип,
Манасчыга урмат сый кылалбайбыз.
Он манасчы жигитти сыйлай албай,
Мен кыргыз деп айткандан уялбайбыз.

Акын болду агайындын талабындай,
Акын болду Акылбектин жамагындай.
Апаппак болуп кашыма келип калдың,
Азиянын аристократ каманындай.
Чоң тебетей башыңа кийип келдиң,
Чоюке атамдын жамалындай.
Акыркы жуп болуп биз чыктык да,
Арстанбектин акыркы заманындай.

Оозунда Кадырбегим кеп болсо экен,

Оозунда Кадырбегим эт болсо экен.
Төкмө болуп ар качан элге сайра,
Төрт аягың буюрса төп болсо экен.
Ырыстуу кыргыз калкка айта турган,
Ырың дагы буйруса төп болсо экен.
Ысык-Көлдү мактай турган Кадырбегим,
Ырларың тебетейдин жүнүнөн көп болсо экен.

**Кадырбек:**

Асылбек салып казакча,
Мени аябай салдың азапка.
Ансыз да Ысык-Көлүмдү,
Казактар басып кетишти,
Ошонун өзү мазак да.
Ардактуу кыргыз калкыбыз,
Ойгоно турган учуру,
Казакча обон салгыдай,
Биз эмеспиз кыргыз эл,
Көкчө хандын тукуму.
Мында калкым карачы,
Айтыштын түркүн санаасы.
Алдыңа келген турбайбы,
Арстанбектин баласы.
Оңолот болчу кыргыз эл,
Кыргыз баалуулуктарын таптырса,
Оңолот болчу кыргыз эл,
Чыгаандарды аттырбай,
Азыркы жегичтерди аттырса.
Оңолот болчу кыргызым,
Кумтөрдүн кенин каздырбай,
Манастын кенин каздырса.

Эңсешип келип бийликти,
Шайлоо күнү болгондо.
Калааңарга ал кезде,
Капчыктуулар толгондо.
Бирөө дагы чыкпаптыр,
Манасчыларды колдоого.
Мансапты эмес кыргыз эл,
Манасты сүйгөн элденбиз.
Манаптар эмес тарыхта,
Эр Манас калтырып кеткен жерденбиз.
Чер жазып кыргыз кетүүгө,
Чертилсин комуз кылдары.
Мансаптын келбей кулдары,
Манастын келди уулдары.

Суусарым түшпөй башымдан,
Суурулуп чыккам жашымдан.
Тебетей түшпөй башымдан,
Теминип чыккам жашымдан.
Казакча обон көп салып,
Сен эмессиң катылган.
Арстанбектин тукуму,
Айтар бир сөзүң ушубу?
Казак болбой кыргызым,
Кыргыз болоор учуру.
Анткени бийик биз үчүн,
Атабыз Манас байрагы.
Анткени бүгүн калың эл,
Атабыз Манас майрамы.
Алдыңарга чыгууда,
Элмирбектин балдары.

Ысык-Көл кыргыз бермети,
Дүйнөнүн жүзүн караткан.
Алтынын элге таратып,
Ааламдын элин караткан.
Алтындан дагы эң кымбат,
Саякбайды да ой жараткан.
Ысык-Көл кыргыз бермети.
Көгүлтүр өңүн тагынган,
Алтайдан келе жатканда,
Аккула буту малынган.
Чордону болуп өнөрдүн,
Чоюке үнү жаңырган.
Ысык-Көл кыргыз бермети,
Каныкей жашы тамган жер,
Казаттан келе жатканда,
Эр Манастай баатырдын,
Көңүлүндө калган жер,
Майтарып ажал алаарда,
Майра апа келе албай калган арман жер.
Мындан бөлөк жер жок деп,
Ойлогон жерим ушул жер.
Кыялданып кыз жигит,
Бойлогон жер ушул жер.
Үмүттүү Үмөт балаңар,
Ойногон жер ушул жер.
Акындарга кол чапкан,
Маанайы бар эл экен.
Сагындырган коногун,
Саамайы бар эл экен.
Шагында булбул сайраган,
Шаабайы бар эл экен.

Манасын айтса таң аткан,
Манасчыларды жараткан,
Таалайы бар эл экен.

Баатыр Манас унутулуп,
Бандитти баатыр атайбыз.
Колдобойт бабаң Манас деп,
Кордогон сөзгө такайбыз.
Манасын билбей унуткан,
Маңкурттар чыкты сакайгыс.
Колдогон үчүн эр Манас,
Коргогон үчүн эр Манас,
Кыргыздар жашап жатабыз.
Коргойм деп кыргыз конуштту,
Эр Манас кылган согушту.
Манасың анда бар үчүн,
Кыргыздар кыргыз болушту.
Манасчылыктын даңкы бар,
Алп Манастын алпы бар.
Саякбайдай бул күндө,
Манасчылыктын баркы бар.
Манас деп айтса сүйөбүз.
Манас деп айтса күйөбүз.
Азыр да мамлекетти оңдоого,
Манасты күтүп жүрөбүз.

**Асылбек:**

Жан досум ыры менен каптап жатат.
Ар бир ырын жүрөктөн баптап жатат.
Карайлап кашайган кездеринде,
Калыстардын топторун мактап жатат.
Казакча деп мени айтып кеттиң досум,

Жүрөгүмдү абыдан эздиң досум,
Казакча обон салсам уялбагын,
Мен дагы чындык айтып туралбадым.
Уялгын Каркыра төр сатылганга,
Уялгын сексен бала атылганга.
Уялгын анча-мынча күчүктөрүң,
Кыргыздын арстанына асылганда.
Уялгын бала атасын жемелесе,
Уялгын бизди башка элдер тебелесе.
Чоңдордун баянын айтып өттүм,
Чоюкедей ырларды калпып өттүм.
Акындар алдыңарда баш болсо экен,
Манас угуп ар бир чоңуң так болсо экен.
Манаска чоңдоруңдун көңүлдөрү,
Чапаныңдай Кадырбек ак болсо экен.

Манас уксун байың да жакырың да.
Манас уксун балаң да, катының да.
Манас уксун ырчы өнөрпоз акының да,
Манас уксун дос, тууган, жакының да.
Манас уксун мусулман, каапырың да,
Манас уксун губернатор, акимиң да.
Мамлекетти ал кантип башкара алат,
Манас бабам жок болсо эгер акылында.

**Кадырбек:**

Башканы коюп Манасты айт,
Кыргызга Манастан бөлөк жарашпайт.
Ырас ушул турган Манасты,
Эми казак-кыргыз талашпайт.
Манассыз калар таң атпай,
Ырысы кыргыз калкымдын,

Ысык-Көл менен Саякбай.
Элимдин кылат дабаасын,
Ысык-Көл менен Манасы.
Эр Манас элдин тирөөчү,
Элинин ыйык сүрөөсү.
Ээрчишип келген жанында,
Эр Сыргык деген ким өзү?
Кырк чоросу кыргыздын,
Кыраандан бүткөн мүнөзү.
Байыркы кыргыз ким эле,
Азыркы кыргыз ким өзү?
Жамакчы чыккан кыргызда,
Аракчы чыккан убагы.
Баатырлар чыккан кыргыздан,
Каапырлар чыкаан убагы.
Манасчы чыккан кыргыздан,
Каракчы чыккан убагы.

Айкөл Манас баатырдан,
Биз айкөлдүктү алганбыз.
Акылман Бакай карыдан,
Акылмандыкты алганбыз.
Ырамандын Ырчы уулдан биз,
Ырчы болуп калганбыз.
Алмамбеттин артынан,
Амалкөйлүктү алганбыз.
Кыргыл чалдын айынан,
Кыялга кытмырлыкты салганбыз.
Эр Чубактын артынан,
Бир аз Урушчаак болуп калганбыз.
Бул мүнөздүн баары биригип,

Кыргыз болуп жанганбыз.
Май эттен кыргыз тансак да,
Манастан качан танганбыз.

Калкым мында билесиң,
Көкөтөйдүн ашы өткөн,
Көп чатактын башы өткөн.
Жер дагы кетти казакка.
Көр турмуштун айынан,
Эл дагы кетти казакка.
Ошонун баары кеткен соң
Эмнеге сен дагы кеттиң казакка?
Казакча обон сен ырдап,
Салбагын мени азапка.
Айкөл Манас баатырың,
Курама жыйнап журт кылган,
Кулаалы таптап куш кылган,
Орозду хан өлгөндө,
Тереңге түшүп качкан эл,
Кыраның Манас бар үчүн,
Кайрылып конуш тапкан эл.
Баатыр Манас шери бар,
Байлыгы бар дастан эл.
Мааникер бербей намыска,
Манжуну барып чапкан эл.
Жети күн берип душманга,
Айкөлдүк кылып жаткан эл.
Кыраанын Манас өлгөндө,
Кумайык ыйлап качкан эл.
Айкөлүң Манас өлгөндө,
Ак шумкар ыйлап качкан эл.

Абыке менен Көбөштүн,
Азабын далай таткан эл.
Төлгө кылып балага,
Тайторусун чапкан эл.
Аман болгун калың журт,
Курама жыйнап журт кылган,
Атабыз Манас тапкан эл.

Ачкан экен Ысык-Көл,
Манасчылыктын таалайын.
Жараткан экен Ысык-Көл,
Манасчылардын далайын.
Ысык-Көл кыргыз берметин,
Издесем кайдан табайын.
Кызыган кыргыз тилимде,
Сендей болгон казакка,
Тайтору кылып чабайын,
Болбосо мында калкыбыз,
Эгемендүүлүк бир кезде,
Болсун деп мында кыргызда,
Жанын берген эр Манас,
Ала-Тоодой эл үчүн,
Канын берген эр Манас.
Калың кыргыз эл үчүн,
Казакты беттеп кетейин,
Манастын руху колдосо,
Маарага барып жетейин.
Ысык-Көлдөй эл үчүн,
Үмүттүү кыргыз жер үчүн,
Үргөнчтүн суусун кечейин.

**Асылбек:**

Кутула албай жатамын,
Кадырбек деген акындан.
Кадырбек акын турбайбы,
Акылы баштан ашынган.
Айкөлүм Манас бир кезде,
Көкчөнү дагы чакырган.
Казак эмес Кадырбек,
Кытайды дагы батырган.
Залым бош турат орундар,
Агайын кыргыз толгондо,
Мага айтпай сөздү Кадырбек,
Айтсаң болмок чоңдорго.
Багынып ырдап келемин,
Башымда не бир ойлорго.
Залыбыз толмок эгерде,
Чоң тебетей чоңдордун,
Тебетейдин ичинде,
Чоңураак мээси болгондо.

## 2016-ЖЫЛЫ БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА АРНАЛГАН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АСЫЛБЕК МАРАТОВ МЕНЕН АКЖОЛТОЙ КАНАТ УУЛУНУН АЙТЫШЫ

**Асылбек:**

Арыбаңыз ак калпак калың журтум,
Амандашып силерге багынайын.
Жалтанбаган жамагым, өнөрүм бар,
Жан дүйнөнү ыр менен дарылайын.
Уулуңар алдыңарга келип калды,
Улуу болсун элимдин багы дайым.
Жамгыр тийбей башыңарга турса экен,
Жараткандан суранып жалынайын.
Төө жайлоодон элиме суук тийбесин,
Төшөк болуп алдыңа салынайын.
Намыс үчүн жанымды азык кылып,
Каруумду казык кылып сайылайын.
Кандайсың Баткен, Лейлек жерим
Карааныңдан силердин кагылайын.

Ак калпагың түшпөстөн башыңардан,
Ата-баба мурасын тутуп келдиң.

Кыргыз деген насилиңди жоготпостон,
Кымызыңды кыр-кырда жутуп келдиң.
Бахабисттер басса да аткылашып,
Баарысын сабыр менен утуп келдиң.
Бакытым Баткенимди мактайын деп,
Баасы кымбат сөздөрдү сузуп келдим.
Исхактай атабыздын жергесине,
Илегилек куш болуп учуп келдим.

Кадамжай, Сүлүктү жүлүнүмсүң,
Кызыл-Кыя, Лейлегим акырегим.
Ак мөңгүнүн түбүнө чакыртышып,
Акындарын сайраткан акын элим.
Доолашпай канчалаган элдер менен,
Досчулукка кол сунган асыл элим.
Чендебейт сага Баткен бир да элдер,
Чек арасы пейилиндей ачык элим.

Акжолтой кашымдагы төкмө акыным,
Төө жайлоо билишет төкмө барын.
Казак-кыргыз калкына акын болгун,
Маанилүү ыр айтып көпкө баргын.
Өпкөлөп элиңе мактана бер,
Өпкөңдү сактап калат өпкө кабың.
Анда эмесе ырдайлы биз экөөбүз,
Улуу элдин уланган учугуна,
Кадимки Майра апамдын баласысың,
Маанилүү сайрай турган учуру да.
Курама темир деген курч болот дейт,
Кошуп ырдап кетейин ушуну да.
Күкүк болуп элиңе сайрай бергин,
Күлүк бээнин кезек бердим тукумуна.

**Акжолтой:**

Жан досум бүгүн кезиктик,
Жайлоолор жашыл убакта.
Жайдары сөздү акындар,
Жаадырса элге курашса.
Жарышып жалаң ак таңдай,
Жагдайын элдин сурашса.
Күүсүндө турган күчтүү сөз,
Бул күмүш сырга кулакка.
Кайыштай катуу сөз айтып,
Асыке, калтыра көрбө уятка.
Кадимкидей снайпер,
Кармап алып колуна,
Калыстар турат тиякта.
Эзелтен билет калыстар,
Экиден салып сынашса,
Бешененден бүгүн бир,
Периштелер сылашса.
Калыстардын колунда,
Финалга деген жолдомо,
Жанып бир турат чыракча.
Чеченин кептин сүйлөчү,
Чебериң элим биякта.
Толкуган ырдын илебин,
Токтогул берген мураска.
Тобуңа айттык саламды,
Токтолбой Баткен кут атта.

Маданият, тарых деп,
Маданияты бар элдин,
Келечеги жарык деп,

Маданияттуу Баткен,
Маралайт экен анык деп.
Марасы бийик болсун деп,
Майнабы колго толсун деп,
Комузун дагы бир кармап,
Майранын уулу чойсун кеп.
Маданияты бар жердин,
Түбүнө тартпайт топурак.
Маданияты бар жерде,
Май баскан көздөр тосулат.
Макоолор качат өзү эле,
Маанилүү иштен чочулап.
Маданият бар жерде,
Эл акынга чогулуп,
Майнаптуу өтөт бош убак.
Пайда чыгып ар сөздөн,
Мазмунга мазмун кошулат.
Маданияттуу Төө-Жайлоо,
Маданиятты колдорун,
Мага да досум анан да,
Сага да чаап отурат.
Сен билсең ырдын эсебин,
Сен менен далай дешемин,
Бир кайрып туруп өзүңө,
Узатам ырдын кезегин.
Маданияты жок элдер,
Мите курттардан арылбайт.
Митингиң өтөт күн санап,
Миң алган бирөө бажылдайт.
Эркиндик кетип жүрөктөн,
Эли да дурус багылбайт.

Ошонун чиркин бардыгы,
Жакшы сөз болсо эгерде,
Жалпы элим аны кабылдайт.
Маданияты жок адам,
Маалында ишке камынбайт.
Каратып туруп көзүңө,
Калпты ышкыртуудан тайынбайт.
Маданияты жок элдин,
Тамыры кенен жайылбайт.
Тарыхы кенен жайылбайт.
Анан маданияты жок элдер,
Макоо сымал топ болуп,
Топурак жутуп жок болуп,
Тарыхтан такыр табылбайт.

**Асылбек:**

Бомпойгон бул баладан коркуп турам.
Домбрасын алып чыккан запас менен.
Аябай өпкө капты тиктириптир,
Атайын Алматыдан заказ менен.
Сакалың моюнуңа өсөт экен,
Аралашкан жок белең хакас менен.
Аябай заманбап акынсың да,
Айтышасың жинсы шым, макас менен.
Жамгыр төгүп карачы жаткан кезде,
Элдерим үстүлөрүн жапкан кезде,
Маңдайымда Баткеним, элдерим сен,
Кыярбас тарыхымдын тагы жашайт.
Төгүлүп ырыскысы, берекеси,
Төө-Жайлоодо төрт түлүк малы жашайт.
Насыбайын ээгине ташап тоюп,
Нарктуу кыргыз байбиче, чалы жашайт.

Балдарына батасын арнап берип,
Бакай менен Кошойдой кары жашайт.
Кан Манастын кайын-журту деп аталган,
Каныкейдин төркүнү дагы жашайт.
Өрүкзардын өрүгүнө кызыгышып,
Өз улут өз болуп да баары жашайт.
Баткеним негизгиси каныңарда,
Баатыр Манас бабамдын каны жашайт.

**Акжолтой:**

Ишенгем сенин сөздү эзээриңе,
Ишенем элди бийик сезээриңе.
Жакшы обон, жакшы сөзүң айтып туруп,
Ырахмат берген досум кезегиңе.
Ырахмат сен узаткан кезегиңе.

Өнөрдү тээ түбүнөн багып чыктым,
Жоргосун Майра акындын салып чыктым.
Опол тоо кыргызыма кызы болгон,
Апамдын домбрасын алып чыктым.
Майранын мен обонун салып чыктым.

Көз салсам саптарыңдын тереңине,
Жетсем дейсиң акындыктын медерине.
Жакшынын жакшы сөзүн насаат кылып,
Жарайм деп жүрсүң элдин керегине.
Жарайм деп жүрсүң элдин керегине.

Жакшы сөз айта келсем мен элиме,
Ишенем дагы алдыңа келээриме,
Майранын кылы тирүү, домбрасы,

Байланып үйдө калды дебегиле.
Байланып үйдө калды дебегиле.

Акжолтой улуу өнөрдү сыйлай берет,
Өлөңүн апасынын ырдай берет.
Эгерде Майра кызың тирүү болсо,
Элине бир кайрылып мындай демек,
Элине бир кайрылып мындай демек.

Армысың кыргызымдын асыл эли,
Акжолдун үйлөп жатат жаш илеби.
Башынан бир согушту басып өткөн,
Барсыңбы Баткенимдин баатыр эли.
Эр жүрөк Баткенимдин баатыр эли.

Чек араң чечилсе экен эртесинен,
Кайгыга элим батпай белчесинен.
Кара көз уул-кызым ыйлабасын,
Кайдагы бирөө кармап желкесинен.
Кайдагы бирөө кысып желкесинен.

Эртеңи Баткенимдин ачык болсун.
Эгерим Аллам өзү ачып койсун.
Мен тилейм Америкаң, Кытайың да,
Өрүкзардын өрүгүнө ашык болсун.
Айтор эртеңи Баткенимдин ачык болсун!

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА АКСЫ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## МАМЕЛБЕК ИСРАИЛОВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Мамелбек:**

Арыбагын элим арыбагын,
Аманын тилейм ар дайым,
Аманбы бала чакаңар,
Аманбы үйдө мал жаның,
Ардактуу кайын журтсуңар,
Аксынын кызын алганмын,
Карысы-жашы жезде дейт,
Андыктан жоктур арманым,
Токтосунду эскерип бүгүн,
Токтогулдун обонун,
Толкуган элге арнайын,
Пайгамбар дагы атыгүл,
Сүйгөн дейт күйө балдарын,
Эл болбосо силерге,
Жээн болот менин балдарым.

Алгандын болот бергени,
Адамдын болот деңгээли,
Талантка таазим кылган бул,
Шекебайымдын эмгеги,
Атанын баркын билишер,
Аксылык айкөл элдери,
Токтосундай атабыз,
Тоодой болгон деңгээли,
Төрт аягы төп жорго,
Толкундап ырдап келгени,
Абалтан элдин кеби бар,
Алгандын болот бергени,
Ансамбиль түзүп кыздардан,
Ардактап сүйгөн эл жерин,
Ачыгын айтсам мен эми,
Албайм бир да кем жерин.

Аксынын жери кутман жер,
Акындар медер туткан жер,
Нур төгүлүп төбөдөн,
Нусуп бий суусун жуткан жер,
Атабыз Ниязаалыдай,
Атактуу залкар чыккан жер,
Жеңижок ырчы аталып,
Жеринен ырдап төккөн жер,
Төрөсү адабияттын,
Төлөгөн атам өткөн жер,
Тоолордон алып касиет,
Токтосун өнүп өскөн жер.

Эми кагылайын Баяным,

Оюмду сен да улагын,
Оргуштап турган убагың,
Талантың ашып ташкан кез,
Таркатчы элдин кумарын,
Бул өнөргө берет таасирин,
Өзөндүн ичсен сууларын,
Кулпуруп турган кезиң экен,
Кулунум тайым,кунаным,
Тегенени көз чаптырып байкасам,
Токтосун акын айткандай,
Элестетип бүгүн мен,
Гүлжандын козу улагын.

**Баян:**

Эл көңүлү ток экен,
Жүрөгү жалын чок экен,
Акындарың ырдаса,
Азил экен шок экен,
Мөлмөлүм деп козгогон,
Мөлмөлүм деп боздогон,
Бир дагы акын жок экен.

Ырыңды коштуң термеге,
Сыйыңды коштуң термеге,
Күйөө бала болом деп
Мактанып кеттиң эмнеге?
Күйөө бала болом деп,
Чатырап күчкө толом деп,
Мактанган жокмун мен деле.

Комузга койдум колумду,
Коoздоп айтам оюмду,

Ардакттуу Аксы жергеси,
Куттуктап келдим тоюңду.
Толтурдуң сахна көркүнө,
Токтосун кылып фонуңду.
Аксылыктар келиптир,
Карасам оңу солумду,
Аксылыктар эмне үчүн,
Аяп жатасың колуңду.

Асмандагы кайкыган,
Куштары сонун кыргыздын,
Жыпар жыты аңкыган,
Жыттары сонун Аксынын,
Олтурган элди карачы,
Кутманы сонун Аксынын,
Акындары суктанган,
Жанары сонун жыттанган,
Кыздары сонун Аксынын.

Акындары чогулган,
Майрамы сонун Аксынын.
Ал кубаты эң күчтүү,
Дарманы сонун Аксынын.
Көк-Бөрү оюн тартышкан,
Көңүлдөрү балкышкан,
Балдары сонун Аксынын.
Кош колдоп берген акынга,
Батасы сонун Аксынын.
Кокту-колоттон куюлган,
Абасы сонун Аксынны.
Моюнунда жылтырайт,

Жакасы сонун Аксынын.
Аттарына урулган,
Такасы сонун Аксынын.
Тоолору сонун төр келген,
Токтосундай өңдөнгөн,
Атасы сонун Аксынын.

Күбө бол байке бул сөзгө,
Акының айткан сөзүнө,
Токтосун деп акындар,
Айтып жатат миң сөздө.
Токтосун ата жөнүндө,
Батырайын бир сөзгө,
Бабалардын сөзү эле,
Бакырайган көзү эле.
Тентек ойноп чоңойгон,
Тегене деген төш эле,
Аспаптын түрүн ойногон,
Атам аркестир болчу өзү эле.

**Мамелбек:**

Кайрылам Аксы пендеге,
Мөлмөлүмдү,
Кошомун иним мен деле,
Акынын да кыргыздын,
Айта албайм дейсин эмнеге?
Коштоп турат бул жерде,
Кайын журтум эл деле,
Жакшы болуп өнгөнмүн,
Жакшы төрдү көргөнмүн,
Көрүп турам элдердин,
Көңүлдөрүн бөлгөнүн,

Ачайынчы кабагын,
Айтайынчы талабын,
Күйөө баласы болом деймин да,
Аксыдан болсо аялым,

Элим берген батабыз,
Айтышка келип жатабыз,
Элүү бешке чыгыптыр,
Кечээ биздин атабыз,
Атак-даңкты эл журтка,
Чогултуп келген турбайбы,
Ооз комуз канча аспапты,
Ойноп келген турбайбы.
Аксынын эли атамды,
Колдоп келген турбайбы.
Улуу ушул өнөрдү,
Бере берсин кудайым,
Аксыдан да жүз акын,
Чыга берсин ылайым,
Токтосундай атадай,
Эл өстүргөн чырагым.
Аксылыктар ылайым,
Колдоп мага кол берет,
Мен ырдап жатканда,
Мага мындай ой келет.
Улуулар да кичүүсү,
Дайым мага жол берет,
Акындарын сыйлашып,
Тебетей менен тон берет.
Тебетейге ыраазымын,
Тогузу жок он керек.

**Баян:**

Ырлары ушул агамдын,
Агамдыр балким бажамдыр,
Сен ырдап турсаң жанымда,
Ардагым байке тазардым,
Байкебай аялыңа таянбай,
Бир кудайга таянгын.
Албетте байке тазасың,
Көрбөймүн дечи албетте,
Сендей баякемдин катасын.
Он сураганча элдерден,
Сурабайсынбы бай аке,
Ысак атамдын батасын.

Астыдагы чоң сүрөт,
Токтосун атам өзү эле.
Тирүү жүргөн көзү эле.
Көзү барда сыйлашуу,
Ар бир адамга милдет да.

Ошондуктан айтарым
Кадырына жетпесең,
Оңбойт экен ушул көз.
Баш байге мейли башкасы
Тойбойт экен эки көз.
Ай ааламды батырып,
Ойнойт экен эки көз.
Океандын жээгин,
Жойлойт экен эки көз.
Топурактан башкага,
Тойбойт экен эки көз.
Ага-туугандын жолунда,

Аз калды окшойт убакыт
Айтып алайын соңунда,
Билгеним ырдап алайын,
Бир кудайым оюмда,
Айталы деп келдик да,
Токтосун атамдын тоюнда,
Тагдырыныз байкебай,
Очкиси бар тээтиги,
Табыкемдин колунда.

Отурган элдин баары бар,
Жашы менен кары бар,
Силерге ырдап  отурсам,
Бал шекер сөздөр табылар,
Биз эх чиркин эй адамбыз,
Бирок эки сөзгө сараңбыз,
Биринчиси,
Сени жакшы көрөм деп,
Айтууну неге аяйбыз,
Экинчиси,
Кечирип кой дегенге,
Кежирбиз да чабалбыз,
Ушул эки сөздү аяп,
Улуулукту камайбыз.
Сен да мен да замандаш,
Сезимдерди камайбыз.
Эки сөздү айта албай,
Эх чиркин көп жылдар өтсө,
Эрмен чөптү карайбыз.
Көңүлдө сөздү айта албай,
Көп жылдар өтүп кеткен соң,
Көрүстөнүн  карайбыз,

Көңүлдөрдүн жыртыгын
Кеч болуп кала электе,
Калкым келгилечи жамайбыз.

**Мамелбек:**

Алыс жакка аттанган,
Алдыны көздөй таптанган,
Алдыңарда жаш балдар,
Атасын кошо башкарган,
Демитип биздей улууну,
Делевой болуп кетишти, патсандар.

Ал жагын мындай коюлу,
Амандаштык туугандар,
Ак сөздү айтып коюлу.
Сен жана бал сурады деп айтың,
Бүгүнкү ушу байгеде,
Элдин батасы мага жогору.
Ырларды ырга кынадым,
Ырдаган кезде чыдадым,
Кандай экен деп ай,
Аксынын пейлин мен,
Жөн эле иним сынадым.

Балдыркан дагы тал болот,
Өрүктү жайсаң как болот,
Аскалар сынып таш болот да,
Ааламда кандай зат болот.
Мына элүү беш жашта кетиптир,
Бул элүү беш жашың жаш болот.
А мүмкүн көп нерсени көргөндүр,
Көп нерсени көргөн жок.
Көңүлдү мүмкүн бөлгөндүр,

Башкага көңүл бөлгөн жок,
Ак калпак элим турганда,
Тоо булбулу Токобуз,
Эл менен бирге өлгөн жок.

**Баян:**

Убакыт барбы кичине,
Убакыт болсо кичине,
Ийгилик болсун ишиме,
Эй Аксылык калайык,
Ийгилик коштоп ишине,
Кайсы күнү уктаба,
Пайгамбар кирсин түшүңө.
Дааратын нуру чайыган.
Ыйманы болсун жүзүңдө,
Ушул айткан кептерди,
Кабыл алгын түшүнө.
Комузду башкага күүлөйүн,
Зериктирбей элдерди,
Кооздоп туруп сүйлөйүн,
Тегенин жери экен,
Теминип туруп үндөйүн,
Тегене, Тегене,
Мен силерди жакшы көрөм деги эле.
Алаканды чаппайсың ай неге эле,
Ушул жерде жүрөгүм,
Ушул жер менин түнөгүм.
Аман болгун калайык,
Мен силерди жүрөгүмдөн сүйөмүн,
Жакшылыкка далалат,
Аман болгун канагат,
Убакыт болсо аз калды,
Калгын элим эми болду саламат.

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН 130 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## БАЯН АКМАТОВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Баян:**

Максатыңа жетпесе,
Үмүттүн болор арманы.
Марага чуркап жетпесе,
Күлүктүн болор арманы.
Жүрөктөн түнөк таппаса,
Жигиттин болор арманы.
Атылып учкан кыргызга,
Жебедей ырдап өтөлү.
Коргоолду тууган алдыда,
Энени ырдап өтөлү.
Пайгамбарыбыз кеп айткан,
Сур булут тозсо арманы
Таңдын болор деп айткан.
Кашыктап балын татпаса,
Балдын болор арманы.
Энелер кебин баштагам,
Энелер бейиш таманы.

Ошондуктан төгүп,
Айткым келип жатпайбы,
Жамгыр болуп себелеп,
Төккүм келип жатпайбы.
Бар болгула энелер,
Таманыңардан энелер,
Өпкүм келип жатпайбы.
Энелерди барктайлы,
Энелерди даңктайлы.

Айтыш болду башынан,
Акынга толду казынаң.
Башынан карап көрөлү,
Камила деген эжем бар.
Ошол сулуу эжекем,
Ыйык жерге барыптыр.
Пайгамбарым баскан жер,
Улук жерге барыптыр.
Сиздей болгон энеге,
Ар убакта баш урам.
Океан болуп берейин,
Олтурган жерден таш урам.
Кечирим сурайм эжеке,
Сизге агаларымдын атынан!
Өз элге келген мезгилде,
Өрнөктүү элди табабыз.
Кадырлуу сөздү айтпа деп,
Калкыма дайым жагабыз.
Капталымды карсам,
Болот деген балабыз.
Түшүрөт жаман жүрөктү,

Болотко чыгып калган соң.
Түрүшүм керек билекти,
Коргоолдой болуп жармашып
Колумду жаман жүдөттү.
Жайнап турсун көзүңдө,
Эмнелер турат сезимде!
Бакылдап койчу иничек,
Бал тилиң болсун сөзүңдө!

**Болот:**

Акынын колдоп, сүрөгөн,
Ак калпак элден айланам.
Баян деген байкем бар,
Ээрчип келдим кайрадан.
Коргоолдун обонуна салыңыз,
Эсен болсун жаныңыз.
Менден жүрөгүң түшсө,
Камиладай жеңеңе,
Апаптатып алыңыз.
Акындык деген карачы,
Ар убакта элчисиң.
Алтындай болгон агамды,
Бөбөктөрү ээрчисин.
Баяндай болгон жан агам,
Кошуп кептен тандайсың.
Коргоолдун обонунда сайрасың.
Анан ортосуна жеткенде,
Улап кете албайсың.
Кыргызча обонго салып,
Иниңизди жандайсың.
Кырк беш миң сап айтсаң да,
Коргоол боло албайсың.

Коргоолду ошол ким десек,
Коргоолду тапкан элибиз.
Ар убакта ушундай,
Күүгө толсун жерибиз.
Айтып өтсөк кыргызга,
Жакшы иштери дайыма
Бүтүп келген бул кыргыз.
Улуусуна кичүүсү,
Түшүп келген бул кыргыз.
Коргоол качан келет деп,
Кошуп ырдап берет деп.
Күтүп келген бул кыргыз,
Уучка толбой турса да,
Үй түгүндөй Кытайга,
Түтүп келген бул кыргыз.
Коргоолдой болгон атабыз,
Аны да айтып жатабыз.
Аны аласыз көңүлгө,
Бар болуңуз дайым көңүлдө.
Комуздун кылын эздиңиз,
Камиладай жеңени
Кошуп ырдап кеттиңиз.
Мен да кошуп кетейин,
Колу жумшак элимдин
Жалал-Абад кошуундун
Пахтасындай жеңеке,
Баалуулугуң батыштын
Акчасындай жеңеке.
Косметикаң чачыгы,
Тентек бала ойногон
Бакчасындай жеңеке!

Помадаң бар ашкендин
Чакачасындай жеңеке!

Коргоолду айтсам жанагы,
Ыр менен курган эстелик.
Коргоолду турдук эскерип,
Комузуна кол урган
Түбөлүк жашайт эскерип.
Байкеңдин ошол карачы,
Жанында бүгүн кеч келип.
Компартия умтулган,
Коргоол жатат эстелик.

Байкемдин ошол оюнан,
ТЕЦтей болгон боюнан.
Каймана айткан оюнан,
Татаалдап барат жолунан.
Кайкытып гана айтайын,
Карагайдай боюңан.

**Баян:**

Асылым Болот асылым,
Айтайын сөздүн ачыгын.
Карагайдай боюм бар,
Сенчелик болуп зар болбой,
Кереги жок да шатынын.
Тамаша жакшы балдарга,
Шаты болсом, Болотум,
Бирдемеңди илгенге
Чакырсаң барам жардамга.

Комуздун үч кылы бар,

Капкагын көрсөн аңтарып,
Канча турчу түрү бар.
Калайыктын муңу бар,
Кайрашкан бир ыры бар.
Ушул комуздун үнүнөн,
Кайрашкан Коргоол атабыз.
Жаманы менен жакшыны,
Ылгашкан Коргоол атабыз.
Комуз менен кошулуп,
Ырдашкан Коргоол атабыз.
Ыйлаганга кошулуп,
Ыйлашкан Коргоол атабыз.
Сүйлөбөгөн комуз да,
Ырдашкан Коргоол атабыз.
Андыктан Коргоол атабыз,
Кыргызда сонун ураан бар
Коргоол акынды эстешет,
Кыргыздын кыз-уландары
Сообу түптүз тийсе экен,
Окулган биздин курандар.
Эми Болот инибиз,
Мен ар убак айтып келемин,
Комуздун кылын теремин.
ТЕЦтей жылуулук берсем да,
Баары бир жылуулугуна
Жетпейт эненин.
Аалымдар айтып калтырган.
Аталар айткан ар бир сөз.
Чындыкты айтып көрүүгө,
Чындансын да ар бир көз.
Кайрылышта тизгин бол,

Каранаарда күзгүң бол
Ассалейму алейкум деп,
Сунулуп турсун биздин кол.
Салам деп айтып,
Алик алсын биздин кол.
Сыйлашып гана өтөлү,
Беш күндүк тура биздин жол.

**Болот:**

Бешиктен көрө, биздин жол.
Беш күндүк ошол жашоодон,
Бири-бирине тартылып.
Биригип турсун биздин кол.
Ар убак байке, айтышта,
Ачык болсун биздин жол.
Баян болгун марчадай,
Чатырап тургун арчадай.
Акындыктын салты экен,
Акыл-эсте калчудай.
Комузуң менен эмгек кыл,
Коомго такыр чарчабай.
Аягына келгенде,
Айтайын сөздү бир демде.
Сөз берметин терейин,
Арышты бүгүн керейин.
Бүгүн шаты эң керек,
Финалга өтүп кетиңиз
Мен сизге, шатыңыз болуп берейин.

## ТОКТОСУН АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

## КАДЫРБЕК МЕНЕН КАЛЫБЕКТИН АЙТЫШЫ

**Калыбек:**

Канатын суулап таранса,
Каз өрдөк көркү көл менен.
Айыл ичинин кооздугу,
Аралап өтүп байкасаң.
Бак-дарагы тал менен,
Жылкынын көркү ошондо,
Төгүлүп турган жал менен.
Сулуунун көркү ошондой,
Суктанса болот кал менен.
Акындын көркү ошондо,
Толкуп бир турган эл менен,

Жыйырманчы кылымдын залкары.
Атабызды  эскерип,
Ошол залкар адамга.
Турат го мына эл келип,
Төкмө акын болгон ырында.
Токтосун экен атабыз,
Ошол атам жөнүндө.
Силерге бүгүн айтабыз,

Мындан ары чынында.
Аман болсун деп тилейм,
Ар убак бала-чакаңыз.
Канча жерди кыдырган.
Ырлары элге угулган.
Көпчүлүктүн көңүлү,
Атабызга бурулган.
Арабыздан кетсе да,
О дүйнөгө жетсе да.
Бул дүйнөдөн өтсө да,
О дүйнөгө кетсе да.
Ырлары калды сакталып,
Ал кишинин чынында.
Чоңдоруң дайым эскерип,
Койсо экен баркка алып.
Атабызга арналып,
Бир көчө турса аталып.
Коюшун мен да тилеймин,
Ушул сөздү мен бүгүн.
Чын дилимден үрөймүн,
Жанымда менин олтурган.
Кадырбек сен да ырдагын,
Атабыздын чынында.
Төкмөлүгүн сындагын,
Кезекти сага берейин.
Көңүлдү сага бурамын,

**Кадырбек:**

Атабыз биздин Токтосун.
Акындар бүгүн жоктосун.
Акындардын тилинде,
Шекери менен мурчу бар.

Айтар сөзүн топтосун.
Кызыл тилин октосун,
Токтосун деген атабыз,
Эмгегин кайда катабыз.
Эрилип ырдап бул күндө.
Эскерип ырдап жатабыз.
Асылы эле кыргыздын,
Нурундай эле жылдыздын.
Эсинде дайым болсо экен,
Азыркы муунда уул-кыздын.
Айтпаймын сөздү калп эле,
Токтосун деген атабыз,
Тоодой болгон алп эле.
Кандай киши болсо да,
Өмүрүң өтө жарк эле.
Жакшыны жакшы деп айткан,
Бул акындыктын салты эле.

Сайратып элге комузун,
Сайратып элге добушун.
Болбосо деги карачы,
Кыргызга кылдың эмгекти.
Токтосун деген атама,
Айткыла деги ким жетти?
Пендеден эч ким жетпеген,
Өмүрүнүн түбүнө.
Өксүткөн тойбос жер жетти,
Кадырлап бүгүн ырдайлы.
Кадырбек уулуң эр жетти.
Андайды кайдан табабыз,
Андайлар кайра жаралбас.

Асылы эле элимдин,
Жаркыны эле элимдин,
Алтыны эле жеримдин.
Атабыз тушумда турган кезинде,
Ай жылдыз болуп кечинде.
Болбосо жүрсүн калкымдын,
Ар убак  дайым эсинде.
Маалында турган чагында,
Эки көзүң барында.
Булбул куш болуп сайрады,
Кыргыздын деги багында.
Ырдайын байке тартындай,
Азыр мында жанында.
Элине кылсаң эмгекти,
Ар убакта баркталар.
Көзүң өтсө да ушунтип,
Түбөлүккө даңкталар.
Акынды дайым эл айтат,
Акимди деги ким айтат?
Кээ бирлер жүрөт арада,
Элиме кызмат кылгам деп.
Эки өпкөсүн  кылайтат,
Андай болбос немеге.
Акының Кадыр сын айтат.
Кадырбек бүгүн ыр айтат.
Колуна бийлик келгенде,
Эки көзүн танган бар.
Учуру келип турганда,
Учуп көктө жанган бар.
Ээгинде сакал турса да,
Оозунан арак тамган бар.

Андайдан Аллах сактасын,
Ошондой болгон жандар бар.
Токтосун, Эстеке, Ашкемдер
Булар түбөлүккө жангандар.
Түбөлүккө калгандар,
Аталар жолун жолдогон.
Ак жолтой, Кадыр балдар бар.
Куттуусу кыргыз калайык,
Айткыла кандай арман бар.
Айтышка чыксаң сен тооруп,
Жаныңда турам мен соолуп.
Кыйналып турган убагым,
Жан жеген сасык тумоодон.
Айтышка түшсөң бул жерге,
Жар башы келген турбайбы.
Калыбек деген аганын,
Аргасы келген турбайбы.
Ушундай болгон байкемдин,
Ысык-Көлдүн,
Каргасы келген турбайбы.
Ар убак байке өзүңдү,
Эсте кылсам деп жүрөм.
Үйдө беш көкүл эжем бар эле,
Жезде кылсам деп жүрөм.
Таластыктын кыздары,
Сымбат болот билесиз.
Ысык-Көлдөй арзан эмес,
Кымбат болот билесиз.

**Калыбек:**

Сендей болгон акынды,
Агаң кайдан жектесин.
Жөн эле айтып койдуң го,

Билем эжекең мага бербесин.
Көрүп турасыңар  чынында,
Таластык баланын өпкөсүн.
Бирок оюң жакшы экен,
Ойлордун дайым асты экен.
Бакыт тилеп чын дилден,
Айтканыңа кубанам.
Ушунча элдин баарына,
Жакканыңа кубанам.
Ушунча акындын ичинен,
Жездеңди тапканыңа кубанам.

**Кадырбек:**

Ардактуу менин бай акем,
Төгөйүн деген окшойт го.
Кадырбектин дарманын,
Көрөйүн деген окшойт го.
Таластыкка тийишип,
Өлөйүн деген окшойт го.
Мен өпкө экенимди билесиз,
Аны кантип танабыз.
Баарына эле жагабыз,
Бийликти алды билесиз.
Кече Шер-Ниязов агабыз,
Ошондуктан ар дайым.
Акылыңа түйүп жүр,
Мендей болгон иниңди
Жан ага дайым сүйүп жүр.
Айтсак бир мында эзиле,
Насыят бир кептен айталы.
Жаштардын кирсин мээсине,
Болбосо деги карачы.
Нукура салтты эгерде.

Унутпаса экен жаштарың,
Бийик болсун  асманың.
Кээ бир, кээ бир жаштарга,
Даңкылдак менен дүңкүлдөк.
Турса эле болду дүнкүлдөп,
Азыркы кээ бир ырчылар.
Сүйөмүн деп ырдашат,
Болбос үнүн коозотуп.
Компютерди кыйнашат,
Акылы жок кээ кыздар.
Жылдыз деп аны сыйлашат,
Эмнеси деги болсо да.
Ачылса экен асманы,
Бутуңа бутум ашык деп.
Ырдап жүргөн ырчыны,
Укпайт экен мас дагы.
Ырдаса мында турбайбы,
Атадан калган дастанды.
Нукура салтты билели,
Болбосун кыргыз баласы.
Алтын тоого алмашкыс,
Кыргыздын бар го Манасы.
Эми кеп айтсам мында бай аке,
Сөзүмдүн болбос чаласы.
Ар убак сага кеп айтам,
Билесиңби нени айтам.
Ынтымак менен ырыскы,
Болсо экен деп кеп айтам.
Атада болсун ак калпак,
Энеде болсун элечек.
Ар дайыма тилеймин,
Жакшы болсун келечек.

## «ТОКТОГУЛ – 150» ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## КУБАТ ТУКЕШОВ МЕНЕН
## БАЛГЫМБЕК ИМАШТЫН АЙТЫШЫ

**Балгымбек:**

Бисмилла оңгарсын деп ысымды Алла,
Эл үчүн жүгүрөйүн күчүм барда.
Жаратканды күндүзү зикир этем,
Боюмда таарат мен гусул барда.
Ак караны айырысып Фурхан деген
Кулуңа куран карим, түсүрдү Алла.
Зыяратта мустахим деп азан атын,
Биздерге туура жолду сунду Алла.
Туура жол табылмайды Түркистандан,
Меккеден, Мединадан, Мисирден да.
Курандан табамыз туура жолду,
Көңүлдөн наадандыкты учурганда.
Салем менен бастайын сөздүн басын,
Сүннөт бен сүйле сасып бугынганда.
Салемим айтам рахматулла ва баракатулла.
Учурасам мусулманча.

Бир салем баатыр кыргыз баласына,
Бир салем шу мен эгиз Таласыма.

Бир салем Баткен, Нарын, Жалал-Абад,
Бир салем Бишкегиме жана Ошума.
Ыстык салем акеме аталарга,
Балкаштан Ыстык-Көлдүн жагасына.
Нур агам Астанадай калаа салып,
Бир көчөнүн атын берди Манасыңа.
Астанада Токтогулдун тоюн жасап,
Жаш урпактын сиңирдик санаасына.
Түрксой алтын көпүрө болуп отур
Түркү калыктарыңдын арасына.
Бир салем ак калпактуу аталар мен,
Кыргыздын ак жоолыктуу анасына.
Көк байрактуу казактын талаасынан
Кызыл туулуу кыргыздын калаасына.

Мен келдим байтак жерден Арка деген,
Жырым мен элге алтын алка берем.
Ассалоому алейкум кыргыз элим,
Ат таптаган арпа мен сулуу менен.
Жаз келгенде козу менен марка жеген,
Күз келгенде казы мен карта жеген.
Казакты жактырганда бүр тууган деп,
Жактырбай калган кезде маңка деген.
Казакты жактырганда бир тууган деп,
Жактырбай калган кезде маңка деген.
Тойларың кутуу болсын майда келип,
Өнөрүмдү сынагыңа тарта берем
Күлүгүн көлүк менен айырбастап,
Кыргыздар жүр не бир иномарка менен.
Жастары соро менен кола ишип жүр,
Кымызын айырбастап фанта менен.

Кыргыз менен түбүбүз бир тилимиз бир,
Айтыста көк барды да тарта берем
Байке десең жырымды айта берем.
Маңка десең казакка кайта берем.

**Кубат:**

Балгынбек байкем жанымда,
Албетте кыргыз сүйүшкөн.
Тамакты казы менен карта дейт.
Кыргызда бысмылда деп,
Казактарды маңка дейт.
Албетте ырдап олтурсак
Агайын кыргыз алдында,
Айтып бүткүс дастан эл.
Он алтынчы жылында,
Бээжинди көздөй качкан эл.
Берениң Манас барында,
Бээжинди дагы чапкан эл.
Он үчүнчү кылымда,
Түрктөргө келип жардамга
Измирдей шаарды алганда.
Он беш миң аскер жөнөтүп,
Бири да кайтпай өлгөн эл.

Ал эми отуз экинчи жылында,
Казакты сактап калган эл.
Жел токсоныңар болгондо,
Отарга чейин барган эл.
Тажикте атуулдук согуш болгондо,
Чакырып Бишкек борборго,
Ынтымак деп келген эл.

Газды сатып алса да,
Суусун бекер берген эл.
Балгынбек байкем кашыма,
Келип койсун деп тилейм.
Агайын элдин алдында,
Домбуранын кылдарын,
Терип койсун деп тилейм.
Казак менен кыргызга
Ынтымак болсо болгону
Жараткандан көп тилейм.
Манаска берсең көчөнү,
Токтогул атам атынан,
Дагы бир көчө туугандар,
Берип койсо деп тилейм.
Балгынбек байкем жанымда,
Эгерде акын болбой келгенде,
Бир мага конок болмоксуң.
Балгынбек болуп келгенде,
Үйүмө барып конмоксуң.
Ал эми акын болуп келген соң,
Айтылып бүткүс жомоксуң.
Бир мага конок эмес да,
Беш милион элге коноксуң.

Олтурган элим олтурат,
Кимдикине барбагын.
Өзү сызга жатса да,
Астыңа төшөк таптатып,
Шырылган журкан каптатып,
Жылуу жумшак жай берет.
Казы карта дейсиңби?

Беш бармак, куурдак, май берет.
Ошол сиңип кетсин деп,
Артынан ысык чай берет.
Ошондой кыргыз пейили,
Устаттар барса конокко,
Бир аз салыптырсыңар тозокко.
Устаттар барса казакка,
Бир аз салыптырсыңар азапка.
Андан көрөк бай аке,
Келгиле кыргыз тарапка.
Төрдү берген кыргызга,
Коногун күтүп алсын деп.
Көлдү берген кыргызга,
Ысыса түшүп алсын деп.
Комузду берген кыргызга,
Жүрөктүн кылын аябай,
Калкына чертип койсун деп.
Талпакты берген кыргызга
Ала-Тоо сымал болсун деп.
Кытайды берген кыргызга,
Товар менен баксын деп.
Орусту берген кыргызга,
Май түтүгүн жаксын деп.
Түрктү берген кыргызга
Талаасын тигип келсин деп.
Өзбекти берген кыргызга,
Палоосун басып берсин деп.
Тажикти берген кыргызга,
Куда болуп жүрсүн деп,
Кудайды берген кыргызга,
Сайрандап ойноп күлсүн деп.

Беларусту берген кыргызга,
Качып кеткен хандары,
Колтугуна кирсин деп.
Казакты берген кыргызга,
Жүлүнүң башка болсо да,
Жүлүгүң туташ бирсиң деп.

**Балгымбек:**

Сен эмес менин сөзүмөн жеңип койгон
Мындай сөз эсиме келип тойдон.
Казак менен кыргызды кай кашан да,
Тагдыры акындарга сеңип койгон.
Токтогулга көчө бер деп отурсуң,
Мен арийне тайсалдаймын көрүп тойдон.
Токтогулга Алматы калаасында,
Алпыш тогузунчу жалы көчөнү берип койгон.
Мусулман бир Аллага сыйынады,
Кубатжан мага карап кыйылады.
Айтыс деген биздерге эгиз өнөр,
Аянбай кеп эл журтум жыйылады.
Астана билесиң гой жаңы калаа,
Бир көчө ол жактан да буюрады.
Аткени Астананын көк базары,
Дордойдун секилди гой филиалы.
Он милионго жетсин деп тилек айтам,
Сен айткан кыргыздын бес миллионы.

Дебедим касыма кеп кокуйа гой,
Айтканын эски куску окуя гой.
Кыргыз кашан келсе де карсы аламыз
Демегин казак эли жат уя гой.
Мен ол окуяны билмей калдым,

Астанада өзүнчө мафия гой.
Касыңа Балгын байкең келип отур,
Аяк дедик басында такыя гой.
Энди келсең өзүмө күтүп алам,
Келип алып төрүмө шокуя кой,
Оригинал казагың бул Балгынбек
Баскалар күтпөгөндөр копия гой.

Маң болуп карап отур жюри агам,
Алдында өлөң айтып кыйыналам.
Кубатжандай иним менен жарасамын,
Төрөп учкан кустардай бир уядан.
Акылым мен теңелдим сага иним,
Эки элим көрүнүп тур дүнүйөдөн.
Экөөмүз барды жокту айткан менен,
Шыгып кетип жүрмөйлүк линиядан.
Конокка өпкөңдү көп какпасаңчы,
Маз кешип не кыласың дүнүйөдөн.
Балгынбек сый агаңа күлүп отур,
Мен да сага наз болуп жымыйа алам.
Айтор жаман көз менен карамашы,
Келгендей жыхатчылар Сириядан.

Мен сага чоң акын деп баага бердим.
Тулпардай чаба бергин шаба бергин.
Бар казакка конаксың деп коясың,
Бул сөзүңдү бүгүн куп ала бердим.
Этиң жок, лагманың жок, палоо да жок,
Үч күн бою мейманканада кала бердим.
Конак кылып күткөнүң кайсы сенин,
Айтыста  бүгүн сени жаңы көрдүм.

**Кубат:**

Толкундап бара жатамын,
Балгынбек байкем өзгөчө.
Аванын башка салганда,
Албетте элим кол чапса.
Жаш акынга дарман да,
Кубат сени жаңы көрдүм деп,
Балгынбек байке,
Калыпсың бир аз арманда.
Эчтеке болбойт бай аке,
Бүгүн эрте күнүм бар,
Коноктойбуз агатай.
Комузду алып колума,
Дастаның ырдап алууга,
Жомоктойбуз агатай.
Токтогулдун тоюнда,
Той болсо кыргыз элинде,
Бул тамаша менен оюн да.
Акын баур менен ушинтип,
Айтышканыбыз сонун да.
Токтогулдай атабыз
Бир кезде бай манапка кул болгон.
Чыга элек жатып алтыга,
Жеңижок, Калык, Алымкул,
Саламын айткан Барпы да.
Коргоол да салып ырдачу,
Кыргоолду салып артына.
Күн өткөн сайын Токомдун,
Өнөрү жарык жалпыга.
Өнөрү жагып жалпыга,
Бай манаптар коркчу экен.

Токтогулдай ырчыдан,
Аларды кошуп ырдаса.
Кабырга сөөгүн чымчыган.
Тутулуп кетип болуштан,
Тозокту тарткан орустан,
Айдалып кетип болуштан,
Азапты тарткан орустан.
Сибирге барган кезинде
Жаман жуман чапанын
Жамынып келген Токтогул.
Нарын суудай кадимки,
Агып келген Токтогул.
Эң алгачкы кыргызды,
Сагынып келген Токтогул.
Сибирден келе жатканда,
Айтылуу Астанадай калааңа,
Токтогул атам жеткендир.
Токтогул атам өткөндүр.
Комузун алып ал жерден,
Кыргызча ырын төккөндүр.
Алматыдай калааңда,
Толтура акын чыксын деп,
Батасын берип кеткендир.

Балгынбек байкем жанымда,
Бүгүн Токтогулдай акынды,
Балдары турат эскерип.
Опера балет залында,
Соонун бир койдук эстелик,
Назарбаевдин айкели,
Көлдө турат эстелик.

Жакшы болмок силер да,
Токтогулдун айкелин,
Шаарыңа койсоң эскерип.
Ошондой менин тилегим,
Токтогулдун көчөсүн,
Токтогулдун атынан,
Бул филармония карачы,
Токтогулдун затынан.
Токтогулдун сыйлыгын,
Эмгекчил адам ала алат,
Эгерде кылса далалат.
Алыска чуркайт тулпарлар,
Жакынга чуркайт кашаң ат.
Ошондуктан бай аке,
Биз болбойлучу жаман ат.
Кыйшык ырдап олтурсак
Токтогулдай атабыз,
Көрдө кантип жата алат.
Элди сүйүп ырдоого,
Токомдон бизге аманат.

## 2013-ЖЫЛЫ НООРУЗ МАЙРАМЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН КЫРГЫЗ-КАЗАК ТӨКМӨ АКЫНДАРЫНЫН АЙТЫШЫНАН

### ТУРАТ ЖУМАЕВ МЕНЕН ЖЫЛДЫЗБЕК ТӨРӨКАНОВДУН АЙТЫШЫ

**Жылдызбек:**

Айтыштын ушу башында,
Максат менен Амантай.
Агаларым сайрады,
Шекербек Аалы агалар.
Алар дагы жайнады,
Сапарбек менен Элмирбек.
Тилдерин тишке кайрады,
Алардын көрүп ырларын.
Эки мындай жаштардын,
Бошой түштү шайманы.

Бир кезде Абдылдадай аталар,
Шер Нияздай агалар,
Колдогондо айтышты.
Көтөрүлдү байрагы,
Күчөп жаткан кезеги.
Айтыштын бир аз тармагы,

Жыйырма жылы талыкпай.
Агаларым сайрады,
Артынан чыккан шакирттер.
Алдыңа келди мына эми,
Жулкунуп турган тайлары.

**Турат:**

Ассалоому алейкум,
Учурашып баштайлы.
Аттабай улуу салтымды,
Бек кармайын туу тутуп.
Мекенге деген антымды,
Үмүт эткен уулуңдан.
Ыр менен сура карызыңды,
Эл жериң үчүн ырда деп.
Кадимки биздин устаттар,
Үйрөтүп келет шартымды.
Жамагын байкап көргүлө,
Жаңыдан чыккан жарчыңды.
Өкчөөр чүкөң биз болсоң.
Өкчөй бер калкым талыкпай,
Көп күтүп тааңды алчыңды.
Эркекти тууйт энелер,
Эл жери үчүн күйсүн деп.
Эзелтен келген ал чынбы?
Көр оокатка алмашпай,
Көтөрсөң экен баркыңды.
Жылдызбек акын экөөбүз,
Жазалы ырдап жарпыңды.
Тууруңа алгын кондуруп,
Туу кармап учаар барчыңды.
Жаныма келген карачы,

Жылдызбек деген киндиктеш
Казармандын баласы.
Эл жерим үчүн ырдайм деп,
Ар убакта санаасы.
Кымбатуу сөздөн көп таап,
Көп санааны жамачу.
Алдыңарда ырдашат,
Жаш таңдайлар карачы.

Экөөбүз бирге келгенде,
Айтышып жүрсөк ар качан
Ынтымак болсо ортодо,
Акындардан тең жетпес.
Экөөбүз бирге жүрөбүз,
Айтышта жүрсөк эмгектеш,
Ушундай жерге келгенде.
Кай жерге барса эмчектеш,
Энеден бөлөк туулсак да.
Өнөрдөн болдук эмчектеш.

Айткан жакшы сөздөрдү.
Уккан чыгар кулагың,
Аалы менен Жеңишти.
Элмирбек, Азаматтарды,
Такымдай турган убагың.
Ар дайым жолу шыр бол деп,
Агайын журттун ар качан
Ак батасын сурайын,
Берейин сага кезекти.
Эми калтырбай ырың улагын.

**Жылдызбек:**

Аманбы кыргыз элибиз,
Айтышка келген кечикпей.
Келген соң кантип кетишет,
Акындын үнүн эшитпей.
Алакан чаап дем берген,
Акынын укса термелген.
Ак калпак элим бешиктей,
Анда мен да ырдайын,
Ыр чыкчу оозду бекитпей,
Чапсаңар  дагы алакан.
Чарчабай ырдайт эзели,
Биссмилла деп баштайын.
Саждага таштап чекени,
Ал эми бүгүн Туратым.
Ырлары курч карачы,
Токтогул Калык сыяктуу.
Өтүп кеткен кечээки.
Ушулар чыкты артынан.
Айтыштын толуктalсын эсеби.
Жеңишбек, Аалы, Азамат.
Амантай, Элмир, Курсанттын,
Алар ошолордун жетеги.
Талпынып чуркай албастан
Биз да аларды кууп жетели.
Шайым кетет деп айттың.
Колдон келсе Туратым,
Буларды басып өтөлү.
Кагылайын жан досум
Жети дубан эл келди.
Жер сүзүп таазим этели.

Бул көлдөн келген чынар да
Карачы бутуң сынат да,
Бутагына чыгаарда.
Күчүм жетпейт турбайбы,
Бул агамды жыгаарга.
Дем берип турса калкыбыз
Алакан чаап буларга.
Мен бир аз кепти айтайын,
Ак калпак элим угаарга.
Чынар болсоң Туратым,
Көтөрүп чыктым жанагы,
Аалы акындын балтасын.
Чынар эмес тынар болсоң да,
Чыгарам мунун маңкасын.
Мендей болгон акынды,
Агаларым таптаган.
Дем берип турса агайын,
Тепселип кантип чарчасын.
Бу дагы оңой жоо эмес,
Майтарган жоонун канчасын.
Кубалап ырдап жатабыз
Агалардын аркасын.
Тамашага буралы,
Тамаша кептен куралы.
Ал анткени Туратым,
Шаң күтүп жаткан убагы.
Залдагы элдин бул жерде,
Кулактарынын ар качан
Толсо деймин планы.
Биз куралсак тамаша,
Агайын элим угабы?

Экөөбүз жүрөбүз оң жолдо,
Айтышабыз оң-солдо.
Кагылайын Туратым,
Залды аял эркек деп.
Бөлүп айтышсак кантет оң солго,
Аялзаты эң ыйык.
Жыйнайын баарын оң колго.
А сен залдагы эркектин баарысын,
Жыйнагын Турат сол колго.
Ошентип шакирт тайыңар,
Шаң берсин бүгүн борборго.
Жылдызбекти колдоого
Залда апаларым бар мына.
Мени сүрөп зал ичи,
Дүрбөтүп салчы эжелер.
Эркектин үнү жоон болот
Ал үчүн жалпы аялзат,
Бирден микрофон алгыла.
Болгон үн менен бакырып
Жаныңардагы эркектердин,
Тарсылдактарын жаргыла.
Тарсылдагыңар жарылып
Кашымдагы Тураттын,
Айтканын укпай калгыла
Жолу болуп Жылдыздын,
Суурулуп чыгам алдыга.

**Турат:**

Уктуңар кепти кызыктуу,
Жылдызбек деген тайыңан.
Жылдызбек ырдап бүткөн соң,
Жооп берип анан кайырам.

Узакка чуркайт Жылдызбек,
Жан дүйнө талант байынан.
Анткени даамын татып келаткан,
Тээтиги агалар аккан сайынан.
Ушундай кымбат досуман,
Мамилени,
Менден кайсыл жактан айыраар.
Баарын басып өтөм дейт,
Айланам сенин жайыңан.
Аалыдай болгон акындын,
Маңкасын алып бул жерден.
Кулатам дейт чынарды,
Токой жок болду силердей.
Браканерлердин айынан.
Жанымда ырдап Жылдызбек.
Талыкпастан жанды эле,
Колуна алып балтасын.
Чынарларга барды эле,
Бул ырдап мында отурсаң.
Ак калпак элим таң беле
Ак калпак элге шаң беле?
Түндүк-түштүк деп бөлүнгөнү жетишет
Кагылам досум Жылдызбек,
Сен айтып турган жанагы.
Аял менен эркектин,
Ошол эле жери калды эле.
Макул бөлсөң бөлө бер
Мен да макул аныңа
Эркектер күчтүү баарынан,
Досум карай көргүн жаныңа.
Маңдайда турат калыстар

Алтоо эркек эки кыз.
Болбосо ырдап отурсаң,
Кутулар күнүң ушубу?
Көөдөндөгү ырларды
Учураар күнүң ушубу?
Же аялдардан кол топтоп.
Бузулаар күнүң ушубу?
Алты эркекке каршы бир.
Эки аялың туруптур анда
Утулаар кунүң ушубу?

**Жылдызбек:**

Атаң алтымышка чыкса да,
Алдап-соолап күчүн ал.
Элди экиге бөлөт дейт,
Биз аз тамашага түшүп ал.
Жаш чыктык да азыр биз
Кагылайын көпчүлүк,
Алакан чаап күтүп ал.
Оозумдан кете элек,
Энекемдин сүтү бар.
Бирок сөөгү жок тилим бар
Сөөк сындыраар күчү бар.
Калыстар жагын кеп айттың,
Ошол жагын көп айттың,
Эки эжекем турганда,
Аны билбейм неге айттың?
Сен айтып турсаң токтолбой,
Мен дагы турам кеп айткым.
Акаев менен Бакиев,
Аялына баш ийип,
Качып кеткен алыска,

Көрдүңбү Турат жан досум,
Аялдарың жарышта.
Албетте калп эле сен,
Артымдан чуркап чаалыкпа.
Эки ажону качырган
Аялдан эжекем кем бекен?
Баарын бул жерден кетирүүгө,
Эжекем жарайт намыска.
Анан кагылайын жан досум
Түндүк-түштүк бөлөт деп,
Эки жакты көздөдүң.
Турсунбек агам олтурат,
Ага да кетем ой курап.
Көөдөнүмдө сакталган,
Кеп сөздөрүм толтура.
Сен болсо турсуң кашымда,
Эркектерден жол сурап.
А мен турумун кашында,
Жалгыз аялзаттан жол сурап.
Ал сөздү айткан себебим
Ачыгын айтып беремин.
Оюмдан ырым шар чыгат,
Ойлосоң ойдун тереңин.
Ойлосоң ойдун  кененин.
Турсунбек Акун сегиз жыл
Болгон тура бийликте.
Ал жагын айтып беремин.
Турсунбек Акундун ордуна
Бир аял келсин дегеним.
Кагылайын жан досум,
Оозунда шекер бал досум.

Сезими күчтүү бала экен.
Сендей болсун ар досум.
Жарышка түштүк биригип
Агалардан ар качан,
Ырларды алдык сиңирип.
Болбосо ушул өнөрдө
Сары майдай жибидик.
Ашыкем, Эстебес, Тукам
Келгендей болду тирилип.
Кантсе да жашоо ушундай
Өтө берет тирилик.
Өткөндөр келбейт тирилип.
Өткөнгө башты оорутуп
Эмне кылабыз түңүлүп.
Ак калпак элим барында,
Калкка ырдайбыз жүгүнүп.

**Турат:**

Ашыке, Тукандан айрылып,
Биздей балдар жаш калды.
Кыргыз эл кууйт чынында,
Чачтуусу мейли тастарды.
Алдыма салып жатасың
Турсунбек Акунду баш кылып,
Айлантып келдиң баштарды.
Ар дайым орду казасың,
Билем терең казганды.
Аялдарды ээрчип качат экен,
Эркектер баары бир күчтүү.
Жылдызбек аялдарга баш ийсең
Качарыңа аз калды.
Аларды ырдап талыкпай,

Мен дагы ырдап берейин.
Жылдызбекти карасам
Сөздөрү күчтүү барскандай.
Олтурганын карасаң
Алып чапчу арстандай.
Ар бир сабы күчтүү экен,
Атадан калган дастандай.
Ар бир сөзү билинди,
Кулак жагын карасам
Кармаган кылтак капкандай.
Ыймандан айтып олтурса,
Жергемден жин-шайтандар качкандай.
Казармандык баласың
Аша билгин өнөрдү.
Каракөө белин ашкандай.
Мен болсо көлдүн баласы,
Куюлтайын ырымды.
Кумтөрдүн кенин каскандай.
Маанилүү ырда сен дагы,
Макмалдын кенин казгандай.
Эл алдына келгенде,
Эми ырдап кетели.
Атайын ырдап турганда,
Калктын кадырына жетели.
Жакшылап ырдап биз дагы,
Чоң кумарга жетели.
Буюрса ордун басабыз,
Өтүп кеткен дүйнөдөн.
Аталардын кечээги,

**Жылдызбек:**

Ооба кебиң карасам,

Кумтөрдүн кенин казгандай.
А меникин карасаң,
Макмалдын кенин казгандай.
Кумтөрдүн кени тээтиги,
Канадага кетиптир.
Ырдасаң болмок мактанбай,
Кагылайын жан досум
Жүрөсүң го сатылып,
Эл үмүтүн аткарбай.
Болбсо кайырмакка туш келип,
Ырдабайт элем апкаарбай.
Кантсе да мен бир тай экем
Таза чыктым жазганбай.
Ок акын келип сахнага,
Тогузу бышты асыйлар,
Жалгыз мен экенмин тайыңар.
Тулпарларга туш болгон,
Мендей тайдын багы бар.
Антсе да мендей тайды,
Арт жака сүрүп таштабай,
Алдыга сүрөп канакей,
Алакан колду чабыңар.
Кагылайын көпчүлүк,
Дем-күч болсун аныңар.
Ырдай берсек токтобой
Айтыла берчү ою бар,
Кагылайын жан досум.
Кайрылайын өзүңө,
Жооп берип сөзүңө.
Мени кечке мактадың,
Угуп тур бир аз сөзүмө.
Ой курушуң карасам,

Ойлоруң чыкты сонундай.
Эркек затты колдогон,
Ушул досум момундай.
Болбосо ырдасак болду.
Сахнабыздан чоюлбай,
Олтурушуң карасам.
Чүйдөгү Калык атамдын,
Эстелигинин фонундай.
Кептериңди карасам.
Нөшөрлөп жамгыр төккөндөй,
Чепкениңди карасам.
Жайлоодо шибер көктөмдөй.
Мага окшогон иниңди.
Токтотосуң сүйлөтпөй,
Толкуган көлдү бөккөндөй.
Сени менен чыкканда,
Жылдыз болуп турсам да.
Жылдыздын шамы өчкөндөй.
Алакан чаап дем берсе.
Казынам толот бөксөрбөй,
Эл алдына келгенде.
Ырдаш керек токтобой,
Акын айтпайт турбайбы.
Оозунан ыры токтобой,
Эл алдына келгенде.
Күлүктөргө айла жок,
Күлүктөр болбойт эч качан.
Башынан алса ноктону ой.
Ырдайын анда сабалап.
Жеңишбек акын сыяктуу
Эл алдына келгенде,
Аталарым карачы,

Өстүрүп жатат туякты.
Биз улап кетпесек,
Ушул иш бизге уяттуу.
Күлүк болсоң чуркагын,
Кара баспай ак басып.
Ташыркабай жолуңа.
Талбай басып так басып,
Жолуккан сага тулпарлар.
Жолунан калар аксашып.
Кагылайын жан досум,
Тулпар болсоң канакей,
Күчүңдү сенин байкайын.
Тулпарларды көргөндө,
Туралбай чуркайм ансайын.
Сүрөөгө алса элибиз,
Сүрдүгүп кантип чарчайын.
Кылыч кылып таңдайга,
Кызыл тилди жанчайын.
Атайын элге келген соң,
Акыйкатты айтайын.
Ырдашып бүгүн калалы,
Ырдашпайбыз ай сайын.
Таасын чыгар кептерим,
Таразалап калчайын.
Кылыч кылып таңдайга,
Кызыл тилди жанчайын.
Дем күч берсе элибиз,
Чаалыгып кантип чарчайын.
Антсе дагы бул жерде.
Ырдадым бир аз сабалап
Кетип калбайын талаалап.
Эл алдына келгенде,

Салаалап ырлар жаралат.
Сен да өзгөчө келген баласың,
Өнөргө кылган далалат.
Билсең өнөр кадырын,
Бийиктикке баралат.
Бийиктикке барган соң,
Бийик сөздөр жаралат.
Көсөм киши дайыма,
Көздөгөнүн ала алат.
Көсөм болсом экем деп,
Көксөп келген баласың.
Керегине элиңдин
Жарап келген баласың.
Сен да ырда токтобой
Сабап келген баласың.
Айтыш фонддо  айтканда,
Ачылган эчак канатың.
Шумкар болгон убагың,
Жетилип эчак канатың.
Жеңил желпи сөз айтпай,
Жетик кептен табасың.
Күчүң жетсе сен дагы
Автомат болгун канакей,
Кандай бир кептен саласың?

**Турат:**

Жаадырып жамгыр төккөндө,
Кыян алат билесиң.
Ал жерден калың жер оюлуп,
Элим зыян алат билесиң.
Ошондой кымбат селдерди,
Тетир жакка көп буруп.
Бура калат билесиң,

Сага окшогон кыянды.
Мага окшогон бирөөсү,
Бура калат билесиң.
Эмесе ырда төк дедиң,
Маңдайдан досум жиресин.
Калкыма ырдап турганда,
Албетте шамга күйөсүң.
Ырдап турсаң бул жерде,
Болбосо кыйын экен акынга.
Ак дилден айтып ыр арнаш,
Экөөбүз бирге бир бассак.
Башыма эч ким чыга албас,
Жакшылап ырдап турганда.
Ак калпактын оозунан,
Акындар ырын тыя албас.
Ушинтип ырдап турганда,
Баарына жашмын мен деди.
Айтыш фонтко бир келген,
Жылдызбек Турат классташ.
Экөөбүз бирге чыгып атабыз,
Филармониянын залында.
Менда ырдап турамын,
Жылдызбек сенин жанында.
Сен дагы ырдап турасың,
Бул Тураттын жанында.
Агаларга ырахмат,
Ушундай жашты өстүрүп.
Келечек үчүн ар дайым,
Бизге көргөн камылга.
Жылдызбектин тили шок,
Көрдүңөр мунун тамын да.
Эл-жерим үчүн чуркаймын,

Бир орунга жан албай.
Кантип акын болбосун,
Ондогон сөздү таба албай.
Жалкоолуктун айынан,
Кээ бирөө калат билесиң.
Ойлогон жерге бара албай,
Атайын бүгүн келген соң.
Жакшылап ырдап кеткиниң,
Чын жүрөктөн кан албай.
Бүркүтү анык бололу,
Боло көрбөй жагалмай.
Бүрлөп тургун ар качан,
Боло көрбө самандай.
Эл-жерим үчүн ар качан,
Чуркайлы деймин араандай.
Жамандыктын айынан,
Калбайлы
Көздөгөн жерге бара албай.
Өнөрдү сыйлап алгының,
Ардактуу досум ар качан.
Эркелетип бир жүргөн,
Талантың болсун баландай.

**Жылдызбек:**

Ак калпак элим келди да,
Селдин кыялына чыдаган.
Эки ажону өткөргөн,
Зыянына чыдаган.
Жыртылбаган элим бар,
Жыртыгын өзү кураган.
Антсе дагы бул жерде мен,
Каптап көрөм тууранан.
Кагылайын жан досум,

Бул дагы автоматтай сабалап.
Каптап кирди бул агам,
Мен болсо тапанча менен аттым да.
Автоматты колдонбой,
А сен автоматтын окторун.
Коротуп салдың ойлонбой,
Акын мындай жерге келгенде.
Ырдабайт экен толгонбой,
Антсе да мендей тапанча.
Тапанча деле өлтүрөт,
Эгерде таамай ата алса.
Мен сага жан досум,
Бир да огумду коротпойм.
Анткени жаш болсоң да
Мен сени көрөм атамча,
Эң негизгиси жашоодо,
Жүрсөк болду адамча.
Анан эл алдына келгенде,
Болбойлу такыр шерменде.
Сүзө берсе мылтыкты,
Кийик айтат мергенге.
Классташ болдук айтышта,
Бир чогулуп келгенде.
Эл алдына карачы,
Сабалап ырдап олтурат.
Казарман, Кумтөр баласы,
Эки област жеринен.
Эки областын элинен,
Карачы бүгүн бул жерде.
Айтайын кепти эми мен,
Кагылайын жан досум,
Сабалап ырды бат ырда.

Жаттаган ырдан аз ырда.
Жамактап ырды бат ырда,
Таалайың колдо турганда.
Колдо кушуң бар тура.
Учуруп аны качырба,
Айга колуң жетсе да.
Агаларыңа асылба,
Анткени сени таптаган.
Агаларың да асыл да,
Агаларыңа асылсаң
Үзөлөк атка коносуң,
Сүзөнөк болсон жашыңда.
Деп агаларым айткандай,
Мен дагы досум алардай.
Болгум келет ак таңдай,
Ыймандан ырдап олтурсаң.
Кутурган шайтан качкандай,
Болбосо кантип кетебиз.
Тарыхка элдин так салбай,
Эл сүрөп жатса экөөбүздү.
Кантип кетебиз,
Эл үмүтүн аткарбай.
Антсе да тамчы тамчылап,
Ташка да изин калтырат.
Туураман турсуң тийишип,
Туралбайм анда жан чыдап.
Анда мен да ырдайын,
Өзүмдү өзүм камчылап.
Карачы мен да сүрдөнүп,
Тердеп кеттим карачы.
Терлерим акты тамчылап,
Эл журтумду көргөндө.

Бир аз шайым ооп алсырап,
Антсе дагы элибиз.
Биздей болгон тайларын,
Кантип жолго калтырат.
Уруксат берсең жан досум,
Артты көздөй кетели.
Андан башка нетели,
Артта бир айтыш калды карачы.
Айтылбай калган этеги,
Калган каткан айтыштын.
Толукталсын этеги.

**Турат:**

Айтышты кыска кайрыймын,
Мен ырдаар ойду токтотуп.
Кечке укту эл-журтум,
Мында эки акынды боздотуп.
Бирде балта, бирде автомат,
Эми тапанча боло баштадың.
Жана Аалы байкем
Жеки Чан болом деди эле,
Сен терминаторго окшошуп.
Ардактуу досум ырдасаң,
Алыска жетсин атагың.
Кыргыз эмес тээ тиги,
Казактар уксун атагың.
Эч кимден такыр калбаспыз.
Кудайым салып берсе оозума,
Эч ким артта калбастыр,
Ыр салып турса оозуңа,
Батааңды бергин эмесе.
Ак калпак журтум ушундай,
Окшошкон эки козуңа.

## 2015-ЖЫЛЫ ӨТКӨН «ЫСЫК-КӨЛ – МАНАСЧЫЛАРДЫН АЛТЫН БЕШИГИ» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## БОЛОТ НАЗАРОВ МЕНЕН МАМБЕТТОКТО МАМБЕТОРОЗОНУН АЙТЫШЫ

**Болот:**

Наадандык бузук карзыман,
Адамдык укук парзыман,
Амандык сурайм жалпыңан.
Жайнаган элдин алдында,
Жаштар чыкты жарчыдан.
Элге келип ырдоодон,
Иним, эминеден тартынам?
Кашында колдоор агаң бар,
Камчылан иним камчылан.
Анткени, куралып дайра тамчыдан,
Кумарык жээги аңкыган.
Мен деген акын көп келди,
Бирөөсүндөй бар чыгам.
Уялайт карга тал башын,
Узактан келген кандашым.
Кыялайт шумкар кар башын,
Кытайдан келген кандашым.

Темир бар жерде алтын бар,
Термилген мындай калкым бар.
Сүрдөбөй иним ырдай бер,
Сени сүрөөчү мендей камчың бар.

**Мамбеттокто:**

Алакан чапкын ай элим,
Акының андан өркүндөөр.
Баарысын айтып кетчүдөй
Бар болсун бизде өлчөмдөр.
Жакшыны айтып ырдаймын,
Мейли мени жаман көрсөңөр.
Эми алыстан келип жатканда,
Айталы сөздү дурустан,
Акын жакшы көркөмдөөр.
Айлыңа келсе кет дебес,
Эч бир мейманды чектебес.
Амансыңбы барсыңбы
Ак куулар сүзгөн көркөм көл?

Агатайымды байкасам,
Мага анык болду аныгы.
Капкара байкем келди да,
Залга тийди жарыгы.
Мурду эле байкем танаят,
Бул алтымышта карыбы.
Антсе да,
Аябай ырдайт батырып,
Байкем көңүлүнө баарыны.
Булбулдай сайрап турат да,
Бул бутактын болоор шагыбы.
Болотбек акын келет деп,
Кантип калкым көрөт деп.

Түрүңүздөн корккон го,
Келбей калыптыр жарымы.

Акының жакшы ырдаса да,
Агайын журтум үйүлмөй,
Эми эркелейин кашында,
Иниңиз болуп күлүңдөй.
Акындын кандай айтмагын,
Алты саптан билинмей.
Апапак  байкем экенсиз,
Өрттөгөн чийдин түбүндөй.

**Болот:**

Түйүлүп келдим жергемен.
Түрлөп салам жиберем,
Түрүмөн корккон элге мен.
Иним, айтканың жакшы угулду,
Аралаштырып термеге.
Тооруп ырдап тийишип,
Тойпоңдойсуң сен деле.
Токсон сынды көтөргөн,
Тоо экенмин мен деле.
Иним, кара десең карамын,
Ал карадан чыккан балямын.
Алтын сары жез сары,
Коло сары,миз сары.
Кошулуптур мисалы.
Жез менен алтын бирдейби?
Жеңижок акын айткандай,
Жеткелең салып үндөйбү.
Адырда качкан түлкүнү,
Асманда бүркүт илбейби.
Алтынга сары жез окшош,

Асылдык жагы бирдейби?

Анан инилер келип карачы,
Кашыма келип ойношот,
Катар комуз толгошот.
Кагылайын жан иним,
Кабатырыңызда болбосок.
Сенин ушул айткан кебиңе,
Таарынып калмай жөнүм жок.
Анткени уялашын уйпалап,
Бөлтүрүк деле ойношот.

Эми өзүңдү иним баалайын,
Кашыңа келип кошулуп,
Кызыл тилди сабайын.
Быдылдап дагы ырдай гой,
Былтыйган ананайыным.

**Мамбеттокто:**

Болотбек менен бир чыккан,
Элдин боор этин такыр эзишет.
Айта албаса да алты сап,
Эптеп айтып кетишет.
Балээ болуп нетесиң,
Сенисиз деле кыргызда,
Балээлер толуп жетишет.
Кызыктай экен карасам да
Бул байкемдин карааны,
Бакылдап айтып, көп мындан,
Жыйнап алган окшой балээни.
Балээси көп заманда,
Сизден бөлөк
Балээни кайдан табалы.

Балээ менен бир чыктым,
Бажырашып жаналы.
Ырдашып калктын алдында,
Ырдан бир гүлдү тагалы.
Үйлөнгөн экен байкасам,
Бул байкемдин баяны.
Жеңем сары сен кара,
Кимге окшоштурдуң balaңы?

Агайын-журтум маңдайда,
Келип калыптыр карагын,
Какшанып турам мен дагы,
Капталды бир аз карагын.
Катыгың бүгүн берейин,
Кара түндөгү каранын.

**Болот:**

Кара эле кара, кара дейт,
Катыгын колго берем дейт.
Иним менен айтышсам,
Ой чабытым тереңдейт.
Иниме катуу айталбай,
Болотуң дагы элеңдейт.
Ал ырас жеңең сары мен кара,
Жеткилең  баалап эл кара,
Ушул жаш балага чыдаган,
Элим жардам берчи сен мага.

Манасчы Манас айтканда.
Арбын кошуп саптарга.
Агыл тегил дүйнөнү
Аралаштырып ак жаанга.
Добулбасты каккандай,

Добул уруп өткөндөй.
Кез эле жерин айтканда,
Кең Чүйдүн кары көчкөндөй.
Армандуу жериң айтканда,
Ааламдын шамы өчкөдөй.
Жара тээп жаздын кыртышын,
Жазгыбаар көктөмдөй.
Жаанга келген бир далай,
Жаназык манасчыларды,
Жалганда калды көз көрбөй.
Жаштардан чынып манасчы,
Жаандан бери келатат,
Жанаягың бөксөрбөй.

Кашымда менин иним бар,
Кашып-кашып карачы,
Тийишип турган тилиң бар.
Иним деп сени ар убак,
Кээде ошол тийишсең,
Бир аз бир аз жиним бар.
Кагылайын жан иним,
Мени кара дей берген.
Тим эле ошол сары иним,
Сезимиң күчтүү баласың,
Сендей болсун ар иним,
Жармаша бербе жакага,
Андан көрө сен келип,
Кашыңда мына эл турат.
Эл демек ошол сел турат.
Ушунча элдин алдында
Сен тунуп кеткин батага.
Кагылайын жан иним,

Сен алдыра бербе катага.
Кытайдан бери келипсиң,
Андыктан мага шериксиң,
Өзүңдү ошол көргөндө,
Мен өзгөчө мына ээрипмин.
Ар кандай жерге барганда,
Арпа чөп бол, саман бол.
Агаңдын ошол жанында,
Алкындай болуп караан бол.
Кай жерде кайда жүрсөң да,
Кагылам иним аман бол!

**Мамбеттокто:**

Курдашым кылып карасам,
Жуп кылган экен жаныңа.
Алкынтып жорго күлүктөй,
Айтайын ырды дагы да.
Амантай байкем айткандай,
Алтындын өңү сары да.
Ак калпак кыргыз эл журтум,
Мен кыр ашып келдим Кытайдан.
Баарыңарды сагына.
Олтургум келет тууғандар,
Олтурсам менин багым да,
Он мүнөт сенин жаныңда.
Байакем айтып тургандай,
Манасчылардын биз бүгүн,
Жөн-жөнүн айтып кетели.
Улуулардын биздерге,
Уланып келген жетеги.
Гүлдөй берсин буйруса,
Күбүлүп калбай эч качан.
Манасчылардын чечеги.

Агайын кыргыз эл журтум,
Колдойлу жакшы Манасты.
Ал улуудан калган эс эле.
Манасчыларды бул күндө,
Барктап баалай биле алсак.
Улуттук нукуралыктын,
Ушул гана өзөгү.

Кандашым деп сыйладың,
Кагылып байкем ырдадың,
Кат каттап санааң бөлүнсө,
Бар экен билдим ыйманың.
Эми агайын кыргыз журтуна.
Атырылтып ырыңды,
Себилте бергин жанагы,
Сенин келдим жаныңа.
Ак калпак кыргыз калкым деп,
Жүрөгүм менин садага,
Деп калбагын иниңди,
Дээрине элдин жараба,
Айтайын алты сабымды,
Айланайын туугандар.
Атайлап келип тургандар.
Мен көрдүм бүгүн баарыңды.
Салып бер десең бүгүн бил,
Сууруп берем жанымды.
Кагылайын эл журтум.
Кем көрбөймүн мынакей.
Отурган ушул тагымды.
Алтындан дагы эч качан
Бул турган менин каныма.
Калың элимде болсун,

Жакшылыктын баарысы.
Ак калпак элге орносун,
Негизгисин айтканда.
Силерди дайым колдосун.
Жамандык такыр болбосун.
Жаш балдар чынып ушинтип,
Салдыра берсин жоргосун.
Болотбек байке кайрадан,
Өзүңүзгө келейин,
Болотбек байкем ырдаса,
Элдин баары топтолот.
Эмнеси бар блбеймин,
Айтышка чыкса шок болот.
Чагылгын деген атың бар,
Чагылгынды мен айтсам,
Байке бир жерге түшөт да,
Андан кийин жок болот.

**Болот:**

Жана үй-бүлөөмдү айтты элең.
Жаңы аял жаш бала,
Экөөлөсө кантесиң?
Жарды турмуш, куу тагдыр,
Төртөөлөсө кантесиң?
Жарма тапсаң туз таппай,
Жарды тийсе кантесиң?
Бала тапсаң чапан жок,
Айбыктырса кантесиң?
Какшык айтып жаш бала,
Кайрып турса кантесиң?
Ал ырас атым экен Чагылган,
Чагылган агаң билесиң.
Далай жерде чабылган.

Чагылган ошол аганды,
Караколдун карачы,
Калкы кандай сагынган.
Кытайдан келди деп бирөө,
Сый-урматка багынган.
Алыстан ошол келипсиң,
Келгениң ошол белгиңде,
Жериме ошол келем деп,
Күн-түнү иним желдиңби?
Айтор сабагыңан сарыгып,
Тамырыма келдиңби?

Чагылган деп айттыңыз,
Чагылган бир тийип анан жок болот,
Бирок, бир тийген жериң от болот.
От болгон ошол себеби.
Оттой агаң кашыңда,
Ойноктойт да шоктонот.
Бирок, алыстан келсе кандашым,
Качырбайт кайра дос болот

**Мамбеттокто:**

Агабыз ырдап жатканда,
Айтылган сөздөн жаңылбас.
Тамаша кылды да жан иниң,
Ага байкем таарынбас.
Болгум келет Бокебай,
Жаныңа конуп айылдаш,
Тамырың таптың деп айттың,
Тарыхтан бери карасаң,
Түбүбүз байке тамырлаш.
Ырымды коштоп турайын,
Ырдайын анда комузда.

Атайлап келдик биз бүгүн,
Аллахым салып мынакей,
Атадан калган конушка.
Төртөөбүз, бешөөбүз деп кеттиби,
Эми байкем  байкасам,
Чакырат окшойт мен билсем,
Жеңекемди болушка.

Айланайын жан ага.
Аял алсам деп ойлонгом,
Дал ошондой ой болгон.
Эмки жазда Ноорузда.
А бирок бир кыз менен да,
Сүйлөшө албай койдум да.
Кыргыздардын баарысы,
Байке сүйлөйт экен орусча.

**Болот:**

Убакыт бүтүп калыптыр,
Кыскараак анда кайрыйын.
Тамаша кылды мага деп,
Таарынба деп турасың,
Сен менен дайра кечейин,
Сен менен бүгүн байкасам,
Сөз сөөлөтүм дешейин,
Чагылган атым бар туруп,
Чатакташып нетейин.
Алдыда келсең тазам бол,
Сууда жүрсөң сазан бол.
Элди кошо тойгузган,
Ырдан бүткөн казан бол.
Сүйлөшпөйм дейт кыз менен,
Балдызым бар, бажам бол.

## МАЗМУНУ

2015-жылы өткөн «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу республикалык айтыштан. Жеңишбек Токтобеков менен Баян Акматовдун айтышы ...... 3

Жеңижоктун 140 жылдыгына арналган айтыштан. Айбек Калиев менен Жеңишбек Токтобековдун айтышы .... 15

«Токтогул-150» эл аралык айтышынан. Серик Калиев менен Жеңишбек Токтобековдун айтышы..... 38

2016-жылы Баткен жергесинде өткөрүлгөн айтыштан ........ 52
Жеңишбек Токтобеков менен Аалы Туткучевден тамаша айтыш ........................ 52

**Азамат Болгонбаев**

2007-жылы Барскоон жергесинде «кыргыз» атына арналып өткөрүлгөн республикалык айтыштан Азамат Болгонбаев менен Аалы Туткучевдин айтышы........ 66

Асан Абсатаров менен Азамат Болгонбаевдин айтышы ....... 83

2008-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнүн урматына өткөрүлгөн биринчи эл аралык айтыштан. Азамат Болгонбаев менен Каныша Раисованын айтышы..... 98

Токтосун акынды эскерүү
Амантай Кутманалиев менен Азамат Болгонбаевдин айтышы ........................................................ 107

Токтосун акындын туулган күнүнө арналган айтыштан. Азамат Болгонбаев менен Максат Кулуевдин айтышы ...... 119

2009-жылы Ош жергесинде өткөрүлгөн төкмө акындардын айтышынан. Азамат Болгонбаев менен Аалы Туткучевдин айтышы...... 129

7-апрелге арналган айтыштан. Азамат Болгонбаев менен Аалы Туткучевдин айтышы...... 141

2010-жылы Тоголок Молдонун (Байымбет Абдрахманов) 150 жылдыгына арналган төкмө акындардын айтышынан. Азамат Болгонбаев менен Калыбек Тургуновдун айтышы.....153

Азамат Болгонбаев менен Жолдубай Жапаровдун айтышы....163

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын эл аралык айтышынан.
Азамат Болгонбаев менен Кадырбек Бейшеновдун айтышы....172

2013-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө арналган акындар айтышынан.
Абдылда Нуралиев менен Азамат Болгонбаевдин айтышы .................................................................. 181

Азамат Болгонбаев менен Болот Назаровдун айтышы....... 194

Эсенаман Жалгаш уулунун 180 жылдыгына арналып Талас жергесинде өткөн айтыштан.
Азамат Болгонбаев менен Акжолтой Канат уулунун айтышы .................................................................. 202

Эсенаман Жалгаш уулунун 180 жылдыгына арналган төкмө акындардын республикалык айтышынан.
Азамат Болгонбаев менен Баян Акматовдун айтышы ....... 211

2015-жылы Ашым Жакыпбековдун 80 жылдыгына арналган республикалык айтыштан.
Азамат Болгонбаев менен Мамилбек Исраиловдун айтышы ..................................................................223

Коргоол Досу уулунун 130 жылдык маарекесине арналган айтыштан.
Азамат Болгонбаев менен Кубат Тукешевдин айтышы...... 233

Азамат Болгонбаев менен Баян Акматовдун айтышы ....... 242

Азамат Болгонбаев менен Жылдызбек Төракановдун айтышы.................................................................. 251

2016-жылы II Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөрүлгөн X эл аралык айтыштан.
Айтпай Жумагулов менен Азамат Болгонбаевдин айтышы.................................................................. 258

Мухтар Ниязов менен Азамат Болгонбаевдин айтышы ..... 266

**Аалы Туткучев**

2008-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө арналган эл аралык айтыштан.
Аалы Туткучев менен Каныша Раисованын айтышы........ 280

Аалы Туткучев менен Каныша Раисованын айтышы........ 291

Аалы Туткучев менен Серик Калиевдин айтышы............ 303

2009-жылы Ош жергесинде өткөрүлгөн төкмө акындардын айтышынан.
Жеңишбек Токтобеков менен Аалы Туткучевдин айтышы..313

2010-жылы Тоголок Молдонун (Байымбет Абдрахманов) 150 жылдыгына арналган төкмө акындардын айтышынан.
Аалы Туткучев жана Акжолтой Канат уулунун айтышы .. 326

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын айтышынан.
Абдылда Нуралиев менен Аалы Туткучевдин айтышы...... 340

2013-жылы Нооруз майрамына арналган кыргыз-казак төкмө акындарынын айтышынан.
Серик Калиев менен Аалы Туткучевдин айтышы............ 355

Алик Бекмусаев менен Аалы Туткучевдин айтышы ......... 372

2014-жылдагы республикалык айтыштан.
Азамат Болгонбаев менен менен Аалы Туткучевдин айтышы..................................................................... 388

Токтогулдун 150 жылдыгына арналган Эл аралык айтыштан.
Эржеңис Абдиев менен Аалы Туткучевдин айтышы ......... 396

2016-жылы «Тарых жана маданият» жылына карата өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Абдылда Нуралиев менен Аалы Туткучевдин айтышы...... 408

**Жаш акындардын айтыштарынан**

2016-жылы II Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөрүлгөн эл аралык айтыштан.
Жаркынбек Наушабеков менен Максат Кулуевдин айтышы..................................................................... 422

Токтосун Тыныбековдун 90 жылдыгына карата Аксы жергесинде өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Максат Кулуев менен Маматкадыр Осмоновдун айтышы .. 430

«Токтогул – 150» эл аралык айтышынан.
Тоба Өтөкбаев менен Идирис Айтбаевдин айтышы .......... 436

Токтосун Тыныбековдун 90 жылдыгына карата Аксы жергесинде өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Идирис Айтбаев менен Болот Назаровдун айтышы........... 447

2015-жылы өткөн «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу республикалык айтыштан.
Асылбек Маратов менен Кадырбек Бейшеновдун айтышы ........................................................ 457

2016-жылы Баткен жергесинде «Тарых жана маданият» жылына арналган республикалык айтыштан.
Асылбек Маратов менен Акжолтой Канат уулунун айтышы ........................................................ 468

Токтосун Тыныбековдун 90 жылдыгына карата Аксы жергесинде өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Мамелбек Исраилов менен Баян Акматовдун айтышы...... 475

Коргоол Досу уулунун 130 жылдык маарекесине арналган айтыштан.
Баян Акматов менен Болот Назаровдун айтышы............. 485

Токтосун акынды эскерүү.
Кадырбек менен Калыбектин айтышы ........................... 492

«Токтогул-150» эл аралык айтышынан.
Кубат Тукешов менен Балгымбек Имаштын айтышы ....... 499

2013-жылы Нооруз майрамына карата өткөрүлгөн кыргыз-казак төкмө акындарынын айтышынан.
Турат Жумаев менен Жылдызбек Төрөкановдун айтышы ........................................................ 509

2015-жылы өткөн «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу республикалык айтыштан.
Болот Назаров менен Мамбеттокто Мамбеторозонун айтышы ........................................................ 529

*Адабий-көркөм басылма*

**«АЙТЫШ» СЕРИЯСЫ**

# АЙТЫШ

7-том

Түзгөндөр:
*А. Акматалиев, М. Көлбаева*

Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректорлору: *Н. Осмоналиева, К. Солтобаева*
Компьютердик калыпка салган: *Б. Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 27.07.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 34 б.т. Нускасы 500. Заказ № 32

---

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.